Россия Федерациясынын Экономикалык өнүгүү министрлиги менен Роспатент берген кеп-кеңештерге ылайык, ИМ тармагында колдонууда болгон бардык каражаттар Мордовия Республикасында ИМ башкаруу тутумун уюштуруу боюнча аймактык стандартка бириктирилген; ал болсо, министрликтер деңгээлинде жооптуу тараптарды кошкондо, ИМ башкаруу тутуму жооп бере турган эң төмөнкү топтомду аныктайт.

Кичи программанын иш-чараларын аткаруу Мордовия Республикасына тийешелүү брендиңди өнүктүрүп, ИМ рыногун өстүрүүгө жана ишканалардын ишмердигинде ИИН ыкчамдуурак пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Аймактык бренддер – бул субъекттердин экономикасын өнүктүрүү үчүн өндүрүүчүлөргө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген орчундуу каражат [4].

Учурда Мордовияда аймактык бренддерди колдоо жана алга сүрөө боюнча утурумдуу иш-аракеттер жасалып келет. Алсак, 2023-жылдын декабрында республиканын өкмөтү тарабынан Мордовия Республикасынын аймактык бренддерин колдоо жана илгерилетүүнүн аймактык программасы бекитилген[11]. Ал жергиликтүү бренддерди ички жана тышкы рынокто алга сүрөөнү жана ишкерлерди колдоп, алардын өнүмдөрүн алга жылдырууда чыгашаларын азайтууну көздөйт.

Программанын алкагында колдоонун акчалай жана акчалай эмес чаралары каралган. Алардын биринчиси катары жеңилдетилген микронасыяларды атаса болот.

Акчалай эмес чаралар окутуу өткөрүү, маркетиң кызматтарын көрсөтүү, компаниялар үчүн Интернет-дүкөндөрдү жана сайттарды ачуу, компаниялар үчүн электрондук аянтчаларда өнүмдөрдү алга жылдыруу, өз алдынча жумушка жайгашкандар үчүн жарманкелерди уюштуруу ж.б. камтыйт.

Жыл сайын Мордовия Республикасында өндүрүүчүлөрдүн өнүмдөрүн жайылтуу максатында «Мордовиянын эң мыкты товарлары» аттуу жарыш уюштурулат. Россиянын жана чет мамлекеттердин көргөзмө-жарманкелерине катышуу да уюштурулуп келет.

Ошондой эле 2023-жылы «Мордовияда жасалган» (АНО «ЦРК РМ») деген аталыштагы аймактык чатырчан бренд катталган. Мурдараак, 2022-жылы, Мордовия Республикасында аймактык туризмди жана аймактык бренддерди жайылтуу жана алга сүрөө максатында «ТЕМНИКОВЪ» аттуу товар белгиси катталган (Темников районунун администрациясы). Темников шаары Мордовия Республикасынын байыркы шаарларынын бири болуп саналат да, бул жерде Россияда эң белгилүү монастырлардын бири болгон Санаксар монастыры жайгашкан. Бул шаар адмирал Ушаковдун мекени да болуп саналат.

Аймактагы ишканалар менен уюмдардын сабатын ашыруу максатында 2023-жылы Роспатенттин колдоосунда Мордовия Республикасында аймактык бренддерди каттоо маселесине боюнча семинар өткөрүлгөн.

Аймактагы интеллект менчигинин экотутумунун маанилүү инфратүзүмдүк тогоосу катары, Технологияларды, инновацияларды жана интеллект менчигин колдоонун «Технопарк-Мордовия» автономиялык мекеме (АМ) борбору болуп саналат. Ал ишканаларга акысыз негизде географиялык көрсөткүчтөр, товарлардын келип чыгыш жерлеринин аталыштары катары аймактык бренддерди каттоого билдирмелерди даярдоо, тапшыруу жана коштоп жүрүүдө ар тараптуу жардам жана колдоо көрсөтүп, ИИН жана индивидуалдаштыруу каражаттарын укуктук жагынан коргоо, жактоо жана коммерциялаштыруунун бардык маселелери боюнча республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттерине кеп-кеңештикжана усулчулук колдоону жүзөгө ашырып келет. 2022-жылы Мордовия Республикасы үчүн биринчи жолу «Мордовиялык чыланган эмен» аталыштагы географиялык көрсөткүч катталган.

2023-жылдын биринчи жарымында Мордовия Республикасынын билдирүүчүлөрү тарабынан «Мордовский сидр» – ООО «Край земли» («Мордовиялык сидр» (алма шарабы – «Жер түбү» ЖЧК), «Мордовская водка» – ООО «ЛВЗ «Саранский»» («Мордовия арагы» – ««Саранский» ликёр-арак заводу» (ЛАЗ) ЖЧК) географиялык көрсөткүчтөрүн каттоого билдирмелер, ошондой эле мурдараак катталган «Мордовиялык чыланган эмен» (жеке ишкер Салякаев А.Р.) географиялык көрсөткүчтү пайдалануу укугун берүүгө болгон билдирме тапшырылган.

2023-жылдын аягында Мордовия Республикасынын аймагында өндүрүлүп чыгарыла турган өтө сейрек учуроочу «Мордовиялык зер арча оюнчугун» (ЖИ Салякаев А.Р.) каттоого билдирме берилген. Зер арча оюнчуктары 2021-жылдан бери өндүрүлүп, керектөөчүлөрдүн чыныгы сүймөнчүгүнө ээ болуп калышкан. Аларды жасоодо табигый минерал таштар, зер эпоксид чайыры, ал эми кээ бир учурларда чыланган эмендин жыгачы пайдаланылат.

Ошондой эле республикада «Мордовиялык чыланган эмен» багыты да активдүү өнүгүп келүүдө. 2023-жылы бул багыт иштеп чыгарылган жана жүзөгө ашырылууда. 2024-жылга карата ушул өнүмдүн эки өндүрүүчүлөрү «Мордовиялык чыланган эмен» ГК боюнча өзгөчө укуктардын ээлери болуп калышкан. 2024-жылдын январында ушул эле брендди пайдалануу укугун алууга болгон дагы бир билдирме даярдалып, тапшырылган.

Ишканалардагы жана илимий уюмдардагы ойлоп табуучулукту жандандырууну көздөп, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 28-апрелинде кабыл алынган № 166-ФЗ федералдык мыйзам күчүнө кирген[12]. Ал мыйзамда Россия Федерациясынын субъекттеринин лицензиялык келишим түзүүнүн натыйжасында ИИН пайдаланууга болгон укуктарды берүү боюнча ишмердик жүргүзгөн компаниялар үчүн кирешесине болгон салыктын төмөндөтүлгөн ченин белгилөө укугун берүү каралган.

---

[11] Распоряжение Правительства Республики Мордовия от 25.12.2023 № 1050-Р «Об утверждении региональной программы поддержки и продвижения брендов Республики Мордовия».

[12] «Россия Федерациясынын Салык кодексинин экинчи бөлүгүнүн 284-беренесине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» 2023-жылдын 28-апрелиндеги № 166-ФЗ федералдык мыйзам // Укуктук маалыматтын ырасмий Интернет-порталы: сайт. URL: http://publication.pravo.gov.ru/Document/View/0001202304280030 (кайрылуу датасы: 2024-ж.08.05).4).

2023-жылы Мордовия Республикасында лицензиялык келишимдер боюнча ИИН укуктарын тескөөдө аймактык бүжет бөлүгүндө киреше салыгына нөлгө барабар чен белгилөө киргизилген[13].

Чарба жүргүзүүчү субъекттерге мындай жеңилдикти берүүнүн шарттары төмөнкүдөй:

- лицензиялык келшимдин болушу жана анын Роспатентте катталышы,
- чарба жүргүзүүчү субъекттин салык төлөөчү катары оң, жагымдуу тарых-таржымалы,
- эмгек акы төлөп берүүдө карыздын жок болушу,
- ишкана үстүнөн чет элдиктердин көзөмөлүнүн жок болушу.

Мордовия Республикасында өнүгүүнүн эрте тепкичтеринде технологиялык стартаптарды колдоонун «Инновациялык ваучер» деп аталган жаңы чарасы иш-аракетте[14]. Жеке тараптар менен чакан жана орто ишкердиктин субъекттерин каржылап колдоо атандаштык жол-жоболордун негизинде аймактык бүжеттин эсебинен жүзөгө ашырылат. 2023-жылы 10 долбоор интеллектуалдык менчикти каттоого, илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер (ИИТКИ) менен маркетиң изилдөөлөрдү өткөрүүгө байланышкан кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдарды 100%га чейин кош каржылоо алган.

Мордовия Республикасында жарандык багыттагы ИИТКИ натыйжаларын эсепке алуунун жана сактоонун аймактык тутуму иштеп чыгарылган жана илгерилетилүүдө[15]. Ушуга байланыштуу бүжеттик каржылоонун эсебинен алынган ИИН каражаттарды натыйжалуурак пайдалануу мүмкүн.

Эсепке алуу объекттер жөнүндөгү маалымат аталган тутум «Технопарк-Мордовия» автономиялык мекемесинин карамагында болгон Технологияларды, инновацияларды жана интеллектуалдык менчикти колдоо борборуна көрсөтүлөт.

«Технопарк-Мордовия» автономиялык мекемеси ошондой эле Интеллектуалдык менчиктин дүйнөлүк уюму жана Технопарктар боюнча Евразиялык патенттик ведомство менен катар биргелешкен долбоордун катышуучусу болуп саналат, ал долбоор пилоттук технопарктардын мыкты тажрыйбасын жайылтууну жана өкүлдөрүн окутууну камтыйт.

Айрыкча белгилеп кетчү бир жагдай, 2022-жылы Мордовия Республикасында Роспатенттин жана ӨЖМФИ колдоосунда Россия Федерациясынын технологияларды жана инновацияларды колдоо борборлорунун курултайы уюштурулуп, өткөрүлгөн.

Мордовия Республикасы ИМ объекттерин күрөөгө коюп насыя алуу жолун ишке ашыруу боюнча пилоттук долбооруна кошулган.

Ошону менен бирге белгилеп кетчү дагы бир жагдай, насыялоо уюмдары үчүн ИМ объекттери тобокелчилиги өтө жогору болгондордун катарына кирип калышы мүмкүн, анткени патенттин жарактуу мөөнөтү кайсы учурда болбосун токтолушу ыктымал, ал эми товардык белгини коргоо ал үч жылдын ичинде тынымсыз пайдаланбагандыктан үстүнөн даттанылышы мүмкүн. Көптөгөн ишканалар үчүң патенттик укук жаатында бул жагдай ошондой эле ИМ объекттерин рыноктогу баа боюнча балански коюуда чектөө болуп саналат.

Мордовия Республикасында ИМ чөйрөсүндөгү билим берүү бөлүгү да активдүү өнүгүп келүүдө.

Интеллектуалдык менчик боюнча кеңештин 2022-жылдын апрелинде Саранск шаарында өткөрүлгөн жыйынынын чечимин аткаруу алкагында 2022-жылдын аягында Н.П.Огарёв атындагы ММУ базасында ИМ боюнча окуу борбору ачылып, 200дөн ашуун адистер ӨЖМФИ менен биргелешкен жөндөмүн жогорулатуу программа боюнча окуудан өткөн.

2023-жылы Н.П.Огарёв атындагы ММУнун интеллектуалдык менчик боюнча окуу борбору Россиянын экспорттук борбору (РЭБ) жана РЭБ экспорт мектеби менен биргеликте кызматкерлердин жөндөмүн жогорулатуу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол койгон.

Аймактын мектептерине ИМ негиздерин илгерилетүү уланып жатат. 166 педагогдор үчүн билим берүү иш-чаралары өткөрүлгөн. Жаңы окуу жылдан тартып коом таануунун окуу программасына ИМ боюнча кошумча окуу сааттарын киргизүү пландалып жатат.

Баса белгилеп кетсек, 2023-жылы Н.П.Огарёв атындагы ММУ Роспатент тарабынан аккредитациядан өткөрүлгөн уюм болуп калды да, эми ал билдирилген ойлоп табууларга же пайдалуу үлгүлөргө тиешелүү алдын ала маалымат издеп, баалай алат жана алардын патент алууга жарактуулугуна баа бере алат.

Ошондой эле жаңыланган мамлекеттик программанын концепциясынын түзүмүнө аймак үчүн маанилүү болгон тармактардын илимий-технологиялык өнүгүүсүнүн долбоорлору кирген, алар – «Жаңы муундагы материалдар жана энергияны үнөмдөө» жана «Айыл чарбаны жана кайра иштетүү тармагын илимий технологиялык жактан коштоо».

Программанын бул жараяндагы иш-чараларынын комплекси илимий-техникалык жана инновациялык ишмердиктин инфратүзүмүнүн иш-милдетин жана өнүгүшүн камсыз кылууга, ошондой эле изилдөөлөр, иштеп чыгаруулар жана инновациялык ишкердик чөйрөсүнө студенттерди, жаш окумуштууларды жана жөндөмдүү жаштарды тартууга багытталган.

Программада ИМ түзүүгө, коргоого, колдоого жана ага болгон укуктарды жактоого өзгөчө көңүл бурулган.

2023-жылы «Мордовия Республикасынын илимий-технологиялык жана инновациялык өнүгүүсү» деп аталган

[13] «Мордовия Республикасынын «Уюмдардын киреше салыгына эсептелген ставкаларды төмөндөтүү жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мордовия Республикасынын 2023-жылдын 28-апрелиндеги № 22-З Мыйзамы // Федералдык салык кызматы: сайт. URL: https://www.nalog.gov.ru/rn13/about_fts/docs/13486261/ (кайрылуу датасы: 2024-ж.08.05).

[14] «Инновациялык ваучер» жарышы жөнүндө жобо // Мордовия Республикасынын Инновациялык өнүгүү агенттиги // URL: https://i-mordovia.ru/events/1394/ (кайрылуу датасы:2024-ж.08.05).

[15] Приказ Министерства промышленности, науки и новых технологий Республики Мордовия от 04.12.2023 № 184 «Об утверждении Положения о системе учета и хранения результатов научно-исследовательских, опытно-конструкторских и технологических работ гражданского назначения в Республике Мордовия» // Официальный интернет-портал правовой информации: сайт. URL: http://publication.pravo.gov.ru/document/1301202312080001 (дата обращения: 19.05.2024).




**1-сүрөт**

**2017-2023 жылдар аралыгында Мордовия Республикасында ойлоп табууларга болгон билдирмелерди берүү жана патенттерди ыйгаруу динамикасы (Роспатенттин жыл сайынкы маалыматтары боюнча)**




**2-сүрөт**

**2017-2023 жылдар аралыгында Мордовия Республикасында пайдалуу моделге болгон билдирмелерди берүү жана патенттерди ыйгаруу динамикасы (Роспатенттин жыл сайынкы маалыматтары боюнча)**

жаңы мамлекеттик программасынын курамына «Интеллект менчигинин рыногун өнүктүрүү» кичи программасы киргизилип, аны иштеп чыгаруу жана бекитүү Россия Федерациясынын Экономикалык өнүгүү министрлиги, Роспатент жана Мордовия Республикасынын ортосунда 2022-жылдын 15-апрелиндеги №СР-11/2022–АЦ макулдашууну жүзөгө ашыруунун натыйжасы болуп саналат. Өз ара иш-аракет жүргүзүү жөнүндөгү бул Макулдашуу Мордовия Республикасынын тажрыйбасына Россия Федерациясынын аймактарындагы интеллект ишмердигинин натыйжаларына (ИИН) болгон укуктарды жана индивидуалдаштыруу каражаттарын башкарууга мүмкүндүк берет.

Россия Федерациясынын Экономикалык өнүгүү министрлиги менен Роспатент берген кеп-кеңештерге ылайык, ИМ тармагында колдонууда болгон бардык каражаттар Мордовия Республикасында ИМ башкаруу тутумун уюштуруу боюнча аймактык стандартка бириктирилген; ал болсо, министрликтер деңгээлинде жооптуу тараптарды кошкондо, ИМ башкаруу тутуму жооп бере турган эң төмөнкү топтомду аныктайт.

Кичи программанын иш-чараларын аткаруу Мордовия Республикасына тийешелүү брендиңди өнүктүрүп, ИМ рыногун өстүрүүгө жана ишканалардын ишмердигинде ИИН ыкчамдуурак пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Аймактык бренддер – бул суъекттердин экономикасын өнүктүрүү үчүн өндүрүүчүлөргө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген орчундуу каражат [3].

Учурда Мордовияда аймактык бренддерди колдоо жана алга сүрөө боюнча утурумдуу иш-аракеттер жасалып келет. Алсак, 2023-жылдын декабрында республиканын өкмөтү тарабынан[16] Мордовия Республикасынын аймактык бренддерин колдоо жана илгерилетүүнүн аймактык программасы бекитилген. Ал жергиликтүү бренддерди[17] ички жана тышкы рынокто алга сүрөөнү жана ишкерлерди колдоп, алардын өнүмдөрүн алга жылдырууда чыгашаларын азайтууну көздөйт.

Программанын алкагында колдоонун акчалай жана акчалай эмес чаралары каралган. Алардын биринчиси катары жеңилдетилген микронасыяларды атаса болот.

Акчалай эмес чаралар окутуу өткөрүү, маркетиң кызматтарын көрсөтүү, компаниялар үчүн Интернет-дүкөндөрдү жана сайттарды ачуу, компаниялар үчүн электрондук аянтчаларда өнүмдөрдү алга жылдыруу, өз алдынча жумушка жайгашкандар үчүн жарманкелерди уюштуруу ж.б. камтыйт.

Жыл сайын «Технопарк-Мордовия» автономиялык мекемесинин карамагында болгон Технологияларды, инновацияларды жана интеллектуалдык менчикти колдоо борбору тарабынан Мордовия Республикасынын Билим берүү министрлиги менен биргеликте «Мектептик патент – келечекке кадам!» аттуу балдардын эл аралык жарышынын аймактык жана жыйынтык тепкичтери өткөрүлөт. Ушул жылы жарышка катышуу үчүн аймактык дирекцияга Мордовия Республикасынын 40 билим берүү мекемелеринин 174 окуучуларынан 185 билдирме келип түштү. Жарыштын жыйынтык кезегинин натыйжалары боюнча Мордовия Республикасынын атынан көрсөтүлгөн 72 эмгек сыйлык алган орундарды ээлеген (алардын Гран-при сыйлыгына – тогуз эмгек, биринчи орунга – 16 эмгек, экинчи орунга – 18 эмгек, үчүнчү орунга – 19 эмгек, атайын сыйлыкка – 10 эмгек ээ болгон), бул болсо жыйынтык кезегине жетип барган жеңүүчүлөрдүн жана сыйлык ээлеринин 17%ын түзгөн. XV Бүткүл россиялык

[16] Мордовия Республикасынын Өкмөтүнүн «Мордовия Республикасынын бренддерин колдоо жана алга жылдыруунун аймактык программасын бекитүү жөнүндө» 2023-жылдын 25-декабрындагы № 1050-Р тескемеси.

[17] Постановление Правительства Республики Мордовия от 15.06.2023 № 275 «О внесении изменения в государственную программу Республики Мордовия «Научно-технологическое и инновационное развитие Республики Мордовия» // Официальный интернет-портал правовой информации: сайт. URL: http://publication.pravo.gov.ru/document/1300202306150001 (дата обращения: 19.05.2024).




**3-сүрөт**

**Динамика подачи заявок и регистрации товарного знака в Республике Мордовия за период 2017–2023 гг. (по данным годовых отчетов Роспатента)**

«Мектептик патент – келечекке кадам!» аттуу балдардын эл аралык жарышынын жыйынтык кезегине Мордовия Республикасынан катышкан үч жеңүүчүгө өз эмгектерин ИИН бири катары каттатууга кеп-кеңештер берилген. Алар Роспатенттин жетектөөчү эксперттеринин кеп-кеңештерин, ошондой эле ИМ билдирмелерин берүү жол-жоболорунда укуктук колдоо жана жардам алышы мүмкүн.

Ушул тапта Н.П.Огарёв атындагы ММУ базасында ИМ боюнча соттук экспертиза борборун түзүү иши жүргүзүлүп жатат; мунун өзү республикада жана Приволжье федералдык округунун аймактарында ИМ жаатында соттук-эксперттик каражаттардын кол жетээрлигин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Өткөрүлгөн иш аймактын ИМ рыногун өнүктүрүү көрсөткүчтөрүндө чагылдырылат.

2023-жылы Мордовия Республикасынын билдирүүчүлөрү Роспатентке ойлоп табууга болгон 84 билдирме тапшырган, ушунун өзү 2022-жылдын көрсөткүчүнө караганда 27,3%га өсүш дегендикке жатат. Ошондой эле аймактын билдирүүчүлөрү 2023-жылы ушул ИМ объектине 47 патент алышкан.

Мордовия Республикасында 2017-2023-жылдар аралыгында ойлоп табууга болгон билдирүүлөрдү берүүнүн жана патенттерди тапшыруунун ыкчамдыгы (динамикасы) 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.

2023-жылы аймактын билдирүүчүлөрү Роспатентке пайдалуу моделге карата 162 билдирме берген, бул болсо андан мурунку жылга салыштырмалуу 43,4 %га өсүштү түзөт жана изилденген мезгил ичиндеги эң жогорку көрсөткүч болуп саналат. Ошондой эле өткөн жылы аймактын билдирүүчүлөрү ушул ИМ объектине 125 патент алышкан.

2017-2023 жылдар аралыгында Мордовия Республикасында пайдалуу моделге болгон билдирмелерди берүү жана патенттерди ыйгаруу динамикасы 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Белгилеп кетчү бир жагдай, 2023-жылы Мордовиянын билдирүүчүлөрү Роспатентке республика үчүн мурда болуп көрбөгөн 604 товардык белгилерге болгон билдирүүлөрдү беришкен, бул болсо андан мурдагы жылга караганда үч эсе көбүрөөк, ал эми 2017-жылдын көрсөткүчүнө караганда жети эсе көп! Ошондой эле изилденип жаткан аймактын билдирүүчүлөрү 2023-жылы товардык белгилерге болгон 285 күбөлүктөрдү алышкан.

2017-2023 жылдар аралыгында Мордовия Республикасында товардык белгиге болгон билдирмелерди берүү жана аларды каттоо ыкчамдыгы (динамикасы) 3-сүрөттө көрсөтүлгөн.

2023-жылдагы бийик патенттик активдикти эске алып, ойлоп табууга жана пайдалуу үлгүгө (моделге) болгон билдирмелердин саны катары эсептелген ойлоп табуучулук активдигинин коэффициенти Мордовия Республикасында калктын ар 10000 кишисине 3,19 түзгөн. Салыштырып көрсөк, 2022-жылы бул көрсөткүч 2,27 түзгөн.

Ошол эле учурда ИМ объекттерине болгон укуктарды коммерциялаштыруу деңгээли да өскөн. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча кабыл алган же өткөрүп берген тарап катары Мордовия Республикасындагы укук ээси болгон 83 келишим катталган. Алардын арасынан өзгө укуктан ажыратуу боюнча 14 келишимдерди, пайдалануу укугун берүү жөнүндө 34 лицензиялык келишимдерди, пайдалануу укугун берүү тууралуу 32 коммерциялык концессия келишимдери жана өзгө укукту күрөөгө берүү боюнча үч келишимди бөлүп көрсөтүү мүмкүн.

2023-жылдын 10-октябрында Саранск шаарында (Мордовия Республикасынын борбору) Роспатент Приволжьедеги интеллектуалдык менчик борборун ачкан, ал ӨЖМФИнин аймактык ушундай экинчи мекемеси болуп калган. Приволжьедеги интеллектуалдык менчик борбору бул аймактын инновациялык инфратүзүмүнүн эң маанилүү объекти болгон «Технопарк-Мордовия» АМ аймагында ачылган. Борбордун адистери товардык белгилерге жана тейлөө белгилерине болгон билдирмелердин үстүнөн толук бойдон экспертиза өткөрүшөт.

## Корутунду

Жогоруда айтылгандардын негизинде Мордовия Республикасында ИМ башкаруу тутуму калыптангандыгы жөнүндө жүйө келтирүү мүмкүн. Ал тутумдун курамын төмөндөгүлөр түзөт:

1. Аймакта ушул жаатта кабыл алынып жаткан актылардын комплекстүү мүнөзү, ошондой эле алардын жоопту аткарылышы. Мисалы, илимий-технологиялык өнүгүү же колдоо жана аймактык бренддерди тийиштүү программаларды иштеп чыгарууда коюлуп жаткан талаптарга ылайык илгерилетүүдө мамлекеттик программаларда каржылоонун көлөмү менен булагы, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруудагы жоопкер тараптар так көрсөтүлөт. Мында иш-чараларды турмушка ашыруу аймактагы ИМ чөйрөсүн иш жүзүндө өркүндөтүүгө жана бюджеттик каржылоо

менен бирге программалардын жана долбоорлордун катышуучуларынын ишмердигинин натыйжалыгын өстүрүүгө багытталган.
2. ИМ пайдаланууга кызыктыруучу (стимулдаштыруучу) каржылоо тутуму.
3. Кадрлар менен камсыз кылуу. Аймакта ИМ чөйрөсүндө жөндөмдөрү бар «Технопарк-Мордовия» жана Н.П.Огарёв атындагы ММУ сыяктуу эки таяныч борборун ажырата бөлүп көрсөтүү мүмкүн.
4. ИМ чөйрөсүн кеңири жайылтууга багытталган россиялык жана эл аралык деңгээлдеги ар кандай долбоорлорду уюштуруу жана аларга катышуу, ушунун өзү кесиптештер менен алдыңкы тажрыйбадан өз ара алмашып, аймак деңгээлинде эң натыйжалуу ыкмаларды илгерилетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Аймактык саясаттын жогоруда көрсөтүлгөн мисалдары толук бойдон даана көрсөтүп тургандай, интеллектуалдык менчик – бул маанилүү экономикалык актив, технологияларга болгон укуктарды жүгүртүүнүн рыногун калыптандыруунун чечүүчү кыймылдаткычы. «IP заманы» конференциясында экономикалык өнүгүү министринин орун басары М.Колесников баса белгилеп кеткендей, интеллектуалдык менчик өлкө экономикасынын чечүүчү ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Буларга соңку жаңы товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдө колдонулуп жаткан эң соңку иштеп чыгарылган өнүмдөр, технологиялар, дизайн жана программалык камсыздоо кирет. Технологиялардын маанисин экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнүн жагдайы катары күчөтүү инновацияларга багытталган өсүшкө өтүү үчүн керек[18]. Азыркы учурда дал ушул ИМ өлкөнүн технологиялык биринчилигин камсыз кылуу үчүн мамлекеттик саясаттын пайдубалы болуп калган, ал эми ИМ объекттери кандай гана заманбап технология болсо да, анын негизин түзөт. Ал турсун иштеп чыгарылган өнүмдүн коммерциялык ийгилиги так ошол материалдык эмес элементтер болгон таанымал бренд, жагымдуу дизайн, корголгон ИМ менен шартталган. Материалдык эмес активдер экономикасында маанилүү болгон мамлекеттер адаттагыдай эмгектин дүйнө боюнча бөлүнүшүндө өзүнө пайдалуу абалды ээлеп,чыгарып жаткан өнүмдөрдүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн курамында ИМ көптөгөн үлүшүнүн эсебинен да ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) өсүшүн көрсөтүп келет [7].

Мамлекет менен бизнестин илим-билимге негизделген жаңы экономикалык саясатын калыптандыруу ИИН жүзөгө ашырылган алдыңкы технологиялар жана инновациялар өнөр жайдын ар кайсы тармактарындагы айрым ишканалар менен бирге бүтүндөй мамлекетте өнүгүүнүн негизги кыймылдаткычы болуп калат деп эсептөөгө мүмкүндүк берет.

## Булактар тизмеси

1. Гумерова, Л. С. «Тема развития института интеллектуальной собственности является одной из ключевых в повестке Комитета Совета Федерации по науке, образованию и культуре» / Л. С. Гумерова // Вестник ФИПС. – 2023. – Т. 2, № 3 (5). – С. 12–13.
2. Система оценки и мониторинга инновационного развития регионов России / И. М. Бортник, Г. И. Сенченя, Г. А. Михеева [и др.] // Инновации. – 2012. – № 9 (167). – С. 25–38.
3. Зубов, Ю. С. Роспатент в управлении региональным развитием в парадигме развития сферы интеллектуальной собственности / Ю. С. Зубов, О. П. Неретин //Управление наукой и наукометрия. – 2022. – Т. 17, № 1. – С. 67–81. – DOI 10.33873/2686–6706.2022.17–1.67–81.
4. Martin R., Sunley P. Path dependence and regional economic evolution // Journal of Economic Geography. 2006. № 6. P. 395–437
5. Неретин, О. П. Интеллектуальный суверенитет экономики России / О. П. Неретин; Федеральный институт промышленной собственности. – М.: Федеральное государственное бюджетное учреждение «Федеральный институт промышленной собственности», 2022. – 166 с. – ISBN 978–5–6042896–9–3.
6. Управление интеллектуальной собственностью в экономике знаний: правовое регулирование и коммерциализация: монография / науч. ред.: А. А. Афанасьев, М. А. Боровская, Ю. А. Колесников, Т. В. Федосова; Южный федеральный университет. – Ростов-на-Дону; Таганрог: Издательство Южного федерального университета, 2023. – 348 с. – ISBN: 978–5–9275–4474–5.
7. Александрова, А. В. Роль нематериальных активов в создании стоимости компаний в условиях интеллектуальной экономики / А. В. Александрова, Е. Г. Царёва // Интеллектуальная собственность как базовое условие обеспечения технологического суверенитета Российской Федерации: Сборник докладов XXVI Международной научно-практической конференции Роспатента, Москва, 29 сентября 2022 года / Выпускающий редактор Е. Г. Царёва. – Москва: Федеральное государственное бюджетное учреждение «Федеральный институт промышленной собственности», 2022. – С. 11–14.

## Авторлор жөнүндө маалымат

**Юрий Сергеевич Зубов,** педагогика илимдеринин кандидаты, Интеллектуалдык менчик боюнча федералдык кызматтын жетекчиси (Россия, 125993, Москва ш., Бережковская наб., 24-үй, 12-имарат); rospatent@rospatent.gov.ru

**Артем Алексеевич Здунов,** экономика илимдеринин кандидаты, Мордовия Республикасынын Башчысы (Россия, 430002, Мордовия Республикасы, Саранск ш., Советская көчөсү, 35-үй); kanc@e-mordovia.ru

## Information about the autors

**Yury S. Zubov, Cand. Sci.** (Pedagogy), Head of the Federal Service for Intellectual Property (Berezhkovskaya emb. 24–12, Moscow, 125993, Russian Federation); rospatent@rospatent.gov.ru

[18] Телеканал «Про бизнес»: сайт. URL: https://www.probusinesstv.ru/news/314/33721 (дата обращения 20.05.2024).

ПРИ ГРАНТОВОЙ ПОДДЕРЖКЕ
**МИНОБРНАУКИ РОССИИ**

Роспатент
Федеральная служба по интеллектуальной собственности

ФИПС

# Роспатент объявляет конкурс «УСПЕШНЫЙ ПАТЕНТ»

**Цель конкурса:** выявление положительного опыта отечественных разработчиков по внедрению запатентованных технологий в различных отраслях промышленности по итогам 2023 года.

- Конкурс призван привлечь внимание отечественных разработчиков к изобретательской деятельности, повышению уровня грамотности в сфере интеллектуальной собственности, а также демонстрации преимуществ коммерциализации инновационной продукции.
- В конкурсе могут принимать участие российские изобретатели (юридические и физические лица), правообладатели патента на изобретение, предоставившие все документы в соответствии с условиями конкурса.
- Претендент подает заявку на сайте Роспатента в электронной форме путем заполнения данных, указанных в анкете.
- Срок подачи заявки – с 15 июня по 10 августа 2024 года.
- Конкурсный отбор осуществляет жюри, в состав которого входят представители науки, бизнес-структур, общественных организаций в сфере интеллектуальной собственности и экспертов ФИПС.
- По результатам конкурсного отбора выбирается 10 патентов, получивших наибольшее количество баллов по итогам голосования жюри.
- Лауреаты и финалисты конкурса награждаются дипломами и нагрудными знаками. Обладателю диплома лауреата конкурса вручается памятный знак и сертификат на обучение в ФИПС по программам повышения квалификации.

***Конкурс проводится при поддержке Минобрнауки России в рамках реализации федерального проекта «Популяризация науки и технологий».***

#ДЕСЯТИЛЕТИЕНАУКИ

#МИНОБРНАУКИРОССИИ

#ПОПУЛЯРИЗАЦИЯНАУКИ




**Телефон:**
**+7 (499) 240-32-14**

Илимий макала Original article

УДК 347.772

# Санариптик графикалык дизайнды патенттөө: проблемалар жана чечимдер

**Григорий Петрович Ивлиев, Ольга Ленаровна Алексеева**✉
Өнөр жай менчигинин федералдык институту
✉OAlekseeva@rupto.ru

**Аннотация:** жалпы санариптештирүү мыйзам чыгаруучулар алдында санариптик чөйрөдөгү интеллектуалдык ишмердүүлүктүн чыгармачыл натыйжаларын укуктук кайтаруу менен байланышкан жаңы милдеттерди коюуда. Программалык продуктыларды иштеп чыгуучулардын атаандаштык күрөшүнүн натыйжалуу аспабы болуп ишенимдүү укуктук коргоого муктаж пайдалануучулардын графикалык интерфейси жана виртуалдык графикалык символдор таанылууда. Бирок, патенттик укуктун ондогон жылдар колдонулган ченемдери өнөр жайлык үлгүлөр бөлүгүндө виртуалдуу дизайндын санариптик жаратылышына адаптациялоону талап кылууда. Адистер тарабынан пайдалануучунун графикалык интерфейсин жана виртуалдуу графикалык символду патенттөө маселеси талкууланууда. Жөнгө салуу ар кайсы өлкөлөрдө айырмаланат. Изилдөөнүн максаты – алыскы чет өлкөлөрдүн (Кытайдын, Европа союзунун, АКШнын жана Япониянын), ошондой эле Россиянын жана Евразиялык патенттик патенттик конвенциянын катышуучу мамлекеттеринин мыйзам чыгаруучуларынын пайдалануучунун графикалык интерфейсин жана виртуалдуу графикалык символду патенттөө эрежелерин жөнгө салууга, ошондой эле россиялык жана евразиялык патенттик мыйзамдарга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоого мамилелерин изилдөө жана салыштырып көрүү. Графикалык интерфейстерди жана виртуалдуу графикалык символдорду патенттөө үчүн маанилүү укуктук жөнгө салуу өзгөчөлүктөрү, окшоштуктар жана айырмачылыктар аныкталды, берилүүчү патенттик укуктардын көлөмү көз карашынан колдонулуп жаткан мамилелерге баалоо берилди. Виртуалдык дизайн чөйрөсүнө тиешелүү өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө россиялык жана евразиялык мыйзамдарды өркүндөтүүнүн мүмкүн болуучу жолдору аныкталды.
**Олуттуу сөздөр:** патенттик укук, өнөр жайлык үлгү, өнөр жайлык үлгүнүн укуктук кайтаруунун көлөмү, пайдалануучунун графикалык интерфейси (ПГИ), виртуалдуу графикалык символ, виртуалдуу дизайн, санариптик графикалык дизайн, өткөөл ПГИ, анимацияланган өнөр жайлык үлгү.
**Цитаталоо үчүн:** Ивлиев Г.П., Алексеева О.Л. Патентование цифрового графического дизайна: проблемы и решения // Вестник ФИПС, 2024. Т. 3 № 2 (8). С. 122 – 131.
**Ыраазылык:** макала ИМФКнын «Билдирме берүүчүлөр (укук ээлери) жана башка кызыкдар жактар үчүн бул чөйрөнүн жагымдуулугун жогорулатуу сунушу менен өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук кайтаруу жана коргоо чөйрөсүнүн абалы жөнүндө талдоо отчеттун алынган маалыматтарынын негизинде даярдоо максатында Россиянын жана чет өлкөлөрдүн мыйзамдарын салыштырмалуу изилдөөнү жүргүзүү» илимий-изилдөө ишинин материалдары боюнча даярдалды.

# Patenting digital graphic design: problems and solutions

**Grigory P. Ivliev, Olga L. Alekseeva**✉
Federal Institute of Industrial Property
✉OAlekseeva@rupto.ru

**Abstract:** total digitalization faces legislators with new challenges related to the legal protection of creative results of intellectual activity in the digital environment. Graphical user interfaces and virtual graphic symbols, which require effective legal protection, are recognized as an efficient tool for competition among software developers. However, patent law provisions regarding industrial designs applied for decades require adaptation to the digital nature of virtual design. Experts discuss the issues of patenting a graphical

© Ивлиев Г. П., Алексеева О. Л., 2024

user interface and a virtual graphic symbol: what is considered a product when patenting them, how to determine the scope of legal protection of such industrial designs, including if the components of the graphical interface are animated elements or transition pages. Regulations vary from country to country. The Russian lawmakers will have to find their own solution. The Eurasian lawmakers faces the same task. The aim of the research was to study and compare the approaches of lawmakers of non-CIS countries, including China, the European Union, the USA and Japan, as well as lawmakers of Russia and member states of the Eurasian Patent Convention, to the regulation of the rules for patenting a graphical user interface and a virtual graphic symbol, as well as prepare proposals to introduce appropriate changes to the Russian and Eurasian patent legislation. The study revealed legal regulation peculiarities that are important for patenting graphical interfaces and virtual graphic symbols applied by lawmakers in different countries and regions, similarities and differences in regulation, and assessed the approaches used in terms of the scope of patent rights granted. The study defines possible ways to improve the Russian and Eurasian legislation on industrial designs related to the field of virtual design.
**Keywords:** patent law, industrial design, scope of legal protection of an industrial design, graphical user interface (GUI), virtual graphic symbol, virtual design, digital graphic design, transitional GUI, animated industrial design.
**For citation:** Grigory P. Ivliev, Olga L. Alekseeva, Patenting digital graphic design: problems and solutions// Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 122 –131.
**Acknowledgements:** The article is based on the materials of the research work of FIPS «Conducting comparative studies of the legislation of Russia and foreign countries in the field of industrial designs in order to prepare, based on the data obtained, an analytical report on the state of the field of legal enforcement and protection of industrial designs with proposals for increasing the attractiveness of this area for applicants (right holders) and other interested parties».

Адамдын жашоо чөйрөсүн туташ санариптештирүү анын интеллектуалдык чыгармачыл ишмердигинин табиятын өзгөртөт. Алдыңкы планга программалык өнүмдөрдү пайдаланууну билдирген жетишкендиктер чыгууда. Интенсивдүү өнүгүп бараткан багыттардын бири – виртуалдуу графикалык компоненттерди (графикалык символдорду) камтыган пайдалануучулардын графикалык интерфейстерин (ПГИ) иштеп чыгып жаткан дизайнерлердин чыгармачылыгы. Оригиналдуу графикалык интерфейстер жана символдор программалык продуктыларды иштеп чыгуучулардын атаандаштык күрөшүнүн натыйжалуу аспабы болуп таанылууда.

Мындай чыгармачыл натыйжалар патенттик укук тарабынан берилүүчү натыйжалуу укуктук кайтарылууга муктаж. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМБДУ) тарабынан 2017-жылы жүргүзүлгөн изилдөө ПГИни патенттик кайтаруу, коргоо жалпы кабыл алынган тажрыйба болуп калганын көрсөттү[1]. Аны менен катар ПГИге тиешелүү өнөр жай үлгүлөрүнө билдирмелерди түзүү, анын ичинде өткөөл барактарды жана анимацияланган элементтерди, аларды укуктук кайтаруунун көлөмүн аныктоо маселелери жана көптөгөн башкалар мурдагыдай эле актуалдуу бойдон калууда

Оригиналдуу графикалык интерфейстер жана символдор программалык продуктыларды иштеп чыгуучулардынатаандаштык күрөшүнүн натыйжалуу аспабы болуп таанылууда. Мындай чыгармачыл натыйжалар патенттик укук тарабынан берилүүчү натыйжалуу укуктук кайтарылууга муктаж.

### ПГИнин табияты

«Дизайн» терминин анын жардамы менен визуалдык-коммуникативдик чөйрө түзүлгөн дизайнердик чечимди иштеп чыгуу процессин белгилөө үчүн да, ошондой эле бул чөйрөнү калыптандыруучу мындай процесстин акыркы өнүмүн белгилөө үчүн да колдонушат[2]. Дизайндын өзүнчө багыты болуп графикалык дизайн – образдар, сүрөттөр, шрифттер, видео ж.б. аркылуу визуалдык коммуникациянын, идеяларды, ойлор жана баалуулуктарды билдирген каражаты саналат [1]. ПГИни иштеп чыгуу санариптик графикалык дизайндын багыттарынын бири болуп саналат.

Дизайндын тарыхчылары Шарлотта жана Питер Филл ПГИнин жаралышын дизайндагы компьютердик революциянын пайда болушу менен байланыштырышат, ал 1984-жылы жаш Стив Жобс тарабынан ойлонулган жана анда пайдалануучунун графикалык интерфейси колдонулган алгачкы массалык компьютер болуп калган

[1] Документ ВОИС SCT/37/2 REV. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/geoind/ru/sct_37/sct_37_2_rev.pdf (дата обращения: 12.10.2023).

[2] Общероссийский классификатор продукции по видам экономической деятельности (ОКПД 2) ОК 034–2014 (КПЕС 2008), введенный в действие Федеральным агентством по техническому регулированию и метрологии от 31 января 2014 г. № 14-ст.

ПГИнин табиятын изилдөө менен анын туруктуу эмес форманын объектилеринин табияты менен окшоштугун көрүүгө болот, аларга, мисалы, суунун динамикалык басымы болгондо агымдары «ойногон» фонтан кирет, анын үстүнө алар бирде пайда болуп, бирде жок болуп кете алышат. Башка мисал – имараттарды жарыктандыруу. Мындай дизайнердик чечимдер үчүн эмне буюм болуп саналат? Мындай дизайнды өнөр жайлык үлгүгө патент берүүгө билдирменин документтеринде кантип ачуу керек?

биринчи оригиналдуу стол компьютери Apple Macintosh пайда болгондо жаралган [2]. Алар «принципиалдуу жаңы графикалык интерфейстин картинкалары – таштанды корзинасы, бомба, жылмайган монитор ж.б.у.с. – компьютердик революциянын даңкталбаган улуу каармандарынын бири – Сьюзен Кэр тарабынан ойлонуп чыгарылган, ал «компьютерге адамдык жүз» берди [2].

Азыркы убакта ИПГ адамдын операциялык системалар жана колдонмо программалык камсыздоо менен өз ара аракеттенүүсүнүн эң көп жайылган ыкмасы болуп калды.

ИМБДУнун документтеринде ИПГга пайдалануучулар электрондук/санариптик элементтердин жардамы менен электрондук түзүлүштөр менен өз ара аракеттенүүгө мүмкүндүк берүүчү ар кандай визуалдуу интерфейсти да, анда интерфейстин элементтери, анын ичинде белгилер, ярлыктар, меню, кнопкалар ж.б. пайдалануучуга дисплейде графикалык дизайн (графикалык сүрөттөө) түрүндө берилген пайдалануучулук интерфейстин түрүн да кошот[3].

Дизайн көп өлкөлөрдө, анын ичинде Россияда да автордук укуктун объектиси катарында гана эмес, патенттик укуктун – өнөр жайлык үлгүнүн объектиси катарында да корголот. Өнөр жайлык үлгүлөргө мыйзам чыгаруучулар, белгилүү болгондой, өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүштүн буюмдарынын (өнүмдөрүнүн) тышкы көрүнүшүн (дизайнын) кошот. ПГИнин өзгөчөлүгү аларды буюмдун адаттагы түшүнүүдөгү тышкы көрүнүшүнүн мүнөздөмөлөрүнө, башкача айтканда, буюмдун өзүнүн физикалык, химиялык же биологиялык жаратылышы менен шартталган анын тышкы көрүнүшүнүн мүнөздөмөлөрүнө кошууга болбогондугунда турат. Программалар менен ЭЭМ үчүн топтолуучу графикалык чагылдыруу электрондук түзүлүштөрдүн экранында, эгерде программалык түзүлүш коюлган жана иштетилген, программа иштеп жаткан учурда гана пайда болот[4] Мында ПГИ экранда белгилүү бир удаалаштыкта (өткөөл ПГИ деп аталуучу) пайда болуучу бир несе сүрөттөлүштөрдөн тура алат. Андан тышкары, ПГИнин элементтери анимациялана алат. ПГИнин табиятынын ушундай өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ПГИнин табиятын «өнөр жайлык үлгү» түшүнүгүнүн аныктамасына кантип киргизүү керек суроосу чыгат: ПГИ кайсы учурда буюм болуп саналат жана анын тышкы көрүнүшүнө эмне болду? «ПГИ – монитордун экранынын тышкы көрүнүшү» деген көп кезиккен жооп талашсыз. Кимдир-бирөө фильм экрандын тышкы көрүнүшү деп айта алмакпы. Монитор кампада жатканда монитордун экраны да программа ишке киргизилгенден кийин ал алган тышкы түргө ээ эмес болгону айкын.

ПГИ табиятын изилдөө менен анын туруктуу эмес форманын объектилеринин табияты менен окшоштугун көрүүгө болот, аларга, мисалы, суунун динамикалык басымы болгондо агымдары «ойногон» фонтан кирет, анын үстүнө алар бирде пайда болуп, бирде жок болуп кете алышат. Башка мисал – имараттарды жарыктандыруу. Мындай дизайнердик чечимдер үчүн эмне буюм болуп саналат? Мындай дизайнды өнөр жайлык үлгүгө патент берүүгө билдирменин документтеринде кантип ачуу керек?

Бир жагынан, суунун агымынын сүрөттөлүшү материалдык дүйнөнүн объектиси болуп саналат, бирок, экинчи жагынан алар бул сөздүн кеңгөн маанисинде буюмдар болуп саналышпайт[5].

Туруксуз форманын объектилеринин тышкы көрүнүшүн (туруксуз объектилерди) бардык эле өлкөлөр патенттешпейт. Мисалы, евразиялык мейкиндиктин бир катар өлкөлөрүндө – Азербайжанда, Беларуста, Казакстанда, Тажикстанда, Түркмөнстанда туруксуз формадагы объектилердин тышкы көрүнүшүнө өнөр жайлык үлгү катарында укуктук кайтаруу берилбейт. Россиялык мыйзамдарда мындай тыюу салуу 2014-жылга чейин гана болгон. Ошондо эле «буюм» түшүнүгүнө аны өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө мыйзамдарда колдонуу максатына кеңейтилген түшүндүрүү берилген. Буюм деп өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн ар кандай буюму, атап айканда каптоо, этикетка, курамдык буюм, буюмдардын топтому

---

[3] Документ ВОИС SCT/43/10 Rev. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_43/sct_43_10_rev.pdf (дата обращения: 12.10.2023).

[4] Здесь и далее термин «экран» применяется в качестве обобщающего понятия в отношении терминов «дисплей», «панель визуального вывода».

[5] ГОСТ 2.101–2016 «Межгосударственный стандарт. Единая система конструкторской документации. Виды изделий». URL: https://files.stroyinf.ru/Data2/1/4293752/4293752379.p df (дата обращения: 12.10.2023).

(комплект), шрифт, ошондой эле буюмдун өз алдынча бөлүгү түшүнүлгөн[6]. Аны менен катар туруксуз формадагы буюмдарга ченемдик жөнгө салууда көңүл бурулган эмес, мындай өнөр жайлык үлгүлөр практикада өтө сейрек кездешкенинен байланыштуу болушу ыктымал. ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүлөргө келсек, алар Россия Федерациясында рыноктун ири оюнчулары тарабынан активдүү катталууда. 2023-жылы «Яндекс» ЖЧКсынын атына ПГИге тиешелүү 114 өнөр жайлык үлгү катталган, «Сбербанк» ЖАКынын атына – 317, «Самсунг Электроникс Ко»., ЛТД атына – 279.

ПГИнин укуктук кайтарылышын укуктун көз карашынан предметтүү изилдөөлөр ИМБДУ тарабынан 2016-жылы башталган. Маселе ИМБДУнун Товардык белгилер, географиялык көрсөткүчтөр жана өнөр жайлык үлгүлөр боюнча туруктуу комитетинин (мындан ары – ПКТЗ) күн тартибине киргизилген

### Эл аралык тажрыйба

ПГИге тиешелүү билдирмелерди берүүнүн өсүшүнө карабастан, дүйнөдө (2021-ж. – 12 935, 2022-ж. – 20 749) ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүлөргө билдирмелерди түзүү эрежелерин үндөштүрүүчү кандайдыр-бир моделдик актылар же эл аралык макулдашуулар эл аралык шериктештик тарабынан ИМБДУнун астында иштелип чыкпаган[7]. Кандайдыр-бир даражада үндөштүрүүгө Өнөр жайлык үлгүлөрдү эл аралык классификация (ӨЖҮЭАК) багытталган[8], аны Россияны кошо алганда, дүйнөнүн өлкөлөрүнүн көпчүлүгү пайдаланышат. 2023-жылдын 1-январынан ӨЖҮЭАКтын жаңы, 14-редакциясы күчүнө кирди, ага ылайык, экранда чагылдыруу үчүн графикалык символдорду кошуп койгон 14–04 «Дисплейлер, иконкалар, ярлыктар» классына биринчи жолу ПГИ киргизилди. ӨЖҮЭАК эл аралык аспап болуп саналат, бирок, ӨЖҮЭАКынын жоболору бекитүүчү мааниге ээ эмес, башкача айтканда, катышуучу мамлекеттерди ПГИ дизайнын патенттөөгө милдеттендирбейт.

МКПО является важным международным инструментом, однако положения МКПО не имеют правоустанавливающего значения, то есть не обязывают государства-участники патентовать дизайн ГИП.

Еще одним международным актом является Международный стандарт ИСО 9241–161:2016 «Эргономика взаимодействия человек – система. Часть 161. Руководство по элементам графического пользовательского интерфейса»[9], ал Стандартташтыруунун эл аралык уюмунун (ISO) астында ПГИнин элементтеринин ишинин бирдей түрдөгү мүнөзүн камсыздоо, алардын функционалдуулугу, берүү жана акырында пайдалануунун ыңгайлуулугу максатында иштелип чыккан. Бирок, стандарт да катышуучу мамлекеттерге ПГИни патенттөө менен байланышкан кандайдыр-бир милдеттенмелерди салуучу акт болуп саналбайт. ПГИнин укуктук кайтарылышын укуктун көз карашынан предметтүү изилдөөлөр ИМБДУ тарабынан 2016-жылы башталган. Маселе ИМБДУнун Товардык белгилер, географиялык көрсөткүчтөр жана өнөр жайлык үлгүлөр боюнча туруктуу комитетинин (мындан ары – ПКТЗ) күн тартибине киргизилген[10]. 2019-жылы жүргүзүлүп, ага 66 өлкө катышкан сурамжылоо ПГИни укуктук кайтаруу 59 өлкөдө бериле турганын көрсөткөн[11]. Бирок, ведомстволордун практикасы дал келбейт, ал мындай объектилердин табигатынын уникалдуулугу менен байланышкан объективдүү себептер менен шартталган.

Негизгилер катарында төмөнкү суроолор талкууланган:

- ПГИни иштеп чыккан программа орнотулган буюмдун сүрөтүсүз ПГИнин дизайны өнөр жайлык үлгү катарында патенттеле алабы?
- Буюмдун сүрөтү милдеттүү болсо, анда билдирмедеги ПГИнин жана буюмдун дизайнынын сүрөттөрүнө кандай талаптар коюлат?
- Билдирменин документтеринде буюмдун сүрөтүнөн тышкары, ПГИнин дизайнынын анда ПГИ колдонулган буюм менен байланышы, ПГИнин дизайнын өнөр жайлык үлгү катарында укуктук кайтарууну берүүнүн зарыл шарты көрсөтүлүүгө тийишпи? ,
- Эгерде билдирменин документтеринде буюмдун сүрөтүнөн тышкары, башка, буюм менен байланыш көрсөтүлүүгө тийиш болсо, анда бул кандай байланыш (өнөр жайлык үлгүнүн аталышында жана сүрөттөлүшүндө көрсөтүлүшү, сүрөттөөдө буюмдун иш-милдетин ачуу)?

---

[6] П. 32 Требований к документам заявки на выдачу патента на промышленный образец, утвержденных приказом Минэкономразвития России от 30 сентября 2015 г. № 695 (с изменениями). URL: https://new.fips.ru/to-applicants/industrial-designs/promyshlennye-obraztsy-normativnyedokumenty.php (дата обращения: 12.10.2023).

[7] Отчет о НИР по теме «Проведение сравнительных исследований законодательства России и зарубежных стран в области промышленных образцов с целью подготовки на основании полученных данных аналитического отчета о состоянии сферы правовой охраны и защиты промышленных образцов с предложениями по повышению привлекательности данной сферы для заявителей (правообладателей) и иных заинтересованных лиц» (заключительный) (Разделы 1.2, 1.3, 1.4) /ЕГИСУ НИОКТР Рег. № АААА-А20–120071490021–7/ Рег.№ ИКРБС, подраздел 1.5, С. 87–111.

[8] Локарнское соглашение о Международной классификации промышленных образцов (Локарно, 8 октября 1968 г.). URL: https://www. wipo.int/treaties/ru/classification/locarno/index.html (дата обращения:12.10.2023).

[9] ISO 9241–161:2016 Ergonomics of human-system interaction – Part161: Guidance on visual user-interface elements, IDT; URL: https://www.scribd.com/document/340607446/En-16480–2012-Not-in-English (дата обращения: 12.10.2023).

[10] Документ ВОИС SCT/35/6 от 11 апреля 2016 г. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_35/sct_35_6 pdf (дата обращения: 12.10.2023).

[11] Документ ВОИС SCT/41/2 Rev 2. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_41/sct_41_2_rev_2.pdf (дата обращения: 12.10.2023).

> Кытай ПГИнин дизайнын патентөөдө өнөр жайлык үлгүгө билдирмени түзүү бөлүгүндө да, өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруу көлөмүн белгилөө бөлүгүндө да эң катаал талаптарды коет. Кытайда ПГИни патенттөөгө болот, бирок, ПГИнин элементтери болуп саналган графикалык символдорду патенттөөгө болбойт

- ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүнү катышуучу мамлекетте укуктук кайтаруунун көлөмү кандай бекитилет?
- Эгерде ага карата ПГИ колдонулган буюмду билдирмеде көрсөтүү милдеттүү болсо, анда мындай көрсөтүү ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруунун көлөмүнө кандай таасир этет?
- ПГИни жана анимацияланган ПГИлерди патенттөөдө ПГИнин өткөөл беттери патенттик кайтаруу алуусу мүмкүнбү[12]?

ИМБДУ жүргүзгөн сурамжылоонун маалыматтары россиялык система менен окшош өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөөнүн өнүккөн системалары менен юрисдикцияларда (Кытай, Япония, АКШ, Европалык союздун интеллектуалдык менчик боюнча ведомствосу (EUIPO) ПГИни патенттөөгө карата айрым тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

### Кытай

Кытай ПГИнин дизайнын патентөөдө өнөр жайлык үлгүгө билдирмени түзүү бөлүгүндө да, өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруу көлөмүн белгилөө бөлүгүндө да эң катаал талаптарды коет. Кытайда ПГИни патенттөөгө болот, бирок, ПГИнин элементтери болуп саналган графикалык символдорду патенттөөгө болбойт.

Кытайда билдирменин документтеринде сөзсүз ПГИнин буюм менен байланышы көрсөтүлүшү талап кылынат, башкача айтканда, ПГИ буюмдун тышкы көрүнүшүнүн бөлүгү катары каралат. Байланыш төмөнкү жолдор менен көрсөтүлөт:

- ПГИнин дизайнынын сүрөтү жана ага ПГИ тиешелүү болгон буюмдун (же буюмдун бөлүгүнүн) дизайнынын үзгүлтүксүз сызыктар менен сүрөттөлүшү;
- анда пайдалануу үчүн ПГИнин дизайны арналган буюмдун өнөр жайлык үлгүнүн аталышында жана сүрөтүндө буюмдун сөз менен көрсөтүлүшү;
- сүрөтүндө ПГИ дизайны менен байланышкан буюмдун функционалдык мүнөздөмөлөрүн ачуу.

Өнөр жайлык үлгүгө берилип жаткан укуктук кайтаруунун көлөмү анда пайдалануу үчүн ПГИнин дизайны арналган ПГИнин буюм менен сүрөтүн камтыйт. Бардык сүрөттөлүштөр үзгүлтүксүз сызыктар менен аткарылууга тийиш. ПГИнин дизайнына гана тиешелүү өнөр жайлык үлгүнү каттоо жана буюмду (мониторду же башка түзүлүштү) көрсөтүүсүз ага патент алуу Кытайда мүмкүн эмес.

Мындай талаптарды киргизүүнү Кытай өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруу көлөмүн чектөө зарылдыгы, ошондой эле издөөнү жөнөкөйлөштүрүүгө умтулуу зарылдыгы менен түшүндүрөт. Теориялык жактан алганда мындай жөнгө салуу кир жуучу машина үчүн ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүгө укуктун ээси теңдеш ПГИни медициналык жабдуу үчүн пайдаланган жакка доомат кое албай турганын билдирет.

Кытайда ПГИнин буюм менен байланышы билдирмени берүү датасына карата сүрөттө жана сүрөттөп жазууда көрсөтүлүшү маанилүү. Буюмдун функционалдык мүнөздөмөлөрүнүн сүрөтүндө ачуу да билдирме берүү датасына берилүүгө тийиш. Сурамжылоонун натыйжаларына ылайык, билдирме боюнча өндүрүш стадиясында тариздөөнүн көрсөтүлгөн кемчиликтери жоюлушу мүмкүн эмес[13].

Кытайда берилүүчү укуктук кайтаруунун көлөмү минималдуу мүмкүн болуучулардын бири болуп саналат. Анимациялык өнөр жайлык үлгүлөр жана өткөөл ПГИ, эгерде алар электрондук формада же кагазда статикалык сүрөттөө түрүндө берилсе укуктук кайтаруу алууга болот, анын үстүнө бардык сүрөттөөлөр бир функцияга тиешелүү болууга, визуалдык байланышкан болууга тийиш жана кыймыл жөнүндө так көрүнүш берүүгө тийиш. Көрсөтүлгөн ПГИлер учурунда укуктук кайтаруунун көлөмү статикалык сүрөттөө боюнча белгиленет.

ПГИнин айрым элементтери Кытайда патенттелүүгө боло албайт.

### Европа союзу

ПГИни патенттөөнүн Европа союзундагы (ЕС) эрежелери эң төмөн талаптагы болуп саналат. Европа союзунун Интеллектуалдык менчик боюнча ведомствосу (EUIPO) Кытайдын ведомствосунан айырмаланып ПГИнин дизайнын гана эмес, графикалык символдорду да патенттейт.

Мындай патенттөө мүмкүндүгү ЕСтин мыйзамдарында колдонулуучу «өнөр жайлык үлгү» жана «буюм»түшүнүктөрүнүн аныктамаларынан келип чыгат. Мисалы, Европа союзунун «Европа шериктештигинин өнөр жайлык үлгүлөрү жөнүндө» № 6/2002 регламентинин (мындан ары – Регламент EUIPO) 3-бер. ылайык[14]:

а) «өнөр жайлык үлгү» термини бүткүл буюмдун тышкы көрүнүшүн же буюмдун өзгөчөлүгүнүн натыйжасы

[12] Вопросы в обобщенном виде отражают вопросы анкеты, приведенной в Документе ВОИС SCT/41/2 REV.2. Приложение 1. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_41/sct_41_2_rev_2.pdf (дата обращения:12.10.2023).

[13] Документ ВОИС SCT/41/2 REV.2 Приложение 1. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_41/sct_41_2_rev_2.pdf (дата обращения:12.10.2023).

[14] Принят в Брюсселе 12.12.2001, с изм. и доп. от 18.12.2006 URL: https://eecolog.ru/docs/xVvKYLXmEKgcKt7xgiNyx (дата обращения: 12.10.2023).

болуп саналган анын бөлүгүн, атап айтканда,сызыктарын, контурларын, түстөрүн, формасын, текстурасын жана/же материалдарын жана/же анын коздогон нерселерин билдирет;

b) «буюм» термини башкалар менен катар эле татаал буюмду жыйноо үчүн арналган конструцияны, каптоону, стилин, графикалык символдорун жана компьютердик программаларды кошпогондо, типографиялык шрифттерди билдирет.

ПГИни ЕСтин документтеринде буюмдарга графикалык символду кошкондойго окшоштуруп буюмдарга кошушат. ПГИни жана графикалык символдорду, анын ичинде виртуалдыкты да буюмдарга теңдештирүү европалык мыйзам чыгаруучуну сүрөтүндө ПГИ тиешелүү болгон талапты белгилөө зарылдыгынан бошотот. Билдирме ээси анда ПГИ колдонулган буюмду көрсөтүүнү же көрсөтпөөнү өзү чечет. Билдирме ээси буюмдун сүрөтүн көрсөтпөөгө же аны үзгүлтүксүз жк пунктирдик сызык түрүндө көрсөтүүгө укуктуу. Ага ПГИ тиешелүү болгон буюмдун функционалдык аспектилери да мааниге ээ болбойт. Аларды ачыктоо өнөр жайлык үлгүнү сүрөттөөдө талап кылынбайт.

Аны менен катар ПГИ тишелүү болгон буюм (өнүм) менен ПГИнин байланышын көрсөтүүгө талап ЕСтин мыйзамдарында бар. EUIPO регламентинин 36-бер. 2-п. ылайык, өнөр жайлык үлгүнү каттоого билдирме «анын ажыратылгыс бөлүгү болгон же аны менен колдонуу үчүн өнөр жайлык үлгү арналган буюмга көрсөтүүнү» камтууга тийиш. Мында, ЕСтин регламентинин 36-бер. 6-п. ылайык, буюмга көрсөтүү өнөр жайлык үлгүгө берилүүчү укуктук кайтаруунун көлөмүнө да, өнөр жайлык үлгүгө билдирме берүүнүн датасына да таасир этпейт.

ЕСтин адистеринин комментарийлеринде ПГИ учурунда продуктынын (буюмдун) аталышы анда ПГИ колдонулган буюм көрсөтүлүүсүз, башкача айтканда, мисалы, «пайдалануучунун графикалык интерфейси» катарында, жана өнөр жайлык үлгүнү ПГИнин дизайны, графикалык символ, анын ичинде виртуалдык да, үчүн гана, эгерде ал монитор же башка түзүлүш катарында, кандайдыр-бир буюмсуз, өз алдынча таризделиши мүмкүн[15]. Кытайдын мыйзамдарынан айырмаланып, ЕСтин мыйзамдарына ылайык, өнөр жайлык үлгүгө билдирменин документтеринде буюм жөнүндө маалыматтын болушу укук орнотуучу мааниге укукка ээ эмес. Мындай мааниге ЕСте сүрөт гана ээ. EUIPO катталган ПГИнин дизайнынын, графикалык символдордун укуктук кайтарылуусу, ПГИнин дизайны буюмсуз сүрөттөөлөрдө же буюм үзгүлтүктүү сызыктарда көрсөтүлгөн учурларда бардык буюмдарга жайылтылат. Буюмду көрсөтүү да, анын классификациясы да ЕСтин өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруунун көлөмүнө таасир этпейт. Катталган өнөр жайлык үлгү анын укук ээсине бул үлгүнү каттоого билдирмеде көрсөтүлгөн гана эмес, бардык түрдөгү продуктыларда пайдаланууга өзгөчө укук берет. Укуктук кайтаруунун мындай көлөмү максималдуу мүмкүн болуучу болуп саналат.

Аны менен катар, буюм туташ сызык менен сүрөттөлсө, анда укуктук кайтаруунун көлөмү ПГИнин дизайнына гана эмес, буюмдун сүрөтүнө да жайылтылат.

ЕСтин мыйхамдары ПГИге же виртуалдуу графикалык символдорго тиешелүү өткөөл ПГИни жана анимацияланган өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоого жол берет. Мындай учурда кыймылдоочу да, статикалык да сүрөттөр, анын ичинде электрондук формада да, кагазда да кабыл алынат. Аны менен катар кыймылдоочу сүрөттөр үлгүнү визуализациялоонун кошумча техникалык ыкмасы катарында гана каралат жана салттуу статикалык берүүнү алмаштырбайт. Ошондой эле анимацияланган ПГИнин же графикалык символдун бардык түрү байланышкан, башкача айтканда, алар жалпы окшоштукка ээ жана бир функцияга тиешелүү болууга тийиштиги талап кылынат. Билдирме ээси кадрлардын так ырааттуулугун бергидей тартипте бардык түрлөргө номерлөөгө тийиш. Түрлөрдүн максималдуу саны – 7. Мындай өнөр жайлык үлгүлөрдүн укуктук кайтарылуусунун көлөмү статикалык өңүттөн улам белгиленет.

### АКШ жана Япония

Коюлган талаптардын ийкемдүүлүгү көз карашынан АКШ менен Япониянын мыйзамдары Кытай менен Есросоюздун мыйзамдарынын ортосунда аралык абалды ээлейт. Кытайдан айырмаланып бул өлкөлөрдө өнөр жайлык үлгүлөр катарында ПГИнин дизайны гана эмес, виртуалдуу графикалык символдордун дизайны да катталат.

Ага ылайык, ПГИ жана ПГИ колдонулган буюм менен сөзсүз байланыш орнотулууга тийиш болгон талап да эки өлкөдө тең коюлат, бирок, байланышты көрсөтүү эрежеси айырмаланат.

АКШда ал көрсөтүлүүгө тийиш болгон байланыштын бардыгына талап бардык өнөр жайлык үлгүлөргө коюлат. Мындай мамиле, ага ылайык, өнөр жайлык үлгүлөргө билдирмелер «өнөр жайлык буюмдар үчүн дизайнерлик чечимдерге» тиешелүү болгон талап АКШнын өнөр жайлык үлгүлөргө патенттер үчүн кайтаруу предметин аныктаган мыйзамдарынын талабы болуп саналат[16]. АКШнын патенттик мыйзамынын негизги беренелери графикалык сүрөттөрдү камтыган үлгүлөрдү өзгөчө категорияга бөлүүгө тийиштүү кандайдыр-бир өзгөчө жоболорду камтыбайт. Компьютер түзгөн жана кайсы-бир түзүлүштүн экранына чыгарылуучу графикалык сүрөткө карата АКШнын Мыйзамдар кодексинин (мындан ары – U.S.C.) 35-бөлүгүнүн беренелеринде келтирилген үлгүлөргө карата жалпы талаптар иштейт[17].

[15] Документ ВОИС SCT/41/2 REV.2 Приложение 1. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_41/sct_41_2_rev_2.pdf (дата обращения:12.10.2023).

[16] Документ ВОИС SCT/41/2 REV.2 Приложение 1. URL: https://www.wipo.int/edocs/mdocs/sct/ru/sct_41/sct_41_2_rev_2.pdf (дата обращения: 12.10.2023).

[17] USA, Chapter 1500 Design Patents. URL: https://www.uspto.gov/web/offices/pac/mpep/mpep-1500.htm l (дата обращения: 12.10.2023).

АКШнын ведомствосу эксперттер үчүн компьютерде түзүлгөн жана экранга чыгарылган графикалык сүрөттөрдүн, анда өнөр жайлык үлгү катарында патенттелүүчү объектиге коюлуучу талаптарга ылайык келүүсүн текшерүү боюнча кыска нускаманы иштеп чыкка[18].

Байланыш билдирмеде төмөнкүдөй жол менен көрсөтүлөт:

- ПГИ дизайнын же буюмдун сүрөтүн (мисалы, компьютердин мониторун, дисплейдин панелин же алардын бөлүктөрүн) пунктирлик же үзгүлтүктүү сызыктар менен буюмду сөз менен баяндап же ансыз берүү
- ПГИ дизайндын же буюмдун сүрөтүн (мисалы, компьютердин мониторун, дисплейдин панелин же алардын бөлүктөрүн) үзгүлтүксүз сызыктар менен буюмду сөз менен баяндап же ансыз берүү.

ПГИни же графиктик символду буюмду аталышында гана сөз менен көрсөтүү менен гана берүү – себеби бул ЕСте жол берилген, АКШда болсо мүмкүн эмес. Көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөр АКШнын мыйзамдарын Кытайдын мыйзамдарына жакындатат. Аны менен катар Кытайдын мыйзамдарынан айырмаланып, АКШнын мыйзамдары ПГИнин буюм менен байланышы, эгерде байланыш жөнүндө маалымат билдирмени берүү датасына карата сүрөттөөдө келтирилсе, сүрөттөрдө билдирмени берүү датасына эмес, а билдирме боюнча өндүрүш процессинде көрсөтүлүшүнө жол берилет.

> Өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө россиялык мыйзамдар, көптөгөн башка өлкөлөрдүн мыйзамдары сыяктуу эле санариптик графикалык дизайнга тиешелүү өнөр жайлык билдирмелерди түзүү жана кароо бөлүгүндө, өнүктүрүлүүгө муктаж.

Япониянын мыйзамдары жакынкы убакытка чейин ПГИнин дизайнынын буюм менен байланышы билдирменин документтериндеги сүрөттөрдө берүү датасына карата сөзсүз берилишин талап кылып келген. 2020-жылы жаңы мыйзам күчүнө кирди, ага ылайык, бул талап ПГИнин дизайны буюмдун дизайнынын бөлүгү катарында патенттелген учурлар үчүн сакталып калган. Мындай учурда байланыштын зарылчылыгы «аракеттеги мыйзамдарга ылайык, өнөр жайлык үлгү катарында кайтаруунун предмети буюмдар гана боло алат, а графикалык сүрөттөр кайсы-бир буюмдун бөдүгү катары кайтарылат. Андан тышкары, буюмдарды эксплуатациялоодо пайдалануу үчүн арналган графикалык сүрөт катарында кайтаруу алуу үчүн бул графикалык сүрөт көрсөтүлгөн буюмдан функцияларын гана аткаруу үчүн арналууга тийиштиги» менен гана түшүндүрүлөт.

Жаңы мыйзамдарды күчкө кириши менен графикалык сүрөттөрдү ушундай катарында каттоого мүмкүн болуп калды. Жаңы жөнгө салуу Япониянын мыйзамдары ЕСтин мыйзамдарына жакындаштырат.

Японияда, АКШдагы сыяктуу эле буюмду сүрөттөө үчүн пунктирдик (үзгүлтүктүү) сызыкты пайдаланууга жол берилет. Мында ушундай түрдө тартылган буюм билдирилген өнөр жайлык үлгүнүн бөлүгү катарында каралбайт жана доомат коюулардын көлөмүн чектебейт.

Эгерде өнөр жайлык үлгү туташ сызыктар менен чагылдырылган буюм болсо, патенттик кайтаруу бул буюмга да жайылтылат.

Япониянын мыйзамдарынын өзгөчөлүгү бул графикалык сүрөт бкюмга кандай түрдөгү функцияны аткарууга мүмкүндүк берет көз карашынан функционалдык аспектилерди баалоо жүргүзгөдүгүндө турат.

АКШда сыяктуу эле Японияда да алардын көрүнүшү кароо убагында өзгөргөн (анимацияланган өнөр жайлык үлгүлөр) машина менен топтолуучу графикалык символдор өнөр жайлык үлгүгө билдирменин объектиси боло алат. Мындай кайтарууга билдирилген үлгү эки же көп түрлөр менен бериле алат. Мындай өнөр жайлык үлгүнү сүрөттөөдө өнөр жайлык үлгүнүн статикалык эмес мүнөзү жана талаптануу көлөмүнө сүрөттөгү гана кире турганын көрсөтүлөт.

### Россиялык мыйзамдар

ПГИни жана ПГИнин графикалык символдорун каттоо Россия Федерациясында 2000-жылдардын ортосунан башталганына карабастан[19], азыркы убакка чейин атайын ченемдик жоболор иштелип чыкпаган, а ПГИни каттоо мыйзамдардын жалпы жоболорун колдонуу менен ишке ашырылат. Өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө россиялык мыйзамдар, башка көптөгөн өлкөлөрдүн мыйзамдары сыяктуу эле, санариптик графикалык дизайнга тиешелүү өнөр жайлык үлгүлөргө билдирмелерди түзүү жана кароо бөлүгүндө өнүктүрүлүүгө муктаж.

ПГИни өнөр жайлык үлгүлөр катарында каттоо эрежелерине керектөө Россия Федерациясынын Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун Гаага системасына кошулуусу[20] жана ратификация жөнүндө тиешелүү мыйзамды

[18] § 1502 USA, Manual of Patent Examining Procedure (MPEP) Ninth Edition, Revision 10.2019, Last Revised June 2020. URL: https://www.uspto.gov/web/offices/pac/mpep/index.html (дата обращения: 12.10.2023).

[19] Отчет о НИР по теме «Проведение сравнительных исследований законодательства России и зарубежных стран в области промышленных образцов с целью подготовки на основании полученных данных аналитического отчета о состоянии сферы правовой охраны и защиты промышленных образцов с предложениями по повышению привлекательности данной сферы для заявителей (правообладателей) и иных заинтересованных лиц» (заключительный) / ЕГИСУ НИОКТР Рег. № АААА-А20–120071490021–7/ Рег. № ИКРБС, подраздел 1.5,С. 87–111

[20] Женевский акт Гаагского соглашения о международной регистрации промышленных образцов (принят на Дипломатической конференции в Женеве 02.07.1999), публикация ВОИС № 229 (R). – Женева: Всемирная организация интеллектуальной собственности, 1999. С. 5–83.

кабыл алуусу менен да шартталган[21]. 2017-жылдан бери Роспатенттин кароосуна келип түшкөн, ИМБДУнун эл аралык бюросу тарабынан катталган өнөр жайлык үлгүлөр көп учурда ПГИге же ПГИнин графикалык символдоруна тиешелүү.

Өнөр жайлык үлгү катарында Россияда өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк буюмунун тышкы түрүнүн чечилиши да кайтарылат (ЖК 1352-бер. 1-п.). Талаптардын 32-п. (1) ылайык, буюм катарында өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн ар кандай буюму, ошондой эле буюмдун өз алдынча бөлүгү саналат. Мында буюмдун өз алдынча бөлүгү деп буюмду адаттагы пайдалануу процессинде көрүнүп турган өзгөчөлөнгөн бөлүгү түшүнүлөт.

Графикалык дизайндын көрсөтүлгөн объектилери буюмдун тышкы көрүнүшүнүн бөлүгү катарында патенттелгендиктен, патенттөөнүн максаты үчүн алар буюм менен «байланышууга» тийиш. Талаптар билдирме ээсин билдирмени түзүүдө өнөр жайлык үлгүнүн аталышында бетинде мындай графикалык дизайн пайдаланыла турган өнөр жайлык үлгүнүн аталышында буюмдун бөлүгүнүн аталышын (графикалык символ, логотип) жана буюмдун аталышын көрсөтүүгө милдеттендирет. Мында сүрөттөп жазууда буюмга шилтеме болууга тийиш, бирок, мында буюмдун белгилерин да, анын функционалдуулугун да ачуу талап кылынбайт.

Буюмдун тышкы көрүнүшүнүн бөлүгүн патенттөөдө жалпысынан сүрөттө буюмду көрсөтүүгө билдирме ээсин милдеттендирген ченемдер россиялык мыйзамдарда камтылбаган. Буюмдун сүрөтүндө аларды укуктук кайтарууга билдирме ээси талаптанбаган тышкы көрүнүшүнүн бөлүктөрүн чагылдыруу үчүн пунктирдик сызыкты колдонууга жол берилет. Мында буюмдун тышкы көрүнүшүнүн билдирилген өнөр жайлык үлгү тиешелүү болгон бөлүгү туташ сызык менен чагылдырылат. Бул ченемди колдонуу практикасы билдирме ээлери сүрөттөрдө буюмду жалпысынан пунктир менен чагылдыруу менен буюмдун бөлүгүн туташ сызык менен же буюмду жалпысынан чагылдырбастан бумдун бир бөлүгүн туташ сызык менен көрсөтүлгөндөй түрдө калыптанат. Экинчи учурда буюм жалпысынан сүрөттөрдү иш жүзүндө жок жана өнөр жайлык үлгүнүн аталышында гана эске салынат. Туташ же пунктирдик сызыкты жалпысынан буюмду чагылдыруу үчүн колдонуу жөнүндө маселени чечүү жалпысынан билдирме ээсинин компетенциясына берилген.

Өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруу көлөмүн белгилөө үчүн, ЖКнын 1354-бер. 3-п. ылайык, алар менен патент берилген буюмдун тышкы түрүнүн чагылдырылышы колдонулат (мында туташ сызыктар гана эске алынат). Өнөр жай үлгүлөрүн өзгөчө укуктун

> Россиялык мыйзамдардын ченемдери ПГИ эске салууну камтыбагандыктан, алдынкы ведомстволор тарабынан колдонулуучу мамилелерлин салыштырмалуу анализи дизайн көз карашынан алганда ПГИнин табиятына жакын графикалык символдорго, логотиптерге, сүрөттөргө, табиятка ээ талаптардын мисалында (графикалык дизайн) жүргүзүлгөн.

бузулушу жөнүндө талаштарда пайдалануу фактысы аныкталганда, ЖКнын 1358-бер. 3-п. ылайык, өнөр жайлык үлгүнүн арналышынын – «бузуучунун» жана паттентелген өнөр жайлык үлгүсүнүн окшоштугу эске алынат

Графикалык дизайнды патентөөгө россиялык мыйзамдардын мамилесин алдыңкы ведомстволордун мамилелери менен салыштырсак, өнөр жайлык үлгүсүнө билдирмени түзүүгө талаптар бөлүгүндө россиялык мыйзамдар ЕСтин мыйзамдарында колдонулган ошондой максималдуу ийкем режим каралганы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Бирок, алардын негизинде өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруунун көлөмү белгиленген ченемдерде олуттуу айырмачылыктар бар. Айырмачылык ЕС тарабынан берилген укуктук кайтаруу Россиядагыга караганда графикалык дизайн (графикалык символдор) ЕСтин мыйзамдары менен өнөр жайлык үлгүлөргө жана буюмдарга теңештирилгенине байланыштуу олуттуу кеңири экендигинде[22]. Ушундай эле мамиле ЕСте ПГИге да колдонулат.

### Евразийское законодательство

Өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө жаш евразиялык мыйзамдар Евразиялык патенттик конвенциянын 1994-жылдын 9-сентябрындагы Өнөр жайлык үлгүлөрдү коргоо жөнүндө протоколуна кошулушкан Евразиялык патенттик конвенциясына катышуучу мамлекеттердин территорияларында иштейт[23]. Евразиялык патенттик ведомство (ЕАПВ) ГПИге тиешелүү болгон өнөр жайлык үлгүлөрдү каттайт. Евразиялык патенттик процедуранын алкагында ПГИни патенттөө практикасы калыптануу этабында турат.

Евразиялык патенттик конвенциянын (ЕАПК) Өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу жөнүндө протоколнун 3-беренесине (1) ылайык, укуктук кайтаруу берилүүчү өнөр жайлык үлгү болуп ЕАПКга патенттик нускамага ылайык, патенке жөндөмдүү болуп саналган өнөр жайлык же

[21] Федеральный закон от 3 апреля 2017 г. № 55-ФЗ «О ратификации Женевского акта Гаагского соглашения о международной регистрации промышленных образцов».

[22] Регламент EUIPO от 25 октября 2023 г. URL: https://eecolog.ru/docs/xVvKYLXmEKgcKt7xgiNyx (дата обращения: 16.02.2024).

[23] Роспатент: официальный сайт. URL: https://rospatent.gov.ru/ru/documents/protocol-id-eapo-09091994/download (дата обращения: 16.02.2024).

кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдун тышкы көрүнүшүнүн чечими саналат[24].

ЕАПКга патенттик нускаманын 78 (1) эрежесине ылайык[25], буюм деп өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн бардык буюмдары, атап айтканда каптоо, этикетка, курамдык буюм, буюмдардын топтому (комплекти), шрифт, ошондой эле буюмдун өз алдынча бөлүгү түшүнүлөт.

Билдирмени түзүү жана берүү эрежелеринин 4-пунктуна ылайык[26], буюмдун өз алдынча бөлүгү деп буюмду адаттагы пайдалануу процессинде көрүнүүчү анын обочолонгон бөлүгү, атап айтканда, буюмдардан топтомун (комплектин) түзүүчү буюмдар, сүрөттөр, графикалык символдор, буюмдардын бетине түшүрүлгөн логотиптер түшүнүлөт.

Патенттөөнүн евразиялык системасынын өзгөчөлүктөрүнө мыйзамдардын төмөнкү жоболорун кошууга болот.

ЕАПКга патенттик нускаманын 93 (2) эрежесине ылайык, өнөр жайлык үлгүнүн сүрөттөлүшү евразиялык билдирмеге камтыла алат. Бирок, бул документ евразиялык билдирменин материалдарында милдеттүү болуп саналбайт. Ошондой эле өнөр жайлык үлгүгө евразиялык патентти берүү жөнүндө билдирме өнөр жайлык үлгүнүн аталышын гана эмес, ошондой эле анын (алардын) тышкы көрүнүшү өнөр жайлык үлгү болгон же ага (аларга) байланыштуу өнөр жайлык үлгү пайдаланылган буюмдун же буюмдардын көрсөтүлүшүн да камтууга тийиш.

Өнөр жайлык үлгү үчүн билдирмени түзүү жана берүү эрежелеринин 11-п. ылайык, бир нече буюм, бирок, бештен ашык эмес көрсөтүлө алат. Евразиялык билдирмеге бир өнөр жайлык үлгү камтылган учурда өнөр жайлык үлгү тиешелүү болгон буюмдар Өнөр жайлык үлгүлөрдүн эл аралык классификациясынын (ӨЖҮЭК) бир классына киргизилүүгө милдеттүү эмес. Ага бирден көп өнөр жайлык үлгү камтылган евразиялык билдирме үчүн ар бир өнөр жайлык үлгү үчүн бардык көрсөтүлгөн буюмдар (орнамент болгон өнөр жайлык үлгүлөрдү эсепке албаганда) ӨЖҮЭКтин бир классына киргизилүүгө тийиш.

Евразиялык билдирмени берүүдө сүрөттөргө өзүнчө талаптар дал ушул пайдалануучунун графикалык интерфейсине жок. Бирок, Билдирмени түзүү жана берүү эрежелеринин 12.11-п. ылайык, буюмдардын тышкы түрүнүн динамикалык өзгөрүүчү чечими, анын ичинде графикалык пайдалануучулук интерфейстердин анимацияланган бөлүгүндө буюмдардын убакыттын белгилүү бир учурларындагы тышкы түрүнүн өзгөрүүлөрүн чагылдыруу үчүн кыска жана так ырааттуулуктагы сүрөттөр түрүндө бериле алат, алар алардын визуалдык өз ара байланышы жана жалпы арналышы же жалпы функциясы болгон учурда кароого кабыл алынат. Сүрөттөрдүн мындай комплекти жети сүрөттөн ашпоого тийиш жана мисалы, анимацияланган иконкаларга (убакыттын белгилүү бир учурларындагы иконкалардын ырааттуулугу болгон өнөр жайлык үлгү) же анимациялык интерфейске карата берилиши мүмкүн.

Буюмдун сүрөтүнө анын тышкы көрүнүшүнүн билдирме ээси алардын укуктук кайтарылуусуна талаптанбаган бөлүктөрүн чагылдыруу бөлүгүндө евразиялык система пунктирдик сызыкты (тиешелүү түрдө буюмдун өнөр жайлык үлгү тийиштүү болгон бөлүктөрү туташ сызык менен сүрөттөлөт), ошондой эле түс менен бөлүп көрсөтүүгө (түстүк боео, түстүк көлөкөлөө же сүрөттөн белгилүү бир бөлүктөрүн бозоңдотуу) пайдаланууга жол берет.

Өзгөчө укукту бузуу жөнүндө талаштарды кароодо өнөр жайлык үлгүнү пайдалануу фактысын аныктөө бөлүгүндө ЕАПКга Өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу протоколунун 12-берене (1) укуктарды кайтаруу менен байланышкан талаштар анын территориясында бул укуктарды коргоо суралып жаткан келишип жаткан мамлекеттеги укуктун материалдык жана процессуалдык ченемдеринин негизинде чечиле турганын белгилеп коюу керек.

Өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөөнүн евразиялык системасынын алкагында аракеттенген ченемдик укуктук актылардын жоболору россиялык мыйзамдардын талаптарына окшош жана евразиялык мыйзамдар да ПГИге евразиялык тиешелүүдокументтерге талаптарлы регламенттөөгө муктаж. Евразиялык билдирме берүү менен билдирме ээси өнөр жайлык үлгүнүн евразиялык мейкиндиктин бир нече мамлекетинин (бүгүнкү күндө – Азербайжандын, Арменияныn, Беларустун, Казакстандын, Кыргызстандын, Россиянын, Тажикстандын) территорияларындагы укуктук кайтарууну талап кылаарын да белгилей кетүү маанилүү. Мына ушул себептен улам ПГИге тиешелүү өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоого жана кайтарууга мамилелерди үндөштүрүү көрсөтүлгөн мамлекеттерде билдирме берүүчүлөр үчүн пайдалуу кадам болуп калмак.

## Россиялык жана евразиялык мыйзамдарды өнүктүрүү

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында россиялык мыйзамдарды ПГИни жана графикалык символдорду патенттөө бөлүгүндө жаңылоонун эки кескин айырмаланган жолу көрүнүүдө.

Биринчи жол – Кытайдын мыйзамдары менен жакындаштыруу, ал Россиянын геосаясий артыкчылыктарына жана заманбап экономикалык кызыкчылыктарына дал келет. Бул учурда укуктун ченемдерине ПГИни буюмдун тышкы көрүнүшүнүн бөлүгү катарында патенттөө мүмкүндүгүн бекемдөө жана сүрөттөрдө ПГИни (графикалык символду) гана эмес, ПГИ же графикалык символ тийиштүү

[24] Протокол об охране промышленных образцов к Евразийской патентной конвенции от 9 сентября 1994 г. URL: https://www.eapo.org/documents/voprosy-pravovoj-ohrany-promyshlennyh-obrazczov/ (дата обращения:12.10.2023).

[25] Патентная инструкция к Евразийской патентной конвенции, часть II.Промышленные образцы. URL: https://www.eapo.org/documents/voprosy-pravovoj-ohrany-promyshlennyh-obrazczov/ (дата обращения:12.10.2023).

[26] Правила составления и подачи заявки на выдачу евразийского патента на промышленный образец. URL: https://www.eapo.org/documents/voprosy-pravovoj-ohrany-promyshlennyh-obrazczov/ (дата обращения:12.10.2023).

болгон буюмду да сөзсүз көрсөтүлүшүн киргизүү зарыл болот. Мында буюмду пунктирдик сызык менен чагылдыруумүмкүндүгүн жана буюмдун бөлүгүн өнөр жайлык үлгүнүн аталышында көрсөтүү мүмкүндүгүн сактап калуу максатка ылайыктуу. ПГИ үчүн буюмдун бөлүгү катарында адатта компьютердин экраны чагылдырылат. Андан тышкары, буюмдун функционалдуулугун сүрөттөп жазууда ага колдонулган ПГИни сөзсүз көрсөтүлүшүн кароо максатка ылайыктуу. Мындай мамиле, бир жагынан, өнөр жайлык үлгүгө россиялык билдирме түзүүнүн эмгек сыйымдуулугун негизинен өнөр жайлык үлгүнү сүрөттөп жазуунун мазмунуна жана анын чагылдырылышына талаптардын кеңейишинин эсебинен бир аз көбөйтөт. Экинчи жагынан, мындай талаптарды кармануу Кытайда конвенциалдык приоритетти сурап алуу менен укуктук кайтаруу алууну жеңилдетет. Ошондой эле, мындай талаптарды киргизүү Россияда өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруунун көлөмүнүн азаюусуна же көбөйүүсүнө эч кандай таасир этпейт.

Экинчи жол – россиялык мыйзамдарды анын жаңыртылган бөлүгүндө ЕСтин жана Япониянын мыйзамдары менен жакындаштыруу. Бул учурда ПГИни жана графикалык символду таануу укугунун ченемдеринде бул ЕСтин мыйзамдарында жөнгө салынгандай түрдө таануу укугун бекемдөө зарыл болот. Мындай жөнгө салууда өнөр жайлык үлгүнү сүрөттөп жазууда жана буюмду чагылдырууда талаптарды кеңейтүү зарылдыгы келип чыкпайт. Аны менен катар ГКнын 1358-бер. алып салуу талап кылынат, ага ылайык, «бузуучу» катарында окшош арналыштагы буюмдун тышкы көрүнүшү таанылат. ПГИге же графикалык символго тиешелүү өнөр жайлык үлгүнү укуктук кайтаруунун берилүүчү көлөмүн аракеттеги мыйзамдар менен берилген көлөмгө салыштырмалуу көбөйтүү жыйынтыгы болот. Мындай өзгөртүүлөр билдирме ээсинин кызыкчылыктарын максималдуу канааттандырууга багытталган болмоктугу айкын. Бир эле убакта мындай жөнгө салуу үчүнчү жактардын кызыкчылыктарына тийишет. Андан тышкары, өнөр жайлык үлгүнү чет өлкөлөрдө конвенциалдык приоритет менен патенттөөдө проблемалар болушу мүмкүн.

Жасалган сунуштар бардыгын камтыган болуп саналбайт. ПГИни жана графикалык символдорду патенттөөнү жөнгө салуу максатында өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө россиялык мыйзамдарды жаңыртуунун башка (аралык) да варианттары болушу мүмкүн.

Россиялык мыйзамдарды өнүктүрүүнүн мүмкүн болуучу багыттарын толук өлчөмдө евразиялык мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө эске алууга болот[27], себеби «өнөр жайлык үлгү», «буюм», «буюмдун бөлүгү» түшүнүктөрүн ачуучу базалык ченемдер россиялык жана евразиялык мыйзамдарда дал келет.

Жаңылоо жолун тандап алууга карата чечимди издөөдө бири-бирин алмаштырган же анимацияланган сүрөттөрдү укуктук кайтарууну да кароо максатка ылайыктуу.

Ушул макаланын авторлору өнөр жайлык үлгүлөр тармагындагы адистерди өнөр жайлык үлгүлөр жөнүндө россиялык жана евразиялык мыйзамдарды ПГИни жана графикалык дизайнды патенттөөгө тиешелүү бөлүгүндө өнүктүрүү жолдору маселелерин талкуулоого чакырат.

[27] П. 78 Патентной инструкции к Евразийской патентной конвенции,утвержденной Административным советом Евразийской патентнойорганизации на 37-м (десятом внеочередном) заседании 12 апреля2021 г. с изменениями и дополнениями, утвержденными на 41-м (29-м очередном) заседании 20–21 сентября 2022 г.; п. 4 Правилсоставления и подачи заявки на выдачу евразийского патента на промышленный образец, утвержденные приказом Евразийского патентного ведомства от 27 мая 2021 г. № 24, с изменениями и дополнениями, внесенными приказом Евразийского патентного ведомства от 26 октября 2022 г. № 58.

## Адабияттардын тизмеси

1. Корпан, Л. М. Дизайн человеко-компьютерных систем как новая профессиональная область деятельности / Л. М. Корпан, А. А. Балканский, А. О. Карпушина, А. В. Лавров, А. А. Смолин, Л. П. Со проненко // Век информации. – 2018. – Т. 1. – No 2. – С. 175–176.
2. Филл, Ш. История дизайна / Шарлотта и Питер Филл; пер. с англ. С. Бавина. – М.: КоЛибри, Азбука-Аттикус, 2022. – 512 с. – ISBN: 978–5–389–17431–3.

## Авторлор жөнүндө маалымат

**Григорий Петрович Ивлиев,** юридикалык илимдердин кандидаты, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемесинин илимий жетекчиси (Москва, Бережковская наб., 30, к. 1), Евразиялык патенттик ведомствонун президенти, ivliev@eapo.org.

**Ольга Ленаровна Алексеева,** юридикалык илимдердин кандидаты, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемесинин Сапатка байкоо жүргүзүү борборунун башчысы (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат), OAlekseeva@ rupto.ru.

## Information about the authors

**Grigory P. Ivliev,** Cand. Sci. (Law), Research Advisor of the Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); President of the Eurasian Patent Office, ivliev@eapo.org.

**Olga L. Alekseeva,** Cand. Sci. (Law), Head of the Quality Monitoring Center of the Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); OAlekseeva@ rupto.ru.

Авторлор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет.
The authors declare no conflict of interest.

2024-ж.06.05 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.16.05 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыккан (Revised)
2024-ж.16.05 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

Илимий макала Original article

УДК 338.2; 347.77

# Кайтарым инжиниринде укук ээсинин өзгөчө укугун бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин баалоо

**Ольга Валентиновна Видякина**
Москванын Н. Э. Бауман атындагы мамлекеттик техникалык университети
ippolicy@mail.ru

**Аннотация:** азыркы учурда глобалдуу күн тартиби контекстинде кайтарым инжиниринң өндүрүшчүлөр же жабдууну берүүчүлөр техникалык колдоодон баш тарткан учурда колдо болгон өндүрүштүк базаны колдоо үчүн пайдаланат. Изилдөөнүн максаты – мыйзамдуу кайтарым инжиниринң процесстерин изилдөөдө жана изилдөө объектисинин укук ээсинин өзгөчө укугун мүмкүн болуучу бузуу тобокелдиктерин аныктоо. Кайтарым инжиниринң процесстерине патенттик-укуктук коштоону кошуу сунушталды. Изилдөөнүн жаңылыгы – патенттик-укуктук коштоо менен кайтарым инжиниринң субъектилеринин компетенцияларынын матрицасын иштеп чыгууда. Укук ээсинин өзгөчө укугунун бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктери каралды, алар кайтарым инжиниринң процессин патенттик-укуктук коштоодо аныкталышы мүмкүн. Кайтарым инжиниринң процессине иштин нөлдүк этабынан, мыйзамдуу кайтарым инжиниринңдин натыйжасында жаңы техникалык чечимди түзүүнү кошо алганда, патенттик-укуктук иштин комплексин киргизүү зарылдыгы негизделди. Андан аркы изилдөөлөрдүн багыттарынын бири – Россиядагы кайтарым инжиниринңдин алкагында түзүлгөн интеллектуалдык менчиктин объектилерине өзгөчө укуктарды бузуу маселелери боюнча Россиядагы укук колдонуу практикасын изилдөө.

**Олуттуу сөздөр:** кайтарым инжиниринң, реверс-инженер, инженер-патент тануучу, кайтарым инжиниринң процессин патенттик-укуктук коштоо, укук ээсинин патенттик укуктарын бузуу тобокелдиктери
**Цитаталоо үчүн:** Видякина О. В. Оценка возможных рисков нарушения исключительного права правообладателя при обратном инжиниринге // Вестник ФИПС. – 2024. – Т. 3, № 2 (8). С. 132 –141.

# Assessment of possible risks of infringement of exclusive rights in reverse engineering

**Olga V. Vidyakina,**
Moscow State Technical University named after N. E. Bauman
ippolicy@mail.ru

**Abstract:** presently, in the context of the global agenda, reverse engineering is used to maintain the existing production base in cases where manufacturers or equipment suppliers refuse to provide technical support. The aim of our research is to study the processes of legitimate reverse engineering and to identify possible risks of infringement of exclusive rights to the object of reverse engineering. It is proposed to include patent and legal support in the processes of reverse engineering. The novelty of the research lies in the development of the competence matrix for individuals and/or legal entities engaging in reverse engineering, including patent and legal support. Possible risks of infringement of the exclusive rights, which can be revealed in the course of patent and legal support of reverse engineering process, are considered. The necessity of introducing a set of patent and legal activities in the reverse engineering process, starting from the zero stage of work and throughout all stages, including the creation of a new technical solution as a result of legitimate reverse engineering, has been substantiated. One of the directions of further research is the study of law enforcement

© Видякина О.В., 2024

practice in Russia on the issues of infringement of exclusive rights to intellectual property objects created within reverse engineering.
**Keywords;** reverse engineering, reverse engineer, patent engineer, patent and legal support of the reverse engineering process, risks of infringement of patent rights of the copyright holder.
**For citation:** Olga V. Vidyakina, Assessment of possible risks of infringement of the exclusive right of the copyright holder in reverse engineering//Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 132–141.

## Киришүү

Бүгүн, санкциялар шартында, импортту алмаштыруу маселелери курч мүнөзгө ээ болду, а реинженеринг жабдууну өндүрүүчүлөр же берүүчүлөр техникалык колдоо көрсөтүүдөн баш тарткан учурда колдо болгон өндүрүштүк базаны колдоо үчүн пайдаланылууда. Мына ошентип, ал берүүчүн издөөгө же алмаштырууга альтернатива, конструктордук документацияны калыбына келтирүү жана талап кылынуучу кошумча тетиктерди өздүк өндүрүүнү жолго коюу ыкмасы болуп калууда[1].

Ушуга байланыштуу практикада эң маанилүү маселелердин бири кайтарым инжиниринде укук ээсинин өзгөчө укугун бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин баалоо болуп калууда. Ушул макаланын автору кайтарым инжиниринг процессине патенттик-укуктук коштоону киргизүү зарыл, ал артка кайтарым инжиниринг объектисине укук ээсинин өзгө укуктарынын мүмкүн болуучу бузулушу тобокелдиктерин баалоо жана эскертүүгө мүмкүндүк берет деп тастыктайт.

## Терминдер жана аныктамалар

Бул макаланын алкагына кайтарым инжиниринңдин объектиси катарында илимий-техникалык чөйрөдө реконструкциялоо жана жаңы өнүмдү түзүү максаттары үчүн изилдөө объектиси түшүнүлөт[2].

Инжиниринг (англ. engineering – ойлоп табуучулук, билим) анын мазмуну продукцияны, системаларды- жана/же процесстерди түзүү менен байланышкан инженердик маселелерди чечүү болуп саналат[3].

Кайтарым инжиниринг (реинжиниринг, англисче reverseengenieering)[4] белгилүү өнүмдүн иши, касиеттери жана башка параметрлери да, аны түздөн-түз өндүрүү (реконструкциясы) да жөнүндө маалымат алуу үчүн изилдөөнү жана талдоону билдирет[1].

## Изидөөнүн материалдары жана ыкмалары

ВМатериалдар катарында кайтарым инжиниринг жана патенттик изилдөөлөрду жүргүзүү менен байланышкан маселелерди жөнгө салуучу жана чагылдыруучу мыйзамдык документтер, ченемдик-укуктук актылар, мамлекеттик стандарттар, илимий жарыялоолор изилденди. Изилдөөнүн ыкмалары катарында талдоо, системалаштыруу, жалпылоо, структуралаштыруу ж.б. ыкмалар пайдаланылды.

## Кайтарым инжиниринг процесси

Кайтарым инжиниринг схемасы өзүнө төмөнкү этаптарды аткаруу менен баштапкы техниканын объектисин (өнүмдү[5], түзүлүштү[6])изилдөөнү камтый алат:

- 3D-сканерлөө жана изилдөө объектисинин чекиттеринин скан-булутун түзүү[7];
- техниканын баштапкы объектисинин формасын 3D-сканерлөөнүн маалыматтарын иштеп чыгуу жана санариптик 3D-моделин түзүү;
- 3D-моделин техниканын баштапкы объектисинин так өлчөмдөрүнө ээ кайра түзүү.

Кайтарым инжиниринг объектисин изилдөө процесстери ирилештирүү менен 1-таблицада берилген

**1-таблица**
**Изилдөө объектине тийиштүү кайтарым инжиниринг процесстери**

| Ирет № | Иш этаптарынын аталышы | Иштин натыйжалары |
|---|---|---|
| 1 | Изилдөө объектин 3D-сканерлөө | Чекиттердин скан-булуту |
| 2 | 3D-сканерлөө маалыматтарын иштеп чыгуу | Санариптик 3D-модел |
| 3 | 3D-моделди чиймеге айлантуу | Конструктордук документация (КД) |

Автор тарабынан түзүлгөн

Кайтарым инжиниринңдин этаптары маңызында өнүмдүн «демонтажын», конструктордук документацияны иштеп чыгууну жана өнүмдүн андан кийинки реконструкциялоосун билдирет. Техниканын баштапкы

[1] Реинжиниринг (обратный инжиниринг) // Роспатент: сайт. – URL: https://rospatent.gov.ru/ru/news/telegra-20220809 (дата обращения: 08.03.2024).
[2] В статье используются синонимичные объекту обратного инжиниринга понятия: продукт, техническое решение, исходный объект техники, объект исследования и т. д.
[3] ГОСТ Р 57306–2016. Национальный стандарт Российской Федерации. Инжиниринг. Терминология и основные понятия в области инжиниринга.
[4] В рамках настоящей статьи используется словосочетание «обратный инжиниринг».
[5] П. 1 ст. 1350 Гражданского кодекса Российской Федерации. Федеральный закон «О введении в действие части четвертой Гражданского кодекса Российской Федерации» от 18 декабря 2006 г. № 231-ФЗ (принят Государственной Думой 24 ноября 2006 г. Одобрен Советом Федерации 8 декабря 2006 г. Опубликован: Российская газета, № 289, 22 декабря 2006 г. Вступил в силу с 1 января 2008 г. (с изменениями на 10 февраля 2024 года).
[6] Там же. Часть 4.
[7] Облако точек – это совокупность точек пространственных данных, каждая отдельная точка которых представляет собой крошечное пятнышко на поверхности сканируемого объекта

Чыныгы кесипкөйлөрдүн көпчүлүгү үчүн учурда болгон өнүмдөрдүн көчүрмөсүн жасоо кызыктуу эмес. Алар артка карай иштеп чыгуудан кандайдыр бир жаңычыл нерсени түзүү үчүн колдонууга мүмкүн болгон бир маанилүүрөөк жана баалуу нерсени издешет.

объектисин изилдөөдөн кийин тажрыйбалык үлгүнү даярдоо менен сыноо жана зарыл болгон учурда буюмдун конструктордук документациясын оңдоп-түздөө ишке ашырылат.

Иштин бул түрлөрү алардын максаты, мисалы, төмөнкүлөр мүмкүн болгон илимий-изилдөөчүлүк, тажрыйбалык-конструктордук жана технологиялык иштердин алкагында жүргүзө алат:

- изилдөөнүн объектисин (өнүмүн) жана анын иштөө принцибин иликтөө;
- өнүмдү модификациялоо же оңдоо;
- атаандаштыкка жөндөмдүү өнүмдү түзүү;
- өнүм менен шайкеш келүүчүлүк мүмкүндүгүн баалоо ж.б.

Россия Федерациясынын Жарандык кодексинин (мындан ары РФ ЖК) 1358-бер. 3-п. ылайык:

- эгерде өнүмдө болсо, а ыкмада формуласынын патентинде камтылган көз карандысыз пунктта келтирилген ойлоп табуунун ар бир белгиси, же ага эквиваленттүү белги жана ойлоп табуунун приоритетинин датасына чейин бул тармакта ушундай катары белгилүү болуп калган белги пайдаланылса, ойлоп табуу өнүмдө же ыкмада пайдаланылган болуп таанылат;
- эгерде өнүм пайдалуу моделдин формуласынын патентинде камтылган көз карандысыз пунктта келтирилген пайдалуу моделдин ар бир белгисин камтыса, пайдалуу модель өнүмдө пайдаланылган болуп таанылат;
- эгрде буюм өнөр жайлык үлгүнүн бардык олуттуу белгилерин же маалымдар керектөөчүгө патенттелген өнөр жайлык үлгү тийгизгендей таасир тийгизген бардык олуттуу белгилерди камтыса, буюм окшош багытка ээ болгон шартта өнөр жайлык үлгү буюмда пайдаланылган болуп таанылат.

«Чыныгы кесипкөйлөрдүн көпчүлүгү үчүн учурда болгон өнүмдөрдү көчүрүү кызыктуу эместигин адилет белгилеп кетүү керек. Алар артка карай иштеп чыгуудан кандайдыр бир новатордук нерсени түзүү үчүн колдонууга мүмкүн болгон бир маанилүүрөөк жана баалуу нерсени издешет. Башкача айтканда реверстик инженеринг – бул өзү көзгө көрүнгөн нерсени гана көрбөстөн, кайсы бир буюмдун тереңине сүңгүп жана ал кандай түзүлгөнүн жана дагы маанилүүрөгү, аны кандайча кайра түзүүгө болоорун түшүнүүгө жетишүү менен андан жашыруун структураны тапканыңызда» [2]. Кеп кайтарым инжиниринг жөнүндө жүрүүдө, ал мыйзамдуу негизде ишке ашырылат (мындан ары – мыйзамдуу кайтарым инжиниринг).

Мына ошентип, мыйзамдуу мыйзамдуу кайтарым инжиниринде аларга өзгөчө укук үчүнчү жактарга тиешелүү болгон өнүмдү максатка ылайык түзүү жана пайдалануу каралбайт. Кайтарым инжиниринг процесси менен алектенген адистер (мындан ары – реверсинженерлер), башкача айтканда, «реинжинирлегендер» кайтарым инжинирингдин натыйжасында түзүлүүчү өнүмгө «реплика» (алсак, адатта 1:1 масштабында, объектинин көчүрмөсү же кайра жасалганы) түшүнүгүн пайдаланышат.

Мыйзамдуу кайтарым инжиниринг техниканын баштапкы объектинен олуттуу айырмаланган же олуттуу жакшыртылган болуп саналган жана үчүнчү жактарга таандык патенттин аракетине жатпаган жаңы өнүм түзүлгөн шартта «ачылган» өнүмгө мыйзамдуу түрдө өзгөчө укукту алууну түшүндүрөт. Кайтарым инжинирингдин «ачылган» өнүмү деп изилдөө объектисинин өз продукциясын иштеп чыгууда пайдалуу боло алган чет элдик буюмдардын курамы жөнүндө илимий-техникалык маалыматты алуу үчүн 3D-сканерлөөнүн натыйжасында изилдөөдө конструкциянын курамдарын декомпозиция түшүнүлөт.

Өнүмдү изилдөөдө жана талдоодо кайтарым инжинирингдин алкагында автордук укуктун, патенттик укуктун (илимий-техникалык чөйрөдө жана дизайн чөйрөсүндө), өндүрүштүн сырларында (ноу-хау) объектилери катарында жана микросхемалардын интегралдык топологияларында укуктук кайтаруу берилиши мүмкүн болгон маалыматтарды алууга мүмкүн.

Изилдөөнүн объектисинде кайтарым инжинирингдин алкагында алынган маалыматтарды укуктук коргоонун олуттуу режимдеринин тизмеси 2-таблицада келтирилген. Аларга патенттик укуктун объектилери жана өндүрүштүн сырлары (ноу-хау) кирет. Аракеттеги россиялык мыйзамдар маалыматтын жалпысынан КДда камтылган

**2-таблица**
**Кайтарым инжиниринг алкагында алынган маалыматтар менен кабарларды укуктук жактан коргоонун чечүүчү режимдери**

| Ирет № | Укуктук коргоо режимдери | Коргоо предмети |
|---|---|---|
| 1 | Ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер | Бүтүндөй өнүм жана анын бөлүктөрү, жүзөгө ашыруу варианттары, түзүлүштүн иштөө технологиясы |
| 2 | Өнөр жай үлгүлөрү | Буюмдун бүт сырткы көрүнүшүнүн варианттары жана анын тетиктеринин сырткы көрүнүш чечимдери |
| 3 | Өндүрүш сырлары (ноу-хау) | Материалдын, заттын курамы, аны жасоо технологиясы, процесстин технологиялык шарттары ж.б. |

*Автор тарабынан түзүлгөн*

**3-таблица**
**Изилдөө объектинин кайтарым инжиниринигинин патенттик-укуктук коштоосунун этаптары**

| Этаптын № | Виды работ | Документ | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| 0-этап | Техниканын деңгээлине карата патенттик изилдөөлөрдү (мындан ары – ПИ)өткөрүү жана кайтарым инжиниринң объекттерин ачып көрсөтүү* | ПИ жөнүндө отчёт | Технологиялардын реестри. Изилдөө объектин өндүрүүчүлөрүнүн тизмеси |
| 1-этап | Изилдөө объектин үйрөнүү | Чекиттердин скан-булуту; санариптик 3D-модел; чиймелер | КД |
| 2-этап | Патентке жарактуулукка ПИ өткөрүү жана изилденген объектке карата укук ээсинин өзгө укугунун бузулушунун тобокелдигин баалоо | Эксперттик корутунду | Жасалып жаткан өнүмдү укуктук жактан коргоо стратегиясын иштеп чыгаруу боюнча иштиктүү кеп-кеңештер |
| 3-этап | Өнүмдү реконструкциялоо. Өнүмгө карата жыйынтыктоочу КД, техникалык документацияны (мындан ары – ТД), ал эми керектүү учурларда – программалык документацияны да (мындан ары – ПД) иштеп чыгаруу | Объекттин катуу нерсе түрүндөгү модели | Жаңы өнүмдүн тажрыйбалык үлгүсү. Жаңы өнүмгө таандык КД, ТД, ПД |
| 4-этап | Патенттик «тазалыкка» карата ПИ өткөрүү жана ИИН боюнча укуктарды каттоо | ИИН билдирмесинин материалдарынын комплекти | ИИН боюнча коргоо документи/ИИН билдирмесин берүү |
| 5-этап | Өнүмдү иштеп чыгаруу | ГОСТ 7.32–2017** талаптарына ылайык илимий-изилдөө иш жөнүндө отчёт | Белгилери бирдей маанилүү (түрү, иш-милдети ж.б.) болгон жаңы өнүм |

* ГОСТ Р 15.011–2024. Интеллектуальная собственность. Патентные исследования. Содержание и порядок проведения. Дата введения в действие: 01.03.2024. Утвержден и введен приказом Федерального агентства по техническому регулированию и метрологии от 13.02.2024 г. № 208-ст // https://docs.cntd.ru/document/1305016851?marker=64S0IJ
** ГГОСТ 7.32–2017. Межгосударственный стандарт. Система стандартов по информации, библиотечному и издательскому делу. Отчет о научно-исследовательской работе. Структура и правила оформления (введен в действие приказом Росстандарта от 24.10.2017 г. № 1494-ст).

*Автор тарабынан түзүлгөн*

жарандык укуктун объектиси катарында жарандык макамын толук баалуу жөнгө салууну камтыбайт, ал өзү эле кайтарылуучу объект болуп саналбайт. Анда камтылган маалыматтар өндүрүштүн сыры болуп, патентке жөндөмдүү мүнөзгө ээ боло алат, а текст автордук укуктун объектиси катарында сактала алат. Жогорудагыга байланыштуу 2-таблицада чыгармалар кайтарым инжиниринңдин алкагында алынган маалыматтарды укуктук кайтаруунун олуттуу режимдеринин бири катары көрсөтүлбөгөн.

> Реверс-инженерлер тарабынан өндүрүштүн сырынын предметин түзүүчү маалыматты (ноу-хауну), мисалы, илимий-изилдөө иштеринин алкагында тажрыйбалык жол менен аныкталган өздүк ар кандай изилдөөлөр, апробациялар жана эксперименттер аркылуу күтүүсүз алуу учурлары жокко чыгарылбайт.

Өндүрүштүн сырлары (ноу-хау) кайтарым инжиниринңдин алкагында аларды алуу өзгөчө технологиялык тармактарда татаал ишке ашуучу болуп саналгандыктан, ошондой эле чыныгы же потенциалуу коммерциялык баалуулукту түзүүчү маалыматтарга жеткиликтүүлүктүн жоктугунан улам, мыйзамдуу артка карай инжинирингдин алкагында мындай маалыматтарды алуу аз ыктымалдуу болуп саналат.

Иш жүзүндө көп учурда реверс-инженерлер өз көңүлүн патенттик укуктун объектилерине топтошкондуктан, патенттик жана патенттик эмес маалыматты максималдуу пайдалануу жана артка карай инжинирингде изилдөөнүн объектисинин укук ээсинин патенттик укугун бузуусунун мүкүн болуучу тобокелдиктерин аныктоо максаты үчүн артка карай инжинирингди жүргүзүүнү патенттик-укуктук коштоо менен бириктирүү стратегиялык маанилүү.

### Кайтарым инжиниринңди патенттик-укуктук коштоо

Изилдөөнүн объектисинин кайтарым инжиниринңди патенттик-укуктук коштоонун ирилештирилген этаптары 3-таблицада келтирилген.

Кайтарым инжиниринң процессине патенттик-укуктук коштоо этаптарын «жан киргизүү» изилдөө объектисин жана тобокелдиктерди митигациялоо боюнча ойлонулган аракеттерди комплекстүү баалоо үчүн

**4-таблица**
**ИМ чөйрөсүндө кызматтардын жана кесиптердин иш-милдеттик түрлөрү [4]**

| Ирет № | Эмгек иш-милдетинин аталышы | Кызматтардын, кесиптердин ыктымалдуу аталыштары |
|---|---|---|
| 1 | ИИН жана индивидуалдаштыруу каражаттарын түзүү процессин маалыматтык коштоо | Илимий-техникалык маалымат боюнча инженер |
| | | Патенттик жана ойлоп табуучулук иш инженери |
| | | ИМ башкаруу боюнча кенже адис |
| | | ИМ башкаруу боюнча техникалык эксперт |
| 2 | Өнүмдүк стратегияны жана өндүрүшт технологиялык модернизациялоо стратегиясын иштеп чыгаруу | Илимий-техник.маалымат боюнча II категориядагы инженер |
| | | Патенттик, ойлоп табуу иш боюнча II категориядагы инженер |
| | | Патенттик, ойлоп табуу иши боюнча талдоочу |
| | | Патенттик, ойлоп табуучулук иш боюнча эксперт |
| | | ИМ башкаруу боюнча адис |
| | | Жетектөөчү технолог |
| | | Жетектөөчү инженер |
| 3 | Технологиялардын трансфери алкагында инновациялык долбоорлорду талдоо жана баалоо | Илимий-техник.маалымат боюнча I категориядагы инженер |
| | | Патенттик, ойлоп табуу иши боюнча I категориядагы инженер |
| | | ИМ башкаруу боюнча башкы адис |
| | | ИМ башкаруу боюнча башкы эксперт |
| 4 | ИИН жана ИК болгон укуктарды башкаруу | Илимий-техникалык маалымат боюнча башкы инженер |
| | | Патенттик, ойлоп табуучулук иш боюнча башкы инженер |
| | | Патенттик, ойлоп табуучулук иш боюнча түзүмдүн жетекчиси |

*Автор тарабынан түзүлгөн*

стратегиялык маанилүү чечим болуп саналат. Атап айтканда, митигация планын түзүүнүн кошумча этабы болуп чет өлкөлөрдөн жабдуулардын же кызматтарды сатып алууда санкциялык тобокелдиктерди баалоо саналышы мүмкүн. Мисалы, «компания кымбат турган (кээде мурда пайдаланылган) жабдууну Россияда же аны менен дос өлкөлөрдө сатып алышы мүмкүн, бирок кийин комплектөөчүлөрдү сатып ала албайт, бул жада калса өндүрүштүн токтошуна да алып келиши мүмкүн» [3]. Олуттуу юридикалык кесепеттер кайтарым инжинирингe жаткан түп нускалуу буюмдун укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн

> Олуттуу юридикалык кесепеттер кайтарым инжинирингe жаткан түп нускалуу буюмдун укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн.

ИИИнин алкагында «ӨЖМФИ» ФБММ жүргүзгөн «Азыркы этапта интеллектуалдык чөйрөдө кадрларды даярдоо системасында үзгүлтүксүз билим берүүнү өркүндөтүү»[8] изилдөөсүнө ылайык, Россия Федерациясындагы аракеттеги 1173 кесиптик стандарттан 42 стандарт интеллектуалдык менчик (мындан ары – ИМ) тармагындагы компетенцияларды камтыйт. ИМ тармагындагы кесиптик компетенцияларда колдонуу үчүн максатка ылайыктуу типтүү компетенцияларды аныктоо үчүн ар бир эмгектик функция боюнча аракеттердин жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон көндүмдөрдүн топтому талданган. Кесиптик стандарттар системасын декомпозициялоонун жүрүшүндө ИМ тармагындагы төмөнкү типтүү компетенциялар аныкталган:

1. Патенттик издөө жүргүзүү.
2. Патенттик изилдөөлөрдү аткаруу.
3. Патенттик тазалыкка изилдөөлөрдү жүргүзүү.
4. ИМ объектилерин каттоого билдирмелерди даярдоо жана тариздөө.

«ИМди башкаруу жана технологиялардын трансфери боюнча адис» кесиптик стандартына кирген эмгек

[8] НИР «Совершенствование непрерывного образования в системе подготовки кадров в сфере ИС на современном этапе». Шифр темы: 1-ОД-2020. Сроки проведения НИР. 23.03.2020–30.06.2021. Научный руководитель НИР – директор ФИПС Неретин О. П. // https://www1.fips.ru/about/deyatelnost/nauchnaya-deyatelnost/1-od-2020.pdf (дата обращения: 02.05.2024).

функцияларын сүрөттөөгө ылайык[9] жалпыланган эмгектик функциялардын төрт тобу камтылган (таблица 4), аларда ИМ чөйрөсүндөгү кызматтарды жана кесиптерди бөлүүгө болот. Алардын жарымы – инженердик кызматтар, себеби инженерлер, адатта, колдонмо изилдөөлөрдү, пландаштырууну, долбоорлоону, конструкциялоону, даярдоо технологиясын иштеп чыгууну, техникалык документацияны даярдоону, өндүрүштү, жөнгө салууну, сыноону, эксплуатациялоону, техникалык тейлөөнү, ремонтту, түзүлүштөрдү утилдештирүүнү жана сапатты башкарууну кошо талганда, инженердик иштин предмети болгон техникалык түзүлүштөрдүн турмуштук циклинини бардык процесстерине тартылган.

### Патенттик-укуктук коштоого өзүнө жок дегенде төмөнкү иштердин түрлөрү камтылат:

- патенттик жөндөмдүүлүк ПИ жүргүзүүнү (патенттик жөндөмдүүлүккө ПИ жана/же патенттик тазалыкка ПИ);
- укук ээсинин изилденүүчү объектиге өзгөчө укугунун бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин баалоо;
- ИИНге укукту каттоо ж.б.

[9] Приказ Министерства труда и социальной защиты РФ от 7 сентября 2020 г. № 577н «Об утверждении профессионального стандарта «Специалист по управлению интеллектуальной собственностью и трансферу технологий». [Электронный ресурс] URL: https://www.garant.ru/products/ipo/prime/doc/74629782/ (дата обращения: 02.05.2024).

Патенттик-укуктук коштоону интеллектуалдык укуктар боюнча адистерге ишенүү максатка ылайыктуу, себеби иштин бул түрү үчүн ПИни жана ИИНге (патенттик укуктун объектилери) укукту каттоо боюнча жүргүзүү боюнча билимдер жана тажрыйба талап кылынат. Иштердин жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрү үчүн негизинен техникалык билими бар, «инженер-патент таануучу» квалификациясына ээ адистер керек.

Инженердик билими жана патентке билдирме берүү боюнча иш тажрыйбасы жок ИМ тармагындагы башка багыттын адистери (юристтер, экономисттер, менеджерлер, маркетологдор ж.б.) рыноктун анализи, чет өлкөлөрдүн мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө, рыноктун конъюнктурасынын анализи ж.б. талап

Патенттик-укуктук коштоону интеллектуалдык укуктар боюнча адистерге ишенүү максатка ылайыктуу, себеби иштин бул түрү үчүн ПИни жана ИИНге (патенттик укуктун объектилери) укукту каттоо боюнча жүргүзүү боюнча билимдер жана тажрыйба талап кылынат

**5-таблица**

**Патенттик-укуктук коштоо менен кайтарым инжиниринң субъектилеринин компетенттик модели**

| Иштердин түрлөрү | Компетенциялар (билимдер менен көндүмдөрдүн бириимдиги) | Иштердин түрлөрү | Компетенциялар |
|---|---|---|---|
| Реверс-инженердин (-лердин) | | Иштердин түрлөрү Инженер-патент таануучунун (-лардын) | |
| _0-этап. Техника деңгээлине жана кайтарым инжиниринңдин объекттерин ачып көрсөтүүгө карата ПИ өткөрүү | | | |
| Издөө предметин калыптандыруу, анын ичинде төмөнкүлөрдү түзүү:<br>• ПИ өткөрүүгө тапшырма;<br>• издөөнүн регламенти<br>Кайтарым инжиниринң объекттерин ачып көрсөтүү | Инженердик-техникалык | ПИ өткөрүү (техника объекти караштуу болгон чөйрөдөгү техниканын дүйнөлүк деңгээлин талдоо, жана анын өнүгүшүнүн тенденцияларын ачып көрсөтүү. Эң эле мүнөздүү жана эң жакын техникалык чечимдерди, чечилип жаткан техникалык маселелерди жана керектүү техникалык натыйжаларды ачып көрсөтүү. Кызыктырып жаткан аймакта каралып жаткан чөйрөдө ээн-эркин иш-араке жүргүзүүгө тоскоолдук кыла турган кеңири укуктук коргоого ээ болгон патенттердин бар-жоктугун текшерүү).<br>ПИ тууралуу отчёт даярдоо | ИИНи (патенттик укук объекттерин) укуктук жактан коргоо чөйрөсүндө Россиянын жана чет мамлекеттердин мыйзамдарын билүү.<br>ПИ өткөрүү, патенттик документтерди ж.б. талдоо боюнча билимге жана көндүмдөргө ээ болуу |
| 1-этап. Изилдөө объектин үйрөнүү | | | |
| Изилдөө объектин 3D-сканерлөө.<br>3D-сканерлөө маалыматтарын иштеп чыгуу.<br>3D моделин чиймеге айлантуу.<br>КД иштеп чыгаруу | Инженердик-техникалык.<br>Ренжиниринң жаатында билимге жана тажрыйбага ээ болуу, реинжиниринң жана 3D-сканерлөөдө, 3D-моделин чиймеге айланткан программалар менен иштөө тажрыйбасына ээ болуу | – | – |

| Иштердин түрлөрү | Компетенциялар (билимдер менен көндүмдөрдүн биримдиги) | Иштердин түрлөрү | Компетенциялар |
|---|---|---|---|
| **Реверс-инженердин (-лердин)** | | **Иштердин түрлөрү Инженер-патент таануучунун (-лардын)** | |
| **2-этап. Патентке жөндөмдүүлүк жагынан ПИ өткөрүү жана укук ээсинин изилденип жаткан объектке болгон өзгө укугунун бузулушунун ыктымалдуу тобокелдиктерин баалоо** | | | |
| Издөө предметин калыптандыруу, анын ичинде төмөнкүлөрдү түзүү:<br>• ПИ өткөрүүгө тапшырма берүү;<br>• Издөө регламенти | Инженердик-техникалык | ПИ өткөрүү (конструкциянын бүт бойдон жана/же бөлүктөрүнүн белгилүү экендигине карата ПИ жүргүзүү.<br>Изилдөө объектинин курамында патент алууга жөндөмдүү катары тааныла турган техникалык чечимдердин бар-жоктугун аныктоо. Укук коргоонун артыкчылыктуу стратегиясын тандоо жана негиздөө).<br>ПИ тууралуу отчёт даярдоо.<br>Укук ээсинин изилденип жаткан объектке болгон өзгө укугунун бузулушунун ыктымалдуу тобокелдиктерин укуктук өңүттөн баало | ИИНи (патенттик укук объекттерин) укуктук жактан коргоо чөйрөсүндө Россиянын жана чет мамлекеттер-дин мыйзамдарын билүү.<br>ПИ өткөрүү, патент-тик документтерди ж.б. талдоо боюнча билимге жана көн-дүмдөргө ээ болуу |
| **3-этап. Өнүмдү реконструкциялоо** | | | |
| Объекттин катуу нерсе катары моделин калыптандыруу.<br>Өнүмгө карата КД, ТД жана ПД биротоло иштеп чыгаруу | Инженердик-техникалык.<br>Үч өлчөмдүү нерселердин математикалык жана компьютердик моделдөөнүн принциптерин билүү. Катуу нерсе болгон моделдерди түзүү же туюнтуу үчүн пайдаланыла турган ыкмалар менен иштей билүү жана андай көндүмдөргө ээ болуу | – | – |
| **4-этап. Патенттик «тазалыкка» карата ПИ өткөрүү жана ИИНатыйжаларына болгон укуктарды каттоо** | | | |
| Издөө предметин калыптандыруу, алардын ичинде төмөнкүөлөрд түзүү:<br>• ПИ өткөрүүгө тапшырма берүү,<br>• издөө регламенти.<br>Жаңы өнүмдүн конструкциялык элементтерин морфологиялык талдоо жана түзүлүштүн конструкциялык схемаларынын варианттарынын матрицасын калыптандыруу.<br>Түзүлүштү функционалдык-физикалык жактан талдоо (физикалык жана динамикалык белгилери боюнча объекттин тетиктерин декомпозициялоо) | Инженердик-техникалык | ПИөткөрүү (кызыктырып жаткан аймактагы патенттик мекемелердин МБ боюнча конструкциянын бүт бойдон же анын курамына кирген бөлүктөрү жана башка техникалык чечимдеринин кандай даражада белгилүү экендигине патенттик издөө жүргүзүү. Иштеп чыгарылган техникалык объекттин патенттик «тазалыгына» карата талдоо жүргүзүү).<br>ПИ жөнүндө отчёт даярдоо.<br>ИИНатыйжаларына карата билдирме материалдардын комплектин даярдоо. ИИН боюнча билдирмени берүү, патентке билдирме берүүнүн иш кагаздарын алып баруу | ИИНи (патенттик укук объекттерин) укуктук жактан коргоо чөйрөсүндө Россиянын жана чет мамлекеттердин мыйзамдарын билүү.<br>ПИ өткөрүү, патенттик документтерди ж.б. талдоо боюнча билимге жана көндүмдөргө ээ болуу |
| **5-этап. Өнүмдү өндүрүү** | | | |
| Өнүмдүн тажрыйбалык үлгүлөрүн жасоо жана сыноо. Андай үлгүнүн техникалык тапшырманын талаптарына жооп бергендигин текшерүү жана анын натыйжаларын кабыл алуу үчүн тийиштүү комиссияга көрсөтүү максатында кабыл алуу сыноолорун өткөрүү | 5-этап. Өнүмдү өндүрүү | – | – |

* Автор тарабынан түзүлгөн

кылынганда түзүлүп жаткан продуктынын укуктук кайтаруу стратегиясын иштеп чыгууга катыша алышат.

Реверс-инженерлердин жана ИМ боюнча адистердин өнөктөштүгү адистердин ар бирине өз иши менен алектенүүгө жана бир эле убакта авторлордун укуктарын жана укукка ээлердин укугун урматташкан жана бир эле убакта инновациялардын өнүгүүсүнө өбөлгө түзүшкөн артка карай инжинирингдин субъектилеринин макулдашууларын жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди сапаттуу иштеп чыгууга жардам берет.

Мында интеллектуалдык укук тармагындагы реверс-инженерлердин компетенцияларын максатка ылайыктуу өнүгүүнү ойлонуу керек, себеби, артка карай инжиниринг процессин патентттик-укуктук коштоо реверс-инженерлердин, иштеп чыгуучулардын жана ИМ боюнча адистердин ачык өнөктөштүгүндө гана натыйжалуу жүзөгө ашырыла алат.

### Патенттик-укуктук коштоо менен кайтарым инжиниринң субъектилеринин компетенттик модели

Патенттик-укуктук коштоо менен кайтарым инжиниринң субъектилеринин компетенцияларынын матрицасы 5-таблицада берилген, анда ИИни жүргүзүү менен байланышкан этаптар (0-, 2- жана 4- этаптар) реверс-инженер(лер)дин жана инженер(лер)-патент таанучу (-лардын) баалуулук-компетенттүүлүк синергиясында жүзөгө ашырылат[10], ал кайтарым инжиниринңдин ар кайсы компетенцияларын жакындаштырууда, алардын мазмундук бөлүнүүсүн жана/же обочолонуусун жеңүүдө, кайтарым инжиниринң процессинде катышуучу реверс-инженер(лер)дин жана инженер(лер)-патентовед(дер)дин билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн бүтүндөй колдонууга багытталгандыгында турат

> Кайтарым инжиниринңди укуктук коштоо маселелерин кароодо ишканалардын иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыздоо жана Россия Федерациясынын технологиялык көз карандысыздыгын жана өнүгүүсүн камсыз кылуу маселелерин да көңүлгө алуу керек.

Инженер ИИ тармагында компетенцияларды алала турганын да эске алуу керек (ал инженер ИИ тармагында кошумча кесиптик билимге ээ болгон тажрыйба көп байкалууда), а юристтер, экономисттер, менежерлер, маркетологдор ж.б. кыска мөөнөттүү перспективада инженерлердин көндүмдөрүн ала албайт. Мына ошондуктан компетенциялардын матрицасында бул адистер өз ара алмашылуучу болуп саналышпайт, а алардын билимдерин жана көндүмдөрүн колдонмо маанисинде жана колдонуу бөлүгүндө бири-бирин толуктоочу катарында каралууга тийиш.

Артка карай инжинирингди укуктук коштоо маселелерин кароодо ишканалардын иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыздоо жана Россия Федерациясынын технологиялык көз карандысыздыгын жана өнүгүүсүн камсыз кылуу маселелерин да көңүлгө алуу керек.

[10] Предложено автором.

ИИни коргоо тармагында кабыл алынган эл аралык жана россиялык эрежелерди формалдуу кармануу иштеп нун жана өндүрүштүн өтө маанилүү процесстеринин блоктолушуна алып келиши мүмкүн.

### Кайтарым инжиниринң процессин патенттик-укуктук коштоодо аныкталышы мүмкүн болгон укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун мүмкүн болуучу тобокелдиктери

#### 0-этап.
#### ИИни техниканын деңгээлине жана кайтарым инжиниринңдин объектилерин аныктоо деңгээлинде жүргүзүү

Изилденүүчү объектиге укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин баалоо техниканын деңгээлинин анализинен жана кайтарым инжиниринңдин объектин аныктоодон башталат. Азыркы этапта ага өзгөчө укук кайтарым инжиниринң объектисине өзгөчө укуктун аракет мөөнөтүн жана анын аракетинин статусун текшерүүнү негизинде үчүнчү жактарга «болгону болгондой» (1:1) форматында таандык болгон объектиге карата укукка ылайыктуу артка карай инжинирингдин мүмкүндүгү бааланууда.

Артка карай инжинирингдин объектиси аныкталган учурда патентке өзгөчө укуктун аракет мөөнөтүн текшерүү ишке ашырылат. Эгерде өзгөчө укуктун аракет мөөнөтү өтүп кетсе жана өзгөчө укуктун аракети токтотулса (объект РФнын ЖКсынын 1364-бер. 1-п. негизинде коомдук мүмлккө өтөт), техникалык чечим артка карай инжинирингге эркин пайдаланыла алат.

Патент өз аракетин мөөнөтүнөн мурда токтоткону аныкталган учурда, ал этапта кийин пайдалануу (РФнын ГКсынын 1400-бер. негизинде) укугунан пайдалануу жана ойлоп табууну, пайдалуу моделди же өнөр жайлык үлгүнү мындай пайдалануунун көлөмү кеңейтилбестен андан ары акысыз пайдаланууну ишке ашыруу бааланат.

#### 2-этап.
#### ИИни патентке жөндөмдүүлүккө карата жүргүзүү жана изилденүүчү объектиге укук ээсинин өзгөчө укугун бузуу тобокелдигинин мүмкүндүгүн баалоо

ИИни жалпысынан конструкциянын жана/же анын бөлүктөрүнүн белгилүүлүгүнө жүргүзүүдө продуктынын мыйзамдардын талаптарын сактабоо фактысы боюнча өнүмдүн укуктук кайтарууну албай калуу тобокелдиктерин болтурбоо үчүн буюмдун патентке жөндөмдүүлүк шарттарына ылайыктуулугун баалоо (РФнын ГКсынын 1350-бер. негизинде) ишке ашырылат.

Жаңычылыктын шарты ойлоп табууларды кайтаруу жөнүндө биринчи ченемдик актыны кабыл алуу мезгилинен бери аныктоочу болуп келет жана азырга чейин өзүнүн чечүүчү маанисин сактап калууда. Жаңычылыктын критерийи катарында ойлоп табуунун датасына карата жетишилген техниканын деңгээлинен ойлоп табуунун белгисиздиги болот. Мыйзам чыгаруучу тарабынан ойлоп

табууну патенттөөгө ал жөнүндө маалыматты мындай ойлоп табууга билдирме берүү датасына чейинки алты айдан ашпаган убакытта ачуу патенттөөгө тоскоолдук кылбай турганы жөнүндө эреже белгиленген[5].

Жаңычылдык боюнча жеңилдиктерге карата («автордук жеңилдиктер») тобокелдиктердин бардыгын баалоо зарыл, анда жаңычылдыкты текшерүүдө техниканын деңгээлине автор, билдирме ээси алардан бул маалыматты түз же кыйыр алган ар кандай жакка карата, эгерде бул ойлоп табуу Роспатентке маалыматты ачуу датасынан алты айдан кем эмес берилсе, ойлоп табууга тиешелүү жалпы жеткиликтүү маалыматты камтыган булактар кошулбайт.

Мындай учурда жаңычылдык боюнча «автордук жеңилдик» мезгили бир жагынан, автор, ээси үчүн айрым артыкчылыктарды – ачылган маалыматтын негизинде техникалык чечимдин жаңычылдыгын «ашкерелөө» коркунучусуз патентке берүү мүмкүндүгүн, а экинчи жагынан белгилүү бир тобокелдиктерди берет, себеби ал убакта (маалыматты ачыктоо датасынан алты айдан кеч эмес) башка жак продукт жөнүндө автор же билдирме ээси тарабынан ачыкталган маалыматты жеткире иштеп чыгуу жана жаңы чечимди түзүү жана өзүнүн атынан каттоого патентке билдирме берүү үчүн пайдаланышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу ИИге укуктун (ошол эле ИИНди ар кайсы укуктук моделдерди пайдалануу менен бир убакта кайтаруу мүмкүндүгү) айрым объектилеринин кош укуктук табиятын эске алуу менен тобокелдиктер салмактанылат жана укуктук кайтаруунун артыкчылыктуу стратегиясын тандоо жана негиздөө ишке ашырылат[6].

## 4-этап. Патенттик тазалыкка ИИ жүргүзүү жана ИИНге укуктарды каттоо

Техниканын иштелип чыккан объектисинин патенттик тазалыгынын анализин ишке ашырууда анализдин төмөнкүдөй түрлөрү жүргүзүлөт: жаңы өнүмдүн конструктивдүү элементтеринин анализи жана ойлоп табуучулук деңгээлге ээ болбогон техникалык чечимди түзүүнүн келип чыгуу ыктымалдыгын баалоо жана тобокелдиктерди болтурбоо үчүн түзүлүштүн функционалдык анализин жүргүзүү[7]. Азыркы этапта ИИНге билдирме материалдардын комплектин даярдоо жана андан кийин Роспатентке ИИНге билдирмени берүү ишке ашырылып жаткандыктан, тобокелдиктерди митигациялоо үчүн түзүлүштөрдүн конструкциялык схемаларынын варианттарынын матрицасы түзүлүүдө жана объектинин физикалык жана динамикалык белгилери боюнча курамдык бөлүктөргө декомпозициясы ишке ашырылууда.

Иштин бул түрлөрү ойлоп табуунун жана пайдалуу моделдин формуласын туура эмес түзүү тобокелдигин алдын алуу жана формуланын көз карандысыз жана көз каранды пункттарын, ошондой эле ойлоп табуунун жана пайдалуу моделдин формуласынын чектөөчү жана айырмалоочу бөлүктөрүн түзүүдө так эместиктерди болтурбоо үчүн зарыл.

ИИ тармагындагы адистер үчүн элементардык деңгээлде алгач жалпы түшүнүктүү, жеткиликтүүдөй сезилген, кайтарым инжиниринң процессинде укук ээсинин өзгөчө укугун мүмкүн болуучу бузуу тобокелдиктерин аныктоонун каралып жаткан учурлары реверс-инженерлер үчүн айкын болушу мүмкүн, себеби ИИНге өзгөчө укукту кайтарым инжиниринң боюнча аракеттер эмес, а техниканын баштапкы объектисинин негизинде түзүлгөн буюмдун өндүрүүчүсү ишке ашырган кийинки аракеттер бузушат. Укук ээсинин кайтарым инжиниринде өзгөчө укугунун бузулушунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин баалоо тобокелди алдын алуучу жана/же төмөндөтүүчү кийинки түздөөчү чараларды иштеп чыгуу менен кайтарым инжиниринңдин алкагында иштерди аткаруу процессинде келип чыгуучу коркунучтардын булактарын системалуу жана үзгүлтүксүз баалоо процессин билдирет.

Кайтарым инжиниринң процессин патенттик-укуктук коштоодо укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин өз убагында жана үзгүлтүксүз аныктоо, уюмда өндүрүлүүчү продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максаты үчүн андан кийин өндүрүлүп жаткан продукциянын техникалык параметрлерин атаандаштардын ушундай продукцияларынын параметрлери салыштыруу системасын түзүү мүмкүндүгүн (техникалык бенчмаркинг системасы)[8] кароого мүмкүндүк берет.

## Корутунду

Кайтарым инжиниринң процессине патенттик-укуктук коштоону камтуу экономиканын ар кайсы деңгээлдериндеги зарыл жана стратегиялык маанилүү чечим болуп саналат. Атап айтканда, Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2022-ж. 18-февралындагы токтому менен аларды өндүрүү Россия Федерациясынын территориясында чектелген же жок болгон (өтө маанилүү кошумча тетиктер)[11] өнөр жайдын тармактары үчүн зарыл болгон комплектөөчү материалдарга конструктордук документацияны иштеп чыгууну караган долбоорлорду колдоо ишке ашырылат.

РФнын импортту алмаштыруучулугун камсыз кылуу жана улуттук технологиялык лидерликти камсыз кылуучу шарттарды түзүү максатында кайтарым инжиниринң процесстерин патенттик-укуктук коштоонун комплектүү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жана келечектүүлүгү айкын.

Кайтарым инжиниринң процессин жүзөгө ашырууга баалык-компетенттик мамиле төмөнкүлөрдү камсыздоого мүмкүндүк берет:

- кайтарым инжиниринде укук ээсинин өзгөчө укуктарынын бузулуусунун мүмкүн болуучу тобокел-

[11] Постановление Правительства РФ от 18 февраля 2022 г. № 208 «О предоставлении субсидии из федерального бюджета автономной некоммерческой организации «Агентство по технологическому развитию» на поддержку проектов, предусматривающих разработку конструкторской документации на комплектующие изделия, необходимые для отраслей промышленности».

диктерин баалоо менен байланышкан маселелерди превентивдүү иштеп чыгууга[12];

- реверс-инженерлердин жана инженер-патент таануучулардын кайтарым инжинириң менен байланышкан иштеринин көлөмүнүн чектеринен тышкары, кайтарым инжинириң субъектилери менен кросс-интеграциялык өз ара сүнүн алкагында алынган билимге, көндүмгө жана иш билүүчүлүккө (баалык-маанилик компетенциялар) таянуу менен натыйжалуу ишине.

Ушуга байланыштуу реверс-инженерлердин, автор-иштеп чыгуучулардын жана ИИ боюнча адистердин кайтарым инжиниринде ачык өнөктөштүгүнүн олуттуулугу жана келечектүүлүгү өсүүдө.

Кайтарым инжиниринде укук ээсинин өзгөчө укугун бузуунун мүмкүн болуучу тобокелдиктерин изилдөө кайтарым инжиниринин алкагында иштерди аткаруу процессинде келип чыгуучу коркунуч булактарын кийин тобокелдиктердин алдын алуучу жана/же төмөндөтүүчү түздөөчү чараларды иштеп чыгуу менен системалуу жана үзгүлтүксүз баалоо процессин билдирет.

Андан аркы изилдөөлөрдүн багыттарынын бири болуп кайтарым инжиниринин алкагында түзүлгөн ИИ объектилерине өзгөчө укуктардын бузулушу маселелери боюнча Россиянын укук колдонуу практикасын изилдөө саналат.

## Адабияттардын тизмеси


1. Ивлиев, Г.П. Патентная информация – источник ценных знаний для реинжиниринга / Г.П. Ивлиев, Т.Н. Эриванцева // Право и цифровая экономика. – 2022. – № 3 (17). – С. 5–11. – DOI 10.17803/2618 8198.2022.17.3.005–011.
2. Фридман, Рон. Обратная разработка великих свершений: реверс-инжиниринг как путь к мастерству / Р. Фридман; Пер. с англ. П.А. Самсонова. – Минск, Попурри, 2021. – 272 с.
3. Бравков, П. К вопросу о непрерывности ведения бизнеса предприятий нефтегазовой отрасли России. Часть 2 / П. Бравков, О. Жданеев, В. Чубоксаров // Стандарты и качество. – 2020. – № 9 (999). – С. 70–76.
4. Видякина, О.В. Профессиональная многомерность специалиста в области управления интеллектуальной собственностью / О.В. Видякина // Копирайт. Вестник Академии интеллектуальной собственности. – 2023. – № 2. – С. 79–91.
5. Зайцева, Е.В. К вопросу о понятии и признаках объектов патентного права, обусловленных особенностями их правового режима / Е.В. Зайцева //Вестник экономической безопасности. – 2019. – № 4. – С. 80–86. – DOI 10.24411/2414–3995–2019–10219.
6. Рябов, В. Двойственная правовая природа отдельных объектов права интеллектуальной собственности / В. Рябов // Интеллектуальная собственность. Промышленная собственность. – 2021. – № 9. – С. 63–66.
7. Гажур, А.А. Промышленный дизайн (дизайн для инжиниринга): учебник / А.А. Гажур. – Москва: Общество с ограниченной ответственностью «Издательство «КноРус», 2022. – 328 с. – ISBN 978–5–406–09766–3.
8. Абушева, В.Э. Бенчмаркинг как эффективное направление современного анализа / В.Э. Абушева, О.Г. Колосова // Вестник экономики и менеджмента. – 2022. – № 2. – С. 21–26.


[12] От лат. praevenio – опережаю, предупреждаю.

## Автор жөнүндө маалымат

**Ольга Валентиновна Видякина**, кэкономика илимдеринин кандидаты, доцент, Москвадагы Н.Э.Бауман атындагы мамлекеттик техникалык университет (Москва, 2-я Бауманская көчөсү, 5-үй, 1-имарат), РФ ишенимдүү патенттик өкүлү, ORCID: https://orcid.org0000–0002–2759–0173; ippolicy@mail.ru

## Information about the author

**Olga V. Vidyakina,** Cand. Sci. (Economics), Associate Professor at Bauman Moscow State Technical University (Moscow, Baumanskaya second str., 5, bld. 1.), Patent Attorney of the Russian Federation, ORCID: https://orcid.org0000–0002–2759–0173; ippolicy@mail.ru

Автор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет.
The author declares no conflict of interests.

2024-ж.08.04 редакцияга келип түштү (Received).
2024-ж.06.05 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыгарылды (Revised)
2024-ж.17.05 жарыялоого кабыл алынды (Accepted)

Илимий макала Original article

УДК 347.77:026

# Интеллектуалдык менчиктин санариптик маалыматтык фондун түзүүнүн максаттары, милдеттери жана ыкмалары

**Владимир Олегович Сиротюк**
РИАнын Башкаруу проблемалары институту
vlasir55@gmail.com

**Аннотация:** иште интеллектуалдык менчиктин санариптик экономикага өтүүсүнүн актуалдуу маселелерин чечүүдө маанилүү ролду ойноочу интеллектуалдык менчиктин натыйжалуу санариптик маалыматтык фондуларын (ИМСМФ) түзүүнүн проблемаларынын жана маселелеринин кеңири чөйрөсү каралган. ИМСМФны түзүүнүн максаты, аны түзүүнүн. пайдаланууну жана өнүктүрүүнүн натыйжалуулук критерийлери белгиленген. Санариптик маалыматтык фондуларды түзүүнүн ата мекендик практикасында биринчи жолу ИМСМФ түзүүнүн жана башкаруунун маселелерин чечүүнүн формалдаштырылган методологиясы сунушталган, ал үчүн объектилик-багытталуучулук анализ жана долбоорлоо методдору, маалыматтардын сапатынын көрсөткүчтөрүн баалоонун, маалыматтык коопсуздуктун тобокелдиктерин баалоонун жана ИМСМФнын маалыматтар базасын коргоо механизмдерин куруунун формалдуу методдору, маалымсаттар базасынын структураларын оптималдаштыруунун моделдери жана методдору пайдаланылат. Сапатты башкаруунун натыйжалуу комплекстүү системасын куруунун жана ИМСМФнын маалыматтык коопсуздук маселелерине чоң көңүл бурулган.

**Олуттуу сөздөр:** интеллектуалдык менчикти башкаруу системасы, интеллектуалдык менчиктин санариптик маалыматтык фонду, патенттик маалыматтын маалыматтар базасы, патенттик эмес маалыматтын маалыматтык базсы, маалыматтар базасынын сапатынын критерийлери жана көрсөткүчтөрү, маалыматтык коопсуздук.
**Цитаталоо үчүн:** Сиротюк В. О. Цели, задачи и методы построения цифрового информационного фонда интеллектуальной собственности // Вестник ФИПС. 2024. Т. 3 № 2 (8). С. 142 –147.

# Goals, objectives and methods of building a digital information fund of intellectual property

**Vladimir O. Sirotyuk**
Institute of Control Sciences of Russian Academy of Sciences
vlasir55@gmail.com

**Abstract:** the article examines a wide range of problems and issues of building effective digital information funds of intellectual property (DIFIP), which play an important role in solving the urgent task of transition to a digital economy of intellectual property. The purpose of creating DIFIP, criteria for the effectiveness of its formation, use and development are formulated. For the first time in the domestic practice of creating digital information funds, a formalized methodology has been proposed for solving the problems of constructing and managing DIFIP, for which methods of object-oriented analysis and design, formal methods for assessing data quality indicators, analyzing and assessing information security risks and constructing mechanisms for protecting DIFIP databases, models and methods for optimizing database structures are used. Much attention is paid to the issues of building an effective integrated system for DIFIP quality and information security management.

© Сиротюк В.О., 2024

**Keywords:** Intellectual property management system, digital information fund of intellectual property, patent information databases, non-patent information databases, criteria and indicators of database quality, information security
**For citation:** Vladimir O. Sirotyuk, Goals, objectives and methods of building a digital information fund of intellectual property //Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 142 –147.

## Киришүү

Интеллектуалдык менчикти (ИМ) башкаруунун заманбап тутуму ойлоп табуучулуктун жана ишкердиктин өнүгүшүнө, патенттик-маалыматтык жана илимий-техникалык продукциянын жана кызматтардын рыногунун кеңейишине, ойлоп табууга билдирмелерди берүүдө жана патентти берүүдө жагымдуу шарттарды жана ыңгайлуу сервистерди берүүгө, патенттик жана патенттик эмес маалыматтар базасында (МБ) толук баалуу патенттик издөөлөрдү жүргүзүүгө, патент ээлеринин укуктарына жана өлкөнүн интеллектуалдык суверинетине ишенимдүү кайтарууну камсыздоого өбөлгө түзүүгө тийиш [1 –4]. Бул ИМди башкаруу системасын трансформациялоону жана ИМди башкаруунун санариптик органын түзүүнү шарттайт.

ИМди салттуу башкаруу системасын натыйжалуу санариптик трансформациялоонун жана патенттик-маалыматтык жана илими-изилдөөчүлүк ишмердиктин экосистемасына өтүүнүн зарыл шарты болуп патенттик маалыматтардын (ПМБ) жана патенттик эмес маалыматтык базаларда (ПЭМБ) сакталуучу интеллектуалдык менчиктин санариптик маалыматтык фондунда (ИМСМФ) сакталуучу жогорку сапаттагы патенттик жана патенттик эмес документациянын болушу, толуктугу жана жеткиликтүүлүгү саналат[1, 3].

Өнүккөн ИМСМФ локалдуу жана тышкы ПМБга жана ПЭМБга, навигацияга жана бирдиктүү пайдалануучулук интерфейс аркылуу маалыматты издөөгө, аларды иштеп чугуу жана пайдалануу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө универсалдуу санариптик жеткиликтүүлүктү берүү мүмкүндүгүн камсыздоочу бөлүнгөн маалыматтык башкаруучу структурага ээ болууга тийиш.

ИМди башкаруунун санариптик органын түзүү ИМСМФнын маалыматтарынын сапатына – толуктугуна, жеткиликтүүлүгүнө, аныктыгына, ишенимдүүлүгүнө, өзгөрүлбөстүгүнө, актуалдуулугуна жана МБнын коопсуздугуна жогору талаптарды коет.

ИМСМФнын МБсынын сапаты үчүн жоопкерчиликти анын түзүүчүлөрү (ээлери) – патенттик уюмдар, ведомтсолор, басмалар жана редакциялар (жарыялоочу уюмдар), ИМдин санариптик китепканалары, патенттик-маалыматтык продуктылардын, издөө жана сервситик кызматтардын провайдерлери алышкандыктан[4], бул уюмдар патенттик-маалыматтык ресурстарды долбоорлоонун, иштеп чыгуунун, коштоонун жана өнүктүрүүнүн, ИМСМФнын ПМБ жана ПЭМБсынын натыйжалуулугунун жана сапатынын көрсөткүчтөрүн баалоонун методикалык жана натыйдалуу аспаптык жана программалык каражаттары менен жабдылууга тийиш. Бул ИМСМФны түзүүнүн, алар боюнча эсептөөлөрдөн кийин алынган сандык маанилердин негизинде ИМСМФнын МБсынын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу боюнча тиешелүү иш чаралар иштелип чыгуучу маалыматтардын сапатынын анализин жана баалоону, алардын толуктугун, аныктыгын жана маалыматтык коопсуздуктун берилген деңгээлин камсыздоочу натыйжалуулук критерийлерин жана формалдаштырылган методдорун иштеп чыгуунун зарылдыгын жаратат5–7].

Иште ИМСМФны түзүүнүн, ИМСМФнын МБсынын натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуунун проблемалары, максаты, милдеттер жана методдору каралган, ПМБ менен ПЭМБны түзүүнүн, пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн натыйжалуулук критерийлери жана сапатынын көрсөткүчтөрү сунушталган. ИМСМФнын сапатты башкаруусунун натыйжалуулук системасын куруу жана патенттик-маалыматтык ресурстардын маалыматтык коопсуздугу каралган. Иштелип чыккан методология, моделдер, методдор жана аспаптык каражаттар бирдиктүү ИМСМФны түзүүдө Евразиялык патенттик уюмдун (ЕАПУ) мүчө өлкөлөрүнүн бирдиктүү евразиялык патенттик-маалыматтык жана эксперттик мейкиндигин түзүүдө пайдаланылган

## 1. ИМСМФны түзүүнүн проблемалары, максаты жана милдеттери. ИМСМФны түзүүнүн, пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн натыйжалуулугунун критерийлери

ИМди башкаруунун санариптик органы ИМСМФны түзүүнүн, коштоонун жана өнүктүрүүнүн максаты болуп эксперттерди, илимий кызматкерлерди, иштеп чыгуучуларды жана үчүнчү жактарды интеллектуалдык менчиктин объектилери, илим менен техниканын акыркы жетишкендиктери, каралып жаткан предметтүү тармактарда (билимдердин тармактарында) актуалдуу ченемдик-укуктук жана маалымдамалык маалымат менен толук баалуу жана натыйжалуу камсыздоо саналат [3].

Патенттик документтерди жана патенттик эмес адабиятты санариптештирүү жана индексациялоо маалыматтардын ашкере көп көлөмдөрүн камтыган ИМСМФны түзүүнүн башкы проблемаларынын бири болуп калды, өзгөчө бул патенттик эмес (илимий-техникалык) фондуларына тиешелүү. Дагы бир проблема ИМСМФнын МБсынын натыйжалуу структураларын иштеп чыгуу зарылдыгында турат. Маалыматтардын ар түрдүү варианттуулугу жана ар түрдүүлүгү, ИМди башкаруу системасынын пайдалануучуларынын

көптөгөн, анын ичинде карама-каршылыктуу жана макулдашылбаган маалыматтары пайдалануучулардын суроо-талаптарын жана транзакцияларын натыйжалуу иштеп чыгуу, ИМСМФнын сапатынын белгиленген деңгээлин камсыздоо талаптарын эске алуу менен локалдуу жана бөлүштүрүлгөн ПМБ жана МЭМБ моделдерин жана методдорун пайдалануу зарылдыгын шарттайт[3, 6, 7, 9].

ИМСМФны түзүүнүн, пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн натыйжалуулугунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн карайбыз.

ИМСМФны түзүүнүн натыйжалуулугунун (ретабелдүүлүгүнүн) жалпы критерийи болуп ага кирген документтердин жана материалдардын санариптик түрдө болушунун даражасы саналат. Бул критерий ИМСМФнын санариптик формада берилген документтеринин санынын патенттик жана патенттик эмес (илимий-техникалык) фондуларда сакталып турган документтер менен материалдардын жалпы санына катышы катарында эсептелет.

ИМСМФнын патенттик жана патенттик эмес фондуларын коплектөөнүн натыйжалуулугу сактоого тандалып алынган документтердин фонд түзүүчүлөрдүн ишмердигинин эң олуттуу тараптарына чагылдырылуусунун максималдуу адекваттуулугу менен аныкталат.

ИМСМФнын МБсында материалдарды сактоонун ишенимдүүлүгүнүн жана сапатынын көрсөткүчү болуп ИМСМФнын маалыматынын санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн корголуусунун камсыз кылынган деңгээлдеринин толуктугунун, аныктыгынын, макулдашылгандыгынын, жеткиликтүүлүгүнүн жана кепилденилген корголуусунун максимуму саналат.

ИМСМФны пайдалануучулардын маалыматтык камсыздалуусунун натыйжалуулугу суроо-талаптарды иштеп чыгуунун жана издөөнүн натыйжаларын андан-ары пайдаланууга ыңгайлуу формада берилүүсүнүн суммалык убактысынын минимуму жана патенттик жана илимий-техникалык маалыматтын толуктугунун жана аныктыгынын максимуму, ченемдик-укуктук жана маалымдамалык маалыматтын актуалдуулугу бааланат.

ИИИни жана ТКРди аткарууда илимий жана патенттик изилдөөлөрдү жүргүзүп жатышкан мамлекеттик уюмдардын жана чарба жүргүзүүчү субъектилерди маалыматтык тейлөөнүн натыйжалуулугунун критерийи катарында ИМСМФнын маалыматынын максимум толуктугу, өз убактылуулугу жана жеткиликтүүлүгү пайдаланылат.

Коомдук уюмдардын жана коммерциялык фирмалардын маалыматтык тейленүүсүнүн көрсөткүчү жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерди, ошондой эле алар тараптан пайдалануучулардын бөлүнгөн категорияларына ИМСМФнын ПМБ жана ПЭМБ тарабынан акы төлөнүүчү патенттик-маалыматтык кызматтарды берүүдө ээлик уюмдар жана провайдер фирмалар алышкан суммалык кирешени максимумдоочу нарктык критерийди пайдалануу менен эсептелет.

ИМСМФны түзүүнүн, анын натыйжалуулугун, сапатын жана коопсуздугун жогорулатуунун негизги милдеттерине төмөнкүлөр тиешелүү [3, 6, 8]:

ИМди башкаруу системасынын предметтик моделин жана ИМСМФны пайдалануучулардын маалыматтык жана функционалдык талаптарынын өзгөчөлүктөрүнүн моделдерин түзүү;

1.2) ИМди жана эталондук МБны башкаруу системасынын предметтик тармагынын онтологиялык моделин түзүү;

1.3) ИМСМФны пайдалануучулардын предметтик тармактарынын классификациясы;

1.4) ИМСМФнын бөлүнгөн маалыматтык-башкаруучу структурасын түзүү;

1.5) локалдуу жана тышкы жеткиликтүү ПМБда жана ПЭМБда издөөнүн оптималдуу стратегиясын жана өз ара толуктоочу издөөнүн тактикасын иштеп чыгуу;

1.6) бөлүнгөн жана локалдуу ПМБда жана ПЭМБда натыйжалуулуктун берилген оптималдуу критерийлери боюнча долбоорлоо;

1.7) ПМБнын жана ПЭМБнын маалыматтарынын сапатынын көрчөткүчтөрүн анализдөө жана баалоо методдорун иштеп чыгуу;

1.8) ИМСМФнын МБсынын маалыматтык коопсуздугун жогорулатуу методдорун иштеп чыгуу;

1.9) ИМСМФ сапатын жана маалыматтык коопсуздугун башкаруунун комплекстүү системасын түзүү.

## 2. ИМСМФны түзүү жана башкаруу маселелерин чечүүнүн методдору жана каражаттары

ИМди башкаруу системасынын предметтик тармагынын (ПрТ) анализи жана структкаштыруу маселелерин чечүү ПрТнын онтологиялык моделин түзүү, пайдалануучулардын предметтик тармактарын классификациялоо жана ИМСМФнын натыйжалуу бөлүштүрүлгөн маалыматтык-башкаруучулук структурасын түзүү (1.1–1.4 маселелер) үчүн ИМди башкаруу системасынын предметтик тармагына адаптацияланган [3, 6] объекттик-багытталган анализ жана долбоорлоо методологиясы [10] пайбаланылат. Аны колдонуу долбоорлоонун структуралык методдорунан айырмаланып ИМ башкаруу системасын санариптештирүү объектилеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн жана параметрлерин, алардын касиеттерин, мүнөздөмөлөрүн жана алардын ортосундагы мамилелерди эске алууга мүмкүндүк берет. Иштелип чыккан методологияны пайдалануу менен ПрТнын объекттик моделин түзүүнүн ырааттуу өз ара байланышкан маселелерин чечүү; илимий жана патенттик изилдөөлөрдүн ПрТнын онтологиялык моделин калыптандыруу жана эталондук МБны куруу; пайдалануучулардын маалыматтык жана функционалдык талаптарынын объекттик моделдерин куруу; булуттук жана автономдук МБлардын пайдалануучуларынын кластердик анализи

жана классификациясы; ИМСМФнынбөлүштүрүлгөн маалыматтык-башкаруучулук структурасынын объекттик моделин куруу ишке ашырылат. ИМди башкаруу системасынын калыптанган натыйжалуу ПрТ системалары жана ИМСМФнын маалыматтарына жеткиликтүүлүк, ошондой эле булуттук жана автономдуу МБларды пайдалануучулардын класстары патенттик документацияны жана патенттик эмес адабиятты санариптештирүү жана индексациялоо жана аны ИМСМФнын МБсына жүктөө процесстерин оптималдаштырууга мүмкүндүк берет.

1.5 маселеси маалыматтын булактарынын (локалдуу жана тышкы МБлар) конфиденциалдуулугунан жана жеткиликтүүлүгүнөн алардан биринчи кезекте окумуштуулар, изилдөөчүлөр жана эксперттер жүргүзүшкөн патенттик-маалыматтык издөөлөрдүн натыйжалуулугу көз каранды болгон пайдалануучулардын маалыматтардын толуктугуна жана anыктыгына талаптарын эске алуу менен чечилет. Бул көрсөткүчтөрдү эсептөөнүн формалдаштырылган методдору кийинки булактарда келтирилген [3, 6, 8].

ИМСМФнын МБсынын структураларын оптималдаштыруу маселелерин чечүү үчүн (1.6 маселеси) ИМСМФнын пайдалануучуларынын бул предметтик тармактардын маалыматтарынын моделдери, методдору жана анализинин жана натыйжалуу канондук структураларын куруу алгоритмдери, бөлүштүрүлгөн жана локалдуу ПМБ жана ПЭМБнын оптималдуу жана физикалык структуралары пайдаланылат [9]. Синтездин милдеттери ИМСМФнын натыйжалуу иштешинин эксплуатациялык критерийлери – пайдалануучулардын суроо-талаптарын иштеп чыгуунун убактысынын жана транзакциялардын минимуму, маалыматтардын структураларын түзүүнүн жана МБны жүктөөнүн минимуму жана СУРБД жана СУБД тарабынан салынган чектөөлөр, ИМСМФнын бөлүштүрүлгөн структурасынын топологиясы жана ИИни башкаруунун санариптик схемасынын ар кандай режимдеринин талаптары боюнча түзүлөт.

Маалыматтардын сапатынын анализи жана баалоо (1.7 маселеси) жана аларды жогорулатуу боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу ИМди башкаруунун натыйжалуу санариптик системасын түзүүнүн зарыл шарты болуп саналат, анткени, андай болбогондо ИИни башкаруу системасынын бизнес-процестери же сапатсыз (жаңылыш) маалыматтары менен иштей албайт, же туура эмес натыйжаларды берет. Мында маалыматтардын сапаты көбүнчөсү аларды түзүү (генерация), сактоо, иштеп чыгуу, берүү, алуу жана сунуштоо процесстеринен жана маалыматтык технологиялардан көз каранды. ИМСМФнын МБсынын маалыматтарынын сапатын жогорулатуу патенттик жана патенттик эмес маалыматтын ишенимдүү жана текшерилген булактарын тандап алууда жана пайдаланууда, ошондой эле маалыматтардын натыйжалуу моделдерин жана структураларын долбоорлоодо да мүмкүн. Маалыматтардын сапатын активдүү текшерүү, сактоо жана колдоо уюмдун – ИИни башкаруу системасынын субъектилеринин бардык кызматкерлеринин жамааттык милдети болуп саналат.

МБнын сапатын башкаруу төмөнкү маселелерди чечүүнү карайт:

- маалыматтардын сапатын баалоо критерийлерин жана көрсөткүчтөр системасын тандоо;
- бизнес-процесстердеги маалыматтардын сапатынын көрсөткүчтөрүнүн эсеби жана бул маалыматты түзгөн, тейлеген жана пайдалануучуларга чечимдерди кабыл алуу үчүн берген башкаруу маселелери;
- маалыматтардагы каталарды аныктоонун, индентификациялоонун жана классификациялоонун негизинде сапаттын үзгүлтүксүз контролун камсыздоо;
- маалыматтардын сапатын жогорулатуу боюнча иш чараларды иштеп чыгуу.

Маалыматтарды толуктугу, аныктыгы, актуалдуулугу, ретроспективасынцын тереңдиги, жеткиликтүүлүгү, карама-каршы эместиги жана өз убагындалыгы ИМСМФнын МБсынын натыйжалуулугунун жана сапатынын негизги көрсөткүчтөрү катары пайдаланылат. Аларды эсептөөнүн формалдаштырылган методдору иште келтирилген [3, 6].

ИМСМФнын МБсынын патенттик жана патенттик эмес маалыматын коргоонун башкы максаты (1.8 маселе) болуп маалыматтык материалдардын (ойлоп табууларга, патенттерге, илимий макалаларга, ченемдик-укуктук документтерге, расмий басылмаларга ж.б. билдирмелер) конфиденциалдуулугун, бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо. Маалыматтык коопсуздуктун (МК) жогорку деңгээли МБнын структураларын аларды сунуштоонун ар кайсы деңгээлдеринде оптималдуу коргоо механизмдеринин тийиштүү формалдаштырылган моделдерин жана методдорун жана анализ жана синтез методдорун, ошондой эле ИМСМФнын коргоо системасын санкцияланбаган жеткиликтен коргоо системасын иштеп чыгуу жана киргизүү, алардын негизинде маалыматтык коопсуздукту башкаруу системасын (МКБС) куруу максатында маалыматтарды жыйноонун, сактоонун жана иштеп чыгуунун бардык этаптарында тийиштүү иш чараларды иштеп чыгуу менен жетилиши мүмкүн [7]. Патенттүү жана патентттүү эмес маалыматты коопсуздуктун адекваттуу бар болгон коркунучтарынан корголгон абалда колдоп туруу үчүн ИМСМФнын маалыматтык ресурстарын инвентарлаштыруу жана классификациялоо, толуктугун, аныктыгын жана ПМБ жана ПЭМБ жеткиликтүүлүгүн баалоо, ИМСМФ МКсын тобокелдиктердин анализи жана баалоосу боюнча иш чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлүүгө тийиш.

ИМСМФнын МКБСсын түзүүнүн негизги маселелерине төмөнкүлөр тиешелүү:

- МКБСнын чөйрөлөрүн (чек араларын) аныктоо жана МК тобокелдиктерин башкаруу;
- коргоону бузуу учурлары жөнүндө маалымдоо;

- вирустардан жана спамдан коргоо;
- ИМСМФнын инфраструктурасынын үзгүлтүксүз ишин камсыздоо;
- маалыматты жана программаларды көчүрүүгө контроль;
- маалыматтарды санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо;
- уюмда кабыл алынган МК саясатына шайкештигине контроль;
- МБнын талап кылынган деңгээлин камсыздоочу контрчараларды тандоо;
- МКБСнын иштөөсүнө контроль жана аудит.

### 3. Сапатты натыйжалуу башкаруу системасын жана ИМСМФнын маалыматтык коопсуздугун түзүү

1.9. маселесин чечүүнү кененирээк карайлы.

Сапатты жана маалыматтык коопсуздукту башкаруунун комплекстүү системасынын (СМКБС) максаты ПМБ жана ПЭМБнын сапатынын, натыйжалуулугунун жана корголгондугунун жогорку деңгээлин камсыздоодо турат.

Уютурулуу жагынан СМКБС сапаттын талаптагыдай деңгээлин камсыздоо боюнча кызматкерлердин ага кошулган функциялары, милдеттери жана ролдору жана ИМСМФнын маалыматтарынын МБсысы менен МСны башкаруунун жалпы системасынын ажырагыс түзүүчүсү (подсистемасы) болуп саналат.

СМКБС аракетинин тармагы МСны башкаруу системасынын санариптик органынын патенттик-маалыматтык, илимий-изилдөөчүлүк жана өндүрүштүү ишмердиги менен байланышкан төмөнкү сегиз негизги бизнес-процесстерди камтыйт:

- МС (ИИН) объектилери боюнча кирүүчү маалыматтарды иштеп чыгуу;
- ИМСМФнын ПМБ жана ПЭМБсын түзүү жана тейлөө;
- патенттик-маалыматтык издөөнү жүргүзүү;
- ойлоп табууга билдирмелер боюнча экспертиазаларды жүргүзүү;
- ТМ талаптарына ылайык ИИИ жана ТКИ аткаруу;
- ИМ объектилерине кайтаруу документтерин берүү;
- патенттик жана патенттик эмес маалыматты жарыялоо;
- жарыяланган материалдарды коштоо, ИМ объектилеринин укуктук статусунун өзгөрүүлөрүн каттоо.

СМКБСны түзүүнүн жана иштөөсүнүн негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- ИМСМФнын репозитарийинин ИМди башкаруу системасынын предметтик тармагын формалдаштырылган сүрөттөөнү, ИМди башкаруу системасынын бизнес-процесстерин, МБнын түзүмдөрүн, эталондук МБларды ж.б. маалыматтарды камтыган метамаалыматтар базасын (МмБ) түзүү жана жүргүзүү;
- баалоонун тандалып алынган критерийлерине жана көрсөткүчтөрүнө ылайык, маалыматтык активдердин маалыматтарынын сапатын жана корголуулугун баалоо. МБнын сапатын баалоо алардын касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн эталондук МБлардын параметрлери менен салыштыруу жолу менен ишке ашырылат;
- маалыматтардын сапатын жана натыйжалуулугун жана алардын маалыматтык коопсуздугунун деңгээлинин төмөндөшүн чакырган проблемаларды аныктоо максатында баалоонун натыйжаларынын анализи;
- алардын келип чыгуу себептеринин улам, маалыматтардагы так эместиктерди жана каталарды оңдоо боюнча аракеттердин сценарийин, ошондой эле ИМСМФнын МБсынын маалыматтык активинин маалыматтык коопсуздуктун тобокелдиктеринин анализине негизделген механизмдерин түзүү;
- дал келбестиктер табылганда маалыматтардын сапаты менен проблемаларды чечүү жана аларды репозитарийлердин МмБсынын аныкталган сценарийлерине ылайык колдонуу үчүн методдорду жана иш чараларды иштеп чыгуу;
- ИМСМФнын материалдарынын конфиденциалдуулугунун, өзгөрүлбөстүгүнүн жана жеткиликтүүлүгүнүн берилген деңгээлин камсыздоо, БД жана БмД репозиторийин коргоонун механизмдерин пайдалануу менен я ПМБ жана ПЭМБнын маалыматтык активдерин санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо боюнча чараларды жана иш чараларды иштеп чыгуу;
- патенттик жана патенттик эмес (илимий-техникалык) маалыматтын сапатын, коопсуздук деңгээлине талаптарды аткаруу сапатына үзгүлтүксүз контролду камсыздоо жана маалыматтарды өркүндөтүү;
- маалыматтын сапаты жана маалыматты коргоо тармагындагы мыйзамдардын, стандарттардын жана ченемдик-укуктук документтердин укуктук жана ченемдик талаптарына ылайыктуулукту камсыздоо;
- уюмдун кызматкерлеринин маалыматтардын сапаты жана маалыматтык коопсуздук маселелеринде маалымдарлыгын камсыздоо.

Маалыматтардын сапатын башкаруу тармагындагы стандарттарга жана МКга ылайык (ISO 8000/ ISO 9000 и ISO/IEC 27001–2013 серияларындагы стандарттар) СМКБСнын ролдук уюштуруучулук түзүмү пайдаланылат, ал илимий, техникалык жана патенттик маалыматтын сапатын камсыздоо боюнча ролдордун иерархиясы болуп саналат.

ИМСМФ СМКБСнын алкагында төмөнкүлөр негизги ролдо бөлүп көрсөтүлөт:

- уюмдун жетекчисинин өкүлү;
- маалыматтардын сапатына көзөмөл жана МК боюнча бөлүмдүн жетекчиси;
- маалыматтарды башкаруучу (менежер);
- маалыматтардын администратоу;
- маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча адис;
- МКны башкаруу боюнча адис;

- маалыматтык технологияларды башкаруу боюнча адис;
- маалыматтык активжин ээси;
- технологиялык бизнес-процесстин ээси;
- СМКБСнын ички аудитору.

Ар бир ролдун кыскача арналышын жана аракеттеринин тармагын карайлы [6, 7].

*Уюмдун жетекчисинин өкүлү* маалыматтык активдердин сапатын жана коргоону камсыздоо боюнча функцияларды жана милдеттерди бөлүштүрүү боюнча бөлүштүрүү боюнча жалпы коет жана ИМСМФнын ишин уюштурат.

*Маалыматтардын сапатына жана МБга көзөмөл боюнча бөлүмдүн жетекчиси* тарабынан ролдорду баштапкы дайындоо демилгеленет, сапатты камсыздоо жана маалыматтардын корголгондугу тармагындагы ишти координациялоо, пландоо, контролдоо жана анализдөө камсыздалат, аларды жогорулатуу боюнча иш чаралар иштелип чыгат, сапаттын МБнын тиешелүү деңгээлин камсыздоо боюнча чечимдер кабыл алынат, алар уюмдун жетекчилигине берилет.

*Маалыматтардын башкаруучусу* (менежер) уюмдун максаттарына жана милдеттерине, ошондой эле маалыматтардын сапатын жана коопсуздугун аныктоосу факторлорго ылайык, маалыматтардын сапатын жана МБны башкаруу боюнча функцияны аткарат.

*Маалыматтардын администратору* маалыматтардын сапатынын жана МБны башкаруунун талап кылынуучу критерийлерин белгилөө менен техникалык персоналдык ишин контролдойт жана координациялайт, ал каталардын себептерин анализдөө жана маалыматтардын түзүмүн оптималдаштыруу менен каталардын кайталанышынын алдын алат.

*Маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча адис* (оператор) администратордун көрсөтмөлөрүнө ылайык маалыматтарды түзөт, эсептеп чыгат, өзгөртөт жана алып салат, маалыматтын сапатын жана алардын коопсуздук деңгээлин баалайт жана каталарды оңдойт. Маалыматтардын бизнес-эрежелер менен ылайыктуулугун координациялайт жана табылган каталарды четтетет, МБнын коркунучтарын жана тобокелдиктерин аныктайт жана аларды нейтралдаштыруу боюнча чараларды көрөт.

*МБны башкаруу боюнча адис* – ИМСМФнын МБсын башкаруу процесстеринин натыйжалуу ишке жөндөмдүүлүгүн камсыздоо үчүн жооптуу роль.

*МТны башкаруу боюнча адис* – МТ кызматтарды берүү процесстерин камсыздоо үчүн жооптүү роль.

*Маалыматтык активдин ээси* – уюмдун ИМСМФнын маалыматтык активдерин түзүүнү, пайдаланууну, коштоону жана өнүктүрүүнү башкарууга ыйгарымдуу роль.

*Технологиялык бизнес-процесстинээси* – ИМди башкаруу системасынын аткарылуучу технологиялык бизнес-процессинин натыйжасы, натыйжалуулугу жана сапаты үчүн жооптуу кызматкердин ролу.

*СМКБСтин ички аудитору* – бизнес-процесстерде МБнын маалыматтарынын сапатынын жана деңгээлинин СМКБСнын маалыматтарынын сапатынын талаптарына, критерийлерине жана көрсөткүчтөрүнө ылайыктуулугуна аудиттерди ишке ашыруучу кызматкер.

### Тыянактар жана корутунду

Интеллектуалдык менчикти (ИМ) башкаруу системасын санариптик трансформациялоо жана ИМди башкаруунун электрондук (санариптик) органын түзүү санариптик экономикага өтүүнүн алкагында чечилүүчү маанилүү жана актуалдуу маселе болуп саналат. Мында түзүлүүчү санариптик патенттик-маалыматтык мейкиндик өндүрүш интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларын кайра чыгаруу жана жүгүртүү үчүн, жана биринчи кезекте – илимий жана ойлоп табуучулук ишмердик үчүн универсалдуу чөйрө болуп саналат. Мында түзүлүүчү интеллектуалдык менчиктин санариптик маалыматтын фондулары (ИМСМФ) аптенттик водомстволордун эксперттери тарабынан ойлоп табуулардын патентке жөндөмдүүлүгүн баалоодо, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъектилер тарабынан ИИИлерди жана ТКРлерди аткарууда маанилүү ролду ойнойт. ИМСМФнын патенттик жана илимий-техникалык маалыматтарында тиешелүү МБларында камтылган маалыматтын толуктугунан, жеткиликтүүлүгүнөн жана коопсуздугунан, пайдалануучулардын сурoo-талаптарын тейлөөнүн оперативдүүлүгүнөн жана башка факторлордон илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн натыйжалуулугу, жана, натыйжасы катарында түзүлүүчү продуктынын дана көрсөтүлүп жаткан кызматтардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана сапаты көз каранды.

Иште сунушталган формалдаштырылган методология патенттик жана патенттик эмес маалыматтын локалдуу жана тышкы бөлүштүрүлгөн булактарын издөөнүн жана жетүүнүн, пайдалануучулардын жана транзакциялардын суроо-талаптарын иштеп чыгуунун, патенттик-маалыматтык издөөлөрдү толуктугун талап кылуучу, маалыматтардын жогорку сапатын жана МБлардын патенттик-маалыматтык ресурстарынын маалыматтык коопсуздугунун максималдуу деңгээлин кепилдөөчү минималдуу убактысын кепилдөөчү натыйжалуу ИМСМФларды түзүүнү камсыздайт.

Иштелип чыккан моделдер, методдор жана тиешелүү аспаптык жана ченемдик-методикалык каражаттар евразиялык патенттик-маалыматтык мейкиндиктин ИМСМФсын, ПМБ жана ПЭМБсын түзүүдө [3, 6] СМКБС ЕАПВ колдонулган, ал евразиялык аймактын пайдалануучулары тарабынан патенттик-маалыматтык издөөлөрдүн натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга, евразиялык жана улуттук патенттик жана илимий изилдөөлөрдү жана экспертизаларды жүргүзүүгө, патенттик-маалыматтык кызмат көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

## Адабияттардын тизмеси

1. Кульба, В. В. Концептуальные основы цифровизации системы управления интеллектуальной

собствен ностью / В. В. Кульба, В. О. Сиротюк // Вестник ФИПС. – 2023. – Т. 2, № 1. – С. 32–35.
2. Неретин, О. П. Интеллектуальный суверенитет экономики России / О. П. Неретин; Федеральный институт промышленной собственности. – Мо сква: Федеральное государственное бюджетное учреждение «Федеральный институт промыш ленной собственности», 2022. – 166 с. – ISBN 978-5-6042896-9-3.
3. Неретин, О. П. Оптимизация структур данных циф ровых информационных фондов систем управления интеллектуальной собственностью / О. П. Неретин, В. В. Кульба, В. О. Сиротюк. – Москва : Федеральное государственное бюджетное учреждение «Феде ральный институт промышленной собственности», 2023. – 260 с. – ISBN 978-5-907602-11-3.
4. Кравец, Л. Г. Патентно-информационная поддержка инноваций. – М.: ИНИЦ «Патент», 2013. – 223 с. – ISBN 978–5–91808–104–4.
5. Методы повышения эффективности и качества функционирования автоматизированных инфор мационно-управляющих систем / В. В. Кульба, С. С. Кавалевский, Т. В. Карсанидзе, И. А. Горгидзе и др.; Ред. И. В. Прангишвили. – М.: КомпьюЛог, 2001. – 344 с. – ISBN 5–89909–002–2.
6. Кульба В. В., Сиротюк В. О. Формализованная методоло гия повышения эффективности и качества патентных информационных фондов и опыт ее использования при формировании и развитии евразийского патент но-информационного пространства. – М.: ИПУ РАН. Монография, 2019. – 238 с. – ISBN: 978–5–91450–238–3.
7. Кульба В. В. Информационная безопасность па тентных ведомств: теория и практика / В. В. Кульба, С. А. Косяченко, В. О. Сиротюк; Институт проблем управления им. В. А. Трапезникова РАН, Россий ская академия наук. – Москва: Институт проблем управления им. В. А. Трапезникова РАН, 2017. – 166 с. – ISBN 978–5–91450–200–0.
8. Кульба, В. В. Формализованные модели и методы анализа и оценки полноты патентных информаци онных фондов (на примере международной патент ной организации) / В. В. Кульба, В. О. Сиротюк // Управление развитием крупномасштабных систем MLSD’2018: труды одиннадцатой международ ной конференции. В 3 т., Москва, 01–03 октября 2018 года / Под общей редакцией С. Н. Васильева, А. Д. Цвиркуна. Том 3. Секции 12–16. – Москва: Ин ститут проблем управления им. В. А. Трапезникова РАН, 2018. – С. 127–138.
9. Теоретические основы проектирования оптимальных структур распределенных баз данных / В. В. Кульба, С. С. Ковалевский, С. А. Косяченко, В. О. Сиротюк. – М.: СИНТЕГ, 1999. – 660 с.: ил. – (Информатизация России на пороге XXI века). – ISBN 5–89638–016-Х.
10. Graham, Ian. Object Oriented Methods: Principles and Practice. 3rd ed. Wokingham: Addison-Wesley, 2001.

## Автор жөнүндө маалымат

**Владимир Олегович Сиротюк,** техникалык илимдердин доктору, доцент, жетектөөчү илимий кызматкер, РИАнын Башкаруу көйгөйлөрүнүн институту (Москва ш, Профсоюзная көчөсү, 65-үй); vlasir55@gmail.com

## Information about the author

**Vladimir O. Sirotyuk,** Dr. Sci. (Technical Sciences), Associate Professor, Leading Researcher, Institute of Control Sciences of the Russian Academy of Sciences (Moscow, Profsoyuznaya str., 65); vlasir55@gmail.com

Автор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет.
The author declares no conflict of interests.

2024-ж.01.02 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.06.03 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыккан (Revised)
2024-ж.07.03 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

Илимий макала Original article

УДК 347.77

# Ойлоп табуучулук жана жарыялоочулук активдүүлүктүн илимий жана жогорку билим берүү уюмдарынын ишмердигинин натыйжалары жөнүндө маалыматтарды берүүнүн түрү катары салыштырмалуу талдоо

**Мария Сергеевна Борисова**✉**, Сангаджи Сергеевич Горяев**
Өнөр жайлык менчиктин федералдык институту
✉c20@rupto.ru

**Аннотация:** изилдөөнүн актуалдуулугу жогорку билим берүү уюмдарынын жана илимий уюмдардын ишмердигинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн кайра кароо жана Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжалуулугун көрсөткүчтөрүн баалоонун улуттук системасын иштеп чыгуу менен шартталган. Максаты болуп аларды учурдагы мезгилде өзгөртүү боюнча сунуштарды кошумча берүүлөрсүз көрсөтүлгөн уюмдардын жарыялоочудук жана ойлоп табуучулук активдүүлүгүнүн салышмалуу анализин жүргүзүү жолу менен илимий жана жогорку билим берүү уюмдарынын ишмердигинин натыйжалары жөнүндө маалыматтарды берүүнүн ыкмаларынын трендин аныктоо саналат. Изилдөө жогорку билим берүү уюмдары жана илимий уюмдар тарабынан ойлоп табууга берилген билдирмелердин жана жарыяланган илимий макалалардын саны жөнүндө статистикалык маалыматтардын салыштырмалуу анализи методу менен жүргүзүлгөн. Жаңычылдыгы статистикалык маалыматтарды бөлүп алуу үчүн илимий жана жогорку билим берүү уюмдарын тандап алуу методологиясы менен мүнөздөлөт. Салыштырмалуу анализ жүргүзүүнүн натыйжасында ойлоп табууга патент алууга билдирмелерди берүүгө макалаларды жарыялоо менен акырберүү ыкмасын өзгөртүү тенденциясы аныкталган. Алынган натыйжалар илимий жана жогорку билим берүү уюмдарынын өлкөнүн технологиялык суверенитетин камсыздоо маселелерине жетүү контекстинде илимий жана жогорку билим берүү уюмдарынын ишмердигинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнүн трансформациясын талкуулоого катышкан эксперттердин кеңири чөйрөсү үчүн кызыкчылык жаратат. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын берүү тенденциялары жөнүндө маалыматтар алынган, ошондой эле илимий жана жогорку билим берүү уюмдарынын ишмердигинин натыйжалуулугунун интегралдык көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу үчүн мыйзамдарды актуалдаштырууну эске алуу менен андан ары изилдөөлөрдү улантуу зарылдыгы жөнүндө тыянактар жасалат.
**Олуттуу сөздөр:** патент алууга билдирме, илимий макала, изилдөөнүн натыйжаларын берүү, жогорку билимдин билим берүү уюму, илимий уюм.
**Цитаталоо үчүн:** Борисова М. С., Горяев С. С. Сопоставительный анализ изобретательской и публи кационной активности как форм представления сведений о результатах деятельности научных и об разовательных организаций высшего образования // Вестник ФИПС. 2024. Т. 3 № 2 (8). С. 148 –158.

# Comparative analysis of inventive and publication activity as forms of reporting on the results of scientific and educational organizations of higher education

**Mariya S. Borisova**✉**, Sangadzhi S. Goryaev**
Federal Institute of Industrial Property
✉c20@rupto.ru

**© Борисова М.С., Горяев С.С., 2024**

**Abstract:** the relevance of the study is conditioned by the revision of performance indicators of educational organizations of higher education and scientific organizations and the development of the National System of Research and Development Performance Assessment. The aim is to identify the trend of ways in the presentation of the data of activity results of scientific organizations and educational organizations of higher education by conducting a comparative analysis of the dynamics of publication and inventive activity of these organizations without additional submission of proposals for their change at the current stage. The research was conducted by the method of comparative analysis of statistical data on the number of patent applications and published scientific articles by educational organizations of higher education and scientific organizations as ways of presenting the results of scientific research. The novelty is characterized by the methodology of selection of scientific organizations and educational organizations of higher education and their performance indicators for the extraction of statistical data. As a result of the comparative analysis, the tendency of changing the way of presenting the data of results of scientific research in recent years from the publication of articles to the filing of applications for patents for invention is revealed. The results obtained are of interest to a wide range of experts involved in the discussion of the transformation of performance indicators of scientific organizations and educational organizations of higher education in the context of achieving the objectives of ensuring technological sovereignty of the country.

**As** a result of the conducted research, information on the trends in the presentation of the results of scientific research is obtained, and conclusions are drawn about the need to continue further research, taking into account the updating of legislation to develop integrated performance indicators of scientific and educational organizations.

**Keywords:** patent application, scientific article, presentation of research results, educational organization, scientific organization

**For citation:** Mariya S. Borisova, Sangadzhi S. Goryaev, Comparative analysis of inventive and publication activity as forms of reporting on the results of scientific and educational organizations of higher education// Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2(8). P. 148 –158.

## Киришүү

Жарыялоочулук активдүүлүк россиялык илим үчүн ондогон жылдар аралыгында олуттуу критерийлердин бири болуп саналат. Россия Федерациясынын өкмөтүнүн төрагасынын орун басары Дмитрий Чернышенконун тапшырмасына ылайык, Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжалуулугун баалоонун улуттук системасын иштеп чыгуу боюнча иш жүргүзүлүүдө. Мисалыр, 2022-жылы «Илим жана университеттер» улуттук долбоору боюнча коомдук-эксперттик кеңештин аянтчасында Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжалуулугун баалоонун улуттук системасын түзүүгө арналган талкуу болдуо[1]. Дискуссиянын жүрүшүндө окумуштууларда федералдык долбоорлорду жана программаларды, илимий изилдөөлөргө мамлекеттик тапшырмаларды аткарууда Web of Science жана Scopus цитаталоо системасына камтылган чет элдик илимий басылмаларда жарыялоолордун болушуна талапты кайра кароо, ошондой эле изилдөөлөрдүн натыйжаларынын өнөр жайда пайдаланылуу деңгээли, патенттик активдүүлүк, бизнес-компаниялар менен биргелешкен изилдөөлөрдүн болушу сыяктуу көрсөткүчтөрдүн ролун жогорулатуу сунушталган.

> РИАнын президентинин пикири боюнча, жарыялоочулук активдүүлүк баалоонун олуттуу критерийи катарында кемчиликке ээ, ал анын өлкөнүн бүт мейкиндигинде системалуу өз ара аракеттенүүсүнө өбөлгө түзө албагандыгында турат.

2022-жылы Россиянын Билим, илим министрлигинин Ведомстволор аралык жумушчу тобу тарабынан кадыр-барктуу илимий басылмаларды тандоо жүргүзүлгөн жана тизмеси («Ак тизме») бекитилген, ал Web of Science жана Scopus[2] маалыматтар базасында индексациялануучу журналдарга альтернатива катарында илимий уюмдардын (жамааттардын) натыйжалуулугун баалоо үчүн пайдаланылмакчы.

2014-жылы Россия илимдер академиясынын (мындан ары – РИА) президенти Г. Я. Красников «Парламентская газета»га интервью берген, анда РИА керектүүлүк критерийин киргизүүнүн үстүнөн иштеп жатканын билдирди,

[1] Эксперты обсудили создание Национальной системы оценки результативности научных исследований и разработок // Министерство науки и высшего образования Российской Федерации: сайт. – URL: https://minobrnauki.gov.ru/press-center/news/novostiministerstva/48219/ (дата обращения: 12.02.2024).

[2] Утвержден «Белый список» научных журналов // Российская академия наук: сайт. – URL: https://new.ras.ru/activities/news/utverzhden-belyyspisok-nauchnykh-zhurnalov/ (дата обращения: 17.02.2024).

ал илимий натыйжаларды баалоого принципиалдуу башка мамилени билдирет.

Өз кезегинде аны киргизүүнүн үстүнөн РИА иштеп жаткан керектүүлүк критерийи илимий натыйжаларды баалоого принципиалдуу башка мамилени билдирет жана институттар ортосундагы, ошондой эле колдонмо жана фундаменталдуу илимдердин ортосунда кооперацияны калыбына келтирүүгө жардам берет жана бирдиктүү бүтүн ландшафтты түзүүгө жакындатат[3].

### Патенттерди берүүгө илимий макалалар жана билдирмелер илимий ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоонун көрсөткүчтөрү катарында

Россия Федерациясынын өкмөтүнүн 2009-ж. 8-апрелиндеги «Жарандык арналыштагы илимий-изилдөө, тажрыйбалык-конструктордук жана технологиялык иштерди аткарып жатышкан илимий уюмдардын ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо жана мониторингдөө жөнүндө» №312 токтомун аткаруу менен Россиянын Билим, илим министрлиги тарабынан 05.03.2014. жарандык арналыштагы илимий-изилдөө, тажрыйбалык-конструктордук жана технологиялык иштерди аткарып жатышкан илимий уюмдардын ишмердигинин натыйжалыгын баалоо методикасын (мындан ары – Методика) камтыган №161[4] буйрук чыгарылган.

Илимий уюмдардын ишмердигинин натыйжалыгын баалоо методикасынын 4-п. ылайык, ошондой эле алардын курамы Россиянын Билим, илим министрлигинин 2014-жылдын 5-мартындагы №162[5] буйругу менен бекитилген илимий уюмдардын ишмердигинин натыйжалуулугун баалоонун көрсөткүчтөрүн салыштыруунун негизинде эксперттик анализ төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугу жана керектүүлүгү;
- кадрдык потенциалды өнүктүрүү;
- дүйнөлүк илимий мейкиндикке интеграция, илимий билимдерди жайылтуу жана илимдин кадыр-баркын жогорулатуу;
- илимий уюмдун ишмердигин ресурстук камсыздоо.

> Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалыгы жана керектүүлүгү уюмдун илимий цитаталоонун россиялык жана эл аралык маалыматтык талдоо системаларында индексациялануучу жарыялоолорунун саны менен да бааланат.

Илимий уюмдардын ишмердигинин көрсөткүчтөрү (баалоонун багыттары) Россиянын Билим, илим министрлигинин 2014-жылдын 5-мартындагы №162 буйругунун «Мониториң жана баалоо максатында берилүүчү жарандык багыттагы илимий-изилдөөчүлүк, тажрыйбалык-конструктордук жана технологиялык багыттагы иштерди аткаруучу илимий уюмдардын ишмердиигинин натыйжалары жөнүндө маалыматтардын курамы» №3 тиркемесинде көрсөтүлгөн.

Изилдөөлөрдүн натыйжалары кийин кайтаруу документин алуу менен макала же патент алууга билдирме түрүндө таризделе алат.

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалуулугу жана керектүүлүгү бир нече көрсөткүчтөр, анын ичинде, уюмдун илимий цитаталоонун россиялык жана эл аралык маалыматтык аналитикалык системаларында индексациялануучу жарыялоолорунун саны жана интеллектуалдык ишмердиктин түзүлгөн натыйжаларынын саны менен да бааланат.

Уюмдун ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө маалыматтардын негизинде 0,25[6] коэффициенти менен, илимий кызматкерлердин жана профессордук-окутуучулук курамдын санына келтирилген илимий жарыялоолордун формасы катарында да, ошондой эле патенттик билдирмелердин формасы катарында да, ар кандай формада билдирилген натыйжаларды өзүнө камтыган көрсөткүчтөр боюнча мамлекеттик тапшырмалар алкагында иштерди аткарууга федералдык бүжеттен субсидиялардын өлчөмү аныкталат.

[3] Президент РАН Геннадий Красников – о прорывных направлениях развития отечественной науки // Российская академия наук: сайт. – URL: https://new.ras.ru/activities/news/prezident-ran-gennadiy-krasnikov-oproryvnykh-napravleniyakh-razvitiya-otechestvennoy-nauki/ (дата обращения: 11.01.2024).

[4] Приказ Минобрнауки России от 05.03.2014 № 161 «Об утверждении типового положения о комиссии по оценке результативности деятельности научных организаций, выполняющих научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения, и типовой методики оценки результативности деятельности научных организаций, выполняющих научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения».

[5] Приказ Минобрнауки России от 05.03.2014 № 162 «Об утверждении порядка предоставления научными организациями, выполняющими научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения, сведений о результатах их деятельности и порядка подтверждения указанных сведений федеральными органами исполнительной власти в целях мониторинга, порядка предоставления научными организациями, выполняющими научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения, сведений о результатах их деятельности в целях оценки, а также состава сведений о результатах деятельности научных организаций, выполняющих научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения, предоставляемых в целях мониторинга и оценки».

[6] Порядок определения размера субсидии из федерального бюджета на финансовое обеспечение выполнения работ в сфере науки в рамках государственных заданий образовательных организаций высшего образования, находящихся в ведении Министерства образования и науки Российской Федерации, в 2017 году (утв. Минобрнауки России 09.01.2017).

Илимий шериктештикте макалаларды илимий журналдарда жарыялоо аркылуу илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын берүүнүн кемчиликтерине карата дискуссия жүргүзүлүүдө. «Вестник Российской академии наук» журналында 2018-жылы РИАнын мүчө-корреспонденти А. И. Иванчик менен академик А. Н. Паршиндин илимий изилдөөлөдү жарыялоочулук активдүүлүк аркылуу баалоо жөнүндө комментарийи чыккан. Алардын пикири боюнча, жарыялоочулук активдүүлүктүн көрсөткүчү ар кайсы илимий дисциплиналардын өзгөчөлүгүн эске албоочу, илимий мекемелердин мамтапшырманы аткаруусунун формалдуу критерийи болуп саналат, жана, өз кезегинде, илимий изилдөөлөрдүн сапатынын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. показатель публикационной активности явля ется формальным критерием [1, 2]. «Синергия» университетинин адам ресурстарын башкаруу кафедарсынын башчысы Алавердов А. Р. өз макаласында илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжалуулугун жарыялоочулук активдүүлүк критерийинин жардамы менен баалоо терс натыйжага ээ, себеби «!натыйжалуу контракттын» көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат жана профессордук-окутуучулук курамдын эмгек акысынын деңгээлине таасир этет. Мына ошентипм, жарыялоочулук активдүүлүк боюнча көрсөткүчтөрдү аткарбоо эмгек акынын төмөндөтүлүшүнө алып келшии мүмкүн[3]. 2022-жылы «Российская газетанын» электрондук порталында Россия Федерациясынын өкмөтүнө караштуу Финансы университетинин президенти М. А.Эскиндаровдун макаласы жарыяланган. Анда окумуштуулар макалаларды басып чыгаруу процессиндеги бет келиши мүмкүн болгон татаалдыктар каралган[7]. М. А.Эскиндаров белгилеген кемчиликтердин арасында басууга кабыл алынган макалалар жарыялоо үчүн өз кезегин күтүп жатып калышы мүмкүндүгү белгиленет, себеби, журнал макалалардын чектелген санын гана жарыялайт. Мына ошентип, макалада берилген изилдөөлөрдүн натыйжалары өз актуалдуулугун жоготуп коюушу мүмкүн.

Жарыялоочулук активдүүлүк менен катар жогорку билим берүүнүн илимий жана билим берүүчү уюмдары инновациялык процесстин активдүү катышуучулары да болуп саналышат жана ар жылы өздөрү иштеп чыгышкан техникалык чечимдерге патент алууга билдирмелерди беришет, алар да жарыяланат жана ойлоп табуучулук активдүүлүгүнүн коэффициентин эсептөөдө эске алынат.

Россия Федерациясынын Жарандык кодексинин жоболоруна ылайык, макала автордук укуктун объектиси болуп саналат, демек, авторлордун өзгөчө укугу мындай чыгарманы түзүү учурунда келип чыгат. Ошол эле учурда ойлоп табууга укуктун келип чыгышы үчүн аны мамлекеттик каттоо талап кылынат, аны алуу максатында авторлор өзүнүн техникалык чечими жөнүндө маалыматты ачыкташат. Мында ушундай маалыматты камтыган билдирме тиешелүү реестрлерде жарыяланат.

Авторлор тарабынан анча чоң эмес изилдөө жүргүзүү, анын алкагында 2012 – 2022-жылдар аралыгындагы ойлоп табуучулук (салттуу түрдө ойлоп табууларга берилген билдирмелердин саны аркылуу аныкталуучу) жана жарыялоочулук активдүүлүктүн динамикасынын салыштырмалуу анализин жасоо чечими кабыл алынган. Бул изилдөөнүн алкагында авторлор тарабынан илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары жөнүндө маалыматтарды берүү системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максаты коюлбаган. Изилдөөнүн максаты жогоруда аталган динамиканы салыштырууда, ошондой эле жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары (ЖББУ) жана илимий уюмдар (ИУ) тарабынан алынуучу патенттердин көпчүлүгү үч жылдан көп эмес аракеттенери жөнүндө гипотезаны текшерүүдө турган.

Көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн авторлор техникалык багытталган макалаларды издөөгө жана андан ары аффилиациясынын негизинде ЖББУ жана ИУ авторлорун аныктоо методикасын колдонушкан. Уюмдардын алынган тизмеси боюнча ӨМФИнин издөө базаларында алардын билдирме ээлери тандалып алынган уюмдар болгон ойлоп табууга патент алууга билдирмелер боюнча издөө ишке ашырылган.

Анализ жүргүзүү үчүн илимий жарыялоолор жөнүндө маалыматтарды камтуучу маалыматтар базасын – биринчи кезекте эл аралык же россиялык илимий метриялык базалардын арасынан аныктоо зарыл болгон.

Ар кандай рефераттык базалардын бардыгын эске алуу менен, ошентсе да каралган мезгилдеги окумуштуулар арасындагы белгилүүлүгүнөн, ошондой эле россиялык уюмдар үчүн Web of Science жеткиликтүүлүк шартынын жокутугунан улам авторлор россиялык окумуштуулардын жарыялоолорун издөө максаты үчүн Scopus эл аралык илим метриялык база менен гана чектелүү чечимин кабыл алышты.

Эл аралык илим метриялык маалымттар базалары менен индексацияланууучу журналдарга жарыялоого пландалган макала сыяктуу эле, патент да ойлоп табууга патент да белгилүү бир курамдык элементтерди камтыйт.

Ар бир журнал жарыяланууучу макаланы тариздөө боюнча аткарууга милдеттүү болгон өзүнүн талаптарына койгон шарттарга карабастан, Илимий редакторлордун жана басуучулардын ассоциациясы тарабынан эл аралык илим метриялык маалыматтар базасында индексацияланууучу журналдарда илимий макалаларды тдаярдоо жана ариздөө боюнча методикалык рекомендациялар иштелип чыккан, алар алардын платформаларында жайгаштырылган[8].

Методикалык рекомендацияларда илимий макалага негизги элементтердин өзгөчөлүктөрү жана негизги талаптар кеңири каралган, макалалар менен иштөөдө аларды кармануу зарыл:

- макаланын аталышы (Title);

---

[7] Нужен ли российским ученым индекс цитирования в зарубежных журналах // Российская газета: сайт. – URL: https://rg.ru/2022/03/07/nuzhen-li-rossijskim-uchenym-indeks-citirovaniia-v-zarubezhnyh-zhurnalah.html (дата обращения: 11.03.2024).

[8] Методические рекомендации по подготовке и оформлению научных статей в журналах, индексируемых в международных наукометрических базах данных // Ассоциация научных редакторов и издателей; под общ. ред. О. В. Кирилловой. – М.: 2017. – 144 с.

**1-таблица**
**Макаланын элементтерин жана ойлоп табууга патент алуу билдирмесин салыштыруу**

| Илимий макаланын негизги элементтери | Ойлоп табууга патент алуу билдирмесиндеги маалыматтардын курамы |
|---|---|
| Макаланын баш аты (Title) | Ойлоп табуунун аталышы |
| **Авторлордун фамилиялары** (Byline) | **Ойлоп табуунун автору (авторлору) жөнүндө маалыматтар: фамилиясы, аты, атасынын аты (эгерде болсо), автор (авторлор) анын аты (алардын аттары) аталышынан баш тартпаган (баш тарткан) учурда,** өлкөнүн коду (өлкөлөрдүн коддору), анын (алардын) жашаган жери |
| Аффилиация (Affiliation)<br>автордун иштеген жери;<br>изилдөөлөр өткөрүлгөн уюмдар | Билдирүүчү (билдирүүчүлөр) жөнүндө маалыматтар: фамилиясы, аты, атасынын аты (эгерде болсо), юридикалык жактын толук аталышы, өлкөнүн коду (өлкөлөрдүн коддору), анын (алардын) жашаган дареги, иш жүзүндө жашаган жери |
| Аннотация (Abstract) (реферат).<br>Негизги теманын мүнөздөмөсүн, объекттин көйгөйүн, изилдөөнүн максаттарын, негизги ыкмаларды, изилдөөнүн натыйжаларын жана башкы тыянактарын камтыйт.<br>Аннотацияда темасы жана максаты жакын болгон башка эмгектерге караганда **дал ушул илимий макала эмнеси менен жаңычыл** экендигин белгилеп кетүү керек | Ойлоп табуунун формуласы:<br>• ойлоп табуунун формуласы бүт бойдон аны баяндап жазууга негизделиши керек;<br>• ойлоп табуунун формуласы анын техникалык чечим катары маани-маңызын анык көрсөтүүгө тийиш, же башкача айтканда, орчундуу белгилеринин топтому, анын ичинде билдирүүчү көрсөткөн техникалык көйгөйдү чечүүгө жетиштүү болгон жана ойлоп табууну жүзөгө ашырууда техникалык натыйжа алууда ойлоп табуунун көздөгөн максатын чагылдырчу тектик түшүнүктү камтыган техникалык чечимди даана ачып көрсөтүүгө тийиш;<br>• аталган формула **ойлоп табууну прототиптен ажырата көрсөткөн** белгилерди кошкон айырмалоочу бөлүктү камтыйт |
| Негизги жоболор (Highlights)<br>**Изилдөөнүн чечүүчү натыйжаларын,** макаланын тезистер катары баяндалган жана белги коюлган тизменин 3-5 пункттары түрүндө жасалгаланган негизги мазмунун чагылдырат | Орус жана англис тилдериндеги реферат ойлоп табуунун аталышын, техниканын ал тийиштүү болгон чөйрөсүн жана (же) аталышынан эле түшүнүктүү болбосо, аны колдонуу тармагы, чече турган техникалык көйгөйдү жана ойлоп табууну жүзөгө ашырууда алына турган техникалык натыйжаны көрсөткөн анын маани-маңызы камтылган **ойлоп табуунун баяндамасынын кыскача түшүндүрмөсү** болуп саналат |
| Эреже катары, төмөндөгү төрт кичи бөлүктөрдөн турган киришүү (Introduction):<br>1. Изилдөөгө байланыштуу болгон көйгөйдүн баяндамасы;<br>2. Изилдөөгө байланыштуу болгон адабияттын жалпылап баяндоосу;<br>3. Көйгөйдөгү белгисиз «ак тактарды» же али жасала элек жагдайларды баяндоо;<br>4. Изилдөөнүн максатынын жана маселелеринин аныктамасын түзүү | Орус жана англис тилдериндеги реферат ойлоп табуунун аталышын, техниканын ал тийиштүү болгон чөйрөсүн жана (же) аталышынан эле түшүнүктүү болбосо, аны колдонуу тармагы, **чече турган техникалык көйгөйдү жана ойлоп табууну жүзөгө ашырууда алына турган техникалык натыйжаны көрсөткөн анын маани-маңызы** камтылган ойлоп табуунун баяндамасынын кыскача түшүндүрмөсү болуп саналат |
| Ыкмалар жана материалдар (Methods and Materials)<br>Натыйжаларды алуу үчүн пайдаланылган ыкмалар баяндалат. Адатынча адегенде тажрыйбанын /изилдөөнүн жалпы схемасы берилет да, андан соң алар **ар бир жөндөмдүү адис макаланын текстин гана пайдаланып көз алдына келтире алгыдай** болуп майда-чүйдөсү менен баяндап жазылат | Ойлоп табуунун маани-маңызын, адис тарабынанн техниканын дал ушул чөйрөсүндө ойлоп табуу жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү болгон толуктук менен ачып берген баяндамасы |
| **Натыйжалар** (Results)<br>Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган тажрыйбалык же теориялык маалыматтар келтирилет | Ойлоп табуу баяндала турган «Ойлоп табуунун маани-маңызын ачып берүү» бөлүгүндө маалыматтар техниканын дал ушул чөйрөсүндөгү адис тарабынан **ойлоп табуу жүзөгө ашырылышы үчүн жетиштүү болгон толуктук менен; өнүмгө же ыкка тийиштүү болгон, ойлоп табуучу тарабынан чечилген техникалык көйгөйдү, техникалык натыйжаны жана техникалык чечим катары ойлоп табуунун маани-маңызын** өнүмгө же ыкка тиешеси бар, анын ичинде ошол өнүмдү же ыкты белгилүү багытта колдонууга тиешелүү болгон техникалык чечим катары ачып көрсөтөт |
| **Пайдаланылган маалымат булактардын тизмеси** (References) | Ойлоп табууну баяндоого чакталган «Техника деңгээли» **бөлүгүндө техниканын мурдагы** деңгээлинен алынган маалыматтар, анын арасында билдирүүчүгө белгилүү болгон аналогдор келтирилет – башкача айтканда, бул өзүнүн белгилеринин жыйындысы боюнча ойлоп табуунун орчундуу белгилерине эң эле жакын болгондугунан аналог катары ажырата бөлүнгөн нерсе (прототип). |

**Маалымат булагы:** авторлор тарабынан түзүлгөн

```
df[df["Заявитель"].str.find(str.upper("молекулярной биологии и биофизики"))>-1]['Заявитель'].value_counts()[:60]

ФЕДЕРАЛЬНОЕ ГОСУДАРСТВЕННОЕ БЮДЖЕТНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИЙ ИНСТИТУТ МОЛЕКУЛЯРНОЙ БИОЛОГИИ И БИОФИЗИКИ СИБИРСКОГО
ОТДЕЛЕНИЯ РОССИЙСКОЙ АКАДЕМИИ МЕДИЦИНСКИХ НАУК (ФГБУ НИИМББ СО РАМН)        3
ФЕДЕРАЛЬНОЕ ГОСУДАРСТВЕННОЕ БЮДЖЕТНОЕ НАУЧНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИЙ ИНСТИТУТ МОЛЕКУЛЯРНОЙ БИОЛОГИИ И БИОФИЗИКИ (Н
ИИМББ)                                                                       1
ФЕДЕРАЛЬНОЕ ГОСУДАРСТВЕННОЕ БЮДЖЕТНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИЙ ИНСТИТУТ МОЛЕКУЛЯРНОЙ БИОЛОГИИ И БИОФИЗИКИ СИБИРСКОГО
ОТДЕЛЕНИЯ РОССИЙСКОЙ АКАДЕМИИ МЕДИЦИНСКИХ НАУК (ФГБУ НИИМББ СО РАМН),RU,    1
```

**1-сүрөт**

**«Молекулярдык биологиянын жана биофизиканын» сөз айкашы боюнча уюмдун аталышын издөөнүн мисалы**

- авторлордун фамилиялары (Byline); • аффилиация (Affiliation);
- негизги теманын мүнөздөмөсүн, объектинин проблемаларын, изилдөөнүн максатын, негизги методдорун, изилдөөнүн натыйжаларын жана башкы тыянактарды камтыган аннотацияны (Abstract);
- олуттуу сөздөр (Keywords);
- негизги жоболор (Highlights);
- киришүү (Introduction), ал, адатта, төрт бөлүмчөлөрдөн турат:

1. Изилдөө байланышкан проблеманын сүрөттөлүшү;
2. Изилдөө менен байланышкан адабияттардын топтому;
3. Проблемада ак тактарды, же азырынча жасала электи сүрөттөө;
4. Изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин калыптоо.

- ыкмалар жана материалдар (Methods and Materials);
- натыйжалар (Results);
- талкуулоо (Discussion);
- корутунду (Conclusion);
- ыраазылык (Acknowledgements);
- пайдаланылган булактардын тизмеси (References).

Роспатенттин расмий бюллетенинде жарыяланууучу ойлоп табууга патент алууга маалыматтардын курамы Россиянын Экономикалык өнүктүрүү министрлигинин буйругу менен бекитилген[9].

ДМаалыматтарды визуалдаштыруу үчүн авторлор тарабынан таблица түзүлгөн, анда макаланын мазмуну боюнча окшош элементтери жана ойлоп табууга патент алууга билдирме салыштырылган.

Мына ошентип, макаланын материалдарынын да, патент алууга билдирменин да жалпы негизги элементтери болуп жаңычылдык, билдирме менен болгон учурда изилдөөнүн олуттуу натыйжалары, сүрөттөө, адис текстти пайдалануу менен, ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жана чечилген проблеманы ачуучу натыйжаларды/маалыматтарды кайра чыгара/ишке ашыра алышы үчүн толук өлчөмдө ачылган олуттуу натыйжалары саналат.

1-таблицада берилген салыштыруу эл аралык илим метриялык базаны тандоону кошумча түшүндүрүүгө багытталган.

Билим берүүчү жана илимий уюмдарды тандап алуу төмөнкү принцип боюнча жүргүзүлгөн.

Жарыялоолор боюнча маалыматтарды тандоо үчүн билим берүү жана илимий уюмдардын жалпы санынан гуманитардык багыттагы уюмдарды чыгарып салуу үчүн ОЭСР 2 «Техника жана технологиялар» коду боюнча жарыялоолор тандалып алынган.

> Макаланын да, ошондой эле патент алууга билдирменин да жалпы негизги элементтери болуп изилдөөнүн жаңычылдыгы, олуттуу натыйжалары же ойлоп табуунун маңызы саналат.

Уюмдарды издөө Scopus 2012-жылдан 2022-жылга чейинки аралыктагы рецензияланууучу илимий адабияттардын маалыматтарынын бирдиктүү библиографиялык жана реферативдик базасында тандалып алынган автор(лор)дун аффилиациясы жөнүндө маалыматка ылайык жүргүзүлгөн. Бирок, издөөдө бир жарыялоо макаланы кош авторлукта басууда эки уюм тарабынан эсептелип калышы мүмкүндүгүнө байланыштуу кемчиликтер келип чыгышы мүмкүндүгүн эске алуу керек. Ошондой эле илмимй шериктештиктин өкүлдөрүндө маалыматтардын бибилиографиялык базаларында проблемалардын бири болуп окумуштуунун индентификациясынын бирдей мааниге ээ эместиги саналаары пикири бар[4]. авторлорлун ысымдарын орус тилинен англис тилине көчүрүүдө жазууда варианттар болушу мүмкүн.

Натыйжада, уюмдардын уюштурууучулук-укуктук формасын эске алуу менен жогорку билим берүүчү уюмдардын жана илимий уюмдардын тизмеси алынды, алар боюнча берилген билдирмелердин саны жөнүндө издөө жүргүзүлдү.

Андан аркы анализге жаткан маалыматтарды тандап алуу жана тексттик форматта түшүрүү үчүн ойлоп табууларды каттоого билдирмелер боюнча UniVerse СУБД каражаттары менен башкарылуучу «Маалыматтардын

---

[9] Приказ Минэкономразвития России от 21.02.2023 № 107 «О государственной регистрации изобретений» (вместе с «Правилами составления, подачи и рассмотрения документов, являющихся основанием для совершения юридически значимых действий по государственной регистрации изобретений», «Требованиями к документам заявки на выдачу патента на изобретение», «Порядком проведения информационного поиска в отношении заявленного изобретения при проведении экспертизы по существу по заявке на выдачу патента на изобретение и представления отчета о нем», «Порядком публикации отчета об информационном поиске в отношении заявленного изобретения»).

автоматташтырылган банкы» (мындан ары – МАБ) системасынын маалыматтар базасы пайдаланылды.

Жазууларды тандап алуу «билдирменин түшкөн датасы», «билдирменин тиби» (өнөр жайлык менчиктин объектисинин тиби) талаалары боюнча жүргүзүлдү. Жазууларды тандап алуу билдирмелердин түшүүсүнүн жылдары (2012–2022) жана өнөр жайлык менчиктин объектилерини типтери боюнча жүргүзүлдү.

Баштапкы маалыматтарды алдын-ала иштетүү жана ылайыктуу билдирмелерди издөө үчүн Python программалоо тили, атап айтканда, Pandas китепканасы (маалыматтардын анализи үчүн тиркелген китепкана) пайдаланылды.

«find» ички функциясынын жардамы менен бардык ылайыктуу билдирмелер менен патенттерди издөө жүргүзүлдү, а «value_counts ()» функциясынын жардамы менен уюмдун аталышынын бардык мүмкүн болуучу жазылышы чыгарылды (мисал 1-сүрөттө).

Баштапкы маалыматтардан аны изилдөөгө жаткан уюмдардын тизмесин камтыган жыйынтык таблицага айлантуу үчүн Excel форматындагы атайын көмөкчү таблица түзүлгөн.

Бул үчүн көбүрөөк ылайыктуу натыйжаларды алуу үчүн оптималдуу сөздөр/сөз айкаштыра тандалып алынган.

Мисалы, «Улуттук изилдөөчү Томск политехникалык университети» уюмун издөөдө бул уюмда билдирменин аталышынын варианттарынын көп саны бар экени аныкталган. Текшерүүдөн кийин аталыштын бардык варианттары дал келери түшүнүктүү болду, мына ошондуктан таблицада «Жаңы аталыш» мамычасы түзүлдү, анда уюмдун расмий аталышы жазылды.

Мындай ыкма менен тандалып алынган уюмдардын бардык билдирмелери табылды жана «loc» функциясынын жардамы менен «Жаңы аталыш» атрибуту толтурулду. Андан кийин бардык маалыматтар Excel форматына жүктөлдү жана топтомо таблица түзүлдү.

Издөөнү ишке ашырууда билдирмеде көрсөтүлгөн биринчи билдирме ээси боюнча билдирмелер гана чагылдырылганын эске алуу керек. Билдирме белгиленген уюмдардын тизмесинен эки уюм тарабынан берилген учурда экинчи болуп көрсөтүлгөн билдирмее ээси статистикада эске алынган жок.

Натыйжада ойлоп табууга патент алууга берилген билдирмелердин саны жөнүндө маалыматтар чогултулду. Салыштырма талдоо 472 илимий жана билим берүүчү уюмдар боюнча жүргүзүлдү. Билдирмелердин саны жөнүндө маалыматтар 2-таблицада келтирилген. Ага кошумча үстүдөгү жылдагы билдирмелердин санынын өткөн жылдагыга салыштырмалуу өсүшүнүн же кемишинин эсеби ишке ашырылган.

Алынган статистикалык маалыматтардын негизинде билдирмелердин динамикасын визуалдоочу график түзүлгөн (2-сүрөт).

3-таблицада Scopusтун илим метриялык базасында индексацияланууучу макалалардын саны жөнүндө билим берүүчү жана илимий уюмдардын 2012-жылдан 2022-жылга чейинки аралыктагы макалаларынын саны жөнүндө маалымат келтирилген.

Билим берүүчү жана илимиий уюмдардын жарыялоочулук жана ойлоп табуучулук активдүүлүгү жөнүндө алынган маалыматтардын негизинде түзүлгөн графиктер (2- жана 3-сүрөттөр), төмөнкүлөрдү көрсөтүп турат

2016-жылга чейин жарыялоолордо олуттуу өсүш байкалат (18%дан 34%га чейин), а 2017-жылы өсүш болгону 4,5%ды, 2018-жылы – 24,5%ды, 2019 жана 2020-жылдары – тиешелүү түрдө 8,54% жана 10,12%ды түзгөн. 2020-жылдан

**2-таблица**

2012-2022-жылдар аралыгында жогорку билим берүү жана илимий уюмдар ойлоп табуу патентин алууга берген билдирмелердин саны

| Жыл | Билдирмелер саны | Мурунку жылга салыштырмалуу өзгөрүүлөр, % |
|---|---|---|
| 2012 | 4839 | – |
| 2013 | 4955 | +2,40 |
| 2014 | 4743 | -4,28 |
| 2015 | 5310 | +11,95 |
| 2016 | 5439 | +2,43 |
| 2017 | 4922 | -9,51 |
| 2018 | 5232 | +6,30 |
| 2019 | 5336 | +1,99 |
| 2020 | 5051 | -5,34 |
| 2021 | 5506 | +9,01 |
| 2022 | 5912 | +7,37 |

**Маалымат булагы:** авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн

**3-таблица**

2012-2022-жылдар аралыгында билим берүү жана илимий уюмдардын жарыялоолорунун саны

| Жыл | Жарыялоолор саны | Мурунку жылга салыштырмалуу өзгөрүүлөр, % |
|---|---|---|
| 2012 | 11207 | – |
| 2013 | 13270 | +18,41 |
| 2014 | 17821 | +34,30 |
| 2015 | 21784 | +22,24 |
| 2016 | 28401 | +30,38 |
| 2017 | 29679 | +4,50 |
| 2018 | 36950 | +24,50 |
| 2019 | 40106 | +8,54 |
| 2020 | 44164 | +10,12 |
| 2021 | 38660 | -12,46 |
| 2022 | 37120 | -3,98 |

**Маалымат булагы:** авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн




**2-сүрөт**
**2012-2022-жылдар аралыгында билим берүү жана илимий уюмдар ойлоп табууга патент алуу үчүн билдирмелерди беришинин динамикасы (авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн)**




**3-сүрөт**
**2012-2022-жылдар аралыгында билим берүү жана илимий уюмдардын жарыялоолор чөйрөсүндөгү активдигинин динамикасы (авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн)**

кийин жарыялоочулук активдүүлүктүн динамикасы төмөндөй баштайт – 2021-жылы 12,46 %га жана 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча – 3,98 %ды түзгөн.

Билдирмелерге карата башкача кырдаал: 2020-жылга чейинки мезгилде билдирмелердин бирдей эмес келип түшүүсү байкалат, ал эми 2020-жылдан кийин берилген билдирмелердин санынын туруктуу өсүшү жүрөт. Билдирмелердин эң көп саны 2015–2016-жылдары берилген, андан кийин 2018–2019-жылдары, 2020-жылы төмөндөө жүргөн, а 2021–2022-жылдары берилген билдирмелердин санынын олуттуу өсүшү белгиленет – тиешелүү түрдө 9,01 % жана 7,37 %.

Билдирмелердин санынын жарыялоолордун санына катышын эсептөөдө төмөнкү маалымат алынды. Эгерде 2012-жылы билдирмелер жарыялоолордун санынан болжолдуу 43 %ды түзсө, 2020-жылы – 11 %ды түзгөн. Мына ошентип, изилдөөлөрдүн натыйжалары катарында макалаларды жарыялоонун басымдуулугу байкалат. Илимий макалаларды жарыялоонун өсүшүнүн себептери катары илимий жана билим берүү уюмдарынын жарыялоочулук активдүүлүктү жогорулатууга талабынын болушун эсептөөгө болот, ал Россия Федерациясынын Президентинин Жарлыктарында («Билим берүү жана илим тармагындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө




**4-сүрөт**

**Билим берүү жана илимий уюмдар биргелешип 3 жыл жана андан узак мезгил бою күчүндө кармап колдоп турган патенттердин саны (авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн)**

**4-таблица**

**2012-2022-жылдар аралыгында ай сайын берилип турган билдирмелердин саны**

| Жыл | Билдирмелер саны | Жыл | Билдирмелер саны |
|---|---|---|---|
| Январь | 4170 | Июль | 7792 |
| Февраль | 5586 | Август | 4461 |
| Март | 8099 | Сентябрь | 4372 |
| Апрель | 7318 | Октябрь | 6367 |
| Май | 6288 | Ноябрь | 7203 |
| Июнь | 7391 | Декабрь | 12027 |

**Маалымат булагы:** авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн

ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» 7.05.2012 № 599), Россия Федерациясынын Мамлекеттик программаларында («Илимди жана технологияларды өнүктүрүү», Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 20.12.2012 № 2433-р буйругу; «2013–2020-жылдарда илимди жана технологияларды өнүктүрүү», Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 15.04.2014 № 301 токтому; «Россия Федерациясын илимий технологиялык өнүктүрүү», Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 29.03.2019 № 377 токтому), «Илим» улуттук долбоорунда (Россия Федерациясынын Президентине караштуу Стратегиялык өнүктүрүү жана улуттук долбоорлор боюнча кеңештин президиуму тарабынан бекитилген паспорт, 2018-ж.24.12 протокол) [5].

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын «Илимдер тармагы» (Web of Science) жана Scopus маалыматтар базаларында индексацияланууучу дүйнөлүк илимий журналдарда жарыялоо талабы жогорку билим берүү уюмдарына мамлекеттик тапшырманы түзүүнүн алкагында да коюлат[10].

Интеллектуалдык ишмердиктин жыйынтыгы натыйжалыкты баалоо системасында жогору эмес позицияларды ээлеп турган убакта, илимий жана билим берүү уюмдарынын негизги көңүлү кызматкерлердин жарыялоочулук активдүүлүгүнө кантролго жана кубаттоого бөлүнүүдө [6]. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөөчүлүк ишинин натыйжалуулугунун критерийи болуп жарыялоочулук активдүүлүк калууда, ал «Натыйжалуу контракттын» көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат жана эмгек акынын деңгээлине таасир этет.

Ойлоп табуучулук активдүүлүктүн анализине кошумча билим берүү жана илим уюмдары тарабынан берилген билдирмелердин айлар боюнча саны боюнча издөө ишке ашырылган. 4-таблицада издөөнүн натыйжалары берилген.

Билдирмелердин максималдуу саны уюмдар тарабынан декабрда берилери аныкталган, ал, албетте, милдеттүү отчеттуулукту, мамлекеттик каттоону берүү менен байланышкан, билим берүү уюмдарынын ишмердигинин мониторингине[11] жана илимий

[10] Положение о формировании государственного задания образовательным организациям высшего образования, подведомственным Минобрнауки России, в сфере научной деятельности (утв. Министерством образования и науки РФ 2 декабря 2013 г. № АП-25/14вн) // СПС КонсультантПлюс (дата обращения: 02.02.2024).

[11] Приказ Министерства образования и науки Российской Федерацииот 3 августа 2012 г. № 583 «О проведении мониторинга деятельности федеральных государственных образовательных учреждений высшего профессионального образования».




**5-сүрөт**
**3 жыл жана андан узак мөөнөттө жогорку билим берүү уюмдары (ЖББУ) жана илимий уюмдар (ИУ) колдоп күчүндө кармап турган патенттердин саны (авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн)**

уюмдардын ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо методикасына[12] кирет.

Бул гипотезаны төмөнкүлөр тастыктайт. Изилдениилүүчү мезгилдин алкагына кошумча уюмдардын 3 жыл жана андан узак мөөнөттө колдоп күчүндө кармап турган патенттеринин саны жөнүндө статистикалык маалыматтар топтолгон.

Жалпысынан изилденүүчү 472 уюмдун ичинен 3 жылдан ашуун аракеттеги патенттер 433 уюмда болгон (223 – ЖББУ жана 210 – ИУ). Ошентип, изилденүүчү мезгилде бул уюмдар тарабынан 900 билдирме берилсе да 35 уюм патенттерди 3 жылдан ашуун күчүндө кармап колдобойт.

5-таблицада мындай патенттердин саны жөнүндө статистикалык маалыматтар берилген.

4- жана 5-сүрөттөрдөн көрүп турганыбыздай, 2016-жылы күчүндө колдоп турулган патенттендин санынын төмөндөшү белгиленген, ошондой эле төмөндөө тенденциясы 2019 – 2022-жылдар аралыгында да. 5-сүрөттө да билим берүү уюмдарынын 3 жылдан ашуун күчүндө колдоп турулган патенттеринин саны илимий уюмдардын патенттеринин санынан олуттуу ашык.

**5-таблица**
**3 жыл жана андан узак мезгил бою күчүндө болуп колдонулуп турган патенттердин саны**

| Жыл | 3 жыл жана андан узак мезгил бою аракетте болгон патенттердин саны, бардыгы болуп | ЖББУ | ИУ |
|---|---|---|---|
| 2012 | 2420 | 1481 | 939 |
| 2013 | 2632 | 1719 | 913 |
| 2014 | 3519 | 2390 | 1129 |
| 2015 | 3139 | 2063 | 1076 |
| 2016 | 2686 | 1892 | 794 |
| 2017 | 3617 | 2575 | 1042 |
| 2018 | 3526 | 2448 | 1078 |
| 2019 | 3658 | 2594 | 1064 |
| 2020 | 2933 | 1992 | 941 |
| 2021 | 2652 | 1835 | 817 |
| 2022 | 1265 | 951 | 314 |

**Маалымат булагы:** авторлор тарабынан статистикалык маалыматтардын негизинде түзүлгөн

## Корутунду

На основании данных, полученных в ходе проведения сопоставительного анализа динамики подачи заявок на получение патента на изобретение и публикационной активности образовательных и научных организаций, можно сделать вывод об увеличении количества заявок на получение патента.

Такая тенденция может быть связана с ограничением применения требований по наличию публикаций в изданиях, индексируемых в международных базах данных Web of Science и Scopus, установленным

[12] Приказ Министерства образования и науки Российской Федерации от 05.03.2014 № 161 «Об утверждении типового положения о комиссии по оценке результативности деятельности научных организаций, выполняющих научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения, и типовой методики оценки результативности деятельности научных организаций, выполняющих научно-исследовательские, опытно-конструкторские и технологические работы гражданского назначения».

Постановлением Правительства Российской Федерации от 19.03.2022 № 414[13] токтому жана Федерациясынын Өкмөтүнүн 19.09.2022 № 1655[14] токтому менен белгиленген маалыматтардын Web of Science жана Scopus эл аралык базаларында жарыялоонун саны боюнча талаптарды колдонууну чектөө менен байланышкан болушу мүмкүн.

Уюм тарабынан берилген билдирмелердин жана алынган патенттердин санын эсепке алуу бир катар артыкчылыктарга ээ:

- билдирмени кароо мөөнөтү ал бир жылдан ашуунга жетиши мүмкүн болгон макаланы рецензиялоо жана жарыялоо процедурасынан өтүү мезгилине караганда аз. Басууга кабыл алынган макалалар жарыялоо үчүн кезегин күтүп калышы мүмкүн, себеби, журнал макалалардын чектелген санын жарыялайт. Мына ошентип, макалаларда берилген изилдөөлөрдүн натыйжалары актуалдуулугун жоготушу мүмкүн. Өз кезегинде, билдирмени кароонун орточо узактыгы 2022-жылы 4,2 айды түзгөн;
- кароонун жыйынтыгы менен алынган патентти түзүлүш же ыкма өзү кайтарат;
- патент кайтаруу документи катарында иштелип чыккан техникалык чечимдин дүйнөлүк жаңычылдыгын, ойлоп табуучулук деңгээлин жана өнөр жайлык колдонуучулугун гана тастыктабастан, ойлоп табууга өзгөчө укукту да берет

Патент ээси өзүнүн ойлоп табуусу жөнүндө маалыматты гана ачпастан, өзчө укукту тескей алусунан улам кошумча киреше, мисалы, лицензиялык келишим боюнча роялтинин бөлүгү катарында алуусу мүмкүн.

Мына ошентип, баяндалгандын негизинде жана интеллектуалдык менчик жаатындагы аракеттеги мыйзамдарды актуалдаштырууну эске алуу менен интегралдык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу жана өлкөнүн технологиялык суверенитетин камсыздоо маселелерине жетүү үчүн илимий жана билим берүү уюмдарынын ишмердигинин натыйжалуулугунун көрсөткүтөрүн изилдөөнү улантуу максатка ылайыктуу көрүнөт.

## Адабияттардын тизмеси


1. Иванчик, А. И. Особенности оценки исследователей и исследовательских программ в гуманитарных науках // М.: Вестник Российской академии наук. – 2018. – Т. 88, № 11. – С. 985–991. – DOI 10.31857/S086958730002331–2.
2. Паршин, А. Н. Наука или библиометрия: кто кого? // М.: Вестник Российской академии наук. – 2018. – т. 88, № 11. – С. 982–984. – URL: http://ras.jes.su/ rasherald/s207987840001532–4–1 (дата обращения: 12.03.2024).
3. Алавердов, А. Р. Публикационная активность преподавателей отечественной высшей школы и резервы ее повышения // Высшее образование в России. – 2019. – Т. 28, № 2. – С. 23–36. – DOI 10.31992/0869–3617–2019–28–2–23–36.
4. Дымкова, С. С. Наукометрические инструменты в оценке и управлении публикационной активностью научных организаций // Культура: теория и практика. – 2021. – № 5–6 (44–45). URL: https://cyberleninka.ru/article/n/naukometricheskie-instrumenty-v-otsenke i-upravlenii-publikatsionnoy-aktivnostyu-nauchnyh organizatsiy (дата обращения: 19.02.2024).
5. Вислый, А. И. Публикации и патенты как индикатор успеха научных и образовательных организаций в современных условиях / А. И. Вислый, М. С. Борисова // Интеллектуальная собственность для государства и человека: сборник докладов XXVII Международной научно-практической конференции Роспатента, Москва, 28–29 сентября 2023 года. – Москва: Федеральное государственное бюджетное учреждение «Федеральный институт промышленной собственности», 2023. – С. 19–23.
6. Неретин, О. П. Изучение способов представления результатов отечественных исследований и разработок / О. П. Неретин, Н. В. Лопатина // Вестник ФИПС. – 2022. – Т. 1, № 1. – С. 16-19.


## Авторлор жөнүндө маалымат


**Борисова Мария Сергеевна,** Бийлик органдары менен өз ара иш-аракеттенүү борборунун башкы адиси, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси, (Москва, Бережковская наб., 30-үй, 1-имарат); c20@rupto.ru

**Горяев Сангаджи Сергеевич,** талдоо материалдарын даярдоо секторунун талдоочусу, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат); goryaevss@rupto.ru


## Information about the authors


**Mariya S. Borisova,** Chief Specialist of the Center for Interaction with Authorities, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); c20@rupto.ru

**Sangadzhi S. Goryaev,** Analyst of the analytical materials preparation sector of the Analytical Center, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); goryaevss@rupto.ru



Авторлор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдиришет.
The authors declare no conflict of interests.

2024-ж.05.04 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.20.05 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыккан (Revised)
2024-ж.21.05 жарыялоого кабыл алынган (Accepted 2024


[13] Постановление Правительства Российской Федерации от 19.03.2022 № 414 «О некоторых вопросах применения требований и целевых значений показателей, связанных с публикационной активностью».

[14] Постановление Правительства Российской Федерации от 19.09.2022 № 1655 «О внесении изменения в абзац первый пункта 1 постановления Правительства Российской Федерации от 19 марта 2022 г. № 414».

# 2. ЧЕТ ЭЛДИК ТАЖРЫЙБА ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ

Илимий макала Original article

УДК 347.773.3

# Евразия аймагында өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун үндөштүрүлгөн жол-жобосун түзүү: себептери, артыкчылыктары

**Юлия Борисовна Грачева,**
Өнөр жай менчигинин федералдык институту
iuliia.gracheva@rupto.ru

**Аннотация:** макала Евразия аймагынын мамлекеттеринде өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо жол-жоболорунун ажырымдашуу проблематикасына арналган. Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик мыйзамдарынын негизги жоболорунун салыштырмалуу талдоосу жүргүзүлгөн, мыйзамдардагы кээ бир айырмачылыктары сүрөттүү келтирилген. Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо жол-жоболорундагы ажырымдашууларды жеңүү боюнча тажрыйба көрсөтүлүү менен патенттик чет элдик ведомстволордун ортосундагы дүйнөлүк тажрыйбанын талдоосу жүргүзүлгөн. Евразия аймагында өнөр жай дизайнына укуктарды алуу чөйрөсүндө айырмачылыктарды жеңүү боюнча чечүү жолдору сунушталат. Дүйнөлүк тажрыйбанын талдоосунда негизделген олуттуу сунуш болуп, өнөр жайлык үлгүлөргө укуктук кайтаруу берүү жол-жоболорун үндөшдүрүүгө жетишүү максатында Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволорун бириктирүү саналат. Иштин илимий жаңылыгы евразиялык мейкиндикте өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун үндөштүрүлгөн жол-жоболорун түзүүнү сунуштоодо турат. Мындай үндөштүрүлгөн түзүм ведомстволор жана билдирме ээлери үчүн укуктук процесстерди оптималдаштырууга жана жөнөкөйлөтүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле билдирме берүүчүлөр үчүн өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун жагымдуулугун жогорулатууга өбөлгө түзмөкчү. Патенттик ведомстволордун үндөштүрүүнүн оптималдуу механизмдерин издөөдөгү кызматташуусу олуттуу натыйжаларга жетишүүгө мүмкүндүк берет. Бул сунуш Евразия аймагынын мамлекеттеринин ведомстволоруна, ошондой эле үндөштүрүүгө жетишүүгө кызыкдар бардык тараптарга даректелген.

**Олуттуу сөздөр:** өнөр жайлык үлгү, интеллектуалдык менчик, укуктук сактоо, патент, өнөр жайлык үлгүгө укук, өнөр жайлык үлгүнү каттоо, үндөштүрүү, Евразия аймагы, ID5.
**Цитаталоо үчүн:** Грачева Ю. Б. Евразия аймагында өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун үндөштүрүлгөн жол-жобосун түзүү: себептери, артыкчылыктары // Вестник ФИПС. – 2024. – Т. 3, № 2 (8). – Б. 160 –168.
**Ыраазылык:** макала ӨЖМФИнин «Евразия аймагында өнөр жайлык менчик чөйрөсүндө бирдиктүү эксперттик-маалыматтык мейкиндикти калыптандыруунун уюштуруучулук-укуктук жагдайлары» илимий-изилдөө ишинин материалдары боюнча даярдалган.

# Creation of a harmonized procedure for registration of industrial designs in the Eurasian region: reasons, advantages

**Yuliya B. Gracheva,**
Federal Institute of Industrial Property
iuliia.gracheva@rupto.ru

**Abstract:** the article is devoted to problematic issues of discrepancies of industrial design registration procedures in the states of the Eurasian region. A comparative analysis of the main provisions of patent laws of the states of the Eurasian region was carried out, some differences in patent laws are described. An analysis of the world experience of integration between patent foreign offices was carried out. The experience in overcoming discrepancies in the registration procedures for industrial designs was indicated. Solutions in overcoming differences in the field of obtaining industrial design rights in the Eurasian region are proposed. The key proposal based on the analysis of world experience is unification

© Грачева Ю.Б., 2024

of patent offices of the states of the Eurasian region in order to achieve harmonization of procedures for grant of legal protection to industrial designs. The scientific novelty of the work includes a proposal to create a harmonized procedure for registration of industrial designs in the Eurasian region. That harmonized structure will optimize and simplify legal processes for patent offices and applicants and will facilitate increase the attractiveness of registration of industrial designs for applicants. Significant results will be obtained with the cooperation of patent offices in the search for optimal harmonization mechanisms. This proposal is addressed to the patent offices of the states of the Eurasian region, as well as to all persons interested in achieving harmonization.
**Keywords:** industrial design, intellectual property, legal protection, patent, industrial design rights, industrial design registration, harmonization, Eurasian region, ID5.
**For citation:** Yuliya B. Gracheva, Creation of a harmonized procedure for registration of industrial designs in the Eurasian region: reasons, advantages // Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 160 –168.
**Acknowledgements:** The article is based on the materials of the research work of FIPS «Organizational and legal aspects of the formation of a unified expert information space in the field of industrial property in the Eurasian region».

Өнөр жайлык үлгү интеллектуалдык менчиктин объекти болуп саналат, ал буюмдун тышкы түрүнө укуктук кайтарууну берет. Россия Федерациясынын Жарандык кодексине ылайык, өнөр жайлык үлгү катарында өнөр жайлык же кустардык-кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдарынын тышкы түрүнүн чечими кайтарылат[1], башкача айтканда, өнөр жайлык үлгү буюмдун дизайнына кайтарууну берет жана анын техникалык мүнөздөмөлөрүн кайтарбайт[2].

Өз товарларын ийгиликтүү коммерциялаштыруу жана сатып өткөрүү максатында өндүрүшчүлөр пайдалануудагы ыңгайлуулук менен айкалышта керектөөчүлөр үчүн адаттан тыш жана жагымдуу дизайнга ээ продукцияны түзүүгө умтулушат. Өзгөчөлөнгөн тышкы көрүнүш анын ичинде, буюмдун эргономикалык өзгөчөлүктөрү менен да шартталган болушу мүмкүн, алар ар кандай продукцияга аны пайдаланууда ыңгайлуулуктарды сезүүнү жана пайдалануучулардын керектөөлөрүн канааттандырууну берет[3].

Укуктук кайтаруу ээлерине продукцияны пайдаланууга, аны өндүрүүгө, сатууга, экспорттоого өзгөче укук берүү менен өнөр жайлык үлгүлөргө өз укуктарын сактоого мүмкүндүк берет. Ээлеринин укуктарын коргоодон тышкары өнөр жай укуктарын кайтаруу керектөөчүлөргө да, жалпысынан коомго да бир катар артыкчылыктарды берет, себеби, чыгармачылыктын жана инновациялардын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Буюмдардын уникалдуу дизайнынан улам, продукциянын керектөөчүлөр үчүн жагымдуулугу жогорулайт, алар, өз кезегинде, алар алган продукциянын рынокто белгилүү бир репутацияга ээ компания тарабынан өндүрүлгөнүнө ишеним алышат. Өнөр жайлык үлгүлөр компаниянын баалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт, себеби, анын брендинин маанилүү жана ажырагыс бөлүгү болуп кала алат, ал продукциянын рыноктук наркына

> Интеллектуалдык менчиктин бардык объекттериндей эле, тигил же бул продукциянын уникалдуу дизайны өнөр жайлык үлгүгө укукту алуу жолу менен, эгерде ушундай аракеттер коммерциялык максатта көрүлсө, анда санкцияланбаган көчүрүүдөн же имитациядан коргоо керек[1].

жана тиешелүү түрдө анын сатып өткөрүлүшүнө жана өтүмдүүлүгүнө оң таасир берет. Мына ошентип, өнөр жайлык үлгүнүн ролу өлкөнүн экономикасында жана жалпысынан дүйнөлүк экономикада чоң мааниге ээ [2].

Кайсы бир продукцияга өзгөчө укукка ээ болуу жана аны өз өлкөсүнүн территориясында же чет өлкөдө рынокто ийгиликтүү сатып өткөрүү үчүн талаптагыдай укуктук кайтарууну териздөө керек. Бирок, көптөгөн юрисдикцияларда өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедуралары олуттуу айырмаланат. Мисалы, Африкалык интеллектуалдык менчик боюнча уюмда, ошондой эле Албания, Белиз, Босния жана Герцеговина, Греция, Монако, Сан-Марино сыяктуу өлкөлөрдө укуктук кайтаруу каттоо жолу менен берилет, мында экспертиза иш жүзүндө жүргүзүлбөйт. Ошол эле учурда бир катар өлкөлөрдө, мисалы, Евразиялык аймактын мамлекеттеринде (Беларусь Республикасын кошпогондо), Корея Республикасында, Америка Кошмо Штаттарында, Японияда, ошондой эле Россия Федерациясында иш жүзүндө экспертиза жүргүзүлөт[4].

[1] П. 1 ст. 1352 Гражданского кодекса Российской Федерации.
[2] П. 5 ст. 1352 Гражданского кодекса Российской Федерации.
[3] Всемирная организация интеллектуальной собственности: офиц. сайт. URL: https://www.wipo.int/designs/ru/ (дата обращения: 16.08.2023).
[4] ВОИС, Информация о членах Гаагской системы (HAGUE SYSTEM MEMBER PROFILES): офиц. сайт. URL: https://www.wipo.int/hague/memberprofiles/selectmember (дата обращения: 05.04.2023).

Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедурасы ар кайсы өлкөлөрдө олуттуу айырмачылыктарга ээ болгондуктан, сөзсүз, ээси бир эле адам болгон өнөр жайлык үлгүгө бир юрисдикцияда укуктур кайтарууну берген, а башкасында баш тарткан кырдаалдар келип чыгышы мүмкүн, ал, албетте, билдирме ээлери тарабынан эч болбогондо түшүнбөөчүлүктү жаратышы мүмкүн

Евразия аймагынын өлкөлөрүндө, атап айтканда, Армения Республикасында [5], Азербайжан Республикасында[6], Беларусь Республикасында[7], Казакстан Республикасында[8], Кыргыз Республикасында[9], Тажикстан Республикасында[10], Түркмөнстанда[11], ошондой эле Россия Федерациямында[12] өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөө процедурасы жалпысынан окшош. Беларусь Республикасын кошпогондо, аталган бардык мамлекеттерде[13], өнөр жайлык үлгүлөргө билдирмелер боюнча иш жүзүндө экспертиза жүргүзүлөт. Евразия аймагынын жогору көрсөтүлгөн мамлекеттеринде өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөө жол-жоболорунда окшош учурлар болуп төмөнкүлөр саналат: кайтаруу документинин тиби, кайтаруу документинин аракетинин башталышы, өнөр жайлык үлгүнүн укуктук кайтарылышынын көлөмү.

Евразия аймагынын бардык көрсөтүлгөн мамлекеттеринде патенттик ведомстволор өнөр жайлык үлгүгө билдирме боюнча оң чечим кабыл алган учурда патент беришет, анын аракетинин башталышы өнөр жайлык үлгүгө билдирме берүү датасынан эсептелет, патент өнөр жайлык үлгүнүн сүрөттөлүшүшүнүн алкагында укуктук кайтаруунун көлөмүн тастыктайт.

Бирок, Евразиялык аймактын көрсөтүлгөн мамлекеттеринде өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөө жол-жобосун жакындан кароодо олуттуу айырмачылыктар аныкталат. Мындай айырмачылыктар мисалы, пайдаланылуучу мөөнөттөрдө байкалат, атап айтканда: патенттин аракет мөөнөтүндө жана патенттин аракетинин узартууда, өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачуу учурунан билдирмени берүүгө чейинки жеңилдетилген мөөнөттө, конвенциялык приоритетти сурап калган учурда приоритеттүү документтерди берүү мөөнөтө, экспертизанын аракети, ведомствонун чечимине каршы пикирда берүү мөөнөттөрүндө, өнөр жайлык үлгүгө патентти талашуу үчүн мөөнөттө.

Жеңилдетилген мезгилдин мөөнөтү Россия Федерациясынын, Армения Республикасынын мыйзамдарына ылайык, 12 ай, ошол эле учурда Азербайжан Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикистан Республикасынын, Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык, жеңилдетилген мезгил азыркы учурда 6 айды түзөт.

Конвенциялык сурап алуу учурунда приоритеттүү документтерди берүү мөөнөтү Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарына ылайык да айырмаланат. Мисалы, Россия Федерациясынын жана Тажикистан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, приоритеттүү документти берүү мөөнөтү билдирменин берилүү датасынан 3 айды түзөт. Кыргыз Республикасынын жана Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык, приоритеттхх документтерди ьерүү мөөнөтү билдирменин берилүү датасынан 4 айды түзөт, мында Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бул мөөнөт билдирменин берилүү датасынан 6 айды түзөт. Белгилеп коюу керек, Армения Республикасынын, Азербайжан Республикасынын жана Беларусь Республикасынын мыйзамдарына ылайык, конвенциялык приоритеттүү сурап алууда приоритеттүү документтерди берүү талап кылынбайт. Ошондой эле Евразия аймагынын көрсөтүлгөн мамлекеттеринен бир да ведомство ИМБДУнун Эл

[5] Офис интеллектуальной собственности Министерства экономики Республики Армения: офиц. сайт. Нормативные документы: Закон Республики Армения «О промышленном дизайне» от 03.03.2021 г. № НО-109-N. URL: https://aipo.am/ru/pages/show/legislative-acts, Порядок получения патента. URL: https://aipo.am/ru/pages/show/procedure-forobtaining-a-license1 (дата обращения: 15.05.2023).

[6] Закон Азербайджанской Республики «О патентах» (с изменениями, внесенными по состоянию на 20.10.2009 г.) // ВОИС, База данных WIPOLex: офиц. сайт. URL: https://www.wipo.int/wipolex/en/legislation/details/9184 (дата обращения: 18.05.2023).

[7] Патентный закон Республики Беларусь от 16.12.2002 г. № 160-З // Национальный центр интеллектуальной собственности Республики Беларусь: офиц. сайт. URL: https://www.ncip.by/upload/doc/2020/Izob_mobel_obraz/1.pdf (дата обращения: 15.05.2023).

[8] Патентный закон Республики Казахстан от 16.07.1999 г. № 427 // Национальный институт интеллектуальной собственности Республики Казахстан, Нормативные документы: офиц. сайт. URL: http://zan.gov.kz/client/#!/doc/3771/rus (дата обращения: 15.05.2023).

[9] Гражданский кодекс Кыргызской Республики, часть II, раздел V Интеллектуальная собственность, гл. 56 Право на промышленную собственность (право на изобретение, полезную модель, промышленный образец) // Государственное агентство интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете министров Кыргызской Республики: офиц. сайт. URL: http://patent.gov.kg/?page_id=4287 (дата обращения: 17.05.2023).

[10] Закон Республики Таджикистан от 28.02.2004 г. № 16 «О промышленных образцах» (в редакции Закона от 03.07.2012 г. № 856) // ВОИС, База данных WIPOLex: офиц. сайт. URL: https://www.wipo.int/wipolex/ru/legislation/details/14291 (дата обращения: 19.05.2023).

[11] Закон Туркменистана от 04.11.2017 года № 630-V «О правовой охране промышленных образцов» // ВОИС, База данных WIPOLex: офиц. сайт.URL: https://www.wipo.int/wipolex/ru/legislation/details/20207 (датаобращения: 19.05.2023).

[12] ФИПС, раздел «Промышленные образцы», подраздел «Нормативные документы»: офиц. сайт. URL: https://www.fips.ru/to-applicants/industrial-designs/promyshlennye-obraztsy-normativnye-dokumenty.php (дата обращения: 12.05.2023).

[13] Ст. 24 Закона Республики Беларусь от 16.12.2002 г. № 160-З «О патентах на изобретения, полезные модели, промышленные образцы» // ВОИС, База данных WIPOLex: офиц. сайт. URL: https://wipolex-res.wipo.int/edocs/lexdocs/laws/ru/by/by173ru.pdf (дата обращения: 12.05.2023).

аралык бюросунун WIPO DAS приоритеттүү документтери менен алмашуу боюнча электрондук сервисинин катышуучусу болуп саналбай турганын да белгилеп кетүү керек.

Ведомствонун чечимине каршы пикир берүү үчүн мөөнөт Евразия аймагынын мамлекеттеринде айырмаланат жана 2 айдан (Азербайжан Республикасынын мыйзамдарына ылайык) 12 айга чейинки (Беларусь Республикасынын мыйзамдарына ылайык) мөөнөттү түзөт. Мында Россия Федерациясында бул мөөнөт 7 айды түзөт, ал эми Армения Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык – 3 ай, ошол эле учурда Тажикстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бул мөөнөт 4 айды түзөт.

Андан тышкары, экспертизанын аракет мөөнөттөрү Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарына ылайык, олуттуу айырмаланат. Азыркы учурга карата формалдуу экспертиза жүргүзүү мөөнөттөрү 3 иш күнүнөн (Армения Республикасынын мыйзамдарына ылайык) 3 айга чейин (Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык), ошол эле учурда Россия Федерациясында бул мөөнөт 2 айды түзөт. Маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү мөөнөтү 3 айдан (Армения Республикасында) 12 айга чейин (Россия Федерациясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген мөөнөт, ошол эле учурда Россия Федерациясынын мыйзамдарынан айырмаланып Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, маңызы боюнча экспертиза билдирме ээсинин өтүнүчү боюнча гана жүргүзүлөт).

Айырмачылыктар оппозиция процедурасынын, башкача айтканда, үчүнчү жактарга өнөр жай үлгүсүнө патент берүүгө каршы болуу билдирмени ведомстводо кароо стадиясында биротоло чечим кабыл алууга чейин берүү мүмкүнчүлүгү болушу да бардыгында. Мисалы, оппозиция процедурасы Армения Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык колдонулат. Айырмачылык өнөр жай үлгүсүнө патент берүүгө каршы пикирди жөнөтүү үчүн мөөнөттө гана болууда. Ошол эле учурда Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык азыркы учурда оппозиция процедурасы колдонулбайт [3].

> Евразия аймагынын өлкөлөрүндө, атап айтканда, Армения Республикасында, Азербайжан Республикасында, Беларусь Республикасында, Казакстан Республикасында, Кыргыз Республикасында, Тажикстан Республикасында, Түркмөнстанда, ошондой эле Россия Федерациямында өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөө процедурасы жалпысынан окшош.

> Бирок, Евразиялык аймактын көрсөтүлгөн мамлекеттеринде өнөр жайлык үлгүлөрдү патенттөө процедурасын жакындан кароодо олуттуу айырмачылыктар аныкталат.

Андан тышкары, Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарында суюк, газ түрүндөгү, чачылма же аларга окшош заттардан туруксуз формадагы объектилерди, архитектуранын объектилерин (чакан архитектуралык формалардан тышкары), өнөр жайлык, гидротехникалык жана башка стационардык курулмаларды, басма продукцияны укуктук кайтаруу бөлүгүндөгү олуттуу айырмачылыкты белгилеп кетүү керек. Мисалы, Россия Федерациясынын жана Армения Республикасынын мыйзамдарына ылайык, көрсөтүлгөн объектилерге укуктук кайтаруу берилет. Бирок, Азербайжан Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Түркмөнстандын мыйзамдарына ылайык, көрсөтүлгөн объектилерге укуктук кайтаруу берилбейт. Ошол эле учурда, Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, укуктук кайтаруу көрсөтүлгөн объектилерден басылма продукцияга гана берилет.

Катталбаган өнөр жайлык үлгүгө укуктук кайтарууну берүү мүмкүнчүлүгүнө келсек, Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарында бир түрдөгү мамиле жок. Армения Республикасынын[14] жана Казакстан Республикасынын[15], мыйзамдарына ылайык, катталбаган өнөр жайлык үлгүгө укуктук кайтаруу көрсөтүлгөн мамлекеттерде өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачуу датасынан, башкача айтканда, жарыялоо учурунан же өнөр жайлык үлгү көргөзмөдө коюлган, жарандык жүгүртүүгө киргизилген же дагы кандайдыр-бир ыкма менен ушул өлкөлөрдүн территорияларында элге ачыкталган учурдан 3 жыл аралыгында берилет. Бирок, бул учурда катталбаган өнөр жайлык үлгүгө укуктук кайтаруу каттоо процедурасыз жана кайтаруу документи берилүүсүз берилет. Өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи жолку ачуу датасынан жеңилдетилген мезгил аралыгында ээси, эгерде катталбаган

[14] Закон Республики Армения «О внесении изменений и дополнений в Закон Республики Армения «Об изобретениях, полезных моделях и промышленных образцах» от 21.03.2012 г., ст. 18 // Национальное собрание Республики Армения: офиц. сайт. URL: http://www.parliament.am/legislation.php?sel=show&ID=4519&lang=rus (дата обращения:18.05.2023).

[15] Патентный закон Республики Казахстан от 16.07.1999 г. № 427, ст. 34–1 // Национальный институт интеллектуальной собственности Республики Казахстан. Нормативные документы: офиц. сайт. URL:http://zan.gov.kz/client/#!/doc/3771/rus (дата обращения: 18.05.2023).

өнөр жайлык үлгүгө билдирме бербөө чечимин кабыл алса да, мындай өнөр жайлык үлгү Армения Республикасынын же Казакстан Республикасынын территорияларында ал мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык, ал жөнүндө маалыматты биринчи ачуу датасынан 3 жыл аралыгында кайтарылат. Ушундай эле Европа союзунда катталбаган өнөр жайлык үлгүгө кайтаруу берүү практикасы колдонулат (Unregistered Community design) [4]. Мындай практика Европа союзунда 2002-жылдын 6-мартынан баштап аракетте. Катталбаган өнөр жайлык үлгүнү кайтаруунун алкагында ээси өз продукциясын көчүрмөлөөдөн коргоого ээ жана аны пайдаланууга тоскоол болууга укуктуу. Эгерде катталбаган өнөр жайлык үлгүнү санкцияланбаган көчүрмөлөө орун алса, кандайдыр-бир талаштар келип чыкса, мындай өнөр жай үлгүсүнүн ээси өзүнүн укугун соттук тартипте коргоого укуктуу. бирок, бул учурда биринчи ачыктоонун датасы жана орду көрсөтүлүү менен катталбаган өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачыктоо фактысын тастыктоочу маалыматтарды берүү талап кылынат[16].

Катталбаган өнөр жайлык үлгүнү кайтаруу практикасынын артыкчылыгы анын ээси продукциясын сатуу пайдалуулугун, ал керектөөчүлөрдө суроо-талапка ээ экендигин, пайда алып келээрин, мындай өнөр жайлык үлгүнү узак мөөнөттүү келечекте пайдалануу пайдалуу жана демек, аны укуктук кайтаруу алуу максатында ведомстводо каттоо керекпин текшерүү жана түшүнүү максатында рынокко алып чыгышы мүмкүндүгүндө турат [5].

Эгерде ээси продукция рынокто ийгиликтүү сатылып жатканына ынанса, ал тараптан мындай буюмду узак мөөнөттүү пайдалануу жөнүндө чечим кабыл алынышы мүмкүн. Мындай учурда өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачыктоо датасынан жеңилдетилген мезгил аралыгында өнөр жайлык үлгүнү каттоого билдирме берилиши мүмкүн. Европа союзунун мыйзамдарына ылайык, жеңилдетилген мезгил маалыматты алгачкы ачыктоо датасынан 12 айды түзөт[17]. Жогоруда белгиленгендей, жеңилдетилген мезгилдин ушундай эле мөөнөтү россиялык мыйзамдарга ылайык аракетте[18]. Эгерде өнөр жайлык үлгүнү каттоого билдирме бул мөөнөттөн кеч берилсе, өнөр жайлык үлгү жаңы болуп эсептелбейт. Өнөр жайлык үлгү Европа союзунун ведомствосунда ийгиликтүү катталган учурда укуктук кайтаруу мөөнөтү 5 жылды түзөт, бирок, бир нече жолу узартыла алат жана жалпысынан 25 жылдан көп эмес[19] (ушундай эле норма россиялык мыйзамдарда да аракетте)[20]. Эгерде продукцияны сатып өткөрүү өзүн актабаса жана ээси өнөр жайлык үлгүнү каттабоо чечимин кабыл алса, анткен менен, мындай өнөр жайлык үлгү Европа союзунун мыйзамдарына ылайык, ал жөнүндө маалымат биринчи жолу ачыкталган датадан 3 жыл аралыгында катталбаган өнөр жайлык үлгү катарында кайтарылат[6]. Ушундай практика Армения Республикасынын жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ал мамлекеттерде колдонулат. Россия Федерациясында, Азербайжан Республикасында, Беларусь Республикасында, Кыргыз Республикасында, Тажикстан Республикасында,Түркмөнстанда катталбаган өнөр жайлык үлгүнү кайтаруу практикасы колдонулбайт. Бирок, мындай практиканы колдонуу билдирме ээлери үчүн артыкчылык болуп саналаары айкын, мына ошондуктан аны Евразия аймагынын мамлекеттеринде киргизүү максатка ылайыктуу болуп саналат, аларда азыркы учурда мындай практика колдонулбайт.

> Катталбаган өнөр жайлык үлгүгө укуктук кайтарууну берүү мүмкүнчүлүгүнө келсек, Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарында бирдей түрдөгү мамиле жок

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, Евразия аймагынын мамлекеттеринин өнөр жайлык дизайн укуктук чөйрөсүндө бирдей түрдөгү мамилелер жок. Албетте, бир юрисдикцияда ошол эле бир объектилерге укуктук кайтаруу берилген, а башкасына берилбеген кырдаал, каалагандай боло албайт. Мында бир нече терс учурларды белгилеп коюу керек. Мындай практиканы колдонуу биринчи кезекте билдирме ээлеринин укуктарын бузууга алып келет, себеби, бир юрисдикцияда ээси өнөр жайлык үлгүгө укуктарды алат, а башка юрисдикцияда ошол эле өнөр жайлык үлгүгө билдирмени кароодо баш тартуу чечими кабыл алынат же мындай объект принцибинде катталууга жатпайт. Мунун баары билдирме ээлеринин өнөр жай үлгүлөрүнө укук алууну каалоосуна терс таасир этет, анткени алардын ведомстволору же башка юрисдикцияларда ийгиликтүү катталган объектилерге патент берүүдө баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алышат, же өз мыйзамдарына ылайык, башка юрисдикцияларда укуктук кайтаруу берилген объектилерди каттабайт. Мындай кырдаалдарды болтурбоо үчүн өнөр жай үлгүлөрүн патенттөө процедураларын үндөштүрүү жана алардын кайтарылуу жөндөмдүүлүгүн баалоодо колдонулуучу мамилелерди оптималдаштыруу максатка ылайык [7]. Евразия аймагынын мамлекеттеринде окшош укуктук процедураларды колдонуу жана бирдей түрдөгү методдорду пайдалануу пайдалануучулар үчүн өнөр жайлык

[16] Ведомство по интеллектуальной собственности Европейского союза (EUIPO), незарегистрированный дизайн Сообщества (Unregistered Community design): офиц. сайт. URL: https://euipo.europa.eu/ohimportal/en/unregistered-community-design (дата обращения: 17.08.2023).
[17] Ведомство по интеллектуальной собственности Европейского союза (EUIPO), незарегистрированный дизайн Сообщества (Unregistered Community design): офиц. сайт. URL: https://euipo.europa.eu/ohimportal/en/unregistered-community-design (дата обращения: 17.08.2023).
[18] П. 4 ст. 1352 Гражданского кодекса Российской Федерации.
[19] Ведомство по интеллектуальной собственности Европейского союза (EUIPO): офиц. сайт. URL: https://www.euipo.europa.eu/en/designs/after-applying/manage-my-application (дата обращения: 17.08.2023).
[20] Ст. 1363 Гражданского кодекса Российской Федерации.

үлгүлөргө укуктарды алуу процессинин жагымдуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөрүн жана олуттуу өлчөмдө кайсы гана өлкөгө болбосун өнөр жайлык үлгүгө билдирме берилбесин, кандайдыр-бир айырмачылыктарга ээ болсо да, эч болбогондо, мындай айырмачылыктар олуттуу эмес болот дегенден улам олуттуу өлчөмдө жөнөкөйлөтө турганын, бул учурдагы кырдаалда байкалып жатканын белгилеп коюу керек.

Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедураларын үндөштүрүүгө кандай түрдө жетишүүнү баалоо үчүн Евразия аймагынын чектеринен тышкары чет элдик патенттик ведомстволор ортосундагы интеграциянын дүйнөлүк анализи жүргүзүлгөн, ошондой эле өнөр жай үлгүлөрүнө укуктарды берүү процесстериндеги айырмачылыктарды жоюу боюнча дүйнөлүк тажрыйба изилденилген.

Пайдалануучулар үчүн өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды алуунун жагымдуулугун жогорулатуу максатында интеллектуалдык менчик боюнча көптөгөн дүйнөлүк ведомстволор өнөр жайлык үлгүлөргө укуктук кайтарууну берүү процедураларын оптималдаштырууга жана жөнөкөйлөтүүгө умтулушат. Бул үчүн ведомстволор өз алдыларына ар кайсы юрисдикцияларда өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды берүү процедураларын үндөштүрүү максатын коюу менен, өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процесстеринде бирдей түрдөгү мамилеге жетишүү боюнча активдүү иш жүргүзүшүүдө.

Мисалы, 2015-жылы Европа союзунун, Америка Кошмо Штаттарынын, Кытайдын, Япониянын жана Корея Республикасынын интеллектуалдык менчик боюнча ведомстволору өнөр жайлык үлгүлөрдүн ID5[21]. аталышындагы системасын түзүү максатында биригишти. Көрсөтүлгөн ведомстволор ID5 алкагында белгилүү бир максаттарга жетишүү үчүн тыгыз кызматташууда, атап айтканда: өнөр жайлык үлгүлөргө укуктук кайтарууну берүү процедурасын оптималдаштырууга жана жөнөкөйлөтүүгө, пайдалануучулар үчүн өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды алуунун жагымдуулугун жогорулатууга, ведомстволордун иш кагаздарын жүргүзүүсүнүн натыйжалуулугун жакшыртуу, ошондой эле пайдалануучулар тарабынан өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо максатында колдонулуучу системаларды өркүндөтүүгө жетишүү үчүн тыгыз кызматташа

Өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачуунун датасынан жеңилдетилген мезгил аралыгында ээси өнөр жайлык үлгүгө билдирме бербөө чечимин кабыл алган учурда, мындай өнөр жайлык үлгү ошентсе да Армения Республикасынын же Казакстан Республикасынын аймактарында, бул мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык, ал жөнүндө маалыматты алгачкы ачыктоо датасынан 3 жыл аралыгында кайтарылат. Евразия аймагынын мамлекеттеринин өнөр жайлык дизайнынын укуктук чөйрөсүндө бирдей түрдөгү мамилелер жок. Албетте, бир эле объектилерге бир юрисдикцияда укуктук кайтаруу берилип, ал эми экинчисинде берилбеген талаптагыдай боло албайт.

> Өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты биринчи ачуунун датасынан жеңилдетилген мезгил аралыгында ээси өнөр жайлык үлгүгө билдирме бербөө чечимин кабыл алган учурда, мындай өнөр жайлык үлгү ошентсе да Армения Республикасынын же Казакстан Республикасынын территорияларында, бул мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык, ал жөнүндө маалыматты алгачкы ачыктоо датасынан 3 жыл аралыгында кайтарылат.

Аталган ведомстволор, өнөр жай үлгүлөрүн коргоо шарттары аларга жагымдуу жана жол-жоболору ыңгайлуу болгондуктан, ID5 алкагында тыгыз кызматташып жатышат, ошондой эле өнөр жай үлгүлөрүн каттоо максатында пайдалануучулар колдонуп жаткан системаларды өркүндөтүү үчүн аракеттенүүдө[22]. Көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү үчүн ведомстволор ID5 системасынын алкагында биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгышат[23], өз ара жана пайдалануучулар менен активдүү өз ара алектенишет. Ар жылы байкоочу катарында ВОИСтин Эл аралык бюросунун катышуусунда ID5 катышуучу өлкөлөрдүн форумдары өткөрүлөт, аларда иштелип чыгып жаткан долбоорлор талкууланат жана аткарылган иштердин жыйынтыктары чыгарылат . Иштелип чыгып жаткан долбоорлор өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедураларындагы окшош учурларды жана айырмачылыктарды аныктоого багытталган. Айырмачылыктар аныкталган учурда ведомстволор каттоо процедурасында, өнөр жайлык үлгүлөрдүн кайтаруу жөндөмдүүлүн баалоодо колдонулуучу бирдей түрдөгү мамилелерди түзүү боюнча активдүү иш жүргүзүшөт.

Мисалы, башкалардын арасында төмөнкү долбоорлор иштелип чыккан:

- катышуучу ведомстволордун ишинин ачык-айрымдыгын жогорулатуу үчүн ID5 веб-сайтын иштеп чыгуу жана коштоо;
- • өнөр жайлык үлгүлөр боюнча статистикалык маалыматтарды алмашуу;
- • өнөр жайлык үлгүлөрдүн аталыштары бөлүгүндө тажрыйбанын салыштырмалуу анализи;

[21] ID5 по охране промышленных образцов: офиц. сайт. URL: http://id-five.org/about/intro/ (дата обращения: 20.04.2023).

[22] Пять ведущих патентных ведомств ID5 по охране промышленных образцов: офиц. сайт. URL: https://id-five.org/about/introduction/ (дата обращения: 20.04.2023).

[23] Программы взаимодействия в 2020–2021 гг. // ID5 по охране промышленных образцов: офиц. сайт. URL: http://id-five.org/projects/?f=recentproject (дата обращения: 20.04.2023).

- өнөр жайлык үлгүлөр үчүн талаптарды талдоо жана түзүү;
- катышуучу ведомстволор ортосунда приоритеттүү документтерди алмашууну изилдөө;
- катышуучу ведомстволор тарабынан өнөр жайлык үлгүлөр үчүн приоритеттүү укуктарды берүхүнү практикалык аспектилерин изилдөө;
- өнөр жайлык үлгүлөрдүн классификациясын жана аны колдонууну изилдөө;
- өнөр жайлык үлгүлөр үчүн жеңилдетилген мезгилди берүүнүн салыштырмалуу анализи (билдирме берүүчү тарабынан өнөр жайлык үлгү жөнүндө маалыматты алгачкы ачыктоодон кийин өнөр жайлык үлгүгө билдирме берүү мүмкүнчүлүгү);
- өнөр жайлык үлгүнүн кайсы бир бөлүгүнө укуктук кайтарууну алуу мүмкүнчүлүгү үчүн «бөлүктүк үлгү» (Partial Design) концепциясынын салыштырмалуу талдоосу;
- өнөр жайлык үлгүлөр тармагында жаңы технологияларга укуктук кайтаруу берүү тажрыйбасын изилдөө;
- өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук кайтарууну берүү тармагында маалыматтын патенттелбеген булактары бөлүгүндө ресурстарды изилдөө;
- анын жаңычылдыгы көз карашынан өнөр жайлык үлгүнүн патенттик жөндөмдүүлүгүн баалоо бөлүгүндө өнөр жайлык жөнүндө маалыматтарды мыйзамдуу ачыктоо катарында интернет маалыматты пайдалануунун алгылыктуулугун изилдөө;
- жарыялоону кийинкиге жылдыруу маселеси боюнча изилдөө;
- укуктук кайтаруунун аракетинин мөөнөтүн изилдөө;
- өнөр жайлык үлгүлөрдүн сүрөттөлүшүнө баяндоо жана талаптар боюнча пайдалануучулар үчүн маалыматтык нускаманы иштеп чыгуу.

ID5 катышуучу ведомстволор тажрыйба алмашуу жана мындай практикаларды улуттук процедураларда колдонуу максатында өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу чөйрөсүндө мыкты практикаларды аныктоону издөөдө бири-бири менен өз аракеттенишет.

> ID5 катышуучу ведомстволор тажрыйба алмашуу жана мындай практикаларды улуттук процедураларда колдонуу максатында өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу чөйрөсүндө мыкты практикаларды аныктоону издөөдө бири-бири менен өз аракеттенишет.

Ведомстволор өзгөчө көңүлдү пайдалануучулар менен өз ара аракеттенүүгө бөлүшөт, себеби, ID5 системасын түзүү укуктук процедураларды жөнөкөйлөтүү жолу менен биринчи кезекте пайдалануучулар үчүн өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоонун жагымдуулугун жогорулатууга багытталган. Бул жогоруда белгиленгендей, бизнес-шериктештик үчүн өнөр жайлык дизайндын олуттуулугун көбөйтүү менен шартталган. Ушуга байланыштуу ведомстволор өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедураларын жөнөкөйлөтүүгө гана эмес, ошондой эле өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоолордун санын көбөйтүүгө өбөлгө түзүүчү пайдалануучулар үчүн жагымдуураак жана ыңгайлуураак түзүүгө да умтулушат, ошондой эле өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу чөйрөсүндө болгон практикаларды жана процесстерди үндөштүрүүгө да умтулушат.

ID5 катышуучу өлкөлөрдүн кызматташтыгынын алкагында билдирме берүүчүлөр үчүн маалыматтык материалдар түзүлгөн, өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук коргоону алуу тармагында практикалык аракеттер боюнча рекомендациялар берилген. Анын ичинде катышуучу өлкөлөр ортосунда приоритеттүү документтерди алмашууну ишке ашыруу боюнча БДИМУнун Эл аралык бюросу менен кызматташтыкта өнөр жайлык үлгүлөр үчүн WIPO DAS электрондук сервиси боюнча маалымдамалык нускама даярдалган, ошондой эле Өнөр жайлык үлгүлөрдү эл аралык каттоо боюнча Өнөр жайлык үлгүлөрдү эл аралык каттоонун Гаага системасынын алкагында өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо боюнча рекомендациялар да даярдалган. ID5 катышуучу бардык ведомстволор БДИМУнун Эл аралык бюросунун WIPO DAS приоритеттүү документтер менен алмашуу боюнча электрондук сервисинин катышуучулары болуп саналаарын белгилеп коюу керек. Ошондой эле бардык катышуучу өлкөлөр Өнөр жайлык үлгүлөрдү эл аралык каттоонун Гаага системасынын катышуучулары да болуп саналышат. ID5катышуучулардын акыркысы болуп бул системага 2022-жылдын майында Кытай кошулду.

> Пайдалануучулар үчүн өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды алуунун жагымдуулугун жогорулатуу максатында интеллектуалдык менчик боюнча көптөгөн дүйнөлүк ведомстволор өнөр жайлык үлгүлөргө укуктук кайтарууну берүү процедураларын оптималдаштырууга жана жөнөкөйлөтүүгө умтулушат.

Көрсөтүлгөн ведомстволордун ID5 алкагындагы иши жөнүндө маалымат ID5 веб-сайтында жарыяланат[24], анда иштелип чыгып жаткан долбоорлор боюнча

[24] ID5 по охране промышленных образцов: офиц. сайт. URL: http://id-five.org/ (дата обращения: 20.04.2023).

маалыматтар жана жетишилген натыйжалар жөнүндө отчеттор да жеткиликтүү. Андан тышкары, бул сайт пайдалануучуларга ID5 катышуучу өлкөлөрдүн өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу тармагындагы улуттук мыйзамдары жөнүндө, классификациялоо, алымдарды төлөө жана башка зарыл маалыматтар жөнүндө англис тилинде тиешелүү маалыматты берет. Ошондой эле ID5 веб-сайтында катышуучу өлкөлөрдүн ведомстволорунун иши жөнүндө актуалдуу маалыматтар жарыяланат жана алардын веб-сайттарына мыйзамдык актыларга шилтемелер менен жеткиликтүүлүк жана башка маалыматтар. ID5 системасынын катышуучу ведомстволору өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды берүүдө бирдей түрдөгү мамилени түзүүгө кызыкдар болушкандыктан бул багыттагы иш активдүү улантылыууда. Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо процедураларында ажырымдарды жоюу боюнча изилденген дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарын өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук кайтаруу бөлүгүндө үндөштүрүү максатка ылайыктуудай көрүнөт[7]. Ушул максатта көбүрөөк натыйжалуу мамиле болуп ID5 окшоштуруп коалиция түзүү үчүн Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволорун бириктирүү саналат. Мындай кызматташуунун алкагында патенттик ведомстволор тарабынан төмөнкүлөргө багытталган биргелешкен ишти жүргүзүү болжолдонулат:

- өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук коргоонун үндөштүрүлгөн процедурасын түзүү;
- ведомстволор жана билдирме берүүчүлөр үчүн укуктук процесстерди жөнөкөйлөтүү;
- бирдей түрдөгү мамилелерди пайдалануу менен өнөр жайлык үлгүлөргө билдирмелерди кароо жана өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук коргоо каражаттарын берүү.

> Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоо жол-жоболорунда ажырымдарды жоюу боюнча изилденген дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарын өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук кайтаруу бөлүгүндө үндөштүрүү максатка ылайыктуудай көрүнөт. Ушул максатта көбүрөөк натыйжалуу мамиле болуп ID5 окшоштуруп коалиция түзүү үчүн Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволорун бириктирүү саналат.

Өнөр жайлык үлгүлөргө укуктук кайтарууну берүү процедураларын үндөштүрүү боюнча сунуштарды жана багыттамаларды Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволору менен бирге, бардык кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу менен иштеп чыгуу керек, аны ID5 катышуучу ведомстволор ишке ашырып жаткан өз ара аракеттенүүгө окшоштуруп, Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволорунун союзунун алкагында өз ара аракеттенүүдө ишке ашырууга мүмкүн. Мында ID5 алкагында өз ара аракеттенүүдөн алынышы мүмкүн болгон тажрыйба Евразиялык аймагынын мамлекеттери үчүн төмөнкүлөр болуп саналат: патенттик ведомстволордун мыкты практикаларды аныктоо жана андай практикаларды улуттук деңгээлде колдонуу боюнча тыгыз кызматташуу, колдонулуучу процедуралык мөөнөттөрдү үндөштүрүү, эл аралык жана аймактык системаларда катышуу (азыркы учурда Евразия аймагынын мамлекеттеринен Казакстан Республикасы гана Өнөр жайлык үлгүлөрдү эл аралык каттоонун Гаага системасынын катышуучусу болуп саналбайт, Өнөр жайлык үлгүлөрдү укуктук коргоонун евразиялык системасына Түркмөнстан кошулбаган).

> ID5 катышуучу ведомстволор тажрыйба алмашуу жана демек, мындай практикаларды улуттук процедураларда колдонуу максатында өнөр жайлык үлгүлөрдү кайтаруу чөйрөсүндө мыкты практикаларды аныктоону издөөдө бири-бири менен өз ара аракеттенген кырдаалдар келип чыгышы мүмкүн. Ушул максаттарда эң натыйжалуу мамиле болуп ID5 окшоштукта Евразия аймагынын мамлекеттеринин патенттик ведомстволорун бириктирүү саналат.

Ушундай үндөштүрүлгөн структураны түзүү жетишерлик эмгек сыйымдуу болуп саналат жана патенттик ведомстволор ортосундагы тыгыз кызматташууну жана өз ара аракеттенүүнү билдирет. Бирок, азыркы учурда Евразия аймагынын патенттик ведомстволорунун ортосунда жемиштүү өз ара аракеттенүү түзүлүп калды деп айтууга болот[8]. Ушуга байланыштуу Евразия аймагынын ведомстволорунун өнөр жайлык дизайн чөйрөсүндө үндөштүккө жетишүү боюнча укуктук механизм түзүү максатында кызматташуусу ийгилик менен аяктабай койбойт.

Албетте, продукция мындай өлкөдө өзгөчө укук менен корголбосо, ал аны сатып өткөрүүдө татаалдыктарга алып келет. Ушуга байланыштуу Евразия аймагынын мамлекеттеринин мыйзамдарын өнөр жайлык дизайнды укуктук кайтаруу бөлүгүндө ылайык келтирүү, өнөр жайлык үлгүлөргө укуктарды берүү жол-жобосун үндөштүрүү жана өнөр жайлык үлгүлөрдүн Евразиялык аймактын мамлекеттеринде патентке жөндөмдүүлүгүн баалоодо мамилелерди оптималдаштыруу максатка ылайыктуу көрүнөт.

## Булактардын тизмеси

1. Ивлиев, Г. П. Патентная информация – источник ценных знаний для реинжиниринга / Г. П. Ивлиев, Т. Н. Эриванцева // Право и цифровая экономика. – 2022. – № 3 (17). – С. 5–11. – DOI 10.17803/2618–8198.2022.17.3.005–011.
2. Михайликов, В. Л. Понятие и признаки промышленного образца / В. Л. Михайликов, А. А. Рябушенко // Научные ведомости Белгородского государственного университета. Серия: Философия. Социология. Право. – 2011. – № 14 (109). – С. 139–143.
3. Ивлиев, Г. П. О целесообразности введения в Российской Федерации процедуры оппозиции при регистрации промышленных образцов / Г. Ивлиев // Интеллектуальная собственность. Промышленная собственность. – 2020. – № 8. – С. 5–10.
4. Крюкова, А. И. Патентование «модных» промышленных образцов как панацея от инновационных рисков / А. И. Крюкова, М. С. Сущенко, Е. П. ¬Татаринова // Вестник Волжского университета им. В. Н. Татищева. – 2019. – Т. 1, № 2. – С. 114–121.
5. Богданова, Т. Д. Особенности правового режима промышленных образцов / Т. Д. Богданова // Гуманитарные, социально-экономические и общественные науки. – 2014. – № 12–2. – С. 20–23.
6. Николаева, М. С. Незарегистрированный промышленный образец ЕС: перспективы введения аналогичного режима в России / М. С. Николаева // Пробелы в российском законодательстве. – 2015. – № 5. – С. 82–87.
7. Ивлиев, Г. П. Обеспечение правовой охраны результатов интеллектуальной деятельности и коммерциализации прав на них в ЕАЭС / Г. П. Ивлиев, М. А. Егорова // Lex Russica (Русский закон). – 2021. – Т. 74, № 11 (180). – С. 9–16. – DOI 10.17803/1729–5920.2021.180.11.009–016.
8. Ивлиев, Г. П. Перспективы евразийской интеграции в сфере интеллектуальной собственности / Г. П. Ивлиев // Вестник ФИПС. – 2022. – Т. 1, № 1. – С. 20–23.

## Автор жөнүндө маалымат

**Юлия Борисовна Грачева,** эл аралык каттоо системалары бөлүмүнүн интеллектуалдык менчик боюнча жетектөөчү мамлекеттик эксперти, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат), ORCID https://orcid.org0000-0001-9810-4518; iuliia.gracheva@rupto.ru.

## Information about the author

**Yuliya B. Gracheva,** Leading State examiner on intellectual property of the International Registration Systems Division, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb. 30, bld. 1);
ORCID https://orcid.org0000-0001-9810-4518;
iuliia.gracheva@rupto.ru.

Автор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет.
The author declares no conflict of interests.

2024-ж.19.01 редакцияга келип түштү (Received).
2024-ж.06.03 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыгарылды (Revised).
2024-ж. 27.03 жарыялоого кабыл алынды (Accepted)

# 3. ПАТЕНТТТИК ИШТИН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ. ОЙЛОП ТАБУУЧУЛУК

Илимий макала Original article

УДК 347.77

# Медицина тармагындагы Эл аралык патенттик классификацияны (ЭАПК) жана Биргелешкен патенттик классификацияны (БПК) пайдалануу менен ашказанды баллондоо үчүн ыкмалардын жана түзүлүштөрдүн мисалында патенттик издөөнү жүргүзүү

**Наталия Владимировна Алисова**
Өнөр жайлык менчиктин федералдык институту
nataliia.alisova@rupto.ru

**Аннотация: макалада** Эл аралык патенттик классификациянын (ЭАПК) жана Биргелешкен патенттик классификацияны (БПК) ашказанды баллондоо ыкмаларына жана түзүлүштөрүнө тиешелүү тармактагы иерархиялык структурасынын принциптери жана айырмачылыктары каралган. Иштин актуалдуулугу тандалып алынган тема боюнча ата мекендик медициналык иштеп чыгуулар тармагындагы эл аралык кызматташууну жана патенттик активдүүлүктү жогорулатуу зарылдыгы менен шартталган. Иштин максаты болуп илимий-изилдөөчүлүк иштерин жүргүзүүдө патенттик издөөнүн сапатын жана аныктыгын жогорулатуу саналат. ЭАПКнын жана БПКнын «Платформа Роспатент» МСнын издөө системасында жана Espacenet патенттик документтердин эл аралык базасында классификациялык системаларды пайдалануу менен патенттик издөөнү жүргүзүү ыкмасы келтирилген жана талдоо жасалган. Издөөчүлүк суроо талапты түзүү боюнча рекомендациялар берилген жана тыянактар жасалган, ал ЭАПКнын жана БПКнын классификациялык схемаларынын принципиалдуу айырмачылыктарын эске алуу менен релеванттык документтерди алуу үчүн жетиштүү. Бул макала россиялык маалыматтар базасында да, эл аралык базаларда да патенттик документтердин медицина тармагындагы маалыматтарын өз алдынча издөөнү жүргүзүүчү адистердин кеңири чөйрөсү үчүн пайдалуу болот.

**Олуттуу сөздөр:** Эл аралык патенттик классификация (ЭАПК), Биргелешкен патенттик классификация (БПК), патенттик документ, ашказан ичиндеги баллон, ЭАПК боюнча нускама, патенттик издөө
**Цитаталоо үчүн:** Алисова Н. В. Проведение патентного поиска с использованием Международной патентной классификации (МПК) и Совместной патентной классификации (СПК) в области медицины на примере способов и устройств для баллонирования желудка // Вестник ФИПС.2024.Т. 3 № 2 (8). С. 170 –176.

# Conducting a patent search in the field of medicine relating to the methods or arrangements for intragastric ballooning with the use of the International Patent Classification (IPC) and the Cooperative Patent Classification (CPC)

**Natalia V. Alisova**
Federal Institute of Industrial Property
nataliia.alisova@rupto.ru

**Abstract.** In the article of Senior researcher N. V. Alisova (FIPS) the principles of the hierarchical structure and the differences between the International Patent Classification (IPC) and the Cooperative Patent Classification (CPC) are considered in the field of medicine that relates to intragastric ballooning. The

© Алисова Н. В., 2024

relevance of this article is due to the need to increase the level of cooperation and patent activity in the field of national medical achievements. The purpose of this investigation is to improve the quality and fidelity of scientific research. The methods of selection of the classification entries for the patent search with use of IPC and CPC in the search system of the «Rospatent Platform» and in the international database of patent documents «Espacenet» and analysis thereof are given in this article. The recommendations for the preparation of appropriate search query are also given taking into account the great differences between the classification schemes of the IPC and the CPC. This article will be useful to a wide range of specialists conducting independent searches in the field of medicine both in Russian databases and in International databases of patent documents.
**Keywords.** International Patent Classification (IPC), Cooperative Patent Classification (CPC), patent document, intragastric balloon, Guide to the IPC, patent search
**For citation:** Natalia V. Alisova, Conducting a patent search in the field of medicine relating to the methods or arrangements for intragastric ballooning with the use of the International Patent Classification (IPC) and the Cooperative Patent Classification (CPC) //Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 170 –176.

### Семирүү көйгөйү азыркы дүйнөдө

Саламаттыкты сактоонун дүйнөлүк уюмунун (ССДУ) баалоосу боюнча, 2016-жылы 18 жаштан жогору 1,9 млрд. ашуун адам ашыкча салмакта болгон, мында алардын 650 млн. ашууну семирүүдөн кыйналышкан[1]. Россия Федерациясынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин клиникалык рекомендацияларына ылайык, семирүү – бул организмде майдын ашыкча топтолушу менен мүнөздөлүүчү, ден соолукка коркунуч жаратуучу жана 2-типтеги кант диабетин (КД 2) жана жүрөк-кан тамыр ооруларын (ЖКТО) кошо алганда, бир катар башка өнөкөт ооруларынын негизги тобокелдик фактору болуп саналган өнөкөт оору[2]. Ден соолук үчүн олуттуу кесепеттерден тышкары, семирүү пациент үчүн табигый ыңгайзсыздык да алып келет.

> Саламаттыкты сактоонун дүйнөлүк уюмунун (ССДУ) баалоосу боюнча, 2016-жылы 18 жаштан жогору 1,9 млрд. ашуун адам ашыкча салмакта болгон, мында алардын 650 млн. ашууну семирүүдөн кыйналышкан. Россия Федерациясынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин клиникалык рекомендацияларына ылайык, семирүү – бул бир катар башка өнөкөт ооруларынын негизги тобокелдик фактору болуп саналган өнөкөт оору.

Дененин массасы канчалык нормага ылайыктуулугун аныктоо үчүн «Дененин массасынын индексин» (ДМИ) пайдаланышат, ал дененин килограмм менен массасынын метр менен бойго квадратына катышы катарында эсептелет (кг/м$^2$). ССДУ стандарттарынын алкагында ДМИ 30дан жогору же барабар болсо, семирүү диагнозу коюлат[3].

Пациенттин абалынан жана семирүүнүн селип чыгуу себептеринин улам дененин массасын төмөндөтүү үчүн дарылоонун ар кандай методдору жана алардын комбинациясы колдонулат: медикаментоздук эмес (диетотерапия, физиотерапия, психотерапия ж.б.), медикаментоздук жана хирургиялык.

Медикаментоздук эмес дарылоонун методдорунун бири болуп ашказанды баллондоо саналат. Бул методдун маңызы ашказандын ичиндеги (интрагастралдык), адатта, суюктук менен толтурулган баллонду коюуда турат. Баллон менен ашказандын ичинин чоң бөлүгүн толтуруунун натыйжасында бир топ аз тамак жегенде да тоюу сезими келет, жана демек, азыктануу рационунун калориялуулугу төмөнкү физиологиялык нормага чейин азаят. Салмакты азайтуу боюнча максатка жеткенден кийин 6 ай аралыгында баллон алынып чалынат. Ашказан ичиндеги баллонду коюу семирүүнү аны менен коштолгон ооруларды дарылоонун өз алдынча тиби катарында пайдаланыла алат. Наймарк, Попова жана Анисимова өз макаласында көрсөтүшкөндөй, салмакты азайтуудан тышкары, ашказан ичине баллонду коюнун эсебинен кант диабетинин түздөлүүсү жүрөт. Ошондой эле ал макалада салмактын максималдуу төмөндөөсү баллонду койгондон кийинки алгачкы 3 айда жүрө тургань белгиленет[1]. Андан тышкары, ашказан ичиндеги баллонду коюу дарылоонун хирургиялык методдорунун алдында комплекстүү операцияга чейинки даярдоонун курамында да сунушталышы мүмкүн [2].

### Патент жаңы технологияларды өнүктүрүүгө түрткү катарында

Дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана коопсуздугун камсыздоо үчүн азыркы медициналык

[1] Всемирная организация здравоохранения (ВОЗ). Информационные бюллетени от 9 июня 2021 года. URL: https://www.who.int/ru/news-room/fact-sheets/detail/obesity-and-overweight (дата обращения: 15.01.2024).
[2] Клинические рекомендации. Ожирение. Министерство здравоохранения Российской Федерации. 2020. URL: https://cr.minzdrav.gov.ru/schema/28_2 (дата обращения: 15.01.2024).
[3] Obesity: preventing and managing the global epidemic. Report of a WHO consultation. URL: https://pubmed.ncbi..nih.gov/11234459 (дата обращения: 15.01.2024).

практикада семирүүнү дарылоого, диагноздоого жана алдын-алууга эң жаңы методдор иштелип чыгууда, киргизилүүдө жана пайдаланылууда.

Өз иштеп чыгуусун коргоо үчүн кайтаруу документин – патентти алуу зарыл. Патент интеллектуалдык менчиктин объектинин юридикалык корголуусун камсыздайт, башкача айтканда, улуттук же аймактык деңгээлде укуктук кайтарууну камсыздайт. Россия Федерациясынын территориясында ойлоп табууга же пайдалуу моделге патент алуу үчүн билдирмени талаптагыдай түрдө тариздөө жана Өнөр жай менчигинин федералдык институтуна (ӨЖМФИ) берүү керек. Мында билдирмеде баяндалган техникалык чечим аны ӨЖМФИге берген жана тийиштүү реестрде катталган учурдан тарта эле кайтаруу алаарын белгилеп коюу керек. Ойлоп табууга билдирмени кароонун жүрүшүндө релеванттык техникалык чечимдерди издөө жүргүзүлөт, жана издөөнүн натыйжасы боюнча ойлоп табуунун бул объектисинин патентке жөндөмдүүлүгү жөнүндө чечим чыгарылат.

Медицина жана саламаттыкты сактоо тармагында илимий-изилдөө иштерин даярдоонун алкагында патенттик издөөнү жүргүзүүнүн максаты техниканын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү тенденцияларын, ошондой эле өздүк иштеп чыгуулардын максатка ылайыктуулугун жана натыйжалуулугун аныктоодо турат.

### ЭАПК жана БПК патенттик классификациялары

Релеванттык документтерди натыйжалуу издөөнү камсыздоо үчүн Эл аралык патенттик классификация пайдаланылат, ал эл аралык масштабда патенттик документтерди бирдей түрдүү классификациялоо үчүн иштелип чыккан.

Эл аралык патенттик классификация 1971-жылдагы Страсбург макулдашуусуна ылайык түзүлгөн, ал 1975-жылы 7-октябрда күчүнө кирген, ошол учурда ага 15 мамлекет кол койгон[4]. Страсбург макулдашуусунун тараптары ЭАПК Атайын союзун түзүшөт, анда 2023-жылы 65 катышуучу өлкө болгон. ЭАПК интеллектуалдык менчиктин ойлоп табуу жана пайдалуу моделдер сыяктуу объектилерин классификациялоо үчүн пайдаланылат. Мында ЭАПК нын индекстери жарыяланган патенттик документтердин, анын ичинде билдирмелердин титулдук барагында бибилиографиялык маалыматтардын курамына кирет. ЭПК менен иштөө үчүн негиз болуучу документ ЭПКга Нускама (англ. Guide to the IPC), ал жана ЭАПКнын текстинин өзү ар жылы ИМБДУда аутенттик версияларда англис жана француз тилдеринде жарыяланат. ЭАПК тексти жана ЭАПКга Нускаманын орус тилдүү аутенттик котормосу ИМФКнын сайтында жарыяланат.

> Европа патенттик ведомствосу менен АКШнын патенттик ведомствосунун улуттук (европалык жана америкалык) патенттик классификацияларын үндөштүрүү максатында биргелешкен долбоорунун натыйжасында жаңы патенттик классификация – Биргелешкен патенттик классификация (БПК) пайда болот. БПКда ЭАПКнын классификациянын бардык деңгээлдериндеги иеархиялык түзүлүшкө тиешелүү принцип сакталган, бирок, олуттуу айырмачылыктар бар.

Бул макалада ойлоп табуулардын аракеттеги эки системасынын – ЭАПК жана БПКнын издөө мүмкүнчүлүктөрүн салыштыруу сунушталат. БПК дүйнөлүк масштабда 2013-жылдан колдонула баштады[5]. Бирок, БПКнын иштеп чыгууларынын башталышы 1970-жылы, ЭПКга негизделген, бирок, олуттуу толукталган жана айрым, мисалы рубрикалардын аталыштарында жана классификациялоо эрежелеринде айрым өзгөрүүлөрү менен болсо да, Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) тарабынан өзүнүн патенттик Европалык классификация ECLA (Europe Classification) түзүлгөндө болгон. Салыштыруу үчүн: 2012-жылга маалымат боюнча, ЭАПК 70 359 классификациялык бөлүмдөрдү, ал этми ECLA – 134 000 бөлүмдөрдү камтыган[6]. Азыркы учурда БПК 250 000 ашуун классификациялык бөлүмдөрдү камтыйт, ошол эле убакта ЭПК 2023-жылдын версиясында – 78 378 рубриканы камтыйт[7].

ЕПВ менен АКШнын патенттик ведомствосунун улуттук (европалык жана америкалык) патенттик классификацияларын үндөштүрүү максатында биргелешкен долбоорунун натыйжасында жаңы патенттик классификация – Биргелешкен патенттик классификация (БПК) пайда болот.

Жыйынтыгында биргелешкен патенттик классификация 2013-жылдын 1-январынан мурдагы Европалык классификацияны (ECLA) жана 2015-жылдан – АКШнын патенттик ведомствосундагы (USPTO) АКШнын улуттук патенттик классификацияны (USPC) толугу

[4] Страсбургское соглашение о Международной патентной классификации. Всемирная организация интеллектуальной собственности. URL: https://www.wipo.int/treaties/ru/classification/strasbourg (дата обращения: 03.08.2023).

[5] Совместная патентная классификация (СПК). Введение в СПК. Европейское патентное ведомство. URL: https://e-courses.epo.org/wbts/cpc_general/index.html (дата обращения: 28.01.2024).

[6] IPC Statistics // ВОИС: сайт. URL: https://www.wipo.int/classifications/ipc/en/general/statistics.html (дата обращения: 07.03.2024).

[7] IPC Statistics // ВОИС: сайт. URL: https://www.wipo.int/classifications/ipc/en/general/statistics.html (дата обращения: 07.03.2024).

менен алмаштырды. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, БПК-нын схемасы ЭАПКнын классификациялык схемасына негизделген, жана ошондуктан ал ошол эле поэтому классификациялык терминдерди жана принциптерди пайдаланат, бирок, бир эле убакта ECLA өзгөчөлүгүнө ээ. БПКда ЭАПКнын классификациянын бардык деңгээлдериндеги иерархиялык түзүлүштөргө тиешелүү принцип сакталган, бирок, олуттуу айырмачылыктар бар:

- классификациялык рубрикалардын көп саны;
- ЭАПКда ж.б. жок коддоонун (кошулган же ортогоналдуу) өзгөчө схемаларынын болушу.

Бүгүнкү күндө БПК бүткүл дүйнө боюнча 45тен ашуун патенттик ведомстволордо колдонулат. ЕПВ жана АКШнын патенттик ведомствосу өз документтерин ЭАПК боюнча да классификациялай турганын да белгилеп коюу керек. БПКнын классификациясынын тексти англис тилинде АКШнын жана ЕПВнын патенттик ведомстволорунун сайттарында жана БПКнын атайын түзүлгөн сайтында – CPC (Cooperative patent classification) жеткиликтүү, алар жактардын кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү[8].

2013-жылы сентябрда Роспатент менен ЕПВнын ортосунда макулдашуу түзүлгөн, ага ылайык, 2016-жылдын январында Роспатент ЭАПКга кошумча БПКнын классификациялык рубрикаларын БПКнын аракеттеги версиясына ылайык, ойлоп табууларга жана пайдалуу моделдерге россиялык билдирмелердин учурдагы бардык агымы үчүн коюуга киришти. ЭАПК менен БПКнын рубрикаларынын россиялык патенттик документтерде *мындай айкалыштырылышы россиялык патенттик документацияга жеткиликтүүлүктү көбөйтөт, ал техникалык чечимдерди даярдоонун сапатын жана патенттик экспертизалардын натыйжалыгын жакшырта алат*[9].

## ЭАПКны жана БПКны издөөчүлүк суроо-тлапты түзүү максаттары үчүн пайдалануунун салыштырмалуу анализи

Крупнейшие международные базы данных патент ных документов, такие как 140 млн патенттик документи менен Espacenet (ЕПВ) жана 112 млн патенттик документи менен PATENTSCOPE (ИМБДУ) сыяктуу ири эл аралык маалыматтар базалары ЭАПК жана БПК боюнча издөөнү жана статистикалык талдоону жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Роспатенттин «Поисковая платформа» МСнын индивидуалдаштыруунун санариптик платформасы жана патенттик маалыматты издөө кызматы сыяктуу россиялык маалыматтар базалары жана издөө системалары ЭАПК жана БПК боюнча иерархиянын ар кайсы деңгээлдеринде (классчалар, топчолор, топтор) статистикалык натыйжаларды издөө жана иштеп чыгуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

ИМФКнын маалыматтык-издөө системасы (ИМФК МИС) жана Евразиялык патенттик ведомствонун (ЕАПВ) «ЕАПАТИС» издөө системасы ЭАПКны пайдалануу менен издөө жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

ЭАПК менен БПКнын ашказанды баллондоого тиешелүү тематика боюнча патенттик документтерде жана классификациялык системаларда коюлган классификациялык рубрикаларды изилдөөдө ЭАПК менен БПКнын классификациялык схемаларын иштеп чыгуу даражасында олуттуу айырмачылыктар аныкталды.

Проблема бул тематика боюнча релеванттык патенттик документтерди издөөчүлүк суроо-талабын түзүү методикасын тандап алууда жана издөө жүргүзүүдө турат, ал анык натыйжаны кепилдей алат, атап айтканда:

1. Ойлоп табуунун предметин сүрөттөөчү тиешелүү техникалык терминдердин жардамы менен издөө суроо-талабын түзүү
2. Бул классификациялык системалардын деталдаштыруу даражасындагы айырмачылыктарды эске алуу менен ЭАПКнын жана БПКнын рубрикаларын аныктоо;
3. ЭАПКнын жана БПКнын көбүрөөк дал келген рубрикаларын аныктоо;
4. Патенттик документтер боюнча алынган натыйжалардын салыштырмалуу талдоосун жүргүзүү.

Түзүлгөн издөөчүлүк суроо-талаптын сапатынан издөөнүн алынган натыйжаларынын аныктыгы, а демек, аларды, мисалы, илимий-изилдөө иштеринде пайдалануу көз каранды.

Автордун «Биргелешкен патенттик классификация – биотехнология тармагындагы патенттик маалыматты издөөнүн натыйжалуу аспабы» макаласында кеңири кеп-кеңештер берилген жана ЭАПКнын жана БПКнын классификациялык схемалары менен иштөөнүн мисалдары келтирилген[5].

Роспатенттин «Поисковая платформа» МСында «ашказан ичиндеги баллону» сөз айкалышы боюнча издөө жүргүзүлгөн жана 137 патенттик документ алынган. Издөө тармагын азайтуу жана издөө суроо-талабын адистештирүү үчүн ага МПК A61 «Медицина жана ветеринария; гигиена» классы кошумчаланган. Натыйжада кошумчаланган «A61+ашказан ичиндеги

> ЭАПК менен БПКнын ашказанды баллондоого тиешелүү тематика боюнча патенттик документтерде жана классификациялык системаларда коюлган классификациялык рубрикаларды изилдөөдө ЭАПК менен БПКнын классификациялык схемаларын иштеп чыгуу даражасында олуттуу айырмачылыктар аныкталды

[8] Что такое CPC и где она применяется? URL: https://www1.fips.ru/faq/?ID=23&SECTION_ID=3&sphrase_id=9201#faq_23 (дата обращения: 01.09.2023).

[9] Соглашение № 2013/0446 между Федеральной службой по интеллектуальной собственности (Российская Федерация) и Европейским патентным ведомством в отношении Совместной патентной классификации // Роспатент: сайт. URL: https://rospatent.gov.ru/ru/documents/soglashenie-spk-2013–0446/download (дата обращения: 01.09.2023).

баллон» издөө суроо-талабы эми 131 документ берди жана медицина менен байланышкан документтерди бөлүп алды. Мисалы, издөөдөн «ашказан ичиндеги» термини дал келгендин натыйжасында документтердин тизмесине кирип калган ЭАПК G09B23/28 «Илимий, медициналык жана математикалык моделдер, мисалы, медицинада табигый чөңдуктагы көрсөтүү үчүн приборлор» рубрикасы боюнча классификациясы менен билимдин башка тармагына таандык RU177225 U1 «Бурхаве синдромун экспериментте моделдештирүү үчүн түзүлүш» патенти алып салынды.

Мына ошентип, БПКнын жана ЭАПКнын рубрикаларын изилдөөдө статистикалык топтомго айрым издөө терминдеринин дал келиши боюнча документтер түшүп калышын, алар дайыма эле издеген тематикага, атүгүл билимдердин тармагына дал келбей турганын көңүлгө алуу керек. .

> Эгерде релеванттык документтерде БПКнын рубрикалары коюлган болсо, анда бул рубрикаларды да төмөнкүлөргө көңүл буруу менен сөзсүз анализдөө керек: 1) ЭАПК жана БПКнын классификациялык системаларынын деталдаштырылуу даражасына; 2) ар кайсы патенттик ведомстволордун эксперттеринин мaaнилик мамилелерине.

БПКнын классификациялык системасы англис тилинде гана берилгендиктен, издөө суроо-талабын түзүүгө, патенттик документтерди окууга, ошондой эле маалыматтардын эл аралык базасынын интерфейси менен иштөөгө жана өтө маанилүүсү ЭАПК жана БПКнын классификациялык системалары иштөө тажрыйбасынын жоктугу же жетишсиздиги менен байланышкан кыйынчылыктар болушу мүмкүн. Көрсөтүлгөн кыйынчылыктарды жеңүү үчүн БПКнын ылайыктуу рубрикаларын издөөнүн төмөнкү алгоритмин сунуштоого болот:

- ЭАПКнын ылайыктуу рубрикаларын орус тилдүү версиядагы тексти боюнча иргеп алууга аракеттенүү же аларды ЭАПКнын рубрикаларынын бул топтомунда көп кезигүүчү патенттик документтердин орус тилдүү МБ техникалык терминдерин пайдалануу менен издөө суроо-талабы боюнча табылган орус тилдүү патенттик документтердин топтомунан тандап алуу;
- англис тилинде олуттуу сөздөрдү (техникалык терминдерди) пайдалануу же пайдаланбоо менен ЭАПКнын табылган рубрикаларынын жардамы менен англис тилдүү МБ Espacenet издөө суроо-талабын берүү;
- ЭАПКнын берилген рубрикаларын жана ар бир патенттик документтин мазмунун эске алуу менен ырааттуу анализ жүргүзүү жана БПКнын патенттик документтерине коюлган рубрикаларды танап алуу

БД Espacenet патенттик документтин же анын бөлүгүнүн текстин ЕПВ жана Googleиштеп чыккан патенттик документтер үчүн машиналык которуунун атайын системасынын жардамы менен орус тилине которуу мүмкүндүгү каралган.

Роспатенттин «Поисковая платформа» МСында ЭАПКнын жана БПКнын патенттик документтерге жана ага ылайык келүүчү документтерге коюлган релеванттык рубрикаларынын анализи үчүн статистиканын киргизилген аспабы бар.

ЭАПКнын рубрикаларын изилдөөдө алардын комбинацияланган суроо-талабы боюнча Роспатенттин «Поисковая платформа» МС системасында “ашказан ичиндеги баллон” сөз айкалышы менен статискалык топтомдо 131 документтен ал тематика боюнча 17 документте коюлган эң релеванттык рубрика – A61B 17/00 «Хирургиялык аспаптар, түзүлүштөр же ыкмалар, мисалы, турникеттер». Релеванттык катарында бул рубриканы тандоо ушул топтомго кирүүчү документтердин талдоосунда, мисалы, RU2618665, RU149844, RU138605, RU2530773 негизделген.

Эгерде релеванттык документтерде БПК рубрикалары коюлса, анда бул рубрикаларды да сөзсүз төмөнкүлөргө көңүл буруу менен талдоо керек:

1) ЭАПКнын жана БПКнын классификациялык системаларын деталдаштыруу даражасына;

2) классификациялык схемалардын ар кайсы жерлерине классификацияны жүргүзүүчү ар кайсы патенттик ведомстволордун мaaнилик мамилелерине.

Мисалы, Япониянын ичинде көбүктөнүүчү заты менен кеңейүүчү ашказан ичиндеги баллонду ачуучу Япония JP2015524715 патенттик документи ЭАПК боюнча БД Espacenet хирургиялык аспаптар боюнча A61B 17/00 «Хирургиялык аспаптар, түзүлүштөр же ыкмалар, мисалы, турникеттер» тобунда классификацияланган, ошол эле учурда БПК боюнча ЕПВнын жана Американын патенттик ведомствосунун эксперттери тарабынан –A61F 5/003 «…үйлөнмө имплантациялануучу түзүлүштөр» жана A61F 5/0036 «…ашказан ичиндеги түзүлүштөр» топторунда. Бир эле документти ЭАПК жана БПК боюнча классификациялоодогу принципиалдуу айырмачылык БПК схемасында ЭАПКда аналогу жок рубрикалардын болушу менен шартталган, бирок, мында техниканын бул тармагын так жана толук сүрөттөйт.

БПКнын тандалып алынган рубрикаларынын тууралыгын баалоо үчүн ашказан ичиндеги баллондоого тиешелүү A61F 5/0036 тобу үчүн БПК классификациялык схемасына түз кайрылуу жана уялык түшүнүк көз карашынан изделүүчү тематиканын олуттуу белгилерин (таблица) адекваттуу, БПКнын рубрикасынын бул топчосуна карата иерархиялык жогору туруучу баалоо зарыл. БПКнын топчолорун тандалып алынган үч чекиттүү A61F 5/0036 «ашказан ичиндеги түзүлүштөр устройства»

**Таблица**

**A61F 5/00 БПК тобунун классификациялык схемасынын бир бөлүгү (ЭАПКда жок БПК рубрикалары фигуралуу кашаага бөлүнгөн) Fragment of the classification scheme of the CPC for group A61F 5/00 (CPC groups/subgroups not existing in the IPC are given in curly braces)**

| The fragment of the group CPC A61F 5/00 | | | A61F 5/00 тобунун БПК тобунун фрагментин которуу |
|---|---|---|---|
| A61F5/00 | | Orthopaedic methods or devices for nonsurgical treatment of bones or joints (...); Nursing devices; {Anti-rape devices} (...) | «Таяныч-кыймылдатуучу аппаратты хирургиялык эмес дарылоо үчүн ортопедиялык ыкмалар жана түзүлүштөр (...); оорулууларды кароо үчүн түзүлүштөр (зордуктоонун алдын алуу түзүлүштөрү) (...) |
| A61F5/0003 | • | {Apparatus for the treatment of obesity; Anti-eating devices (...)} | {Семирүүнү дарылоо үчүн түзүлүштөр; тамак ичүүгө тоскоол болуучу түзүлүштөр (...)} |
| A61F5/0013 | •• | {Implantable devices or invasive measures} | {имплантацияланууучу түзүлүштөр же инвазивдик ыкмалар} |
| A61F5/003 | ••• | {inflatable} | {үйлөнмө} |
| A61F5/0033 | •••• | {with more than one chamber | {бирден көп камералуу } |
| A61F5/0036 | ••• | {Intragastrical devices} | {ашказан ичиндеги түзүлүштөр} |
| A61F5/004 | •••• | {remotely adjustable} | {дистанциялык жөнгө салынуучулар} |
| A61F5/0043 | ••••• | {using injection ports} | {инжекциялык порттордү пайдалануу менен} |
| A61F5/0046 | ••••• | {with wireless means} | {өткөргүчсүз каражаттары менен} |
| A61F5/0083 | ••• | {Reducing the size of the stomach, e. g. gastroplasty (surgical interventions A61B17/00)} | {ашказандын өлчөмүн кичирейтүү, мисалы, гастропластика (A61B17/00 хирургиялык кийлигишүүлөр)} |
| A61F5/0086 | •••• | {using clamps, folding means or the like} | анын ичинде кыпчыгычтарды, бүктөлүүчү каражаттар-ды ж.б. пайдалануу менен} |
| A61F5/0089 | •• | {Instruments for placement or removal} | {семирүүнү дарылоо үчүн түзүлүштөрдү жайгаштыруу же алып салуу аспаптары} |

(Автор тарабынан түзүлгөн)

иерархиясынын жогору кетүүчү тартипте ага жакынкы эки чекиттүү A61F 5/0013 «имплантацияланууучу түзүлүштөр же инвазивдүү каражаттар» тобуна, а андан кийин ал баш ийген бир чекиттүү топко, башкача айтканда, A61F 5/0003 «Семирүүнү дарылоо үчүн түзүлүштөр; тамак ичүүгө тоскоол болуучу түзүлүштөр (...)» тобуна чейин өтүү керек. ЭАПК A61F5/00 «Таяныч-кыймылдатуучу аппаратты хирургиялык эмес дарылоо үчүн ортопедиялык ыкмалар жана түзүлүштөр (...); оорулууларды кароо үчүн түзүлүштөр (...)», өзгөчө көңүл бөлүү керек, БПК A61F5/0003 тобунун тематикасы топтун аталышында таптакыр чагылдырылган эмес, башкача айтканда, бул тематиканы оорулууларды кароо үчүн түзүлүштөргө караганда ачык түрдө кайсы жакка тиешелүү кылынары көрсөтүлбөгөн.

ЭАПКда A61F 5/00т тобу тарабынан камтылган тематиканы түшүнүүнүн толуктугу үчүн ЭАПКнын көмөкчү аспабына, атап айтканда, «Бул классча камтыйт» бөлүгүнө кайрылууга мүмкүн. Бирок, анда да семирүүнү дарылоо үчүн түзүлүшкө тиешелүү тематика аталбайт. Мына ошондуктан ашказан ичиндеги баллондор семирүүнү дарылоо үчүн БПКнын ушундай тобунда болгон деталдаштырылган топчолорду жетекчиликке алуу менен, БПК менен бирдей түрдөгү классификациялоо максатынан улам, ЭАПК A61F 5/00 тобунда гана классификацияланышы мүмкүн.

## Тыянактар

Макалада эки патенттик классификациялык системалардын – Эл аралык патенттик классификациянын жана Биргелешкен патенттик системанын семирүү менен күрөшүү сыяктуу актуалдуу проблемага тиешелүү тематика боюнча салыштырмалуу анализи келтирилген. Макалада семирүүнү дарылоо үчүн колдонулуучу ашказан ичиндеги баллондоого тиешелүү документтерди патенттик издөө жүргүзүүнүн алгоритми сүрөттөлгөн.

Талдоо көрсөткөндөй, вазыркы учурда бул тематика ачык түрүндө ЭАПКнын классификациялык рубрикаларында да, аларга эскертүүлөрдө да, аныктамаларда да өзүнүн чагылдырылуусун тапкан жок.

Патенттик документтерди талдоонун натыйжасында ЭАПКга эң релеванттык катарында A61B 17/00 «Хирургиялык аспаптар, түзүлүштөр же ыкмалар, мисалы, турникеттер» жана A61F 5/00 «Таяныч-кыймылдатуучу

аппаратты хирургиялык эмес дарылоо үчүн ортопедиялык ыкмалар жана түзүлүштөр (…); оорулууларды кароо үчүн түзүлүштөр (…)» топтору боюнча издөө жүргүзүү зарылдыгы белгиленди.

Маалыматты жоготуп алууну болтурбоо үчүн издөө азыркы учурда ЭАПКга караганда рубрикалардын үчтөн ашык эсе санын камтыган БПК боюнча жүргүзүлдү. Бул тематика боюнча БПК системасынын анализи бул схема бул түзүлүштөрдүн белгилерин өнүктүрүүчү A61F 5/0003 «Устройства для лечения ожирения; устройства, препятствующие приему пищи (…)» сыяктуу конкреттүү жана ага дал келүүчү баш ийүүдөгү он рубриканын болушу менен бул схема релеванттык документтерди табуу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берерин көрсөттү.

Мына ошентип, алардын айырмачылыктарын эске алуу менен, бул системалардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, олуттуу сөздөр менен айкалыштаЭАПКнын жана БПКнын схемаларынын архитектоникасынын жалпы жана деталдык принциптерин билүү оптималдуу издөө суроо-талабын түзүүгө мүмкүндүк берет.

## Адабияттардын тизмеси

1. Неймарк, А. Е. Применение внутрижелудочных баллонов при лечении больных с ожирением и метаболическим синдромом / А. Е. Неймарк, В. Ф. Попова, К. А. Анисимова // Вестник хирургии им. И. И. Грекова. – 2015. – Т. 174, № 3. – С. 59–62.
2. Голуб, В. А. Бариатрическая хирургия: современный взгляд (обзор литературы) / В. А. Голуб, О. А. Косивцов, А. Е. Бубликов, В. А. Ивлиев // Вестник Волгоградского государственного медицинского университета. – 2022. – Т. 19, № 3. – С. 14–19.
3. Дедов, И. И. Междисциплинарные клинические исследования «Лечение ожирения и коморбид ных заболеваний» / И. И. Дедов, М. В. Шестакова, Г. А. Мельниченко, Н. В. Мазурина, Е. Н. Андреева, И. З. Бондаренко, З. Р. Гусова, Ф. Х. Дзгоева, М. С. Елисеев, Е. В. Ершова, М. В. Журавлева, Т. А. Захарчук, В. А. Исаков, М. В. Клепикова., К. А. Комшилова, В. С. Крысанова, С. В. Недогода, А. М. Новикова, О. Д. Остроумова, А. П. Переверзев и др. // Ожирение и метаболизм. – 2021. – Т. 18. № 1. – С. 5–99.
4. Баландов, С. Г. Принципы выбора бариатрических вмешательств (обзор литературы) / С. Г. Баландов, Д. И. Василевский, К. А. Анисимова, З. М. Хамид, Д. В. Шкредов // Ученые записки СПбГМУ им. акад. И. П. Павлова. – 2020. – Т. 27, № 4. – С. 38–45.
5. Алисова, Н. В. Совместная патентная классификация – эффективный инструмент поиска патентной информации в области биотехнологии / Н. В. Алисова, Л. А. Цикунова // Патенты и лицензии. – 2020. – № 1. – С. 70–80.

## Автор жөнүндө маалымат

**Наталия Владимировна Алисова,** патенттик укук объекттеринин чөйрөсүндө эл аралык классификациялардын жана издөөнүн маалыматтык колдоосу бөлүмүнүн улук илимий кызматкери, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат), ORCID: https://orcid.org/orcid search/search?searchQuery=0009–0004–2825–2610; nataliia.alisova@rupto.ru

## Information about the author

**Natalia V. Alisova,** Senior Researcher of department of international classifications and information support for the search in the field of patent law objects, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, building 1); ORCID: https://orcid.org/orcid-search/search?searchQuery=0009–0004–2825–2610; nataliia.alisova@rupto.ru

Автор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет.
The author declares no conflict of interests.

2024-ж.17.01 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.14.03 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыккан (Revised)
2024-ж.14.03 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

# В помощь изобретателю

## 1 ПОДГОТОВЬТЕ ДОКУМЕНТЫ

Роспатент

1. Заявление о выдаче патента
2. Описание изобретения или полезной модели
3. Формула изобретения / полезной модели, ясно выражающая его сущность и полностью основанная на его описании
4. Чертежи и иные материалы, если они необходимы
5. Реферат

## 2 ОПЛАТИТЕ ПОШЛИНУ ЗА РЕГИСТРАЦИЮ ЗАЯВКИ И ФОРМАЛЬНУЮ ЭКСПЕРТИЗУ

Роспатент

**3 300 руб. ИЗОБРЕТЕНИЕ**

**+ 700 руб.** за каждый пункт формулы свыше **10**

### ЛЬГОТЫ

**1 155 руб.**

для МСП, научных и образовательных организаций

**+ 245 руб.** за каждый независимый пункт свыше **10**

**825 руб.**

для единственного автора, испрашивающего патент на свое имя

**+ 175 руб.** за каждый независимый пункт свыше **10**

**330 руб.**

для инвалидов, пенсионеров, обучающихся, научных работников в возрасте до 35 лет

**+ 70 руб.** за каждый независимый пункт свыше **10**

## 2 ОПЛАТИТЕ ПОШЛИНУ ЗА РЕГИСТРАЦИЮ ЗАЯВКИ И ФОРМАЛЬНУЮ ЭКСПЕРТИЗУ

Роспатент

**1 400 руб. ПОЛЕЗНАЯ МОДЕЛЬ**

**+ 700 руб.** за каждый пункт формулы свыше **10**

### ЛЬГОТЫ

**490 руб.**

для МСП, научных и образовательных организаций

**+ 245 руб.** за каждый пункт формулы свыше **10**

**350 руб.**

для единственного автора, испрашивающего патент на свое имя

**+ 175 руб.** за каждый пункт формулы свыше **10**

**140 руб.**

для инвалидов, пенсионеров, обучающихся, научных работников в возрасте до 35 лет

**+ 70 руб.** за каждый пункт формулы **10**

## 3 ПОДАЙТЕ ДОКУМЕНТЫ В РОСПАТЕНТ

Роспатент



**Электронная подача**

- Сайт ФИПС
- Госуслуги

</>



**Неэлектронная подача**

Москва, Бережковская наб., д. 30, корп. 1

**30% скидка**
за электронное делопроизводство

## 4 ФОРМАЛЬНАЯ ЭКСПЕРТИЗА (МАКСИМАЛЬНЫЙ СРОК 1 МЕСЯЦ)

1. Проверка уплаты пошлин
2. Проверка наличия документов и соблюдения предъявляемых к ним требований

**Дизайнер:** Лазуткина К.А., отдел сопровождения медиапроектов ФИПС

## 5 ОПЛАТИТЕ ПОШЛИНУ ЗА ЭКСПЕРТИЗУ ПО СУЩЕСТВУ

Роспатент

**12 500 руб. ИЗОБРЕТЕНИЕ**

**+ 9 200 руб.** за каждый независимый пункт свыше **1**

### ЛЬГОТЫ

**4 375 руб.**
для МСП, научных и образовательных организаций
**+ 3 220 руб.** за каждый независимый пункт свыше **1**

**3 125 руб.**
для единственного автора, испрашивающего патент на свое имя
**+ 2 300руб.** за каждый независимый пункт свыше **1**

**1 250 руб.**
для инвалидов, пенсионеров, обучающихся, научных работников в возрасте до 35 лет
**+ 950 руб.** за каждый независимый пункт свыше **1**

## 5 ОПЛАТИТЕ ПОШЛИНУ ЗА ЭКСПЕРТИЗУ ПО СУЩЕСТВУ

Роспатент

**2 500 руб. ПОЛЕЗНАЯ МОДЕЛЬ**

### ЛЬГОТЫ

**875 руб.**
для МСП, научных и образовательных организаций

**625 руб.**
для единственного автора, испрашивающего патент на свое имя



**250 руб.**
для инвалидов, пенсионеров, обучающихся, научных работников в возрасте до 35 лет

## 6 ЭКСПЕРТИЗА ПО СУЩЕСТВУ

**(МАКСИМАЛЬНЫЙ СРОК 12 МЕСЯЦЕВ)**

Роспатент

1. Проверка отнесения решения к изобретениям или полезным моделям
2. Проверка требования достаточности раскрытия сущности заявленного изобретения / полезной модели
3. Проверка условий патентоспособности:

**ДЛЯ ИЗОБРЕТЕНИЯ:**

- новизна
- изобретательский уровень
- промышленная применимость

**ДЛЯ ПОЛЕЗНОЙ МОДЕЛИ:**

- новизна
- промышленная применимость

## 7 ОПЛАТИТЕ ПОШЛИНЫ ЗА РЕГИСТРАЦИЮ ИЗОБРЕТЕНИЯ / ПОЛЕЗНОЙ МОДЕЛИ И ВЫДАЧУ ПАТЕНТА

Роспатент

**3 000 руб.**

**+ 2 000 руб.**
Патент на изобретение / полезную модель на бумажном носителе (по желанию)

### ЛЬГОТЫ

**1 050 руб.**
для МСП, научных и образовательных организаций

**750 руб.**
для единственного автора, испрашивающего патент на свое имя

**300 руб.**
для инвалидов, пенсионеров, обучающихся, научных работников в возрасте до 35 лет

# 4. ТАЛДОО МАТЕРИАЛДАРЫ

Массивдик маалыматтар жөнүндө макала Data Paper

УДК 347.77:332.14

# Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө Приволжье федералдык округунун активдиги жөнүндө маалымдама

**Ольга Евгеньевна Бацокина**✉, **Юлия Витальевна Завгородняя**
Өнөр жайлык коопсуздук федералдык институту
✉olga.batsokina@rupto.ru

**Аннотация:** макалада Приволжье федералдык округунун 2017–2023-жылдар аралыгында интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө активдүүлүгү көрсөтүлгөн. Билдирме берүүлөрдүн жана патент алуулардын саны боюнча маалыматтар талданган жана ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жайлык үлгүлөр, товардык белгилер жана ЭЭМ үчүн программалар, маалымат базалары жана интегралдык микросхемалардын топологиясы өңүтүндө алдыңкы аймактар аныкталган.
**Олуттуу сөздөр:** инновациялык активдик, билдирме активдиги, патенттик активдик
**Цитаталоо үчүн:** Бацокина О. Е., Завгородняя Ю. В. Справка об активности Приволжского федераль ного округа в сфере интеллектуальной собственности // Вестник ФИПС. 2024. Т. 3 № 2 (8). С. 180 –187.

# The activity of the Volga Federal District in the field of intellectual property

**Olga E. Batsokina, Yulia V. Zavgorodnyaya**✉
Federal Institute of Industrial Property
✉zavgorodnyaya@rupto.ru

**Abstract:** The article examines the activities in the field of intellectual property in the Volga Federal District from 2017 to 2023. Data on the applications received and number of patents granted was analyzed, and the leading regions were identified in terms of invention, utility model, industrial design, trademark, and computer program, database, and integrated circuit topology.
**Keywords:** innovation activity, applicant activity, patent activity
**For citation:** Olga E. Batsokina, Yulia V. Zavgorodnyaya, The activity of the Volga Federal District in the field of intellectual property//Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 180 –187.

## Киришүү

Приволжье федералдык округу РФ Президентинин 2000-жылдын 13-майындагы жарлыгы менен түзүлгөн, РФнын 14 субъектин камтыйт, аларда Россиянын жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн төрттөн бири топтолгон: россиялык автопромдун 85 %ы, авиакуруунун 65 %ы, нефтехимиянын 40 %ы, кеме куруунун 30 %ы, коргоо өнөр комплексинин өндүрүшүнүн 30 %ы. Округда инновациялык активдүү ишканалардын үчтөн бири, россиялык технологияларды экспорттоонун көлөмүнүн жарымына жакыны топтолгон. Приволжье федералдык округунда Интеллектуалдык менчик боюнча федералдык кызмат менен Башкортостан, Марий Эл, Мордовия, Татарстан, Удмуртия, Чувашия, республикалары ошондой эле Пермь крайы жана Киров, Нижегородск, Оренбург, Пенза, Самара, Саратов жана Ульяновск областтары

"Приволжье федералдык округу РФнын Президентинин 2000-жылдын 13-майындагы жарлыгы менен түзүлгөн, РФнын 14 субъектин камтыйт, аларда Россиянын жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн төрттөн бири топтолгон

кызматташууга макулдашуу түзүшкөн. Татарстан Республикасы, Мордовия Республикасы жана Ульянов областы менен интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө өнүктүрүүнү колдоонун алкагында өз ара аракеттенүү жөнүндө макулдашуулар (үч тараптуу макулдашуу) түзүлгөн.

© Бацокина О. Е., Завгородняя Ю. В., 2024

## Ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер

**2017–2023-жж. аралыгында Приволжье федералдык округундагы ойлоп табууларга билдирмелерди берүү жана патенттерди тапшыруу динамикасы**




Приволжье федералдык округунда 2018-жылдан бери ойлоп табууга берилген билдирмелердин санынын кыскарышы байкалууда, бирок 2023-жылы 3829 билдирме берилген, ал 2022-жылга салыштырмалуу 16,1 %га көп.

Ошондой эле өткөн жылы федералдык округдун билдирме ээлери ИМдин бул объектисине 2961 патент алышкан.

**ПФО, РФ: билдирмелер үлүшү**




### Жалпысынан Россия Федерациясындагы жана Приволжье федералдык округундагы (ПФО) 2023-жылдагы ойлоп табууга билдирмелерди берүүнүн структурасы

2023-жылы бүтүндөй Россия Федерациясында берилген билдирмелердин жалпы санынан Приволжье федералдык округунда (ПФО) бардыгы болуп ойлоп табууга билдирмелердин 18,6 %ы берилген.

**ПФО аймагында ойлоп табууга билдирмелерди берүү боюнча алдыңкылар**




**Приволжье федералдык округунда 2023-жылы чарба жүргүзгөн субъекттердин категориялары боюнча ойлоп табууга билдирмелерди берүүнүн үлөштүрүлүшү**




**2017–2023-аралыгында Приволжье федералдык округунан билдирүүчүлөр тарабынан PCT эл аралык жол-жобосу боюнча ойлоп табууга берилген билдирмелердин саны**

| Жылдар | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| PCT боюнча билдирмелер | 89 | 72 | 92 | 120 | 106 | 84 | 81 |

**2017–2023-аралыгында Приволжье федералдык округунда пайдалуу моделге билдирмелерди берүү жана патенттерди алуу динамикасы**




ПФОдо ойлоп табууга билдирме берүү боюнча алдыңкылардын катарында Татарстан, Башкортостан жана Пермь крайы болушту: алардын ПФОнун билдирмелеринин жалпы санындагы үлүшү 47,7 %ды түзөт.

2023-жылы Приволжье федералдык округунда ойлоп табууга билдирмелердин эң көп саны ЖОЖдор тарабынан берилген – 44 %.

Кичи жана орто бизнес субъектилерине 14 %, анын ичинен 4%ы – жеке жана 10 %ы – юридикалык жактарга таандык.

2017–2023-жж. Приволжье федералдык округунан билдирме ээлери ИМБДУга кайра жөнөтүлүү үчүн патенттик кооперация (же кызматташтык) жөнүндө келишимдин (англ. Patent Cooperation Treaty – PCT) эл аралык жол-жобосу боюнча Роспатентке ойлоп табууга 644 билдирме беришкен, анын ичинен 81 билдирме 2023-жылы берилди.

Изилденген мезгил аралыгында РСТ билдирмелерин эң активдүү Татарстан Республикасынан (134 бир.) жана Нижний Новгород областынан (114 бирд.) билдирме ээлери беришкен.

2023-жылы Приволжье федералдык округунан билдирме ээлери Роспатентке пайдалуу моделге 1904 билдирме беришкен, ал бир жыл мурдагыдан 3,7 %га көп, бирок, 2017-жылдын деңгээли жетишилген жок. Өткөн жылы округдун билдирме ээлери патенттик укуктун бул объектисине 1430 патент алышкан.

### 2023-жылы пайдалуу моделге билдирме берүү структурасы жалпысынан Россия Федерациясында жана Приволжье федералдык округунда (ПФО)

2023-жылы Россия Федерациясында пайдалуу моделге берилген билдирмелердин жалпы санынан

**ПФО, РФ: билдирмелер үлүшү**




**ПФО аймагында ойлоп табууга билдирмелерди берүү боюнча алдыңкылар**




**Приволжье федералдык округунда 2023-жылы чарба жүргүзгөн субъекттердин категориялары боюнча пайдалуу моделге болгон билдирмелерди берүүнүн үлөштүрүлүшү**



## Приволжье федералдык округунун билдирүүчүлөрүнүн (юридикалык жактардын) ойлоп табууга жана пайдалуу моделге берген билдирмелеринин саны боюнча соңку 3 жылдагы рейтиңги

| Ирет № | Билдирүүчү | РФ аймагы | Билдирмелер саны |
|---|---|---|---|
| 1. | Ульяновскидеги П.А.Столыпин атындагы мамлекеттик агрардык университет | Ульяновск областы | 734 |
| 2. | В.Д.Шашин атындагы «Татнефть» жамааттык акционердик коому | Татарстан Республикасы | 621 |
| 3. | «Рузаевкадагы химиялык машина куруу заводу» акционердик коому | Мордовия Республикасы | 326 |
| 4. | Пермьдеги мамлекеттик улуттук изилдөө университети | Пермь крайы | 263 |
| 5. | Саратовдогу Ю.А.Гагарин атындагы мамлекеттик техникалык университет | Саратов бласты | 256 |
| 6. | Казандагы мамлекеттик архитектуралык-курулуш университети | Татарстан Республикасы | 223 |
| 7. | Казандагы А.Н.Туполев атындагы улуттук изилдөөчүлүк техникалык университет | Татарстан Республикасы | 223 |
| 8. | Пермьдеги улуттук изилдөөчүлүк техникалык университет | Пермь крайы | 222 |
| 9. | Россиялык федералдык өзөктүк борбор – Эксперименталдык физиканын бүткүл Россиялык илимий-изилдөө институту | Нижний Новгород областы | 213 |
| 10. | Уфадагы мамлекеттик мунайзат техникалык университети | Башкортостан Республикасы | 198 |

Приволжье федералдык округунан болгону билдирмелердин 19,9 %ы берилген.

Пайдалуу моделге билдирме берүү боюнча Татарстан Республикасы, Самара жана Ульянов областары лидер болуп калышты, ПФОнун билдирмелеринин жалпы санындагы алардын үлүшү 40,1 %ды түзөт.

### 2023-жылы Приволжье федералдык округундагы чарба жүргүзүүчү субъектилер категориясы боюнча пайдалуу моделге билдирмелерди берүүнүн бөлүштүрүлүшү

Приволжье федералдык округунда 2023-жылы пайдалуу моделге билдирмелердин эң чоң санын ишкердик сектордун өкүлдөрү жана башка юридикалык

### 2023-жылы федералдык округдардагы жана бүтүндөй Россия Федерациясындагы ойлоп табуучулук активдигинин коэффициенти (ОТАК)*

| КИА без учета ПМ | Федеральный округ | КИА с учетом ПМ |
|---|---|---|
| 2,12 | 1. Центральный | 3,16 |
| 1,78 | 2. Северо-Западный | 2,61 |
| **1,33** | **3. Приволжский** | **2,00** |
| 1,16 | 4. Сибирский | 1,63 |
| 0,99 | 5. Уральский | 1,50 |
| 0,91 | 6. Южный | 1,28 |
| 0,62 | 7. Дальневосточный | 0,85 |
| 0,54 | 8. Северо-Кавказский | 0,63 |
| **1,41** | **Российская Федерация** | **2,06** |

### К2023-жылы Приволжье федералдык округунун (ПФО) аймактарында ойлоп табуучулук активдигинин коэффициенти (ОТАК): калктын ар 10 000 кишисине карата ойлоп табуу патентине берилген билдирмелердин саны*




* Росстат 2023-ж. 01.01.жарыялаган маалыматтар боюнча эсептелген

**2023-жылы Приволжье федералдык округунун (ПФО) аймактарында ойлоп табуучулук активдигинин коэффициенти (ОТАК): калктын ар 10 000 кишисине карата ойлоп табуу патентине жана пайдалуу моделге берилген билдирмелердин саны***




* Росстат 2023-ж. 01.01.жарыялаган маалыматтар боюнча эсептелген

жактар бериштн – 28 %. ЖОЖдор жана КОИ субъектилери 27 %дан бериштн. КОИ субъектилери берившен билдирмелердин 27 %да юридикалык жана жеке жактар дээрлик бирдей салым кошконун баса белгилеп кетүү маанилүү.

Акыркы 3 жылда округда ойлоп табууга жана пайдалуу моделге билдирмелердин эң көп саны агроөнөр жай комплекси үчүн адистерди даярдоону ишке ашырган ири билим берүү, илимий-инновациялык жана консалтиң борбору – П. А. Столыпин атындагы Ульяновск мамлекеттик агрардык университети тарабынан берилген.

Лидерлердин үчилтигинде В. Д. Шашин атындагы «Татнефть» ЖАК (негизги активдери Татарстан Республикасынын аймагында жайгашкан ири россиялык мунайзат компаниясы) жана «Рузаевкадагы химиялык машина куруу заводу» АКсы – Мордовия Республикасынын Рузаевка шаарында жайгашкан машина куруу ишканасы.

Приволжье федералдык округу 2023-жылдын маалыматтары боюнча Россия Федерациясынын федералдык округдарынын арасында пайдалуу моделдерди эске алуу жана эске албоо менен ойлоп табуучулук активдүүлүктүн коэффициентинин мааниси боюнча 3-орунду ээледи.

Приволжье федералдык округу 2023-жылдын маалыматтары боюнча Россия Федерациясынын федералдык округдарынын арасында пайдалуу моделдерди эске алуу жана эске албоо менен ойлоп табуучулук активдүүлүктүн коэффициентинин мааниси боюнча 3-орунду ээледи.

Приволжье федералдык округунда пайдалуу моделдерди эске албоо менен ойлоп табуучулук активдүүлүктүн коэффициентинин мааниси боюнча Татарстан Республикасы лидер болуп саналат.

Ульяновск областы Приволжье федералдык округунун аймактарынын рейтиңгинде 2023-жылы пайдалуу моделдерди эске алуу менен ойлоп табуучулук коэффициентинин мааниси боюнча алдыңкы орунду ээлейт.

## Өнөр жай үлгүлөрү

**2017–2023-жж. аралыгында Приволжье федералдык округунда өнөр жай үлгүлөрүнө болгон билдирмелерди берүү жана патенттерди алуу динамикасы**



2017–2023-жж. аралыгында Приволжье федералдык округунда өнөр жайлык үлгүнү каттоого туруктуу динамикалык өсүш байкалган. 2023-жылы федералдык округдун билдирме ээлери өнөр жайлык үлгүгө 829 билдирме беришкен, ал 2022-жылга салыштырмалуу 30,8 %га көп, жана патенттик укуктун ал объектисине 628 патент алышкан.

**ПФО, РФ: билдирмелер үлүшү**




### 2023-ж. жалпысынан Россия Федерациясында жана Приволжье федералдык округунда (ПФО) өнөр жайлык үлгүгө билдирме берүүлөрдүн түзүмү

2023-жылы Россия Федерациясында өнөр жай үлгүлөрүнө берилген билдирмелердин 15%дан ашыгы Приволжье федералдык округунан берилген. ПФОдогу 2023-жылдагы өнөр жайлык үлгүгө берилген билдирмелердин жарымынан көбү округда алдыңкылар тарабынан – Самара областында, Татарстан Республикасында жана Пермь крайында берилген .

**ПФОдо пайдалуу моделге билдирмелерди берүүнүн алдыңкылары**




## Товардык белгилер

**2017–2023-жж. аралыгында Приволжье федералдык округунда товардык белгилерге билдирмелерди берүүнүн жана каттоонун динамикасы**




Приволжье федералдык округунда, жалпысынан бүт өлкө сыяктуу эле, билдирме ээлеринин товардык белгини каттоого кызыгуусунун өсүшү байкалууда. 2023-жылы округдун билдирме ээлери товардык белгини каттоого 15 816 билдирме беришкен, ал бир жыл мурдагыга караганда 40,2 %га көп. Ошондой эле ПФОнун билдирме ээлери 2023-жылы товардык белгиге 8844 күбөлүк алышкан.

### 2023-жылдагы Приволжье федералдык округунда товардык белгилерге билдирме берүүнүн түзүмү

2023-жылы Россия Федерациясында Приволжье федералдык округунан берилген товардык белгилерге билдирмелердин үлүшү 12,9 %ды түздү. ПФОдо товардык белгиге билдирме берүү боюнча Татарстан

**ПФО, РФ: билдирмелер үлүшү**




**Лидеры по подаче заявок на товарный знак в ПФО**



Республикасы, Нижний Новгород жана Самара областтары алдыңкылардан болуп калышты – алардын ПФОдогу билдирмелердин жалпы санындагы үлүшү 44,0 %ды түзөт.

## Товарлардын келип чыгуу жерлеринин аталыштары Географиялык көрсөткүчтөр

2023-жылга карата Приволжье федералдык округунда 43 ТКЧЖА жана 5 ГК катталган.

**Приволжье федералдык округунун 2023-жылы катталган аймактык бренддери**

| | | |
|---|---|---|
| **Татарстан Республикасы** | № 312 ТКЧЖА Казан саймалуу булгаарысы |  |
| **Нижний Новгород областы** | № 328 ТКЧЖА Шахунья токуучулугу |  |
| | № 329 ГК Полховский Майдан жасалга сүрөтү |  |

| | | |
|---|---|---|
| **Башкортостан Республикасы** | № 320 ТКЧЖА Башкорт жылкысы |  |
| | ГУ № 305 Мансуровский гранит |  |
| **Удмурт Республикасы** | № 306 ГК Удмурт жол-жол кырдуу кездемеси |  |

## ЭЭМ үчүн программалар, маалыматтар базалары жана интегралдык микросхемалардын топологиялары

**2017–2023-жж. аралыгында Приволжье федералдык округунда ЭЭМПрограммалары, маалыматтар базалары жана интегралдык микросхемалардын топологиялары үчүн билдирмелерди берүүнүн жана каттоонун динамикасы**




2023-жылы ПФОнун билдирме ээлери Роспатентке ЭЭМ үчүн программа үчүн 4175 программаларды , маалыматтар базасына 742 билдирме жана интегралдык микросхемалардын топологиясына 4 билдирме беришкен. ЭЭМпр., МБга жана ИМСТга берилген билдирмелердин жалпы саны – 4921. 2023-жылы ЭЭМпр., МБга жана ИМСТга берилген билдирмелердин жалпы саны 2022-жылга салыштырмалуу 1,5 %га кыскарганына карабастан, бул көрсөткүч изилденилген мезгилдин калган жылдарындагыдан жогору.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча округдун билдирме берүүчүлөрү ЭЭМПр., МБга жана ИМСТга 4831 күбөлүк алышкан (ЭЭМПр. – 4128, МБ – 700, ИМСТ – 3).

2023-жылы ПФОнун билдирме ээлери Роспатентке ЭЭМ программалары үчүн 4175, маалыматтар базасына 742 билдирме жана интегралдык микросхемалардын топологияларына 4 билдирме беришкен. ЭЭМПр., МБ жана ИМСТга берилген билдирмелердин жалпы саны – 4921

**Доля заявок ПФО в РФ**




**Лидеры по подаче заявок на ПрЭВМ, БД и ТИМС в ПФО**




**2023-жылы Приволжье федералдык округунда ЭЭМПр., МБга жана ИМСТга билдирмелерди берүү түзүмү**

Россия Федерациясында 2023-жылы Приволжье федералдык округунан ЭЭМПр.,МБга жана ИМСТга берилген билдирмелердин үлүшү 13,9 %ды түздү. ЭЭМПр.,МБга жана ИМСТга билдирме берүү боюнча Татарстан Республикасы, Самара областы жана Башкортостан Республикасы алдыңкы оруңдарга чыгышты.

Россия Федерациясында 2023-жылы Приволжье федералдык округунан ЭЭМПр.,МБга жана ИМСТга берилген билдирмелердин үлүшү 13,9 %ды түздү.

## Аймактагы Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборлору (ТИКБ)

2009-жылдын августунда ИМБДУ Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборлорун (ТИКБ) – аңгл. Technology and Innovation Support Centers (TISCs) түзүү боюнча сынамык долбоорду демилгеледи, алардын максаты болуп техникалык билимдерге жеткиликтүүлүктү жөнөкөйлөтүү жана бир катар өлкөлөрдө, илимий-техникалык маалыматтын аймактык борборлорунда патенттик маалыматты пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу саналат. ТИКБларды азыр бүт дүйнө боюнча көптөгөн өлкөлөрдө табууга болот, ал эми РФда бул долбоор 2011-жылдан бери жүзөгө ашырыла баштады.

Бардык ТИКБлар өз иш-аракеттеринин алкагында төмөнкү базалык кызматтарды көрсөтүшөт:

- ӨЖМФИ патенттик жана патенттик эмес маалыматтар базасына жеткиликтүүлүктү;
- маалыматтар базасынын негизинде патенттик изилдөө жүргүзүүдө техникалык маалыматты издөөдө жардамды;
- маалыматтар базасында издөө жүргүзүү боюнча окутууну;
- мыйзамдар боюнча жалпы маалымат берүүнү;
- маалыматты расмий сайттарда, социалдык тармактарда, ММКларда, радиодо, телевидениеде жайгаштырууда, ачык маалыматтык акцияларды жүргүзүүдө.

Приволжье федералдык округунда төмөнкүдөй **60 ТИКБ** түзүлгөн жана иштеп жатат:

- 1-деңгээлдеги ТИКБ – **23 борбор**
- 2-деңгээлдеги ТИКБ – **30 борбор**
- 3-деңгээлдеги ТИКБ – **7 борбор**


## Авторлор жөнүндө маалымат

**Ольга Евгеньевна Бацокина,** Аналитика борборунун талдоо материалдарын даярдоо секторунун башчысы, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат), olga.batsokina@rupto.ru

**Юлия Витальевна Завгородняя,** Аналитика борборунун талдоо материалдарын даярдоо секторунун жетектөөчү талдоочусу, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси (Москва, Бережковская наб., 30, 1-имарат), zavgorodnyaya@rupto.ru

## Information about the authors

**Olga E. Batsokina,** Head of the Preparation analytical materials sector at the Analytical Center, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); olga.batsokina@rupto.ru

**Yulia V. Zavgorodnyaya,** Leading Analyst of the Preparation analytical materials sector at the Analytical Center, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); zavgorodnyaya@rupto.ru


Авторлор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдиришет.
The authors declare no conflict of interests.
2024-ж.29.02 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.09.04 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

Эксперттик корутунду Expert opinion

# Жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий-жарыялоочулук активдик 2024-жылдын I кварталы

**Сергей Владимирович Астахов**✉**, Сергей Юрьевич Наквасин**
Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Талдоо борбору,
Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Жасалма интеллектти өнүктүрүүнүн улуттук борбору
✉s.v.astakhov@inbox.ru

**Аннотация:** макалада Lens.org интернет-ресурсунда жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоолорду издөөнүн жана талдоонун натыйжалары. Издөө 2024-жылдын 25-мартында 2024-жылдын 1-январы – 25-марты аралыгында жарыялоонун датасы боюнча жүргүзүлдү:

- Artificial intelligence;
- Machine learning;
- Deep learning;
- Computer vision;
- Pattern recognition;
- Artificial neural network;
- Convolutional neural network;
- Natural language processing;
- Reinforcement learning;
- Data science;
- Robustness (computer science);
- Speech recognition.

Пайдаланылуучу методология жасалма интеллекттин жалпы түшүнүктөрүн (машиналык окутуу, нейрондук тармак, паттерндерди таануу, маалыматтар жөнүндө илим, «робасттуулук») гана эмес, ошондой эле жасалма интеллекттин эң актуалдуу технологияларын (компьютердик көрүү, сөздү жайылтуу жана табигый тилди иштеп чыгуу), ошондой эле аларды жүзөгө ашырууга актуалдуу мамилелерди (глубокое обучение, обучение с подкреплением, сверточ ные нейронные сети) да камтыйт.

**Олуттуу сөздөр:** илимий-жарыялоочулук активдүүлүк, жасалма интеллекттин технологиялары.
**Цитаталоо үчүн:** Астахов С. В., Наквасин С. Ю. Научно-публикационная активность в сфере искус ственного интеллекта // Вестник ФИПС. 2024.Т. 3 № 2 (8). С. 188 –196.

# Scientific publication activity in the field of artificial intelligence – Q1 2024

**Sergey V. Astakhov**✉**, Sergei Yu. Nakvasin**
Analytical Center for the Government of the Russian Federation,
National Centre for AI Development for the Government of the Russian Federation
✉s.v.astakhov@inbox.ru

**Abstract:** The article presents the results of a search and analysis of scientific publications in the field of artificial intelligence on the Internet resource Lens.org. The search was conducted on March 25, 2024 by publication date from January 1 to March 25, 2024 in the following areas of knowledge:

- Artificial intelligence;
- Machine learning;
- Deep learning;
- Computer vision;
- Pattern recognition;
- Artificial neural network;
- Convolutional neural network;
- Natural language processing;
- Reinforcement learning;
- Data science;
- Robustness (computer science);
- Speech recognition.

The methodology used covers not only the general concepts of artificial intelligence (machine learning, neural network, pattern recognition, data science, «robustness»), but also the most current artificial intelligence technologies (computer vision, speech recognition and natural language processing), as well as current approaches to their implementation (deep learning, reinforcement learning, convolutional neural networks).

**Keywords:** scientific and publishing activity, artificial intelligence technologies
**For citation:** Sergey V. Astakhov, Sergei Yu. Nakvasin, Scientific publication activity in the field of artificial intelligence – Q1 2024//Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 188 –196.

**© Астахов С.В., Наквасин С.Ю., 2024**

**Киришүү**

2024-жылдын биринчи кварталында жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоочулук активдүүлүк боюнча лидер болуп рейтингде акыркы беш квартал аралыгында өзүнүн ордун сактап калган Кытай саналат, Мында Россия өткөн кварталда ээлеген 15-орундан өзүнүн позициясынын начарлашын көрсөтүү менен 18-орунда турат.

Жарыялоолордун саны боюнча эң популярдуу тема болуп 2024-жылдын биринчи кварталында «Электротехника жана электроника» саналат. Мында цитаталанышынын саны боюнча эң талап кылынган тема – «Программалык камсыздоо». Беш эң популярдуу жана талап кылынган темадан турган тизме эң популярдуу (жарыялоолордун саны боюнча) «Жалпы медицина» менен «Электротехника жана электроника», ошондой эле цитаталануунун саны боюнча эң талап кылынган «Колдонмо математика» жана «Маалыматтык системалар» темалардын болушу менен айырмаланат.

Жарыялоолордун саны боюнча эң талап кылынган темаларда алдыңкылар – Кытай (эң активдүү уюм – Кытай илимдер академиясы) жана АКШ (эң активдүү уюмдар – Нортистерн Университети (Түндүк-Чыгыш университети) жана Гарвард университети). Ушул эле өлкөлөр жана уюмдар эң талап кылынган темаларда да алдыңкы бойдон калууда. Колдонмо математикасы жана жалпы медицина тармактарында эң жогорку орундарды Россия ээлейт.

2024-жылдын биринчи кварталында жасалма интеллект чөйрөсүндө макалаларды жарыялаган эң кадыр-барктуу журнал болуп цитаталануу квартили боюнча 1 жана 20,96 (SJR) импакт-фактор менен мүнөздөлүүчү Nature эсептелет. Журналдын негизги тематикасы – илимий табият таануучулук.

Биринчи квартилдеги журналдардагы макалалардын цитаталануучулук (Q1) үлүшү жарыялоолордун жалпы санынан 12,1 %ды түзөт. Бул көрсөткүч 2023-жылы туруктуу өскөнүн жана 2024-жылы да өсүп жатканын белгилеп коюу керек.

2024-жылдын биринчи кварталында эң кадыр-барктуу журналдарда жарыялоолор боюнча лидер болуп Кытай калууда.

Коммерциялык компаниялар төмөнкү темалар боюнча илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын жарыялашууда: колдонмо информатика, жалпы медицина, программалык камсыздоо, генетиканын жалпы биохимиясы, молекулярдык биология жана фармакология. Lens.org ресурсунун маалыматы боюнча, 2024-жылдын биринчи кварталында 91 719 макала жарыяланган. Сүрөт 1де жана 2де акыркы жылдагы жана өткөн беш жылдагы жарыялоолордун саны боюнча кварталдык динамиканын графиктери келтирилген.

## Дүйнөдөгү кырдаал

Lens.org ресурсунун маалыматы боюнча, 2024-жылдын биринчи кварталында 91719 макала жарыяланган. 1- жана 2-сүрөттөрдө соңку жыл жана өтүп кеткен беш жылдын ичинде жарыялоолордун санындагы кварталдык жылыштын (динамиканын) графиктери келтирилген.

1- жана 2-сүрөттөрдө берилген натыйжалар жасалма интеллект чөйрөсүндөгү дүйнөлүк ар кварталдык илимий-жарыялоочулук активдиги 2023-жылдын биринчи кварталынан өсүштү көрсөткөнү жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет, бирок, бирок учурдагы мезгилге карата өткөн жылдын ушул эле убакыт мезгилине караганда олуттуу аз, ал каралуучу мезгилде 250 000 жарыялоонун уланып жаткан индексациялоо процесси менен байланышкан. Мына ошондуктан макалаларды уланып жаткан индексациялоого байланыштуу 2024-жылдын биринчи кварталында да өсүү тенденциясы сакталып




**1-сүрөт**
**2023–2024-жылдары жарыялоолордун квартал сайынкы сандарынын динамикасы**




**2-сүрөт**
**Өткөн беш жылдын ар биринчи кварталында жасалма интеллект чөйрөсүндөгү илимий жарыялоолордун сандарынын динамикасы**




**3-сүрөт**
**Акыркы беш квартал аралыгындагы жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоолордун саны боюнча алдыңкы өлкөлөрдүн ээлеген орундары**

калаары күтүлүүдө. Өткөн кварталдын аягында индексацияланган жарыялоолордун саны 234 941ди түзгөнүн белгилеп коюу керек.

2023-жылдын төртүнчү кварталы үчүн макалаларды индексациялоонун аякташына байланыштуу алардын саны 102 637ден 234 941ге чейин өскөн. Төртүнчү квартал үчүн макалалардын индексациясынын натыйжасы боюнча да өсөөрүн болжолдоого болот, өсүү тенденциясын кайра жаңылоо жүрбөшү мүмкүн.

Төмөндө 2024-жылдын биринчи кварталындагы жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоолордун саны боюнча өлкөлөрдүн рейтинги келтирилген:

1. Кытай
2. АКШ
3. Улуу Британия
4. Индия
5. Германия
6. Канада
7. Австралия
8. Италия
9. Индонезия
10. Япония
11. Бразилия
12. Россия
13. Сауд Арабиясы

> Россия 605 жарыялоосу менен Сауд Арабиясынан (578 макала) ашып кеткен, бирок Бразилиядан (611 макала) артта калып 12-орунду ээледи. Алдыңкы өлкөлөрдүн жана Россиянын акыркы беш кварталда ээлеген орундарынын динамикасы 3-сүрөттө келтирилген.

Мына ошентип, 2024-жылдын биринчи кварталында жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоочулук активдүүлүк боюнча лидер болуп рейтингде акыркы беш квартал аралыгында өзүнүн ордун сактап калган Кытай саналат, Мында Россия өткөн кварталда ээлеген 15-орундан өзүнүн ээлеген ордунун начарлашын көрсөтүп, 18-орунда турат.

## Жарыялоолордун темалары

2024-жылдын биринчи кварталында жарыялоолордун саны боюнча төмөнкү темалар эң популярдуу болууда:

1) Электротехника жана электроника – 5855 жарыялоо.
2) Колдонмо информатика – 5768 жарыялоо.
3) Жалпы медицина – 5496 жарыялоо.
4) Программалык камсыздоо – 4230 жарыялоо.
5) Компьютердик тармактар жана коммуникациялар – 3520 жарыялоо.

Мында орточо цитаталануу боюнча эң талап кылынган болуп төмөнкү темалар саналат:

1) Программалык камсыздоо.
2) Колдонмо математика.
3) Компьютердик тармактар жана коммуникациялар.
4) Колдонмо информатика.
5) Маалыматтык системалар.

Жарыялоолордун саны боюнча 2024-жылдын биринчи кварталында «Электротехника жана электроника» эң популярдуу тема болуп калды.

Жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий жарыялоолордун эң популярдуу темаларынын алкагында жарыялоолордун саны боюнча 1-таблица келтирилген өлкөлөр саналат.

2024-жылдын биринчи кварталында жарыялоолордун саны боюнча эң кең тараган болуп төмөнкү темалар саналат: Электротехника жана электроника – 5855 жарыялоо. Колдонмо информатика – 5768 жарыялоо. Жалпы медицина – 5496 жарыялоо.

Эң талап кылынган илимий жарыялоолордун саны боюнча лидерлер болуп 2-таблицада келтирилген келтирилген өлкөлөр саналат.

Ушул эле өлкөлөр жана уюмдар эң талап кылынган темаларда өз алдыңкылыгын сактап калышты. Россия эң жогорку позицияларды колдонмо математика жана жалпы медицина тармактарында ээлейт.

**1-таблица**
**Жарыялоолордун саны боюнча алдыңкы өлкөлөр жана ошол өлкөлөрдөгү эң кеңири тараган темалар жаатында өзгөчө активдүү уюмдар**

| Орду | Өлкө | Уюмдун аты |
|---|---|---|
| | Электротехника жана электроника | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | АКШ | Жоржиянын технологиялык институту |
| 3 | Индия | Висвесварая технологиялык университети |
| 4 | Түштүк Корея | Сеулдагы улуттук университет |
| 5 | Улуу Британия | Лондондун Империялык коллежи |
| 30 | Россия | Россиянын илимдер академиясы |
| | Колдонмо математика | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | АКШ | Гарвард университети |
| 3 | Улуу Британия | Лондондун Империялык коллежи |
| 4 | Индия | Илим жана технологиялар SRM институту |
| 5 | Германия | Мүнхендеги техникалык университет |
| 24 | Россия | Россиянын илимдер академиясы |
| | Жалпы медицина | |
| 1 | АКШ | Гарвард университети |
| 2 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 3 | Индонезия | Танжуңпур университети |
| 4 | Улуу Британия | Оксфорд университети |
| 5 | Канада | Торонто университети |
| 23 | Россия | Россиянын илимдер академиясы |
| | Программалык камсыздоо | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | Индия | Веллуру технологиялык институту |
| 3 | АКШ | Нортистерн (Түндүк-Чыгыш) университети |
| 4 | Улуу Британия | Лондондун Империялык коллежи |
| 5 | Австралия | Сиднейдеги технологиялык университет |
| 43 | Россия | Санкт-Петербург мамуниверситети |
| | Компьютердик тармактар жана коммуникациялар | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | Индия | Илим жана технологиялар SRM институту |
| 3 | АКШ | Нортистерн (Түндүк-Чыгыш) университети |
| 4 | Австралия | Сиднейдеги технологиялык университет |
| 5 | Улуу Британия | Шеффилд университети |
| 39 | Россия | МГИМО |

**2-таблица**
**Жарыялоолордун саны боюнча алдыңкы өлкөлөр жана ошол өлкөлөрдөгү өзгөчө талап кылынган темалар жаатында эң активдүү уюмдар**

| Орду | Өлкө | Уюмдун аты |
|---|---|---|
| | Программалык камсыздоо | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | Индия | Веллуру технологиялык институту |
| 3 | АКШ | Нортистерн (Түндүк-Чыгыш) университети |
| 4 | Улуу Британия | Лондондун Империялык коллежи |
| 5 | Австралия | Сиднейдеги технологиялык университет |
| 43 | Россия | Санкт-Петербург мамуниверситети |
| | Колдонмо математика | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | АКШ | Мичиган университети |
| 3 | Индия | Илим жана технологиялар SRM институту |
| 4 | Улуу Британия | Оксфорд университети |
| 5 | Германия | Мүнхендеги техникалык университет |
| 18 | Россия | Россиянын илимдер академиясы |
| | Компьютердик тармактар жана коммуникациялар | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | Индия | Илим жана технологиялар SRM институту |
| 3 | АКШ | Нортистерн (Түндүк-Чыгыш) университети |
| 4 | Австралия | Сиднейдеги технологиялык университет |
| 5 | Улуу Британия | Шеффилд университети |
| 39 | Россия | МГИМО |
| | Колдонмо информатика | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | АКШ | Гарвард университети |
| 3 | Улуу Британия | Лондондун Империялык коллежи |
| 4 | Индия | Илим жана технологиялар SRM институту |
| 5 | Германия | Мүнхендеги техникалык университет |
| 24 | Россия | Россиянын илимдер академиясы |
| | Маалыматтык системалар | |
| 1 | Кытай | Кытайдын илимдер академиясы |
| 2 | АКШ | Пенсилвания штатынын университети |
| 3 | Индия | Висвесварая технологиялык университети |
| 4 | Улуу Британия | Лондондун Падыша коллежи |
| 5 | Германия | Мүнхендеги техникалык университет |
| 43 | Россия | Экономиканын жогорку мектеби |

## Эң маанилүү илимий натыйжалар

Адатта, эң олуттуу натыйжалар изилдөөчүлөр тарабынан дүйнөлүк шериктештик тарабынан жогорку деңгээли менен мүнөздөлүүчү илимий басылмаларга жарыяланат. Илимий басылманын таанылуу деңгээли адатта анда жарыяланган макалалардын квартили жана журналдын импакт-фактору менен сан менен мүнөздөлүүчү орточо цитаталануучулугу менен аныкталат. Бул метрикалар Scimago Journal Ranking сайтында жарыяланат.

> Илимий басылманын таанылуу деңгээли адатта анда жарыяланган макалалардын квартили жана журналдын импакт-фактору менен сан менен мүнөздөлүүчү орточо цитаталануучулугу менен аныкталат.

2024-жылдын биринчи кварталында жарыяланган жасалма интеллект чөйрөсүндө илимий макалалардын бибилиографиялык маалыматтарынны анализи журналдардагы макалалардын биринчи картилдеги цитаталануучулугу (Q1) жарыялоолордун жалпы санынан 12,1 %ды түзөрүн көрсөтүп турат.

Жогоруда көрсөтүлгөн метрикалардын негизинде каралып жаткан мезгилде эң кадыр-барктуу журналдарда жарыяланган 10 макаладан тизме түзүлгөн. Төмөндө аларда жарыяланган илимий натыйжалардын кыскача талдоосу келтирилген.

**«Флотациянын өнөр жайлык процессинде өндүрүмдүүлүктүн мониторинги үчүн белгилерди жана жарым-жартылай көзөмөлдөгү темпоралдык-мейкиндик окутуунун толук масштабдуу айкалышы»**[1] аттуу

[1] Y. Wang et al., Multiscale Feature Fusion and Semi-Supervised Temporal-Spatial Learning for Performance Monitoring in the Flotation Industrial Process, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 974–987, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2023.3295852.

макалада авторлор калийдик жер семирткичтерди алуу процессинин мониторингин жакшыртуу ыкмаларын изилдешет. Алар калийдин хлоридинин флотация процессинин жүрүшүндө түзүлүүчү көбүктүн сүрөттөлүшүн иштеп чыгуунун жаңы методдорун сунушташат. Авторлор алынуучу концентраттын сапатын алдын-ала айтууга мүмкүндүк берүүчү моделди сүрөттөп жазышат. Бул ыкмалар жана модельфлотация процесси жөнүндө реалдуу маалыматтарда текшерилет.

**«Окутуунун кеңири системасынын бөлчөктүк аппроксимациясы»**[2] макаласында нейрондук тармактардын ар кайсы функцияларды жакындатууга (баштапкы функциянын белгилүү бир диапазондо же аныктоонун бардык интервалында жүрүм-турумун же формасын мүмкүн болушунча жакын кайталаган башка функцияны табуу) жөндөмдүүлүгүн баалоо ыкмалары изилденет. Авторлор "окутуунун кеңири тармагы" (BLS) катары белгилүү болгон окутуунун кеңири пайдаланылуучу системасын колдонууну жана анын функцияларды жакындатуу мүмкүндүгүн талкуулашат. Авторлор тордун жана салмактын архитектурасын конструктивдүү аныктоого мүмкүндүк берүүчү жаңы ыкманы сунушташат, ошондой эле бул системаны бөөчөктүк эсептеп чыгуу контекстинде колдонулушун изилдешет. Эксперименттер бул методдун натыйжалуулугун текшерүү үчүн жүргүзүлөт. Бул ыкма чоң маалыматтарда, моделдештирүүдө жана машиналык окутууда колдонула алат.

«Селекциялык ландшафт жана байыркы евразиялыктардын генетикалык мурасы» макаласында авторлор болжол менен 12 миң жыл мурда голоцен мезгилинде болуп өткөн өзгөрүүлөрдү изилдешет.

**«Селекциялык ландшафт жана байыркы евразиялыктардын генетикалык мурасы»**[3] макаласында авторлор болжол менен 12 миң жыл мурда голоцен мезгилинде болуп өткөн өзгөрүүлөрдү изилдешет.

1600дөн ашуун байыркы геномдордогу маалыматтарды пайдалануу менен авторлор геномдордогу өзгөрүүлөрдү жана алардын азыркы элдердин ден соолугу жана тамактануусу үчүн кесепеттерин анализдешет. Жасалма интеллекттин технологиялары эволюциялык процессти моделдөө, гендердин тандап алуу сигналдарын аныктоо жана азыркы популяциялардын генетикалык курамындагы айырмачылыктардын анализи үчүн колдонулат.

«Динамикалык оюндар үчүн акыркы козутуу менен кооперативдик окутуу» макаласында анда динамика үзгүлтүксүз өзгөрүп турган нөлдүк сумма менен окутуу процессин жакшыртуу ыкмасы сунушталат.

**«Динамикалык оюндар үчүн акыркы козутуу менен кооперативдик окутуу»**[4] макаласында анда динамика үзгүлтүксүз өзгөрүп турган нөлдүк сумма менен окутуу процессин жакшыртуу ыкмасы сунушталат. Актор-сынчы методу менен салттуу борборлоштурулган окутуудан айырмаланып, окутуунун жаңы кооперативдүү методу иштелип чыккан, ал өзүнө онлайн-маалыматтарды көз ирмемдик маалыматтар менен айкалыштырат. Тажрыйбаны ар бир агент үчүн кайталап чыгаруу жана агенттер ортосундагы бөлүштүрүлгөн өз ара аракеттенүү техникасын пайдалануу дайыма козутуунун классикалык шартын текшерүү үчүн көбүрөөк жөнөкөй кооперативдик козутуу шартына алмаштырууга мүмкүн.

**«Такаги – Сугено дискреттик системаларынын убакыт сайын өзгөрүп турган кеңейтилген матрица мамилесинин негизинде өркүндөтүлгөн туруктуу так эмес стабилдештирүү»**[5] макаласында так эмес жөнгө салуучуну пайдалануу менен системаны турукташтыруунун жакшыртылган ыкмасы сунуш кылынат. Негизги жакшыртуу эскертүүнүн ошол эле деңгээлин сактоодо системанын турукташтыруу тармагын кеңейтүүдө турат. Бул үчүн атайын жөнгө салуучу иштелип чыгат, ал

«Такаги – Сугено дискреттик системаларын убакытта кеңейтилген өзгөрүүчү мамилесинин негизинде өркүндөтүлгөн туруктуу так эмес турукташтыруу» макаласында так эмес жөнгө салуучуну пайдалануу менен системаны турукташтыруунун жакшыртылган  ыкмасы сунушталат.

иштин бир нече режимине ээ, бул күүлөөдө ийкемдигин көбөйтөт. Маанилүү жагдай болуп жаңы ыкманы пайдалануу саналат, ал иштин ар бир режими үчүн так эмес

[2] S. Wu, J. Wang, H. Sun, K. Zhang and N. R. Pal, Fractional Approximation of Broad Learning System, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 811–824, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2021.3127152.

[3] Irving-Pease, E.K., Refoyo-Martínez, A., Barrie, W. et al. The selection landscape and genetic legacy of ancient Eurasians. Nature 625, 312–320 (2024). https://doi.org/10.1038/s41586–023–06705–1

[4] Y. Yang, H. Modares, K. G. Vamvoudakis and F. L. Lewis, Cooperative Finitely Excited Learning for Dynamical Games, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 797–810, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2023.3274908.

[5] X. Xie, L. Wan, Z. Gu, D. Yue and J. Sun, Enhanced Resilient Fuzzy Stabilization of Discrete-Time Takagi–Sugeno Systems Based on Augmented Time-Variant Matrix Approach, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 929–934, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2022.3179048.

салмактык функциялардын уникалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бул ыкма, мисалы, робототехникалык системалар, башкаруунун автоматтык системалары, электромеханикалык системалар, ошондой эле өндүрүштүк процесстерди башкаруу системаларын кошо алганда, динамикалык системалардын кеңири системалары үчүн колдонула алышы мүмкүн.

«**VisEvent: Кадрлардын агымынын жана окуялардын биргелешкен ишинин жардамы менен объектилерге ишенимдүү көз салуу**»[6] макаласында объектилерге көз салуу үчүн кадимки видеокамераны жана окуялардын камерасын бирге пайдаланууну изилденет. Сүрөттөлүштөрү менен жазуучу видеокамералардан айырмаланып, окуялардын камерасы асинхрондук жана төмөнкү кармоо менен чейректелген окуялардын агымын сүрөттөйт. Кадимки камералар текстуралык деталдарды жана жай кыймылды жакшы кармайт, ошол эле убакта окуялардын камералары кыймылдык бозоңдотуудан кутула алат жана чоң динамикалык диапазонго ээ, ал аларга тез кыймылда жана төмөнкү жарыктандырууда жакшы иштөөгө мүмкүндүк берет. Иште кадимки камеранын жана окуялардын камерасынын объектилерге көз салуудагы маалыматтарынын чоң топтому сунушталат (VisEvent маалыматтар топтому). Бул маалыматтар топтому өзүнө төмөн жарыктандырылуу, жогорку ылдамдык жана фондук чуу сыяктуу ар кайсы шарттарда кармалган кадрларды камтыйт. Мунун негизинде эки камерадан тең маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн жөнөкөй жана белгилерди комбинациялоонун натыйжалуу алгоритмдерин (кабатталышын) кошо алганда, объектилерге көз салуунун ар кайсы методдорунун натыйжалуулугун баалоо үчүн эксперименттер жүргүзүлөт.

> «VisEvent: Кадрлардын агымынын жана окуялардын биргелешкен ишинин жардамы менен объектилерге ишенимдүү көз салуу» макаласында объектилерге көз салуу үчүн кадимки видеокамераны жана окуялардын камерасын бирге пайдаланууну изилденет.

«**Моделдерди автоматташтырылган түзүү жана белокторду крио-ЭМ карталарында идентификациялоо**»[7] макаласынын авторлору ModelAngelo – криоэлектрондук микроскопияда (крио-ЭМ) атомдук моделдерди автоматташтырылган түзүү үчүн машиналык окутуунун негизиндеги мамилени сунушташат. ModelAngelo крио-ЭМ картадан маалыматты белоктук ырааттуулукта жана түзүмдү белоктордун жана нуклеотиддердин атомдук моделдерин түзүү үчүн пайдаланат. Ал атомдук моделдердин эксперттер түзгөндөр менен салыштырылуучу сапатына жетет жана белгисиз ырааттуулуктары менен белоктордун идентификациясында алардан ашып кетет. ModelAngelo жасалма интеллект технологияларын колдонуу атомдук моделдерди түзүү процессин автоматташтырууга жана түзүмүн крио-ЭМ методу менен аныктоодо объективдүүлүктү жогорулатууга мүмкүндүк берет.

«**Тейлөөдөн баш тартуу тибиндеги чабуулдар шартында киберфизикалык энергосистемалар үчүн окуянын тригери менен коопсуз адаптивдик башкаруу**»[8] макаласында киберчабуулдарда киберфизикалык энергетикалык системаларды (CPPSs) коопсуз башкарууну камсыздоо ыкмасы изилденет. Авторлор чектелген энергия менен тейлөөдө (DoS) чабуулдар астында баш тартуу менен CPPSsүчүн окуяларды адаптивдик башкаруунун жаңы методун сунушташат. Берилген механизм иштеп кетүү механизмдерин долбоорлоодо DoS-чабуулдарды эске алат. CPPSs туруктуулугун камсыздоо үчүн жетиштүү шарттар алынды жана анын аралыгында системанын абалынын траекториясы коопсуз зонада кепилденип калуу убактысы берилген.

> «Тейлөөдөн баш тартуу тибиндеги чабуулдар шартында киберфизикалык энергосистемалар үчүн окуянын тригери менен коопсуз адаптивдик башкаруу» макаласында киберчабуулдарда киберфизикалык энергетикалык системаларды (CPPSs) коопсуз башкарууну камсыздоо ыкмасы изилденет.

«**Гибкое управление на основе производи тельности для нелинейных систем при сильных внешних возмущениях**»[9] макаласында тышкы жолтоо болуулардын таасирине катуу тушуккан системаларды башкаруу проблемасы каралат. Тышкы наразылыктарды баалоо үчүн интервалдык наразылыктардын байкоочусу синтезделет, ал тышкы наразылыктардын чектерин аныктайт. Генерацияланган чектердин негизинде өндүрүмдүүлүккө талаптарды жана бир эле убакта төмөндөтүү эрежелерин мүнөздөөчү өндөрөмдүүлүктүн модификацияланган функцияларын

[6] X. Wang et al., VisEvent: Reliable Object Tracking via Collaboration of Frame and Event Flows, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 3, pp. 1997–2010, March 2024, doi: 10.1109/TCYB.2023.3318601.

[7] Jamali, K., Käll, L., Zhang, R. et al. Automated model building and protein identification in cryo-EM maps. Nature (2024). https://doi.org/10.1038/s41586–024–07215–4

[8] A. Wang, M. Fei, Y. Song, C. Peng, D. Du and Q. Sun, Secure Adaptive Event-Triggered Control for Cyber–Physical Power Systems Under Denial-of-Service Attacks, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 3, pp. 1722–1733, March 2024, doi: 10.1109/TCYB.2023.3241179.

[9] K. Yong, M. Chen, Y. Shi and Q. Wu, Flexible Performance-Based Control for Nonlinear Systems Under Strong External Disturbances, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 762–775, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2022.3224040.

(MPF) камсыздоочу көмөкчү система иштелип чыгууда. Бул иштелип чыгуу учууну башкаруу системаларында, робототехника системаларында, өндүрүштүк процесстерде жана технологиялык түзүлүштөрдө, ошондой эле транспорт каражаттарын башкаруу системаларында колдонула алат.

**«DoS-чабуулдарга каршы жогорку тартиптеги тизмелик формадагы голономдук эмес системалар үчүн туруктуу акыркы убактылуу консенсус-трекинг»**[10] макаласында тейлөөдөн баш тартуу чабуулдары (DoS) шарттарында тизмектик формада жогорку тартиптеги системалар үчүн акыркы убактагы туруктуу макулдашылган көз салууну камсыздоо проблемасы изилденет. Ар бир баш ийүүчү үчүн жаңы коопсуз бөлүнгөн байкоочу иштелип чыгат, ал ыраатуулукту тездетет жана DoS чабуулунан кийин графтардын байланышчылыгын калыбына келтирүүнү камсыздайт. Ошондой эле башкаруунун абалдардын баштапкы абалынан карабастан, маалыматка лидердин тез ырааттуулугун камсыздоочу алгоритми берилген.

Бул макалаларды жарыялаган илимий басылмалардын параметрлери таблица 3тө келтирилген..

[10] N. Sarrafan, J. Zarei, R. Razavi-Far and M. Saif, Resilient Finite-Time Consensus Tracking for Nonholonomic High-Order Chained-Form Systems Against DoS Attacks, in IEEE Transactions on Cybernetics, vol. 54, no. 2, pp. 739–751, Feb. 2024, doi: 10.1109/TCYB.2022.3186207.

**3-таблица**

**Жасалма интеллект чөйрөсүндө макалалар басылган беш эң абройлуу журналдар жана ал журналдардын тематикасы**

| Журналдын аталышы | Импакт-фактор | Квартил |
|---|---|---|
| Nature | 20,96 | 1 |
| Advanced Functional Materials | 5,57 | 1 |
| IEEE transactions on cybernetics | 5,37 | 1 |
| Nature communications | 5,12 | 1 |
| Information Fusion | 4,76 | 1 |

Таблица 3төн 2024-жылдын биринчи кварталында жасалма интеллект чөйрөсүндө макалаларды жарыялаган эң кадыр-барктуу журнал болуп цитаталануу квартили боюнча 1 жана 20,96 (SJR) импакт-фактор менен мүнөздөлүүчү Nature эсептелет. Журналдын негизги тематикасы – илимий табият таануучулук.

2024-жылдын биринчи кварталында эң кадыр-барктуу журналдарда жарыялоолор боюнча Кытай алдыда болуп келүүдө

## Индустриянын кызыкчылыктары

Өзгөчө кызыкчылыкты аларды коммерциялык компаниялар катышкан илимий изилдөөлөр жаратышат, себеби ал изилдөөлөрдүн натыйжалары ыктымалдуулуктун жогорку даражасы менен компанияларда киргизилет жана рынокко продукт катарында чыгышат. Компаниялар менен авторлоштукта даярдалган илимий жарыялоолордун анализи 2024-жылдын биринчи кварталында индустриянын кызыкчылыгын төмөнкү темалар тарканын көрсөткөн:

1) Колдонмо информатика – 25 жарыялоо.
2) Жалпы медицина – 24 жарыялоо.
3) Программалык камсыздоо – 19 жарыялоо.
4) Мультидисциплинардык – 14 жарыялоо.
5) Жалпы биохимия, генетика – 12 жарыялоо.
6) Молекулярдык биология – 12 жарыялоо.
7) Жалпы химия – 11 жарыялоо;
8) Фармакология – 11 жарыялоо;
9) Колдонмо математика – 10 жарыялоо.
10) Биохимия – 10 жарыялоо.

Төмөндө жасалма интеллект чөйрөсүндө жарыялоолордун саны боюнча лидер компаниялардын тизмеси келтирилген.

1) IBM – 45 жарыялоо.
2) Google – 44 жарыялоо.
3) Hoffman-La-Roche – 28 жарыялоо.
4) Bayer – 21 жарыялоо.
5) MSD (Merck & Co) – 21 жарыялоо.
6) Aditya Birla – 17 жарыялоо.
7) Huawei – 17 жарыялоо.
8) Pfizer – 14 жарыялоо.
9) Novo Nordisk – 13 жарыялоо.
10) Baidu – 12 жарыялоо.

Мына ошентип, коммерциялык компаниялар төмөнкү темалар боюнча илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын жарыялашат: колдонмо информатика, жалпы медицина, программалык камсыздоо, жалпы биохимия, генетика, молекулярдык биология жана фармакология. Эң активдүү уюм болуп 45 жарыялоосу менен IBM саналат, 2023-жылдын төртүнчү кварталына карата төмөндөө (131 лидерде – Google – жана 74 IBM). Бул натыйжалар эң кадыр-барктуулардын тизмесине кирбеген журналдарда жарыяланган.

## Тиркеме

### Методология

- Жасалма интеллект чөйрөсүндөгү илимий жарыялоолорду издөө жана талдоо Lens.org интернет-ресурсунда жүргүзүлгөн.
- Жарыялоолорду издөө жарыялоолордун датасы 2024-жылдын 1-январынан – 2024-жылдын 25-мартына чейинки аралыкта 2024-ж. 25-мартында жүргүзүлдү.

- Жарыялоолорду издөө төмөнкү тармактар боюнча жүргүзүлдү:
- Artificial intelligence;
- Machine learning;
- Deep learning;
- Computer vision;
- Pattern recognition;
- Artificial neural network;
- Convolutional neural network;
- Natural language processing;
- Reinforcement learning;
- Data science;
- Robustness (computer science);
- Speech recognition.

Мына ошентип, пайдаланылуучу методология жасалма интеллекттин жалпы түшүнүгүн (машиналык окутуу, нейрондук тармак, паттерндерди таануу, маалыматтар жөнүндө илим, «робасттуулук») гана эмес, ошондой эле жасалма интеллекттин эң актуалдуу технологияларын (компьютердик көрүү, сөздү таануу жана табигый тилди кайра иштеп чыгуу), ошондой эле аларды жүзөгө ашырууга актуалдуу мамилелерди (терең окутуу, бекемдөө менен окутуу, оролуучу нейрондук тармактар) да камтыйт.

## Авторлор жөнүндө маалымат

**Сергей Владимирович Астахов,** физика-математика илимдеринин кандидаты, Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Аналитика борборунун Жасалма интеллект чөйрөсүндө изилдөө борборлору боюнча департаментинин жетекчисинин орун басары (Москва, Академик Сахаров проспекти, 12), ORCID: 0000-0002-7682-1919; s.v.astakhov@inbox.ru

**Сергей Юрьевич Наквасин,** Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Жасалма интеллектти өнүктүрүүнүн улуттук борборунун директору (Москва, Покровский бульвар, 11-үй); nakvasinsy@ai.gov.ru

## Information about the authors

**Sergey V. Astakhov,** Cand. Sci. (Physics and Mathematics), Deputy Head of the Department for Research Centers in the Field of Artificial Intelligence of the Analytical Center for the Government of the Russian Federation (Moscow, Academician Sakharov Ave., 12),
ORCID: 0000-0002-7682-1919; s.v.astakhov@inbox.ru

**Sergei Yu. Nakvasin,** Director of the National Centre for AI Development for the Government of the Russian Federation (Moscow, Pokrovsky Blvd., 11);
nakvasinsy@ai.gov.ru

Авторлор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдиришет.
The authors declare no conflict of interests.

2024-ж.11.04 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.12.04 рецензиялоодон кийин кошумча иштелип чыккан (Revised)
2024-ж.14.03 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

# 5. ЧЕТ ЭЛДИК ПАТЕНТТИК ВЕДОМСТВОЛОРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Жаңылыктар же кабарлар Notes

УДК 347.77: 002.2 (048)

# Чыгыш Азиянын патенттик ведомстволорунун башкы окуяларынын баяндамасы

**Анастасия Александровна Ломакина,**
Өнөр жайлык менчиктин федералдык институту
anastasiia.lomakina@rupto.ru

**Аннотация:** Кытайдын, Тайвандын, Корея Республикасынын жана Япониянын патенттик ведомстволорунун 2023-ж. аягынан 2024-ж. майына чейинки мезгилдеги башкы окуялары жөнүндө маалымат. Жаңылыктардын дайджест формасындагы баяндамасы аймактын патенттик ведомстволорунун ишмердигинин олуттуу тренддери жана интеллектуалдык менчикти кайтаруу, коргоо жана коммерциялаштыруу практикасынан ачык мисалдар менен таанышууга, ошондой эле интеллектуалдык менчикти кайтаруу, инновациялык ишмердик, соттук практика боюнча статистикалык маалыматтарды алууга мүмкүндүк берет.
**Олуттуу сөздөр:** дайджест, интеллектуалдык менчик, патенттик ведомство, Кытайдын Интеллектуалдык менчигинин улуттук башкармалыгы, Кореянын Интеллектуалдык менчик ведомствосу, Япониянын Патанттик ведомствосу, Тайвандын Интеллектуалдык менчик ведомствосу.
**Цитаталоо үчүн:** Ломакина А. А. Создание гармонизированной процедуры регистрации промыш ленных образцов в Евразийском регионе: причины, преимущества // Вестник ФИПС. 2024. Т. 3 № 2 (8). С. 198 – 202.

# East Asia intellectual property offices main events review

**Anastasia A. Lomakina**
Federal Institute of Industrial Property
anastasiia.lomakina@rupto.ru

**Abstract:** information on the main events patent offices of China, Taiwan, South Korea, Japan for the period of end of 2023 – May of 2024 is collected. An overview of news events in the form of a digest provides readers with the opportunity to get acquainted with the key trends in the activities of patent offices in the region and bright examples in practice of protection and commercialization of intellectual property and get statistics on intellectual property protection, innovation, case law.
**Keywords:** digest, intellectual property, patent office, China National Intellectual Property Administration, Korean Intellectual Property Office, Japan Patent Office, Taiwan Intellectual Property Office.
**For citation:** Anastasia A. Lomakina, East Asia intellectual property offices main events review // Bulletin of Federal institute of industrial property. 2024. Vol. 3, No. 2 (8). P. 198 – 202.

## Кытай

### Кытайда географиялык көрсөтүчтөрдү кайтаруунун өзгөчөлүктөрү

КЭРдин 14-чакырылыштагы Бүткүл Кытайлык элдик саясий консультативдик кеңеши (CPPCC) тарабынан катаал сертификаттоону жана аталыштарды эркин алып салууну, ошондой эле ГКларды калыбына келтирүү жана алардан баш тартуу системасын камтыган географиялык көрсөткүчтөрдү (ГК) пайдалануу жана алардан баш тартуу механизмин киргизүү; өлкөдө ГК жөнүндө маалымат алмашуу максатында стандарттарды унификациялоо сунушталган. ГК жөнүндө маалымат издөөдө кытайлык пайдалануучуларга WeChat программасынын чоң маалыматтары жана мини-программалары жардам берет.

2024-ж. 1-февралынан Интеллектуалдык менчиктин улутук башкармалыгы (CNIPA) тарабынан жарыяланган ГК менен өнүмдөрдү коргоо боюнча талаптар күчүнө кирди, анда ГКны экспертизалоо стандарттары жана аккредитациялоо жол-жоболоору жана продукциянын

© Ломакина А. А., 2024

негизги мүмөздөмөлөрү, каттоодон баш тартуунун себептери такталган, ошондой эле катталуучу продукцияда аныктыктын, аймактык тиешелигин, өзгөчөлүктүн жана актуалдуулуктун болушу каралган.

**Булактар:**

**CNIPA:** сайт. – URL: https://english.cnipa.gov.cn/art/2023/8/9/art_2975_186790.html;

**CNIPA:** сайт. – URL: https://english.cnipa.gov.cn/art/2024/1/31/art_2975_190091.html

### Кытайда илим сыйымдуу кызматтардын импортунун жана экспортунун көлөмү өсүүдө

Кытайда тейлөө чөйрөсүндө импорттун жана экспорттун жалпы наркы 3,13584 трлн юанды түздү, ал 2022-ж. караганда 8,5 %га көп. Илим сыйымдуу технологиялар чөйрөсүндөгү кызматтардан киреше 1,36392 трлн юанды түздү, ал тиешелүү түрдө 12,3 %га көп. Дүйнөлүк экономиканын жайбаракат калыбына келүүсүнө жана суроо-талаптын кыскарышына карабастан, илим сыйымдуу технологиялар чөйрөсүндө кызматтар менен соода өз үлүшүн көбөйттү жана өсүштүн жаңы кыймылдаткычы болуп калды.

**Булактар:**

CNIPA: сайт. – URL: https://english.cnipa.gov.cn/art/2023/8/23/art_2975_186958.html tml

### Кытай – резиденттерге 4 млн патент таандык дүйнөдөгү биринчи өлкө

2023-ж. аягына карата Кытайда резиденттерге ойлоп табууга 4,02 млн жакын аракеттеги патенттер таандык болгон.

> 2023-ж. аягына карата ойлоп табууларга кымбат турган аракеттеги кытайлык патенттердин 70 %ы стратегиялык, өнүгүп келе жаткан секторлорго таандык болгон. Кымбат турган ойлоп табууларга кытайлык патенттердин орточо аракет мөөнөтү 8,4 жылды түзгөн.

2023-ж. аягына карата ойлоп табууларга кымбат турган аракеттеги кытайлык патенттердин 70 %ы стратегиялык, өнүгүп келе жаткан секторлорго таандык болгон. Кымбат турган ойлоп табууларга кытайлык патенттердин орточо аракет мөөнөтү 8,4 жылды түзгөн.

Баалуулукка ээ патенттер жалпы сандын 40 %дан ашуунун түзөт. Улуттук жогору технологиялуу ишканалар, ошондой эле кичи жана орто технологиялык компаниялар 2,13 млн ушундай патенттерге ээ (73,4 %).

**Булактар:**

CNIPA: сайт. – URL: https://english.cnipa.gov.cn/art/2024/1/18/art_2975_189850.html;

**CNIPA:** сайт. – URL: https://english.cnipa.gov.cn/art/2024/1/24/art_2975_189961.htm

## Корея Республикасы

### KIPO кардарлары үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр

Кореянын интеллектуалдык менчик ведомствосу (KIPO) соттук чечим чыгаруу боюнча иштердин көлөмүн кыскартуу максатында автоматтык таануу жана коштоочу документтин сүрөтүнөн маалыматты алуу үчүн ЖИни жана OCR[1] в технологиясын колдонот жана бул технологияларды билдирмелерди берүү жана экспертиза чөйрөсүндө колдонууну пландоодо.

Пакеттик текшерүүнү – анда өнүмдөрдүн бир тобуна же бир эле бизнеске тийиштүү бир нече билдирме бир эле убакта жана каалаган убакта каралган текшерүүнү киргизүү башталды. Компаниялар аны патенттерди тез алуу же товардык белгилерди каттоо үчүн пайдалана алышат.

**Маалымат булагы**:

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?menuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19960&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029;

**KIPO:** сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?m enuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19986&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029

> Пакеттик текшерүүнү – анда өнүмдөрдүн бир тобуна же бир эле бизнеске тийиштүү бир нече билдирме бир эле убакта жана каалаган убакта каралган текшерүүнү киргизүү башталды.

### KIPO ишин оптималдаштыруу

Патенттик экспертизанын натыйжалуулугу эксперттердин убактысын бөлүштүрүү системасын киргизүүнүн эсебинен жогорулатылган. Алар билдирмелер менен иштен алагдыланбашы үчүн иш күнүнүн аралыгында атайын мезгил бөлүнгөн, ал убакта ишмердиктин башка бардык түрү токтотулган жана кайрылууларга жооптор мезгили аныкталган, анда бардык кызматкерлер билдирме ээлеринин чалууларына жооп беришет.

**Булак:**

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?menuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19966&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029

[1] OCR (оптическое распознавание символов) – технология, которая распознает надпись на бумаге и преобразует ее в символьную информацию.

> 2024-ж. апрелинен товардык белгини биринчи каттаган ээси макул болгон учурда окшош товардык белгилерди каттоого жана пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү товардык белгилердин бирге жашоосу жөнүндө макулдашуулар системасы киргизилип жатат

**Корея Республикасында патенттик билдирмелердин рекорддук саны берилген!**

2023-ж. Корея Республикасында 24,3 млн патенттик билдирме, товардык белгилерди каттоого – 25,5 млн билдирме жана өнөр жайлык үлгүлөргө – 5,5 млн билдирме берилген.

Техника тармагына келсек, жарым өткөргүчтөр (12,3 %), электротехника/энергетика (11,4 %), санариптик байланыш (10,3 %) тармактарында берилген билдирмелердин саны көбөйгөн жана электрондук коммерция (6 %) жана аудио- жана видеотехнологичлар (6,6 %) тармактарында азайган.

**Булак:**

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?menuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19989&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029.

**Корея Республикасынын товардык белгилер жөнүндө мыйзамдарындагы өзгөртүүлөр**

2024-ж. апрелинен товардык белгини биринчи каттаган ээси макул болгон учурда окшош товардык белгилерди каттоого жана пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү товардык белгилердин бирге жашоосу жөнүндө макулдашуулар системасы киргизилип жатат.

Идеяларды уурдоого тыюу салуу жөнүндө доолор боюнча эскирүү мөөнөтүнүн системасы ишке киргизилген: эскирүү мөөнөтү ак ниет эмес атаандаштык актысын таануу датасынан 3 жылды же ак ниет эмес атаандаштыкты ишке ашыра баштаган датадан 10 жылды түзөт.

KIPO продуктылардын окшош аталыштарын ачуу жөнүндө жарыялады, алар билдирилген аталыштарга кошумча катталышы мүмкүн. Билдирмени берүүдө билдирме ээси аталышы ТКЭКке так дал келген жана Товардык белгилер жөнүндө мыйзамда аныкталган товарды көрсөтүүгө тийиш (товарлардын окшош аталыштарынын тизмеси Kipris бетинде келтирилген: www.kipris.or.kr).

**Источники:**

KIPO: сайт. – URL: https://kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?men uCd=SCD0200618&ntatcSeq=19879&sysCd=SCD02&aprchId=B UT0000029;

KIPO: сайт. – URL: https://kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?men uCd=SCD0200618&ntatcSeq=19882&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029

**Жасалма интеллектти өнүктүрүү**

Акыркы 10 жылда (2011–2020-жж.) Корея Республикасында ЖИ пайдалануу менен медициналык сүрөттөөлөрдүн талдоо технологиясына патенттик билдирмелердин саны[2] жылына орточо 67,1 %ды түздү. Патенттик билдирмелердин концентрациясын чагылдыруучу Херфиндаль – Хиршман индекси[3] төмөндөгүнү көрсөттү: концентрация толук эркин атаандашууга жакындоо менен 11 жылдагы 458ден 20 жылда 46га чейин төмөндөдү, ал ЖИ пайдалануу менен медициналык сүрөттөөлөрдүн анализинин технологиясына өскөн кызыгуу жана бул тармакка кирген компаниялардын санын көбөйүшү менен байланышкан.

LG компаниясы менен бирге KIPO жарыялоолорун изилдөө жолу менен түзүлгөн патенттер үчүн тилдик модель түзүлгөн. 2024ж. KIPO патенттик издөөгө, классификациялоого жана экспертизанын башка стадияларына инновацияларды киргизүү боюнча изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды пландоодо.

IP5 ведомствосуна акыркы 10 жылда берилген патенттик билдирмелердин анализи төмөнкүнү көрсөткөн: Корея Республикасы сапатты интеллектуалдык башкарууда (202 билдирме, 25,4 %) жана ЖИ пайдалануу менен медициналык сүрөттөөлөрдүн анализинин технологиясына патенттик билдирмелердин саны боюнча Кытайдан – 18 % (143 билдирме) жана Япониядан – 17,5 % (139 билдирме) ашуу менен дүйнөдө биринчи орунду ээлеген.

**Булактар:**

KIPO: сайт. – URL: https://kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?men uCd=SCD0200618&ntatcSeq=19878&sysCd=SCD02&aprchId=B UT0000029;

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?m enuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19974&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029;

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?m enuCd=SCD0200618&ntatcSeq=19936&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029

> 2024-ж. 7-февралында 2024-жылга «Интеллектуалдык менчиктин Кореялык ведомствосунун негизги саясатын жүзөгө ашыруу планы» жарыяланган.

**KIPO 2024-ж. саясатынын тренддери**

2024-ж. 7-февралында 2024-жылга «Интеллектуалдык менчиктин Кореялык ведомствосунун негизги саясатын жүзөгө ашыруу планы» жарыяланган. Ички потенциалды, өсүү потенциалын жана экспорттун атаандаштыкка

---

[2] ИИ для анализа медицинских изображений – программное и аппаратное обеспечение, анализирующее медицинские изображения (рентгеновские снимки, ультразвук, компьютерные томографии, МРТ и т. д.) с использованием технологии ИИ.

[3] Индекс Херфиндаля – Хиршмана (HHI) – общий показатель рыночной концентрации, используемый для определения рыночной конкурентоспособности, часто до и после сделок слияний и поглощений.

жөндөмдүүлүгүн бекемдөө максатында төмөнкү үч негизги тармакта олуттуу стратегиялар иштеп чыккан: «Экспертиза жана соттук чейимдерди чыгаруу», «Интеллектуалдык менчиктин ички экосистемасы» жана «Глобалдык курчап турган чөйрө».

Максатарга жетүү үчүн патенттик издөө жана классификациялоо үчүн ЖИнин тилдик моделин колдонуу менен окутууучу маалыматтарды түзүү боюнча изилдөөлөр жана долбоорлор, соттук документтердин суроо-талабы боюнча интеграцияланган кызматтарды жана далилдердин тизмелерин берүү, коштоочу документтердин автоматтык классификацияланышын кеңейтүү жана чечимдерди кабыл алуунун санариптик системасын өркүндөтүү пландалган. Өнөр жайлык менчик тармагында маалымат жөнүндө мыйзам кабыл алуу пландалууда, ал алдыңкы технологиялардын чет жактарга агылуусун болтурбоого жардам берет.

**Булак:**

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?menuCd=SCD0200618&ntatcSeq=20015&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029

### Стратегиялык технологияларды патенттик колдоонун улуттук тобу түзүлгөн

2024-ж. 21-февралында патенттер боюнча адистерден жана аналитиктерден турган Стратегиялык технологияларды патенттик колдоонун улуттук тобу ишин баштады. Топтун милдети – Корея Республикасынын өкмөтү тарабынан тандалган 12 стратегиялык технологияга[4], ИИИТКИ жүргүзүп жаткан министрликтерге жана адистештирилген уюмдарга тиешелүү патенттик мегамаалыматтардын натыйжаларын берүү.

**Булак:**

KIPO: сайт. – URL: https://www.kipo.go.kr/ko/kpoBultnDetail.do?menuCd=SCD0200618&ntatcSeq=20028&sysCd=SCD02&aprchId=BUT0000029.

[4] Полупроводники, дисплеи, вторичные батареи, усовершенствованная мобильность, ядерная энергетика нового поколения, передовые биотехнологии, аэрокосмическая промышленность, морская промышленность и т. д.

## Япония

### Патенттик билдирмелерден маалыматты ачыктабоо системасы ишке киргизилген

2024-ж. 1-майынан Экономикалык коопсуздукка көмөктөшүү жөнүндө мыйзамга ылайык, патенттик билдирмелерде камтылган маалыматты ачыктабоо системасы ишке киргизилди. Эгерде билдирменин элементтери аларды элге чыгаруу жогорку ыктымалдуулукта өлкөнүн коопсуздугуна коркунучтуу кырдаалды түзсө, патенттик процедуралар мындай учурда токтотулат.

Маалыматты ачыктабоо жөнүндө маселени кароо эки этапта жүрөт: алгач Япониянын Патенттик ведомствосунда, андан кийин Министрлери кабинетинин катчылыгында. Чет элдик билдирмелер боюнча процедуралар JPO комиссарынын чечими боюнча токтотулушу мүмкүн.

**Булак:**

JPO: сайт. – URL: https://www.jpo.go.jp/e/system/patent/shutugan/patent_applications.html.

2024-ж. 1-майынан Экономикалык коопсуздукка көмөктөшүү жөнүндө мыйзамга ылайык, патенттик билдирмелерде камтылган маалыматты ачыктабоо системасы ишке киргизилди. Эгерде билдирменин элементтери аларды элге чыгаруу жогорку ыктымалдуулукта өлкөнүн коопсуздугуна коркунучтуу кырдаалды түзсө, патенттик процедуралар мындай учурда токтотулат.

## Тайвань (КЭР)

### TIPO жаңы кызматтары жана сервистери

Билдирмелерди берүүнүн санариптик сервистерин оптималдаштыруу, ошондой эле мобилдик түзүлүштөр менен өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү максатында мобилдик телефондор үчүн TAIWAN-CA (TWCA) сервиси киргизилген, анын жардамы менен товардык белгини каттоого билдирмени онлайн берүүнүн сервистерин колдоочу «Жеке кабинет», «Менин соттук процесстерим» ж.б.мобилдик сертификаттар чыгарылууда.

Өнөр жайлык үлгүлөрдү каттоого билдирмелердин экспертизасынын жүрүшүндө сунушталуучу кызматтардын тизмеси кеңейтилди. Эгерде дизайн үчүнчү жак тарабынан пайдаланылса же Тайвандын Интеллектуалдык менчик ведомствосунун (TIPO) кеңири тизмесинекирген конкурста сыйлык алса, же билдирме стартаптан келип түшсө, тездетилген экспертизанын мөөнөтү эки айды түзөт. Приоритетке укукка билдирмеге көз карандысыз мөөнөтү жылдырылган экспертизанын мөөнөтү билдирме берилген датадан бир жыл аралгында белгиленет.

Музыкалык чыгармалардын издөө системасы түзүлгөн, ага 450 миңден ашуун жазуулар интеграцияланган. Система кытай тилинде жеткиликтүү.

**Булак:**
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–924755–3e982–2.html;
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–925706–8c7fe-2.html;
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–928960-e8bbd-2.html;
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–928959–0b2d7–2.html

### Экспертиза жүргүзүүдө стартаптарды колдоо практикасы

2023-ж. стартаптар үчүн оң патенттик экспертизанын сынамык программасына 25 билдирме берилген. Программага катышкан компаниялардын патенттик билдирмелердин эксперттик убактысы (билдирме берилген датадан экспертизанын натыйжалары берилген датага чейинки) 71,6 күндү түзгөн. 2024-ж. январынан программага катышууга талаптар жумшартылган: стартаптар патенттик билдирме берүүгө укукка ээ бардык убакыт аралыгында билдирме ээлери статусуна талаптана алышат.

**Булак:**
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–932682–46d47–2.html

### 2023-ж. үчүн статистикалык маалыматтар жарыяланган

Жалпысынан 2023-ж. TIPO 72 607 патенттик билдирме түшкөн (2022-ж. менен салыштырмалуу өсүш 1 %ды түзгөн). Алардын ичинен ойлоп табууга патент алууга билдирмелердин саны (50 854) 1 %га, а өнөр жайлык үлгүгө билдирмелердин саны (7287) – 2 %га өскөн. пайдалуу моделге патент алууга билдирмелердин саны (14 466) 1 %га, а товардык белгини каттоого (91 535) – 3 %га азайган. Билдирме берүүгө лидер өлкөлөр Кытай (4822 билдирме), АКШ (3007 билдирме) жана Япония (2899 билдирме). Ойлоп табууга патенттик билдирменин экспертизасынын орточо мөөнөтү 8,9 айды, а товардык белгини каттоого – 6,2 айды түзгөн.

**Булак:**
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–935722-dfa54–2.html;
TIPO: сайт. – URL: https://www.tipo.gov.tw/en/cp-282–934803-a0c2e-2.html

## Автор жөнүндө маалымат

**Анастасия Александровна Ломакина,** илимий иш-мердикти уюштуруу борборунун кенже илимий кызматкери, «Өнөр жай менчигинин федералдык институту» Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси, (Москва, Бережковская наб., 30-үй, 1-имарат); anastasiia.lomakina@rupto.ru

## Information about the author

**Anastasia A. Lomakina,** junior researcher, Center of Scientific Activity Management, Federal Institute of Industrial Property (Moscow, Berezhkovskaya emb., 30, bld. 1); anastasiia.lomakina@rupto.ru

Автор кызыкчылыктар кагылышы жок деп билдирет
The author declares no conflict of interests.

2024-ж.10.05 редакцияга келип түшкөн (Received)
2024-ж.27.05 жарыялоого кабыл алынган (Accepted)

# 6. КИТЕП ТЕКЧЕСИ

Монографиянын аннотациясы

Monograph abstract

# «Билимдердин экономикасында интеллектуалдык менчикти башкаруу: укуктук жөнгө салуу жана коммерциялаштыруу»

**Илимий редакторлор:** А. А. Афанасьев, М. А. Боровская, Ю. А. Колесников, Т. В. Федосова
Түштүк федералдык университеттин **басмасы**

# «Intellectual Property Management in the Knowledge Economy: Legal Regulation and Commercialization»

**Scientific editors:** A. A. Afanasyev, M. A. Borovskaya, Y. A. Kolesnikov, T. V. Fedosova
**prepared** by the team of authors of the Southern Federal University.




Монографияда жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн көркөм өнөрдүн чыгармаларын укуктук жөнгө салууну кошо алганда, интеллектуалдык менчикти кайтаруунун жана интеллектуалдык менчикти башкаруунун олуттуу жагдайлары

, ошондой эле технологиялардын экономикалык аспектилери, азыркы эл аралык жана улуттук маалыматтар базасынын, маркетплейстердин, биржалардын жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү башка санариптик платформалардын талдоосу ачылып берилет. «Билим берүү – илим – бизнес» моделинде илимий-изилдөө ишмердигинин натыйжаларын алдыга жылдыруунун уюштуруучулук-экономикалык механизми жана долбоордук ишмердикти уюштуруу жана Россиянын жана макрорегиондун экономикалык мейкиндигиндеги интеллектуалдык ишмердиктин алдыга жылдыруу тажрыйбасынын негизинде методикалык камсыздоого мамиле сунушталган.

Монография интеллектуалдык менчикти башкаруунун теориялык жана колдонмо аспектилери, ошондой эле Россияда жана дүйнөдө интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларын алдыга жылдыруу жана коммерциялаштыруу маселелери менен да алектенишкен илимий кызматкерлерге, аспиранттарга жана магистранттарга пайдалуу болмокчу.

**© Южный федеральный университет, 2023**

Рецензия Review

# Түштүк федералдык университеттин автордук жамааты тарабынан даярдалган «Билимдердин экономикасында интеллектуалдык менчикти башкаруу: укуктук жөнгө салуу жана коммерциялаштыруу» монографиясына рецензия

**Илимий редакторлор:** А. А. Афанасьев, М. А. Боровская, Ю. А. Колесников, Т. В. Федосова

**Олег Петрович Неретин,**
Экономика илимдеринин дотору, «Өнөр жайлык менчиктин федералдык институту» ФМБМ директору

# Review for the monograph «Intellectual Property Management in the Knowledge Economy: Legal Regulation and Commercialization», prepared by the team of authors of the Southern Federal University

**Scientific editors:** A. A. Afanasyev, M. A. Borovskaya, Y. A. Kolesnikov, T. V. Fedosova

**Oleg P. Neretin,**
Doctor of Economics, Director of the Federal State Budgetary Institution «Federal Institute of Industrial Property

Рецензиялоого сунушталган монография билимдердин экономикасындагы интеллектуалдык менчиктин укугу контекстинде илимий билимдердин укуктук мүнөздөмөлөрүн илимий аңдап чыгууга жана укуктук мүнөздөмөлөрүн анализдөөгө жана «Билим берүү – илим – бизнес» моделинде илимий-изилдөөчүлүк ишмердигинин натыйжаларын алдыга жылдыруунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин жүзөгө ашырууга багытталгандыгы менен кызыктуу.

Интеллектуалдык менчик чөйрөсү азыркы дүйнөдө реалдуу же потенциалдуу коммерциялык баалуулукка ээ жаңы идеялардын, өнүмдөрдүн жана кызматтардын чек араларынан ашып өткөн мейкиндигин билдирет. Аны менен катар авторлор интеллектуалдык өнүмдөрдүн эркин коммерциялык пайдалануу маселелеринде болгон юридикалык коллизияларды белгилешет, алар аракеттеги мыйзамдарга түзөтүүлөр менен гана чечиле албайт, себеби, алар доктриналык негиздерди, принциптерди жана түшүнүктөрдү кайра кароо зарылдыгына байланышкан. Ушундан улам интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негиз түзүүчү принциби катарында монографиянын авторлору ИИНди укук ээлери, пайдалануучулар жана керектөөчүлөр тарабынан адекваттуу укуктук формада көрүнгөн мыйзамдуу кызыкчылыктардын акыл-эстүү балансын таанууну жана адилет пайдаланууну сунушташат

Жасалма интеллекттин укуктук статусуна мамилелерди иштеп чыгуу маселелерин чечүүгө кошулуу менен монографиянын авторлору укуктук субъектүүлүк маселесин көтөрүшөт жана тийиштүү түрдө интеллектуалдык системалардын деликтожөндөмдүүлүк, бүтүидүк жөндөмдүүлүк жана трансаракетке жөндөмдүүлүк маселесин көтөрүшөт.

Албетте, жасалма интеллект ИИН түзүүгө жөндөмдүү. Аны акыркы жылдарда кескин өнүктүрүү юридика илиминин алдына жасалма интеллекттин ишмердигинин продуктыларынын кайтарууга жөндөмдүүлүгү жөнүндө мыйзам ченемдүү маселени коюуда. Окумуштуулардын бул маселе боюнча пикирлеринин палитрасы жетиштүү кеңири: жасалма интеллектти укуктун жаңы объектиси же жада калса ага белгилүү бир жарандык жана саясий укуктарды берүү менен өз алдынча субъект деп таанууга чейинки сунуштар. Чет элдик мезгилдүү басмада жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн чыгармаларды ноу-хау иретинде кайтаруу жөнүндө сунушту кезиктирүүгө болот. Монографиянын авторлору көбүнчөсү жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн чыгармаларды кайтаруунун автордук-укуктук моделинин пайдасына ыкташат.

© Неретин О.П., 2024

Интеллектуалдык менчикти дана ИИМге укукту башкаруунун экономикалык аспектилерин кароо дүйнөлүк жана ата мекендик тажрыйбанын салыштырмалуу анализине негизделет. БРИКСке мүчө өлкөлөрдүн изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга чыгымдарынын динамикасы изилдөөчүлөрдүн саны жана жогорку технологиялык продукциянын экспорту менен салыштырып сүрөттөлөт. Интеллектуалдык менчиктин объектилеринин укуктук кайтарылуусунун жана пайдаланылуусунун натыйжалуулугун мүнөздөөчү индикаторлордун анализинин негизинде салмактанылган тыянактар жасалат.

Пайдалануучулардын патенттердин маркетплейтерине жана маалыматтар базасына кызыгуусунун динамикасынын анализи теориялык жана практикалык кызыкчылыкты жаратат.

Рецензияланып жаткан монографиянын кийинки айкын баалуулугу – технологиялардын туюк циклдин экономикасына трансферинин ынанымдуу теориялык негизделиши.

Жаштар ишкердигин өнүктүрүү россиялык эколномика үчүн актуалдуу маселе болуп саналат. ЖОЖдордо түзүлүп жаткан студенттик инновациялык ишкердик интеллектуалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндө кадрлардын тартыштыгынын ордун толтурууга тийиштиги жөнүндө авторлор менен толук макулмун. Жогоруда айтылгандардын бардыгынын контекстинде студенттик ишкердикке насаатчылык жана колдоо программалары улам көбүрөөк маани алууда, а финансылоо аспаптары өзүн кайра жаратуучу мүнөз алууга тийиш.

Түштүк федералдык университетинде потенциалдуу коммерциялануучу илимий-инновациялык долбоорлорду топтоочу бир нече программа жүзөгө ашырылып жатканын белгилеп кетүү маанилүү.

Олуттуу жоболордун жаңычылдыгына жана мурасчылык даражасына тиешелүүлөр.

Албетте, жасалма интеллекттин юниттеринин укук субъективдүүлүгүн аныктоо концепттерин чагылдыруу маселелеринде бул монография П. М. Морхаттын[1], иши менен тыгыз чырмалышат, бирок, заманбап интеллектуалдык системаларды кароо бөлүгүндө олуттуу айырмачылыктарга ээ.

ИИМди укуктук кайтаруу тармагындагы ченемдик-укуктук актылардын жана илим, инновациялар жана интеллектуалдык менчик тармагындагы мамлекеттирк саясатты аныктоочу документтердин комплексинин терең иштелип чыгуусун белгилеп коюу керек.

Авторлорго каалоо катарында: билимдердин экономикасындагы адамдык капиталдын парадигмасын өнүктүрүүгө көп көңүл буруу керек болчу. Билимдерге негизделген экономика – бул чыгармачыл, ачык аң сезимдүү адамдын экономикасы. Мында биринчи даражадагы маанини адамдын потенциялын, анын чексиз мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү биринчи даражадагы мааниге ээ, а мунун булагы болуп өзүн өнүктүрүү, инсанды өркүндөтүү саналат. Андан ары билимдердин трансферине, анын ичинде ККБ программалары аркылуу өтүү керек.

Монография осистемалуулугу жана практикалык багытталгандыгы менен айырмаланат жана интеллектуалдык менчикти башкаруунун теориялык жана колдонмо аспектилер жана интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларынын коммерцияланышы маселелери менен алектенишкен окутуучуларга, изилдөөчүлөргө, аспиранттарга жана магистранттарга пайдалуу боло алат.

Бул монография билимдердин экономикасынын маанилүү компоненттик системасы болуп кала тургана ишенем

[1] Право интеллектуальной собственности и искусственный интеллект: монография / П. М. Морхат. – Москва: ЮНИТИ, 2018. – 121 с.

Рецензия Review

# Түштүк федералдык университеттин автордук жамааты тарабынан даярдалган «Билимдердин экономикасында интеллектуалдык менчикти башкаруу: укуктук жөнгө салуу жана коммерциялаштыруу» монографиясына рецензия

**Илимий редакторлор:** А. А. Афанасьев, М. А. Боровская, Ю. А. Колесников, Т. В. Федосова

**Юрий Сергеевич Зубов,**
Педагогика илимдеринин кандидаты, Интелектуалдык менчик боюнча федералдык кызматтын (Роспатент) жетекчиси

© Зубов Ю.С., 2024

# Review for the monograph «Intellectual Property Management in the Knowledge Economy: Legal Regulation and Commercialization», prepared by the team of authors of the Southern Federal University

**Scientific editors:** A. A. Afanasyev, M. A. Borovskaya, Y. A. Kolesnikov, T. V. Fedosova

## Yuri S. Zubov,
Candidate of Pedagogical Sciences, Head of the Federal Service for Intellectual Property (Rospatent)

Рецензиялоого берилген монография Түштүк федералдык университетинин пройессордук-окутуучулук курамынын жамааттык илимий эмгеги болуп саналат.

Монографияда билдирилген негизги темаларды аңдап билүүнүн маанилүүлүгү күмөн жратпайт. Интеллектуалдык укуктарды жөнгө салуунун аракеттеги системасы туш келген эң татаал проблемалар бир катар түпкүлүктүү теориялык маселелерди кайра аңдап чыгуунун жана анын негизинде жаңы узак мөөнөттүү саясатты түзүүнүн актуалдуулугун шарттайт.

Иштин негизги бөлүгү параграфтарга бөлүнгөн үч главадан турат. Ар бир главанын мазмуну жалпы концептуалдык логикага жооп берет.

Биринчи главада авторлор интеллектуалдык менчикти башкаруунун туташ санариптештирүү менен байланышкан эң курч маселелерин кароого кайрылышат. Тарыхый-укуктук жана салыштырмалуу укуктук аспектилерде интеллектуалдык менчик укугунун доктринасынын, бул чөйрөдөгү аракеттеги мыйзамдардын системасынын калыптануусу мүнөздөлөт.

Экинчи главада инновациялык ишмердикти кубаттоонун мамлекеттик системасына жана Россия Федерациясындагы интеллектуалдык менчикти колдоонун жана өнүктүрүүнүн багыттарына, технологиялык трансферге, анын ичинде туюк циклдеги экономикадагыга көңүл бөлүнгөн.

Үчүнчү главада ИИНди алдыга жылдыруунун жана «Билим берүү – илим – бизнес» моделинде илимий-изилдөөчүлүк ишмердикти өнүктүрүүнүн уюштуруучулук-экономикалык механизми берилген.

Эмпириялык тенденцияларды жана теориялык иштеп чыгууларды жалпылоо авторлор тарабынан коюлган интеллектуалдык системалар жана чөйрөлөр студенттик инновациялык ишкердиктин экосистемасынын архитектурасын калыптандыруучу маанилүү аспап катары боло тургандыгы гипотезасын тастыктайт.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн айырмалоочу өңүтү – сабаттуу куралган методология, ал билимдердин экономикасында интеллектуалдык менчикти башкаруунун экономикалык жана укуктук маселелеринин анализинде илимий таанып билүүнүн методдорунун айкашында ачылат.

Иштин күдүксүз баалуулугу болуп алардын ролун, мотивациясын жана технологиялардын трансферинде чечилүүчү маселелерди эске алуу менен технологиялык ишкердиктин негизги стейкхолдерлеринин жүргүзүлгөн анализи саналат.

Мыкты дүнөлүк практикалардын негизинде авторлор 3.1-п. жогорку билим берүү системасындагы долбоордук ишмердикти уюштуруучулук коштоонун өз концепттин киргизе алышты.

ИИНди кайтаруунун, баалоонун жана коммерциялаштыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу зарылчылыгы университеттер менен Интеллектуалдык менчик боюнча федаралыдык кызматтын (Роспатенттин) өз ара аракеттенүүсүн жана кызматташуусун арттырууну шарттайт. Роспатент тарабынан киргизилген ири жогорку технологиялык долбоорлорду эксперттик-аналитикалык коштоо боюнча эксперимент коммерциялаштыруунун жогорку потенциалы менен патентке жөндөмдүү чечимдерди эртелеп аныктоо механизмин иштеп чыгууга жардам берүүгө тийиш.

Рецензияланып жаткан монографияны салмактуу илимий жана ченемдик база, россиялык жана чет элдик булактардын көп санын тартуу айырмалап турат.

Монографиянын илимий-практикалык багытталышы аны билимдердин экономикасы шартында интеллектуалдык менчикти башкаруунун проблемаларын комплекстүү жалпылоо катары кароого мүмкүндүк берет.

Рецензияланып жаткан монографиянын колдонмочулук баалуулугу анда камтылган материалдардын Россия Федерациясынын мамлекеттик бийлигинин алардын компетенциясына илимий-технологиялык өнүктүрүү жана интеллектуалдык менчикти башкаруу тармагында саясатты калыптандыруу жана жүргүзүү маселелери кирген органдарынын ишинде пайдаланылышы мүмкүндүгүндө турат.

Жалпысынан «Билимдердин экономикасында интеллектуалдык менчикти башкаруу: укуктук жөнгө салуу жана коммерциялаштыруу» монографиясы актуалдуу проблеманы жогорку илимий деңгээлде аткарылган чыгармачыл жана оригиналдуу изилдөө болуп саналат.

Авторлор жасаган иш алдыга озуучулук мүнөзгө ээ. Экономиканын артынан жүргөн коомдук өндүрүш – постбилимдер экономикасы стадиясы жаңыдан түзүлгөн билимдерди өндүрүшчүдөн керектөөчүгө жөн гана берүүгө эмес, өндүрүшчүнүн интеллектинин керектөөчүнүн интеллектине таасирине да негизделмекчи.

**«Вестник ФИПС»
(«ӨЖМФИ жарчысы») журналы**

**ISSN 2782-5086 (Print) I
SSN 2949-2432 (Online)**

**Чыгаруучу редактор:**
Елена Геннадиевна Царёва –
ӨМФИнин ИМФК (Москва, Россия)
vestnik_fips@rupto.ru

**Жооптуу катчы:**
Анастасия Александровна Ломакина –
ӨМФИнин ИМФК (Москва, Россия)
vestnik_fips@rupto.ru

**Редактура жана компьютердик калыпка салуу:**
**«Группа ПРСБ» ЖЧКсы:**
Эльмира Магомедэминовна Магомедова,
Ольга Юрьевна Вольвачева,
Елена Александровна Горшкова,
Анастасия Сергеевна Поломаренко,
Анастасия Борисовна Долженко

**ИМФКнын котормочусу:**
Андрей Юрьевич Москаленко
(башкы котормочу)

**Фото:**
Мордовия Республикасынын басма сөз кызматы;
Олеся Анатольевна жана Дмитрий Владимирович
Башаровдор

**Басууга кол коюлду:** 13.06.2024
**Формат:** 205x290 мм
**Басуу:** толук түстүү (офсеттик, 4/4)
**Нускасы:** 500 экз. Заказ: № 227

**Басмакана:**
«Өнөр жайлык менчиктин федералдык институту»
Федералдык мамлекеттик бүжеттик мекемеси
125993, Москва, Бережковская наб., 30-ү, 1-имарат,
Г-59, ГСП-3

**«Bulletin of Federal Institute
of Industrial Property» journal**

**ISSN 2782-5086 (Print)
ISSN 2949-2432 (Online)**

**Managing editor:**
Elena Tsareva –
FGBU FIPS (Moscow, Russian Federation)
vestnik_fips@rupto.ru

**Executive editor**
Anastasia Lomakina –
FGBU FIPS (Moscow, Russian Federation)
vestnik_fips@rupto.ru

**Editing and Desktop publishing:**
**PRCB Group LLC:**
Elmira Magomedova,
Olga Volvacheva,
Elena Gorshkova,
Anastasiya Polomarenko,
Anastasiya Dolzhenko

**FIPS translator:**
Andrey Moscalenko
(Lead Translator)

**Photo:**
Press service of the Head of
the Republic of Mordovia;
Olesya Basharova and Dmitry Basharov

**Signed to print:** 13.06.2024
**Format:** 205×290 мм
**Printing:** full-colour (offset ink, 4/4)
500 copies; **Order:** № 227

**Printing house:**
Federal State Budgetary
Institution «Federal Institute of Industrial Property»
Berezhkovskaya nab. 30–1, Moscow, G-59,
GSP-3, 125993, Russian Federation





# УВАЖАЕМЫЕ ЧИТАТЕЛИ, НЕЗАБУДЬТЕПОДПИСАТЬСЯ НА «ВЕСТНИК ФИПС»!

Оформив подписку, вы получите постоянный доступ к актуальной информации об интеллектуальной собственности и уникальным аналитическим данным.

**ПРОДЛИТЬ ПОДПИСКУ ИЛИ ОФОРМИТЬ ЕЕ ВПЕРВЫЕ МОЖНО В ОТДЕЛЕНИИ «ПОЧТЫ РОССИИ» ИЛИ ОНЛАЙН ПО КАТАЛОГАМ:**

- **«Пресса России»**
  **На сайте www.pressa-rf.ru**
  **Подписной индекс: 85599**

- **Агентство «Книга-Сервис»**
  **На сайте www.akc.ru**
  **Подписной индекс: Е 85599**

ФИПС

FIPS

FEDERAL INSTITUTE OF INDUSTRIAL PROPERTY

Все самые актуальные новости
из мира интеллектуальной
собственности:

ВКонтакте
Роспатент

ВКонтакте
ФИПС